Абдымомун Калбаев



# КАРЫШКЫРЛАР УЛУГАНДА

Абдымомун Калбаев

# КАРЫШКЫРЛАР УЛУГАНДА

*Новеллалар, аңгемелер*

«Турар»
Бишкек 2012

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
К 17

Китептин жарык көрүшүнө демөөрчүлүк көрсөткөн «Турар» басмасына жана «Жаңы Ала-Тоо» журналына терең ыраазычылыгымды билдирем.

***Автор.***

**Калбаев Абдымомун.**
К 17 **Карышкырлар улуганда:** Новеллалар, аңгемелер. – Б.: Турар, 2012. – 288 б.

ISBN 978-9967-15-179-6

Абдымомун Калбаев чыгармачылыкка акын катары кирген. Кийинчерээк проза жанрында да изденип, ийги жазып келет. Колуңуздардагы китепке жазуучунун акыркы жылдардагы аңгемелери жана новеллалары топтоштурулду, чыгармаларынын өзөгү жаштарды ыймандуулукка, боорукерликке тарбиялоого багытталган.

К 4702300100-12

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-179-6

© «Турар» басмасы, 2012

# КАЙРАТМАН КАЛЕМГЕР

*Элет жериндеги түмөн түйшүктүү турмуш, айрыкча акыркы, отуз жылга ооган оор жашоо жагдайында убайлуу узак убакытты, күнүмдүк оокаттан кол байлоону талап кылган мезгилде калем кармап, чыгармачылык менен алпурушуу Дон Кихоттун өзүндөй эле көрүнүш. Ошентсе да Абдымомун Калбаевдей биринде гана эмес, бир канча жанрды бирдей карманган кайратман калемгерлер кыргызда сейрек, бирок бар. Журналистикада маалымат издеп бөрүдөй бөртсө, кара сөз менен поэзия дүйнөсүндө агым жиреп, балыктай эркин сүзүп келет. Аларга үй-бүлөсүн багып, ага-тууганга жүгүрүп, элинин тагдырына күйүнүүсүн кошкондо тоодой кайраткер эрк менен маңдай тер сыккан эмгек талап кылынары белгилүү. Адабият дүйнөсүн ушундай алпейим, аракетчил, жан дүйнөсү чыңаган темирдей чың адамдар гана алгалатып келет. Азыркы кезде адабият менен алпурушкандар жел тегирмен менен эрөөлдөшкөн анык Дон Кихоттой баатырлар. Анан эмне, тогуз толгонуп ой багып, адабий, турмуштук тажрыйба топтоп, калем жатыктырып жазып алганың аз келгенсип элден калып, каражаттан каржалып, үй-бүлө, адат-салт, бардарчылык жашоодон калып ченеп-бычып жашап, үнөмдөп, чачып жибербестен чака тыйындап топтоп, бардарларга башын ийип каражат сурап дегендей нечен убарагерчилик менен чыгарып алган китебиңди элге тарката албай, түмөн эмгегиң акталбай, чыгымын жаппай жатканына карабай кайрадан жаңысына шымалана киришип жазуу*

жөнөкөй пенденин иши эмес. Чыныгы адабиятчыл адам гана ошондой тозокко чыдай алат, сынбай көтөрөт.

Абдымомун Калбаевдин түнкү асман түпкүрүндө жымыңдаган жылдыздардай биринен бири сүйкүмдүү аңгемелери, повесттери, новеллалары менен жаркын ырлары мени кубандырып да, азгырып да келет. Кең дүйнө татаал да, тайкы да тагдырлар, мезгил мерчемдери, адамдардын ой дүйнөсү, эл тарыхы, табият, айыл жыты, жаш бала менен нускалуу карыялар... улуттук дөөлөттөрүбүздүн баары бар. Алар көркөм сөздүн күчү менен адамзатын жакшылыкка, актыкка жашоого үндөп турат. Жазуучулар союзу менен «Жаңы Ала-Тоо» журналында иштөө кезимде чыгармачылыгы телефон аркылуу болсо да өзү менен тыкыс алакада болуп кеттик. Биринен бири жаркын ой чачкан чоң-кичине чыгармаларын байма-бай жөнөтүп, чыгармачылык дарамет, талантынын молдугун көрсөтүп келди. Ташыркап, дымып калбады. Ал тургай кыргыз адабиятынын анык күйөрманы экенин көргөзүп, журналыбыздын ишине да бараандуу салымын кошо алды. Кыйла чыгармалары жарыяланды. Элеттик калемгерлердин борбордо казандай кайнаган чыгармачыл чөйрөдөн алыстыгы, өзүнүн жалгыздыгы, оокат-чарба түйшүгү чыгармачылыктан кай бирлерди алыстатып, мокотуп чөгөрүп коёру да анык эмеспи. Андайлар да болгон, бар. Абдымомун Калбаев антпеди, кайратынан жазган жок. Улуттук Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү Абдымомун Калбаев алтымышынчы ашуусуна куру эмес, ушул уюткулуу китеби менен жүзү жарык чыгып олтурат. Кутман курагы кут болсун! Алдыдагы ашуулары дагы да арбын, аларга да ушундай алгылыктуу эмгектери менен чыгып, өзүнө аманчылык каалайлык!

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ,**
**журналист, жазуучу**



# Новеллалар



## «АТАМ КАНДАЙ КИШИ ЭЛЕ?!»

Айылдын четиндеги чоң жолдун боюнда эс-учун билбей, мурундарына чымын үймөлөктөп, ачытқы жыттанып, ташка башын коюп уктап жатты.

* * *

Ал түшүндө чоң кабинетине кызматкерлерди чакырып, жыйын өткөрүп, таза жүргүлө, ичпегиле, ким ичип алдыман чыга турган болсо иштен айдалат деп катуу бүтүм чыгарды. Жетекчинин мындай өкүмдарлыгына кол алдында иштегендердин баарынын ооздору ачылып, таң калышты. Анткени эч убакта минтип катуу кетчү эмес. Майрамдарда, тойаштарда катардагы кызматкерлердей эл менен бир болуп тойгончо ичип, анан ыржалактап келиндерге да тийише кетчү.

Бул жыйынды кызматкерлер сыртка чыккандан кийин кызуу талкууга алып жатышты. Ар ким ар кайсыны айтып: «Өзүн көрөбүз, ичпей калганын, канча күн сопу болор экен» – дешип шыпшынышат. Баары биринен бири саксынышып, жетекчиге жеткирип койбосун деп абайлай сүйлөп жатканы андан көп.

* * *

Жол боюндагы күүлдөп ары-бери өтүп жаткан машиналар да Амандын бул уйкусун буза алган жок, күндүн ысыгынан башынан чыбырчыктап тер чыгып кеткен. Оозунан шилекейи агып, ачкыл жыттан курт-кумурскалар да качып, бул кандай неме дегендей жанына жолобой айланып өтүп жатышты. Бир гана ушул чөлкөмдүн ээси сыяктанган жолбун сары күчүк тигинин оозунан аккан шилекейди жалап, Амандын тытылган бети-башын жалап-жуктап, ордуңан тур, кеч болуп баратат, үйүңдү тап дегенсип шокшоюп жанында олтурду.

* * *

Ал кайрадан түш көрдү. Мындай сулууну өмүрүндө көрбөгөн, машинасынын жанында татынакай кийинген, бүткөн боюн ак менен ороп алган, перилердин кыздарына окшогон, чачы жер чийген бир сулуу турду. Сөз таба албай апкаарып карап турду. «Жүрүңүз байке, сизди алып кеткени келдим» – деди сулуу. Сиз менен ааламдын аркы бурчуна болсо да бара берем деп айта албай калтырак басып, тердеп кетти. Көз алдына үйүндөгү ач калган тайгандай аялы тартыла түштү. «И-иштеп жатам, жумуш көп», – деп коюп, койкойгон сулууларды жандаппы деп бетине эки колу менен асылып, келе жаткан аялын көрүп чочуп кетти.

* * *

Түш да чаң-тополоң чыгып, жанагы сулуу бир паста көздөн кайым болду. Жаткан жеринен оодарылып, эми чалкасынан түшүп калды. Учуп-конуп жаткан чымындарга эми кудай берип эле калды, ачкыл жытка айланчыктап оозу-мурдуна конуп жаалактап жатып калышты. Буларды улам учуруп, оозу-башын, бетин тазалап олтурган сары күчүк да иренжигендей обочорок барып жатып алды.

* * *

Үйдөн чыкканына бир ай болгон, адам катарынан деле чыгып, айылдаштары да, үй-бүлөсү да, ка-

рыган атасы да Амандан жадап бүтүп калышкан болчу. Анын айылда жогу жакшы эле. Айыл бир азга болсо да тынчып калчу. Аман келсе эле күндө ичип көрүнгөнгө асылып, мушташып, кыскасы, айылдын аяк-башын зериктирчү эмес. Үч баласы менен аялын эки күндүн биринде эле токмоктоп: «Силерди багып жаткан мына мен, мен болбосом көрөм силердин көргөн күнүңөрдү» – деп кыйкырып, аны көргөндөр: «Оо, кайран жолборс табында экен» – дешип Аманга көрүнбөй үйдү айланып качып өтүшчү. Эки айдан бери алынбаган чачы желкесинен ашып, өлгөн алкаш орустан калган шапкасынын тамтыгы чыгып, ал эски куфайкасына жарашып чыныгы алкаштын образын түзүп турчу. Эгер артист болуп алкаштын ролун алып чыкса алда качан чоң сыйлык алмак. Бирок Аманды көргөндө балдары да: «Атам мас болуп келатат» – дешип коңулга, жүгөрүнүн арасына, коңшу-колондордукуна качып, тымтыракайы чыгып бекинип калат.

* * *

Жогорку билимдүү, ушул ишканага келгени, кээ-кээде эле элге кошулуп ичип койгону болбосо, ишкананы алга сүрөп, иште кыйла жаңылыктарды киргизип, жумушчуларга жагып калган. «Жаш эмеспи, ичкени калып, жакшы жетекчи болуп кетет, ак көңүл, ичине кек сактабайт, айкөл» – дешип сөз кылгандары канча. Ал эми Амандын айкөлдүгүнөн пайдаланып, аны атайлап ичирип, анан бүтпөгөн иштерин бүткөрүп алып жаткандар улам көбөйүп бара жатты. Бул болсо ишканадагы таза, чыныгы эл үчүн деп иштеген айрым адамдардын тынчын алып жүрдү.

Атасы Орозбек чалдын жалгыз баласы. Жаш кезинен эч нерседен кем кылбай, эл ичпегенди ичирип, эл кийбегенди кийгизип, жанынан акча үзбөй чоңойтту. Жогорку окуу жайынан окутту. Тектүү жердин кызына үйлөнттү. Үч балалуу болду. Турмушу жа-



ман эмес, аялы да бышык чыгып, Амандын жеңилин жерден, оорун колдон алып: «Ичкиликти ташта, элге окшоп жашайлы» – деп кан какшап келет.

Арактын артынан сая түшүп ичип кетиши, Амандын күтүүсүздөн иштен алынышына каскак болду. Көңүл сурагычтар көбөйдү. Эки-үч ай мен негизсиз бошодум деп, буулукканын токтото албай ичип жатты. Күндө үйдө жаңжал, үй эмей эле азапканага айланды. Жаш балдары да атасын көргөндө ажыдаарды көргөндөй жүрөктөрү зырылдап калды. Ошондон улам аялы балдарын алып төркүнүнө кетип калган. Арактын артынан түшкөн Аман эки жылдан бери эч жерде иштебей, көчөдө элден, тааныштардан сурап ичип калды. Айрым тааныш, мурда үзөңгүлөш болуп жүргөндөр да Аманды көргөндө зыр коюп качышып, же ушул алкаш кетсинчи деп далдаага бекинип тура турган болушту. Эки жылдан бери айылдагы самогон жасаган Маша деген орус аялдын үйүнөн чыкпайт. Аны да жадатып бүтүрдү. Самашты самагандар менен ичип, ошолордун заң мыйзамына да көнүп, ошолордой темтейип, кийим тандабай табылганын кийип, кийимдин баркына жетпей калганы качан.

Мурда Аман иштеген ишканада иштеп, арактын айынан айдалып кеткен Юра мунун эң мыкты досу болду да калды. Элүү грамм самаш табылса он граммын Юрага алып коёт. Шапкасынын үстүнө аарчылган пиязды коюп, досу келгенче карап олтурат. Пияз табылбай калганда шапкасын жыттайт.

* * *

Маршруттан келе жаткан автобуска чыгып алып, машинанын артында кусуп, көрүнгөндү сөгүп, автобустун ичин да ачыткы жыттантып, ага көңүлү айланган аялдар, балдар да куса баштап, көрүнгөнгө жөөлөй бергенинен тажаган айдоочу, айылга кире бериште автобустан сүйрөп түшүрүп, соолукканда барып калат деп жолдун жээгине таштап кеткен.

Көйнөк-шымы кусунду болуп, жарылган беттери канап, мурдунун учунан аккан канга чымын үйүлүп, алардан калганын сары күчүк улам келип жалап, тазалап коюп ушул жерде жатканына төрт сааттан ашты.

* * *

Орозбек чалдын үйүнө өкүрүп кирип жаткандар баары анын жалгыз алкаш баласын издешет. Баласы кайда болду экен дешип шыпшынышкандар канча. Атасы менен бир туугандын балдары өкүрүп: «Эссиз кайран авамды, эми кайдан көрөмүн» – дешип боздоп ыйлап турушту. Көбү намыс үчүн да ыйлап жатышты. Чалдын жалгыз баласынын балдарына, келинине да кабар кеткен, бирок атасынан көңүл калган балдары менен келини батага да келишпеди. Чалдын жалгыз баласын беш күндөн бери бир машина менен барбаган айыл, барбаган шаар калбай, көчө бозгундары жүргөн жерлерди кыдырышып да таба албай коюшкан. Бүгүн саат он бирде эл жан жабыла барып Орозбек чалды акыркы сапарга узатып, жайына коюп келишти. Аман жол боюнда түш көрүп, бетин ит жалап жатканда эл анын атасына топурак салып жаткан. Ал аны билген жок, анда азыр атасын ойлой турган чама-чарк жок эле.

Атасы наристе Аманды алдына отургузуп, мураскерим, мени ушул көмөт деп мойнуна мингизип, атка өңөрүп алып, теги эле жанынан чыгарчу эмес. Мына ошол бала бүгүн атасына топурак сала албай калды. Амандан го тазия буйрубайт болчу. Эң жок дегенде көрүстөнгө барып: «Оо, эл-журт, атам кандай киши эле» – деп сурап койгонго жарабай калганы абдан өкүнүчтүү болду. Элдин баары наалат айтып, бала болбой жерге кир деп сөгүнүшүп таркап кетишти. Баласынын ордуна бир тууган инисинин баласы туруп: «Оо, эл-журт, авам кандай киши эле» дегенде, баары бир ооздон: «Кудай ыраматылык кылсын» – дешти.



* * *

Аман ордунан козголгондо оозуна кан толуп, мурдуна чымын конуп, башы зыңгырап, шымы нымдалып, көйнөгүнө чейин жетип, жанында шоңшоюп олтурган сары күчүктү: «Сен кылдың ушуну» дегендей жүлжүйгөн көздөрү менен күмөндүү карап алды. Күүгүм кирип бараткан. Шымдары ным, башы зыңылдап, сары күчүктү ээрчитип Аман короонун эшигине теңселип келгенде, ичкери жактан өкүрүк чыкты.

## АЙТЫЛБАЙ КАЛГАН СЫР

Сизди көрбөгөнүмө көп болду. Кусалыгым артып сагынып кеттим. Сиз келсеңиз, мен үчүн ошол өзүнчө майрам. Ыр жазам, көп-көп чыгармаларды жазам. Атыңыз да сымбатыңызга, жумшак-шыңгыр күлкүңүзгө бап келип турат. Жыпаргүл ушул атты атаңыз менен апаңыз төрөлгөндө эле магдыраткан жытыңызга кумарланып жүрүп койсо керек. Сиздегидей жанга жагымдуу жыт сизден башка эч кимде жок. Көп эле чет өлкөлүк атырлардын жытын билем. Сиздеги жаратылышынан жаралган мындай жыт өзүнчө эле жан кумары. Ал жыпар жытыңыз, толукшуган жайлоонун назик гүлдөрүнүн жытын берип, жаныңызда турсам магдырап, көйнөгүңүз желпип кетсе шапатада жаткандай эс ала түшөм. Сиздеги наздуулукту, мээримди, жылуулукту, ажарды эч бир жандан издеп таппай келем. Жадырап-жайнап, шыңгыр булактын үнүндөй назик үнүңүз менен күлүп кирип келсеңиз, мен олтурган кеңсеге кут киргенсип калат. Көптөн бери көрүнбөйсүз.

Тагдыр ушундай адамды бир нерсеге кем кылып койгонуна таңмын. Күйөөңүз да перзент көрбөдүм деп, ажырашып кетиптир. Перизаттан кантип ажырашты билбейм. Башканы билбейм, мен сизден кын-

тык таппайм. Сиз жок ал үй караңгы болуп турганын сезип турам. Сиз менен олтуруп жеген каткан нан да бал. Анткени чын ниетиңиз менен алсаңыз деп адамды тике карабай урмат кылып, сунган даамыңызга деги эле тойбойм. Кош билерик салынган аппак билегиңиз, назик, узун, жумшак колдоруңуз апапакай манжаларыңыз, моймолжуган көзүңүз ак чыныдагы карагаттай, ак куунун мойнундай аппак шуру мончок тагынган мойнуңуз жөн эле сүрөтчү кол менен тартып койгондой. Ал эми капкара жылтылдаган кундуздай кайраттуу, анча узун эмес чачыңыз, ак балтырга тийип, баскан-турганыңызга көрк берип турат.

Чымчып сүйлөгөн, күлкү аралаш чыгып көңүл көкөлөткөн сөздөрүңүз сиздин айланаңызды дайым майрам кылып, шаңдантып тургандай сезилет. Кээде сизди кандай апа төрөдү экен деп кетем. Бирде жеңил, аппак көйнөк кийип, мени менен бирге олтуруп, чай ичкениңиз эсимден кетпейт. Деги эле шок көздөрүмдү сиздин билинер-билинбес аппак мамагыңыздан айрый албай койгом. Сиз аны байкасаңыз деле байкамаксан болуп, ал түгүл чай алып келем деп чыгып, аппак төшүңүздү ачып коюп кирип келгениңизде өзүмдү өзүм жоготуп коё жаздагам. Деги эле жайдак атка бой бербес, жаактууга жай бербес жаным сизге жолукканда оозума сөз келбей, сөз таппай аптыгып, турпатыңыздан көз ала албай калам. Өзүмдү сизге бийлеттирип жиберем. Аны сиз билип, сезип туруп деле байкамаксан болосуз, ансайын адамды өзүңүзгө тартасыз.

Жеңем болбосоңуз деле бала деп эркелетип сүйлөйсүз, бирде конокто олтуруп арак сунуп шыкасам: «Бала арак сунбай, ыр сунсаңыз» – деп шыбырап койгонуңузда чыкпаган жеримден тер чыккан.

Эмнеге чакырганыңызды билбейм «убактысы болсо кечке маал келип кетсин» дептирсиз. Деги эле саат жылбай туруп алганын айтпайсыңбы, эмне кылып жатканымды билбей кайсактайм, убакыт



өтпөйт, бара берейин дейм, укпай эле турган экен деп айтпасын деп уялам.

Кеч киргенде баягы, мага жаккан көйнөгүңүздү кийип, жаңы ачылган мандалак гүлдөй ажарланып, жүзүңүздө өзгөчө бир жылмаюу, күлкү жайнап айдын шооласындай мээримиңизди төгүп тосуп алдыңыз. Койкойгон шордуу башым гүл көтөрүп алышты да билбептирмин.

– Келиңиз бала, көрүнбөй койдуңуз да, чакырбасам келмек эмессиз, – деп, мээрим төгүп, тосуп алдыңыз да: – Мына бул жаңы тапичканы кийип алыңыз, – деп, жалооруп караганыңызда эркегенимден ыйлап жиберейин деп барып өзүмдү өзүм араң токтотуп калдым.

Кире бериштеги вазадагы гүл, ушул үйдүн ажарын ачып тургандай сезилди. Үйдүн ар бир буюму өз ордунда, ыйыктай, кол тийгистей. Чакан дасторкондон көз тайгылат, дүйнөдө кандай жемиш болсо, ошонун баары бардай сезилет. Кайсыны жешиңди билбейсиң. Өзүңүздү көргөнүмдө эле курсак тойгон, өзүңүздүн жаныңызда олтурганымда өзүмдү өзгөчө бактылуу сезип, төбөм көккө жетип, өзүмдү толук бир эркектей сезип калдым. Жумшак диванга кыналыша олтурганыбызда жанга жагымдуу, көптөн бери эңсеп, жетпей жүргөн жытыңыз бур дей түштү. Кыйлага магдырап сизге кантип ыктап кеткенимди өзүм да байкабай калыптырмын: «Чай ичиңиз бала» – деп обдула түшпөсөңүз билбейм, сизге баш жөлөп, кыналыша берет белем. Уялганымдан чыбырчыктап тер чыгып кетти.

– Эмне болду бала, тердеп кеттиңиз. Үй дем болуп кеттиби? – деп ордуңуздан турганыңызда ак мамыктай жумшак көйнөгүңүздүн этеги мени желпип кетти. Жөн эле жайлоонун салкын төрү элестей түштү. Ак кайыңдай жоон, ак балтырларыңыз сүт менен жууп койгондой, ой тобо, ушундай да аялзаты болот тура. Түшүм эмеспи деп көзүм тойбой, көзүмдү ачып-жумуп да алдым. Жомоктогу периштеби деп да ойлой салдым. Үйдүн жыйылганында

кемтик жок. Бир ашыкча буюм таппайсың. Ушул турушунда бир буюмду алсаң үй бузулуп кетчүдөй.

Көпкө сүйлөшүп олтурдук. Негедир бир нерсени айта албай жаттыңыз.

– Ыр окуп бербейсизби, бала, – дедиңиз.

Бир нече ыр окуп бердим.

– Бул жерге эле жатып алыңыз, кеч болуп кетти, – деп, ордунан турганда аркы үйдө телефон шыңгырап, назик үн менен: – Макул апа, барып калам – деп жатты.

Үйгө кирип:

– Апам бир аз сыркоолоп жатыптыр. Келбесең болбойт, – дейт. Жолду ката сизди да таштай кетем. Сиз менен сүйлөшөөр сөзүм бар эле, дагы бир жайынча сүйлөшөрбүз, – деп, адатыңызча бир күлүпжайнап койдуңуз.

Бөлөк аял болгондо апасы ооруп жатса, ыйлап да алмак. Деги эле сыр билдирбейт. Мындай аял менен жашаган эркек картайбайт деп ойлодум ичимден, соорусуна түшүп турган чачынан акырын сылап.

– Капа болбоңуз, жакшы болуп калат, – дедим.

– Ой, апам эрке байбиче, мени сагынса деле ооруп калдым дей берет. Барбасам болбойт, апамдан башка эмнем бар, бала, – дегенде оор улутуп алганын сездим.

Бул аял менен таанышкан күнүм эстен кетпейт. Күйөөсү менен аэропортто олтуруптур, бир жерден көргөндөй болуп: «Саламатсыздарбы» – дедим:

– Келиңиз, чай ичиңиз, – деп чакырып калышкан ошондо. Боюна жарашкан сымбаттуу кийинген тышкы келбетинен эле бул аялга таң калып, ушундай да сулуу адам болот экен деп көпкө карап олтургам.

Машинага олтуруп сыртка чыктык. Колуна жарашкан рулу ушул машинага жаралган жандай туюлуп кетти.

Таң сөгүлүп атканча көз алдымдан сиз кетпей, сиз менен бир үйдө жатканымды элестетип, сиздин



жанга жагым жытыңызга кумрланып, мас болуп, бөдөнө тумшук мамагыңызды жыттап, аймалап, уйпалап жатып, анан ушул мага жаккан ак көйнөгүңүздү кийген сиз менен ак булут үстүндө кол кармашып учуп жүрдүм. Ойгонсом түшүм экен.

Бардык жандүйнөмдү сизсиз элестете албай калдым. Эмне айтам дедиңиз болду экен. Менден кыйла жаш улуу болсоңуз да эрте үйлөнүп алганыма өкүнүп да кетем. Үйлөнбөгөндө сизге үйлөнчүдөй болуп.

Арадан бир нече күн өтө түштү. Кеңседе олтурсам кирип келдиңиз. Күн жарк этип, булуттан чыга калгандай болду. Сизди көрүп кубанып кеттим. Стулга аяр олтурдуңуз. Аманчылыкты сурашып, Бишкекке бараткаңыңызды айттыңыз, ушундайда борборго барчу шылтоо болсо кана.

Деги бир өзгөчө жөнөкөй, жупуну аппак, татынакай кийинип алыпсыз. Саймаланган татынакай чыпта боюңузга жарашып турат. Жаныңызга олтурайын деп, кеңседеги кыздардан уялдым. Сыртка узатып чыктым. Качан келесиз деп сурай албадым.

Мага тааныш болуп, келип турганыңызга эле өзүмдү бактылуу сезем. Бир карасам кара торунун сулуусу, алты кар баскан калтардай кулпурасыз, бир карасам айлуу түндүн нурунан бүткөндөй, апапакай болуп нурданасыз.

Машинага олтуруп жатып тез эле келем дедиңиз. Сурап жиберген экем деп чоочуп кеттим, ак жол тилеп, жумшак, назик, аппак колдоруңузду сылай кармалап, көз карашым менен күтөрүмдү билдирип кала бердим. Негедир көзүмө жаш тегеренип, экинчи көрбөй калчудай болуп кеттим.

Ошондон бери жол карайм, жоксуз. Өткөн бир жыл жети кылымдай болуп кетти. Сүрөтүңүздү да сурап албаптырмын. Столума коюп, карап-карап олтурмакмын.

Кирпиктери төгүлгөн, жаңы жаңырган айдай чийилген каштарыңыз, чекеңиздин оң жагындагы кичинекей калыңыз баары-баары сизди ажарлуу көрсөтүп көркке бөлөйт.

Ушул келишиңиз акыркы коштошуубуз беле билбейм, келбедиңиз, күтүп жүрдүм. Түшүмө да көп кирдиңиз. Сагындым, кусаландым. Ойлоп көрсөм бир жылда алгылыктуу бир да ыр жазбаптырмын. Кайдан да мага жолуктуңуз эле?

Көрсө, шаардагы ооруканада жатып жүрөк оорусунан өтүп кетиптирсиз. Бул кабарды жыл айланып уктум. Кабар мага өзгөчө чоң трагедия болду. Эмнени айтып, эмнени сүйлөшөм дедиңиз болду экен. Эң жок дегенде сиз айта турган сырды билгенимде болмок, балким, балким...

Көзүмдөн тамган жаш столдун үстүнө түштү. Аны менен өзүм кошо кулап түшкөндөй болдум...

## ИТТИН ТИЛЕГИ

– Балтабай катынын: «Ой, энеңди урайын канчык, качан төрөйсүң, сен деп жүрүп туяксыз өтүп кетемби а, эртең менин тукумумду ким улайт а? Энеңди урайын, кет! Чыгып кет! Куу туяк!» – деп тепкилеп жатты. Атылып барып бир жерин үзүп алайын дейм, батына албайм.

Ушул аракеч Балтабайга таң калам, элдей болуп алып анан туяк сураса жакшы болмок, эшигинде жалгыз итин бага албайт да анан перзенти жок өтөмбү деп катынын сабайт. Элдей адам болсо да бир жөн.

* * *

Мен бул короого келгениме үч жыл болуп калды. Кээде өзүм кырдуу досторумду көрүп намыс кылам. Кичинекей балдар короочусун ээрчитип алып, колундагы нанын жегизип, айрымдары ыйлап, айрымдары үйүнө чуркап барып апасынан дагы нан сурап келип берет. Өткөндө курсагым ачып, иймейип, балдар ойноп жаткан жерге барсам Амантай майлуу токоч жеп жатыптыр, жула качып кетейин десем эч ыңгайы келбейт, шилекейим агып, көзүмө жаш алып жибергенимди өзүм да байкабай калыптырмын. Анысынан да Жекшен жете келип мени бир тепкени жаныма батып кетти. Кээде ушул турмушума капа да болуп кетем, капа болоюн десем кароосуз калган балдар деле көбөйүп, шаарларда алар үчүн үйлөр ачылып жатпайбы, үйгө жетпегени жертөлөлөрдү жай кылып, ал бул жакта калсын, биз менен таштандылар жаткан жерде шимшилеп ырыскы талашып жаткандарын кантесиң. Мен го итмин, адамдардын көбү эле көрүнгөн жерде сагалап, жолбун болуп жүрүшпөйбү, ага караганда менин жаман болсо да саман төшөлгөн улагам бар. Ачка калганым анчалык деле адамдар үчүн кейиштүү көрүнүш эмес болуп калбадыбы. Мээримдин кетип жатканы го, сыягы. Элди жарды дейин десем көчөгө иномарка машиналар батпай барат.

Үйдө деле мен кайтара турган алгылыктуу эч нерсе жок, Балтабай менен Кадичанын аңырайган короосунан башка эч нерсеси жок, жок дегенде короого алма, өрүк, кайналы тигип койсо саратанда көлөкөлөп жатат элем го. Балтабайдын ичкенден башка кыларга жумушу жокпу, билбейм. Катуу ичип келген күндөрү эшиктин алдына жете келип эле жыгылат, оозунан шилекейи агып, шымы нымдалышып сасып, анын шилекейин тазалаган күнү көңүлүм көтөрүлүп ары-бери өткөнгө үрүп калам. Балтабайды караган эч ким деле болбойт. Өткөндө кошунасы Сагын өтүп баратып: «Оо, кайран эр, үйүнө жетип кулаган экен го, жолдо беш-алты теректи сүзүп да алса керек чекеси томуюп чыгыптыр» – деп какшыктап коёт. Же кожоюн сөрөй намыс кылсачы, кайра таң менен туруп алып уйпаланган чачтары үксүйүп: «Саке, Сакен» – деп анын үйүнө жетип барат, короосун тазалап, эшигин шыпырып, жүз грамм ичип келет. Намыс кылбайт экен да. Ошонусуна курсант.

Билбейм, аракеч адам тукумсуз болуп калабы, Балтабай менен Кадичанын баш кошкондоруна алты-жети жыл болуп калса керек, же уулдуу же кыздуу боло элек, анан Балтабай мас болуп келген күнү мага да тынчтык жок, байкуш Кадичанын эле шору. «Эй туубас, куу туяк, чык үйдөн» – деп тепкилеп кирет, байкуш Кадичанын ошого чыдап жүргөнүнө эле таңмын. Бул үйдө мага боору ооруган эле ушул Кадича, боло калганда нан таштап, боору ачыганда жугун-ду-пугунду куюп берип турат. Мени эмнеге багып алышканына түк түшүнбөйм.

* * *

– Быйыл оорукчан болуп калдым, бакпаса эмнеге мени кармап жүрүшөт, билбейм. Илгертеден кыргыз итти сыйлап, ити менен сыймыктанып келген. Иттер деле адамга жан жолдош болуп, ачуу-таттууну тең тартып, жашап келет. Короосун, малын кайтарабыз, жат адамды жолотпойбуз, билген адамга кадырыбыз кыйла эле. Иттер менен чогула калганда эле борсоюп тойгон күчүктөр кайдагы чет мамлекеттердеги иттерди кеп кыла башташат, үйүндө, күндө эт берип багып, жуундуруп, өздөрү менен кошо алып жатып аздектейт имиш. Кандай бактылуу иттер деп суктанамын. Анан кыялы чатактарын, уруп көчөгө чыгарып таштайт имиш, ага деле мамлекет дегени камкордук көрүп, өлбөй турган тамак берип, ооруса карап дарылаганын айтпайсыңбы, ар бир иттин паспорту болот дейт, менин угушумча, биздеги адамдар өздөрүнө паспорт ала албай жүрүшөт. Бизде болсо бир четинен жолбун иттер көбөйүп кетти, оору жугузат деп атып таштапат. Өткөндө Көк-Дөбөдөн ары, бирдеме таап жеп келүүгө икир-чикир таштандылар төгүлгөн жерге барып келе коём деп таланып өлүп кала жаздап араң келдим.

Ушул үйдүн ити болгонум менен деги эле менин бар-жогум буларга баары бир. Анан кантишсин



өздөрү жегенге нан таппай олтурушса, Кадича болсо кошуна-колоңдукуна кирип курсагын тойгузуп алат, эки-үч күн ачка калганымды айтпа.

* * *

Тигине, Балтабай көчөдө ыргалып мас болуп араң келе жатат, колундагы баштыкта бир нерсеси бар, нан менен колбаса жыттанат, мүмкүн, закускадан калганы чыгар, шыйпаңдап, эркелеп тосуп чыгуу да коркунучтуу, бир-эки жолу катуу тепкен, ошондон бери коркуп калдым, андан көрө ушул жерде эле аңдып турайынчы. Мүмкүн, эшиктин алдына келип адаттагысындай эргенчекти ача албай жыгылып калар. Ошентсе гана. Мына келип калды. Эргенчекке боорун ныктап ачты эле, эргенчек жылып кетип, аны менен кошо сүйрөлүп барып күп деп кулап түштү. Эргенчек байланган зым бетин чийип кетти. Ошол бойдон турган жок. Колундагы баштыгын тыта баштадым, пияз менен нан экен, баары эле арак даамданат, курсагың ачып турганда анын даамынын кимге кереги бар, эптеп аз болсо да шамшум этип алып, адамгерчилик кылайын деп оозубашын жалап кирдим. Бул Балтабайга абдан жагат, күңгүрөнүп бир нерселерди сүйлөнүп, аябай жыргайт. Кээде эсине келе түшүп сөгүнүп кирет. Бүгүн сөксө деле кайылмын, эптеп өзөк жалгап албадымбы.

* * *

Менин элдин иттериндей үстү жабылган үйүм деле жок, жатканым таштын бурчуна төгүлгөн самандын үстү, дагы жакшы, эски шыйпырларды ушул жерге жөлөп койгон, жаан чачында суу тийбейт, ошого деле кайыл болуп калам. Көчөдө иттер үрүп жатат, бир нерсе келе жатабы деп чыксам бирин бири көрө албай, бирине бири жер тырмап үрүп жатышыптыр. Ушундайды эле жаман көрөм. Өзүбүз

ит болуп туруп өзүбүздү көрө албайбыз, мына карышкырлар жөнүндө көп угам, алар үйүр-үйүр болуп алып кабышпай, тиштешпей эле тапканын бөлүшүп жеп эле жүрүшөт экен. Ошон үчүн адамдар бири-бири менен урушуп калса итсиң дешет да.

* * *

Ошого деле кайыл болуп ушул үйгө келгенден бери жараткандан Кадичага бир перзент бере көр деп тилеймин. Анткени уулдуу болсо колуна нан кармап ойноп чыгат эле, эркелемиш болуп нанын илип алып жейт элем да, бөлөк балдарга окшоп мени ээрчитип көчөгө чыгып: «Жолборс, Жолборсум» – деп эркелетип: «Жолборс, Жолборс, баа, баа, Жолборс» – деп чыкырып турмак мени. Ал мен үчүн канчалык бакыт болмок. Бүгүн түнү менен Кадича да шолоктоп ыйлап чыкты. Мен болсо жараткандан Кадичага перзент бере көр деп тилеп таң атырдым. Мындай күндөрү курсагымдын ачканын деле унутуп калам.

* * *

Кээде атыма да арданып кетем, курсагым ачып иймейип, бөлөк иттерден корунуп, көчөгө да чыга албайм, кебетем бул болсо, анан атым болсо Жолборс, баары күлүшөт: «Жамандын аты – Бөрүбасар» – дешип. Бирок жакшылык күндөн үмүт үзбөйлүчү. Короодо туруп алып борсулдап үрүп койгонуман чочуп ушул короого кире албагандар канча, ошондон деле ит экенмин деп курсант болуп калам. Адамдар деле ниеттери бузулуп ит болуп баратышат. Нанды көгөртүп капка салып малга беришет. Андан көрө бизге окшогон бей-бечарага кайрымдуулук кылса, жаман болбойт эле го. Илгертен калган сөз бар эмеспи, «ээсин сыйласаң итине сөөк сал» деген, ой сөөк кайдан, жакшы адам сөөктү аш кыла албайт, аны аш кылса сөөк деле иттерге тиймек эмес.



* * *

Негедир Кадичанын өңүнө дагал түшүп, курсагы кичине бөрсөйүп бара жаткандай. Эмне, боюнда бар болду бекен, мага да мамилеси жылуу тартып, күн сайын болбосо да жугунду-пугунду менен аш оокат берип турчу болду. Кичине оңолуп бара жатам. Балтабайды кудай албады да: «Ии курсагың чыгып бара жатат, кайсы ойношуңдан» – деп Кадичаны сабап кирсе, куйбөгөн жерим күл болду, кудай акы мына мен күбөмүн бөлөк-бөтөн адам деги эле үйгө басып кирген эмес. Ушул Балтабай кудайга караса болмок. Аялынын боюнда барына сүйүнсө кана. Эмнеси болсо да уул төрөсө экен, аны ээрчитип там-туң басып жүрсө, колуна нан, токочун алып жеп, аны менен ойнойт элем. Тезирээк жарык дүйнөгө ушул перзент келсе экен.

Баягы Балтабай баатыр эки-үч күндөн бери дареги жок, көрүнгөндөн бир сом берип кой, эки сом берип кой, кичине жетпей жатат деп шимшилеп жүргөндүр да. Анын бар-жогу эсепке деле алынбай калды, адам катарынан чыгат деген ошол өңдөнбөйбү? Кадича байкуш майпандап басып, ай күнү жакын, анын деле тамак-ашы талаптагыдай болуп жатканын кудай билет.

* * *

Эмне болгонун түшүнбөй да калдым, ызы-чуу түшкөн эле эл, Балтабайдын деги эле туугандары келчү эмес, бүгүн топтолуп алып өкүрүп турушат. Кайран Балташ аракка тоюп алып бир жерде өлүп калган го. Ооба десең, оозума сала бергенсип дал туура айтыптырмын. Арактан өлгөндөр көбөйүп жатса, атасынын куну барга окшоп, арак ичкендердин арбып баратканын айтпайсыңбы, анан түнү менен биздин тынчыбызды алып сүйрөлүп кусунду болуп, ачытки жыттанып, мурундары кызарып, булдуруктап ырдап келип, көрүнгөн таштандынын арасында, тал-теректин түбүндө, арыктарда жатканын

көрүп бооруң ооруйт, анан биз ичкенге тамак таппай жатсак буларга арак табыла бергенине таңмын. Мына бул туугансынып жалгандан өкүрүп тургандар мурда кайда жүрдү экен. «Ой, койгун, ичпегин» – деп айтып койгонго бир ооз жарашкан эмес, кайра өздөрү ичирип, мактап кетип турушкан, ушул туугандан мага окшоп тууганы жок жүргөн эле оңбу деп да калам.

Улам эле шимшилеп казандын башына бара калып жатып ал жердеги кишилерден эки-үч жолу таяк жедим. Бир кара тору келин гана мага боору ачып: «Ой, итке бир оокат берип койгула, ачка өлүп калбасын» – деди. Кыязы, койчунун аялы окшойт, иттин кадырын билген. Тааныбайм, бирөө бир аяк ашты көтөрүп алып ит аяк издеп жүрүп таба албай эшикте жаткан чарага куюп берди. Менде кайдагы ит аяк болсун. Үч жылдан бери тоюп тамак ичкен күнүмдү эстей албай жаман кыжаалат болбодумбу. Курсак кампайгандан кийин таттуу-таттуу кыялдар келет турбайбы. Эми эртеңки күнүм не болот, Кадичанын тагдыры эмне болор экен, ал бөлөк эрге тийип кетсе мен байкуш кантер экенмин деп эле азап чегип жаттым.

* * *

Мындан эки күн мурда Кадичаны тез жардам келип доктурга алып кеткен. Тагдырдын тамашасын карасаң, Балтабайдын жаназасы окулуп жатса бурчта шүмүрөйүп олтурган эки катын сөз кылып жатат. Кадича уул төрөптүр деп, эл кайгырып жатса менин кубанычым койнума батпай сүйүнгөнүмдү айтпа, мында тургандардын баарына эркелегим келет, өзүмчө эле бийлеп жүрөм, бирөөсү кагып-силкип да жиберди: «Адам өлүп жатса мына бул ит жинди болгон го эки астынкы бутун көтөрүп алып бийлеп жатабы, ой турчу нары чимирилбей, ой шумдугуң кургур, азыркынын иттери да бийчи». Ал менин сүйүнүп жатканымды, жараткан тилегимди берип Балтабай уулдуу болгонун кайдан билсин. Шоруң каткан Балтабай уулун да көрбөй кете берди. Тагдыр да. Балтабайды каргап, ыйлап олтурчу Кадича бүгүн кошок кошуп олтурбай, төрөт үйүндө жатканын, ал Балтабайдын өлгөнүн деле укпаган чыгар, балким, жакшы эле болуптур деп табасы канып жаткандыр, оо жок кантип эле ошентсин, жаман да болсо аракеч баласынын атасы да, эми баласы бир түзүк чыккай эле, «алма сабагынан алыс түшпөйт» дешчү адамдар. Жарык дүйнөгө жаңы келген жаш наристеге эмнени айтып жатам. Эң башкысы өмүрлүү болсун. Кудайдан ушул Кадичага бир перзент берип, азаптан куткар деп тилек кылдым эле, жаратканга ыраазымын.

* * *

«Өлөр күйөө өлдү, өлгөндүн артынан өлмөй жок, ал өлгөн жок, артында туяк калды, Балтабайдын түбүнө арак жетти, кой эми жашаялмет болсоң, жаңы төрөсөң, ушул үйдө кантип олтурмак элең» – деп Кадичаны баласы менен төркүндөрү алып кетти, жепирейген жаман тамды кайтарып жалгыз калдым. Мени ойлогон пенде деле болгон жок, мындан аркы күнүм кандай болор болду экен, эки күндөн бери наар ала элекмин. Эски сөөктөрдү кажылайм, ага деле алым калбай барат.

Тилегимди таш каап, Балтабайдын артынан өлөт окшоймун. Эң башкысы жараткан тилегимди берип, Кадича уул төрөдү, көз жашы кургады. Калган бир тирилиги өтөр, болгону баласы атасы ичкен арактан таза болгой эле. Балтабайдын баласынын колунан нанын алып жеп, бир ыйлатып өлсөм арман жок.

# ӨКСҮК ӨМҮР

Ээ, Жараткан, мени неге ата-энеден кем кылдың, атам болгондо ат минип, аш-тойго барып, байгеге күлүк чаап, көк бөрүгө түшүп, алды алдын алып, элдин балдарындай болуп апам болгондо кийимим бүтүн, курсагым ток, кайгым жок жүрбөйт белем. Тумалай жетим калып, көрүнгөндүн эшигинде отун жагып, күлүн чыгарып, эптеп өлбө жаным өлбө деп тирилик кылып жүрбөйт элем го. Атам менен апамдын бирөөсү эле болсо, төбөмө көтөрүп жүрбөйт белем деп зар какшап ыйлап келе жатып, жайган койдун жарымы талаада кала бергенин да билбей калды. Ошондо жеген таяктын заары Нуралынын жонунан азырга чейин кете элек.

* * *

Нуралы аксакалдын кадыр-баркы бул элде чоң адам, анткени толуу аймактагы бул айылда алгачкы кат-сабаты жоюлган адам эл-журту үчүн айтып бүткүс эле жумуштарды жасаган киши. Нуралы жаш кезинде атадан жетим калып, тез эле апасы да өтүп кетип көрүнгөндүн коюн кайтарып, малын багып, күлүн алып, кой менен кашардын ичинде уктап жүргөн мезгилинде Октябрдын таңы атып, анан бул Караколдогу жетим балдар үйүндө билим алып калган. Жараткан Алла багын ачкан экен, эл башкарып, үзөңгүдөн буту түшпөй жүрүп ардактуу эс алууга чыкты.

Өзү жаш кезде көрүнгөндүн коюн кайтарып жүрүп, көз чиркин тойбой калганбы дүнүйөнү деле түзүк эле жыйды, беш баласы, үч кызын мектепте орус класстардан окутуп, терең эле билим бергендей болду, жогорку окуу жайларынан окутуп, ичем дегенди ичирип, жейм дегенди жедирди. Тоо койнундагы бул айылда алгачкы машина мингендер да мына ушул Нуралы чалдын балдары болгон. Көчөнү чаңытып зуулдап, ары-бери өтсө айылдагылардын көбү абаз кылар эле. Биздин балдар да ушутип машина минер бекен деп. Ошентип башкарманын балдары деп эч ким катуу айталбай, алар тайрандап жүрүп, бир баласы бир катын алып аны менен ажырашып, андан соң бирөөнүн чүрөктөй кызын мектепти бүтө электе онунчу классты окуп жатканда үйлөнүп алды. Бул сырды да эч кимге билдирбей басты-басты кылышып тындырышкан.

Ошентип балдардын баарын билимдүү, үй жайлуу, там-таштуу кылып койду. Өзү болсо өкүмөттүн сый-урматын жакшы эле көрдү, райкомдун биринчи катчысына чейин жетти. Акыры айылдык Советтин аткаруу комитетинин төрагасы болуп жүрүп пенсияга чыкты.

Азаптын баары ошол карыган мезгилинде келди. Байбичеси Нази эне эл-журтту көргөн нарктуу жердин кызы болгондуктан Нуралы аксакалдын үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнады. Балдарды окутуп тарбиялады. Чалын да зымпыйтып кийиндирип, алып жүрдү. Аны көптөрү айылда мына ошол зымпыйып кийинип, баскан-турганы тың үчүн маршал чал дешип да кошчу. Келин-кыздардын көбү маршал чал дешип тергешип, ыйбаа кылып ызат, урмат көрсөтүшчү.

Пенсияга чыккандан кийин балдарынын баары өз алдынча болуп кетип, кенжеси Чубактын колунда калган. Анысы да шаарда окуп жүрүп, орус мектепти бүткөн, модалуу кийингенди жакшы көргөн бирөөгө үйлөнгөн болуучу. Аны деле Нази эне турмушка үйрөтүп, бүлө кылып алды. Экини төрөп ошол бойдон төрөбөй койду. Дал ушул баланын колунда кемпир-чал калышты. Келининин ашкере көйрөңдүгүн, көк беттигин элден жашырып, бирөөгө келиним ушундай деп сөз кылган деле жок. Нази эне эч кимге билдирбей, арманы ичинде жүрдү. Колу узарып келин жумшап, буту-колду сунуп байбичедей чай ичип балпайып олтура албады. Эми армандры кимге айтмак эле, балдары орустар менен жүрүп

орус мүнөз болуп, орусча сүйлөп, бир нерсе десе укугун айтып, урушуп турчу болду. Орусча билим-тарбия беребиз, келечекте чоң болуп ата ордун басат деген тилектери таш капты. Орусча окуп жогорку билим алышканы менен жартылуу адам чыккан жок. Кыздары да орус мүнөз балдарга турмушка чыгып, балдары да орондогон балдар болуп калганына ичинен тынып, муңга толуп жүрдү эне байкуш. Ошентип жүрүп, абышкасын сыйлап ооруса да кир жугузбай алып жүргөн мезгилде күтүүсүздөн катуу ооруп калды. Ооруканада көп деле жатпай өтүп кетти. Өлөрүндө чалына акыркы арманын айтып калды.

– Абышка, алтымыш жыл ашык өмүр өткөрдүк, күнөөм болсо кечир, менин көзүм жумулуп кетсе кор болосуң го, байкушум. Кагыраган орустарды окутуп тарбияладык, сенин кадыр-баркыңа жетер бекен булар дегенде Нуралынын көзүнө жаш айланып:

– Антип айтпа байбичем, жакшы болуп каласың. Менден кийин кет, балдардын убай-урматын көр, булардын азап-тозогун сен тартып чоңойтподуңбу, – деди акыркы кайрат сөзүн айтып. Ошол түнү кемпири бул жалган дүйнө менен кош айтышты.

Назим кемпирдин өлүшү Нуралыга караңгы түн түшкөндөй эле болду. Ойлоп олтурса ушунча жыл өмүр сүрүп, жаман-жакшы деле айтышпаптыр. Үйдө тигил жетпейт, бул жетпейт деген деле сөз болбоптур. Каалаганын кийип, каалаганын жеп өскөн кемпир чалынын кадырын өтө жогору баалайт эле.

Кемпирди коюу айылдын нускалуу байбичелеринин аракети менен жогорку деңгээлде, нарк нускасы менен болду. Же кемпирдин адамкерчилигиненби, же тектүү жердин кызы болгондуктанбы, Нази апанын урук-туугандары деле үч жылкы алып келип союп, салт-санаасы менен эле жерге коюлду.

Элдин да, Нуралы аванын тели-теңтуштарынын кайгырганы эле чалдын карыган кезде жалгыз калышы болду. Эми сексен ашып баратканда буга ким



тие коймок эле. Бешенеденби, же тагдырдын таш боордугунанбы, айтор, келин да бир келиндей чыкпай калганын эл тымызын билет эле. Көрсө, элден эч нерсе катып болбойт турбайбы. Нукен аваң кантер экен дешип ошого кейип жатышты. Байбичесинин кыркы өтүп-өтпөй жатып эле өзүнүн үйгө батпай калганын байкады. Бирок кексе адам арманын эч кимге айта албай жалдырама тийген адамдай нес болду да калды. Мурдагыдай сырттан кирсе ысык чайы, жылуу-жумшак төшөгү жок, келин оокат кылса ичет, болбосо кесерип ошонун колун карап калды. Же өзү туруп казан кармай албаса, кыздарынынына барат, алар деле карыган адамды батыра койчудай эмес. Кийим-кечесин эптеп жууп беримиш болушат. Бирок Нази кемпирдин кадыры өтө баштады. Чай ичсе да ал берген чайдын даамындай эмес. Арга жок, кемпири жасап берип турчу максымдан болсо алда качан үмүт үзгөн. Ысык тамакты деле табылганда, үстүнөн чыгып калганда жеп калды. Көбүнчө өзүнөн кыйла кичүү Алыбай кошунасынынына барат. Күндүн көбүн ошол жакта өткөрөт. Чачын желкесине түшүрүп, сакал койгон сапсайган баласы, эртеден-кечке кайдагы орус балдар менен бир мотоцикли бар ошону менен алек. Ата менен деле иши жок.

Кез-кезде кабар алганы айылдын аксакалдары бирин-серин кирип калса: «Олтурам ушунтип, Назиден мурда өлбөй деп, көзүнө жаш тегеренип арманын айтып калат». Арман айтканда буларда не айла да, не чара. Балдары атага тең болбоду. Атанын кадыры жерге чабылды да калды. Эң оору өзү менен бирге иштеген Анарбайдын аты көчөгө коюлуп, балдар-кыздары ат алып келип мингизип, үстүнө тон жапканда, чет элдик машина алып келип ачкычын тапшырганда болду. Анарбайдын эң жогорку кызматы бригадирлик эле, балдардын колунда бар экен, атабыз Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси орденин алган, ондон ашык грамоталары бар деп ар жерге жазып жүрүшүп, кабарчы жалдап жаздырышып

атасынын кадырын арттырып, минтип өзү жашаган көчөгө атын койдурушуп койду. Жанында эки Ленин орденин, Октябрь революциясы орденин, согуштан алган ондон ашык медалдарын тагынып Нуралы ава ичи букка толуп, аты коюлмак тургай атап койгон адам жок, өзү жетилтип өстүргөн Анарбайдын жанында аны куттуктап олтурганы болду.

Анарбайдын балдары деле жаш кезинде атасына кошулуп кетмен чаап, орок оруп, чөп жыйнап мурдунун богун тарталбай эле жүргөн немелер болчу. Эми мына эр жетип, элге сөзү өтүп ата кадырын жогору көтөрүп олтурушат. Ушул тойдо Нуралы аванын бир баласы мас болуп алып, тополоң салмакчы болгондо балдар тымызын такалашып, үйүнө жеткирип коюптур. Аны байкап калган кексе чалдын муңу ичине толуп, көзүнөн жашы агып, же замандашына кубанганын же Нази кемпирдин кадыры өткөндүгүн билдирбей олтурду. Тойго бул жагы Талас, Ош, Жалал-Абад, Жамбулдан, а түгүл тиги Ат-Башынын Ак-Музунан, борбордон бери жек-жааттары келип, ондон ашык ат мингенин кантесиң. Тамыр, урук-тууган арттырып койгон экен. Ал эми балдары болсо чет элден чыккан машина тартуулашып, суусар тебетейди кийгизишип, үстүнө кымкап чапан жаап жасаганда, тээ Нуралы чал айтканы айткан, дегени деген болуп тургандагы бакыйган кезиндей эле боло түштү, таанывагандар болсо, бул адам тээ илгертеден бай жердин тукуму тура, тектүү адам экен демек. Рахмат балдарына, ата кадырына жеткен деп Нуралынын ичи туз куйгандай ачышып, бир жагы сүйүнүп олтурду. Бир колхоздун башкармасы, райондун биринчи катчысы болгону менен кадырлоочу адамдарынын ичинен санап ондон ашыра албай койду. Кой союп сыйлаган Обком чалдарын эсептесе алардын көбүнүн көзү өтүп, көбү, ар жактан келгендер болуп, юбилейин өткөргөн күндө деле райондун акиминен башка эч ким деле келчү эместей. Ошол ойлордун кучагында олтуруп, кайгы-муңга ичин толтуруп, Анарбайдын байбичеси бир



чоң коробкага салып берген жамбаш, таттуу канттар менен эки нанды, башына кийгизген калпакты көтөрүп машина менен үйүнө араң келип түштү. Ата кадыры жөнүндө бул үйдө сөз жок. Келип эле эшиктеги сөөрүгө кыңтая жата кетти.

Дубалдагы муштумдай болгон радиодо ырдалып жаткан ырдын «Атанын кадырын ким билет, эненин кадырын ким билет» деген комуз менен коштолуп жаткан муңдуу ыр чалдын жүрөгүн андан бетер сыздатты.

Аа, атаңдын көрү дүнүйө, элүүдөн ашканда катын өлбөсүн, ашууда атың өлбөсүн деп илгерки ата-бабалар бекер айтпаган турбайбы, кудай мени ушул Назиден мурда алса болмок экен. Эми карачы, кечээ эле машинадан көчүк түшпөй, үзөңгүдөн бут түшпөй айтканым айткан, дегеним деген болуп турганда кадыр-баркым кандай эле, эми минтип үзөңгүдөн бут тайганда көргөн күнүм эмне болду. Ишим барда очоктон казан түшпөй, үйүмдөн меймaн кетпей, саат сайын болбосо да бир күндө он жолу телефон шыңгырап: «Нуке кандайсыз» – деп сураган достордун бири жок. Эң жок дегенде райондун чондору волгада чалкалап, жолду чаңытып ары-бери өткөндө токтоп: «Ой, Нуке, кандай олтурасыз, эмне кем каржыңыз бар?» – деп сурап койгонго жарабаганына ичи ачышып кетет.

Жакшы да, мекенди коргоого катышып медал алып тагынып калганы, эл менен ар тогузунчу майда барып, аздыр-көптүр сый көрүп, жанына акча салып келет, аны тигил чекчеңдеген келин алат да эмне болгону дайынсыз болуп кетет. Бала деле кудай бергени болбосо, атанын өлүү тирүүсүнөн кабар алып кадырына жетпейт турбайбы. Эми кечээги эле бригадир болуп менин айтканымдан чыкпай жүргөн Анарбайды айтпайсыңбы, кайда барам десе балдары машина менен даяр, көзүнүн агы менен тең айланып турганын. Кана эми балдарга миңгизген машиналардын бири жок. Тигил эски машинанын кузову чирип жатат. Оо, ал машина жаңы келгенде

элдин аваз кылганын айтпа. Анын жанында колхоздун вилиси турчу. Эшиктен машина үзүлбөй, шоферу суусуна чейин алып келип берип, дүйнө ушундай берекелүү жаралгандай туюлчу. Эмичи. Эшигине басып келген адам жок. Балдарым деле киши менен иши жок, сакал-муруту сапсайып, орусча сөгүнүп өздөрү менен өздөрү.

Андан да балдардыкына батпаганы күйгүздү, эми булар ич ара байлык талашып, атасынын үйүн талап жатышканын укканда сай-сөөгү жаман сыздады. Кичүү баласы бир жакка барабыз деп, чалды ортончу уулу Капардыкына алып барып салган эле, анын аялы кайнисине, «Ии, атам менен апамдын тапканын баарын алып, там-таштын ээси болуп олтурасыңар, атамды жакшыраак карбайсыңарбы. Эки үйдү тең ээлеп олтурасың, анан эки күндүн биринде эле биздикине жеткирип сала бербей. Жанагы түйтөк чач катыныңа айтпайсыңбы, мектеби бир жакка качып кете тургансып жасанып, түзөнүп эле мектептен чыкпайт. Карагыла атамды» – деп кагыпсилкип жатканын уккан Нуралы ава өзүнүн бул үйгө батпай жатканын туйду.

Баласы кетери менен эле сыртка чыгып бужүндөп жол менен өз үйүн көздөй жөнөгөн, келсе үйдө эч ким жок, короону айланып өтүп, короонун тешигинен кирип, баягы өзү менен киндиктеш болуп калгандай сөөрүгө жамбаштай жата кетти. Азыр эле: «Кожоюн өйдө олтуруң» – деп чай алып келе койчу кемпири, көз алдына тартылат, бирок ал жок. Күтүп жатып көзүнө жаш ойноктоп кетти.

Оо, калтарды качырбай басып турган, чачты аркага тарап, китил костюм шымды кийип, атырдан куюнуп, не бир пери заттардын жанында олтурган кези көз алдына келди. Эми андай кыз-келиндер карышкыр көргөн улактай качып калбадыбы. Андан да кечээ, келиндин «Сволоч вонючий» деген сөзү жанга батты, же өлүп кала албайт экенсиң. Баласына айтканга оозу барбайт. Баланын ата менен деле иши жок. Тамак ичип жатабы-жокпу, баары бир. Элден уккан карылар үйүнө барайын дейт намыс жаман.



Ооруп төшөккө жатып калды. Райондук оорукага келгенине бир айдан ашып бара жатат. Дагы береги доктурлардан айланса болот. Эртели-кеч карап, дары-дармегин, убагында оокатын берип турат. Жакшы болуп калдыңыз, оорукanaдан чыгыңыз деген башкы врач. Оорудан жакшы боло албаганын сезип эле турат. Бир жери жакшы болсо экинчи жери ооруйт, бул адам болбойсуң, өлсөң да үйүңө барып өл дегени го деп түшүндү кексе чал.

Атаңдын гөрү, – деди кексе чал өзү менен өзү сүйлөшүп, – илгер Ныяз чалдын жалгыз баласын согушка жөнөтүп жибергенде, көк кашка суунун жээгиндеги таштак жердин ташын терип, күнү тынбай кыбырап жүрүп жер кылып, бак тигип салган эле, баласы согуштан кайтпай кара кагаз келгенден кийин Ныяз ава ошол бактан чыкпай калды эле, көрсө чал өзүнүн келечегине иштеген экен, эми ошол бактын жемишин эл жеп, сообу Ныяз авага барып жатпайбы, элдин баары ал бакты, документ кагазы жок эле Ныяздын багы деп атап калышпадыбы. Ал чалдын бул жалган дүйнөдөн өткөнүнө канча болду, артында куран окута турган деле эч ким калбады, согуштан жалгыз баласы кайтпай калган, эми бала ордуна бак бала болуп, анын жемишин айылдын чыт курсактары жеп, кайда жүрдүң десе: «Эч жакка деле барган жокмун тигил эле Ныяздын багында жүрдүм» – деп чалдын аты элдин оозунан түшпөй жатпайбы. Ушунча эл башкарган башым ошол чалдын башынча иштебеген экен деп ыйлап олтурганын өзү да байкаган жок. Мен өлсөм мага эмненин сообу, мына бул чала орус балдарым мага куран окутушун деле кудай билет, – деп чал ичинен тынып жатты.

Ошол оорукanaдан чыгып келгенден кийин, Нуралы ава оордунан тура албай калды.Төшөктө жата берип, алдына салган кемпиринен калган төшөк да саргайып сасып кеткен эле, чалдын жанына адам олтура албай калды. Кыздарынан кабар жок. Ким келип, ким кеткенин деле билбей калды. Өлүү-соонун

арасында жатканда түшүнө Нази кемпири кирип-тир, токулуу ак боз атты жетелеп келиптир: – Ко-жоюн, мына бул атты минип ал, – деп туура тартып турган экен.

Эртеси урук тууганга Нуралы ава өлүптүр деген кабар таркады. Кара ашына сойгонго жылкы та-былбай, балдары карыз алып сойгонго туура келди. Ал жылкыны ким төлөйт, али чечилген жок. Боз үйдү тегеректеп, тизелерин колу менен таянып:

– Папам ой, папам ой, эми кайдан көрөбүз, – деп өкүрүп жаткан балдарын Алыбай аксакал:

– Ой, бай болгурлар, папам ой дебей, атам ой деп өкүргүлө, уят болбойбу солдойгон чопчоң адам-дар папам ой деп, же орус белеңер деп одурандаба-ганда, келген элдин көбү бүтүн сөгүп кетишмек. Жа-назанын алдында өткөн митингде чыгып сүйлөгөндөр бул адамдын атын түбөлүккө калтыруу сунушун ай-тышып, акимге кайрылып жатышты. Ал киши деле кош көңүл, ооз учунан туура-туура дегендей баш ий-кемиш болду. Чындыгында аким деле бул адамдын кимдигин анчалык жакшы билчү эмес. Райондук газетага берилген көңүл айтуу кабарында Нуралы чалдын элге кылган эмгеги кеңири жазылып бери-лип, райондун акими жана райондогу кадырлуу адам-дардын атынан жарыяланыптыр.

Чындыгында Нуралы чалдын артынан жүгүрө турган адам деле жок болчу. Балдары болсо, ичи-нен атадан кутулганына сүйүнүп жатышкандай ту-юлду жаназага келгендерге. Ошентип кемпири же-телеп келген ак боз күлүктү минип, бул жалган дүйнөнүн азап-тозогунан кутулуп, чыныгы дүйнөгө сапар алды. Ошонун эртеси эле бирөөнүн баласын сабап салгандыгы үчүн Нуралы чалдын баласын милиция келип алып кетти. Эң кичүүсү менен тун баласы ата жайды талашып, катындарынын тили-не кирип соттошуп жатышты.

Нуралы чалдын өлгөнүнө бир жыл ашып кал-ды. Ашы берилбей, анын качан өлгөнүн деле айрым-дар унутуп деле калды, чал жөнүндө сөз кылган деле



адам жок. Балким, балага ач токту көрсөтүп, эл кыл-ган иштн кылдырып, аскерге жөнөтүп, балдарга тур-муш кандай болорун көрсөткөндө Нуралы чалдын көз жашы акмак эмес. Кошунасы кирип балдарын чакырып, атаңарды эскерип куран окуп, зыйнатын кылып тургула деген акыл-насаатын айтканда:

Чубак деген баласы:

– Папамын үй-жайын талашкан кыйындары окутсун, эки жылдан бери там талашышат, чорти-возми, – деп сөгүнүп койду.

Нуралы чалдын сөөрүсүндө олтурган байкуш Алыбай ава ичинен тынып эле, кудай сактайгөөр, баладан айтпаса ушул турбайбы, нанды нана деп жүрүп, чалдын доорунда эл жебегенди жеп, эл ичпе-генди ичип жүрүп турмуш ушундай жаралган деп калган го. Турмуш андай эмес, – деп тим болду да, бул жерге келгенине бушайман болуп үйдөн чыгып кетти.

## КҮТҮҮСҮЗ КЕЛГЕН КОНОК

Апам ыраматылык шаардан келсем: «Балам мен деле карыдым, казан-табак кармаганга да бара -бара кубатым келбей барат, келсең келин алып колум узарып, төркүн-төшүмө кыдырып, бир эс алат белем» – деп ичиндеги келиндүү болсом деген-де ак эткенден так этип жүргөн ак тилегин билдир-ди. Уксам да укмаксанга салып унчукпадым. Кечин-де кетменин такымга басып, торкашка атты улам-улам теминип коюп, иштен атам келди. «Ии, уулум, качан келдиң» – деп кучагына кысып, бетимден өөп, чор болуп туурулган колдору менен колумду бекем кысып учурашты. Байкашымда атам деле карып ка-лыптыр, сакалы менен чачын ак бубак басып кал-ганын чынын айтсам эми байкадым. Атты байлап, белин бошотуп келсем, сөөрүгө жамбаштап жата кеткен экен. Атамдын жанына барып олтурдум.

– Окуу кандай уулум, – деди атам.

– Жакшы, эми, быйыл буйруса эки айдан кийин окууну бүтөм – дедим.

– Жакшы болгон экен, бүтүп келсең эле үйлөймүн, – деди.

– Али эртерээк го, – дедим ичимде. Бирок чын эле атам менен апамдын карып баратканын көрүп,бир жагы буларды аяп да кеттим.

Аңгыча апам чай, нанын алып келип дасторконун жайнатып жиберди. Апам жапкан нанды сагынганымданбы, билеймин, атамдан да мурда озунуп нан алып жибериптирмин. Деги атадан мурда дасторконго кол узатчу эмеспиз.

– Коё тур балам, атаң нан алсын, – деди апам.

– Ала бер уулум, үйдүн нанын сагынган да, – деди менин оюмду билгендей.

– Кечириңиз ата, – деп нанды дасторкондун четине кое салсам атам алган нандан ооз тийип, айранды алып жутуп калды. Демейде өзүндөн чоңдон мурда дасторконго колунду узатпай жүр, – деп урушчу атам бул саам негедир унчукпай чайын иче берди.

– Ии, шаардан сүйлө, – деди.

Эмнени айтсам деп кыйлага буулугуп олтурдум.

– Окуу жакшы эле, шаарда тынччылык, – деп койдум.

– Билимдүү, окуган, шаардык кыздардан эми бирин алып кел, – деди атам сынагандай алдыртан тиктеп, ага апам чыдай албай:

– Койчу ошол окуган, шаар көргөн кыздарыңды, мага тирилик кылып бермек беле, иштеймин, окуганмын деп, сумкесин көтөрүп кетип калат, андан көрө тигил эле Эшматтын кызы Айсулууну келин кылып алам, быйыл окууну жаңы бүтөт экен, керилген сулуу кыз болуптур, кичи пейилдигин айтпа» – деп апам бир кызды мактай кетти.

Кайсыл Айсулуу болду экен деп олтурган жеримде ойго батып кетиптирмин, тааныштарыбыздын кыздарынын баарысын эле таанычы элем, негедир Айсулууну укпаган экенмин, Эшмат деген адамды да такыр элестете албай койдум. Эси-дартым окууда болуп кыздарга деле анчалык маани бербей, үйлөнүүнү али ойлонгон да эмес элем. Болбосо шаарда өзүм менен бирге окуган керилген кыздар бар эле, көңүлдөрүбүз деле жакындары бар. Ушул мезгилге чейин деги эле бир кызга сүйөм-күйөм деп айтпаптырмын. Киного, театрга алып барып, оюн-зооктордо бирге боло калсам эле курсташтарым мени ошол кыздарга таңуулап калышчу. Чын-чынында менин башкы максатым, окууну ийгиликтүү бүтсөм аспирантурага окуп, илимдин артынан түшүү болчу. Бирок атам менен апамдын бүгүнкү келин жөнүндө айтышып, карыгандыктарын наалый башташкандыктары мени кыйла ойго салып койду. Анын үстүнө мени окутам деп карыса да иштеп жүргөндөрүн эми байкадым. Мурда турмушун өтөп жүрүшөт да деп жүрө бериптирмин.

Эртеси эле апам мага Айсулууну көрсөтүп келем деп калды. Карыган апамды аяп, көңүлүн оорутуп албайын деп жөнөдүк. Эшмат акелердин үйү кудай жалгап авамдардын үйүнүн жанында экен.

– Балам, келген экен, авасы менен учурашып келем дегенинен келдим, – деп, апам да сыртынан сыр билдирген жок. Согончогуна тийген жер чийген чачын артына өзбекче кылып майдалап өрүп таштап койгон, бутуна маасы-галош кийген, кичинекей тыкан кыз чай, нан ташып бизге кызмат кылып жатты. Чындыгына Айсулуу ушул болсо керек деп ичимден боолготтум. Апам барганда эле айланып, кагылып бетинен өөп, кучактап жаткан. Сыр алдырбай чай ичип олтурдум. Кыз мага жаккандай эле болду. Ал эми Айсулуу мага макул болобу же жокпу ал бөлөк иш эле. Апасынын айтып олтурганына караганда эң кенже кызы экен, калгандарын окутпай эле туугандарына берип салыптыр. Баары үйлүү-жайлуу, очор-бачар экендигин, бир күйөө баласы машина алгандыгын, бир күйөө баласы жылкычы экенди-

гин айтып олтурду. Өзү да эки келин алып уулдарын үйлөптүр. Өзбек чалыш келиндери бар экен, Ассалоому алейкум – деп учурашышкан бойдон көрүнбөй жок болушту.

Үйгө келер-келгенче, Айсулууну мактап келди апам. Кыялында келин жумшап, керилип басып, жыргап калганын да элестетип алды өңдөнөт. Ал күнү апам курсант болуп жүрдү. Мен эки күн туруп эле кайра шаарга окууга жөнөдүм. Баратканымда да: «Балам шаардык кыздарыңды кой, айылдан эле үйлөн, мен да келин жумшап колум узарып калсын» – деп апам кайра-кайра дайындап жатты. Менин деле үйлөнүп жиберейин деген оюм жок. Бардык максатым аспирантурага окуу болчу.

Окууну да бүттүм, карыган апам менен атамдын кыйналып мен үчүн иштеп жүрүшкөнүн эстеп алып, алдыдагы максаттарымды кийинкиге калтырууга туура келди. Эми карыган немелер мени окутам деп иштеп жатышса мен аларды түйшүккө салып коюп кантип окумак элем. Райондук газетага кызматкер болуп ишке келдим. Апам менен атамын сүйүнгөнүн айтпа. Балабыз окуусун бүттү деп коңшу-колоңдорду чакырып той кылып, дипломумду жууп да беришти. Классташтарымды чакырып, чындыгында мен окууну шаардан бүткөмүн, антсе да бир айылда бир окуп, мектепке бирге баргандыз, бир жыл алар менен окуп калганым бар, бир мезгилде бүткөндөрдү чакырдым.

Негедир апам Айсулуу жөнүндө геп кылбай калыптыр. Унчукпайт. Шаардан келе жатып апам Айсулууну айтат го дагы деп келгенмин. Көрсө, мен кетерим менен эле бир койду союп алышып куда түшөбүз деп апам менен атам барган экен, ата-энеси макул болсо да Айсулуу: – Менин сүйлөшкөн жигитим бар, анын үстүнө балаңар майып экен, – деп болбой коюптур. Ошол сөздү укканда апам да ордунан туруп жөнөй берген го. Деги эле мага чаң жугузбай, апам мени менен сыймыктанар эле. Мен тууралуу жаман сөз айткан менен апам өмүр бою



сүйлөшчү эмес. Апамды аядым, жыл айланбай үйлөндүм.

Арадан жылдар айланып атам менен апамды да Аллага тапшырдык. Апам ыраматылык өлгөнчө бир да жолу Айсулуу жөнүндө сөз кылган жок. Бир сырдуу, бир сүйлөгөн, айтканынан кайтпаган адам эле. Балага өзгөчө мээрбан аял болчу.

Эки кызымды алып аялым төркүнүнө кеткен эле. Үйдө жаңы келген газета-журналдарды карап, белгилүү журналист Абдиламит Матисаковдун «Күзгү» деген очерки чыккан экен ошону окуп жаткамын. Аңгыча эшиктин коңгуроосу чырылдап калды. Тура калып эшикти ачсам татыңкай бир сулуу келин турат. Ким экен, кайдан көрдүм экен деп заматта сезимиме бүлүк түштү.

– Келиңиз,кириңиз, – дедим.

– Кечиресиз, – деп үйгө кирди. Төркү бөлмөгө ээрчитип кирдим. Диванга олтурду.

– Мени тааныбай жатасыз да ээ, – деди.

– Чынын айтсам таанымбай жатам, бир жерден көргөндөймүн.

– Мен Айсулуумун, аке, мени таанымбай калышыңыз толук ыктымал, бир эле жолу көрүшкөнбүз. Мен куруюн, мени кечириңиз, аке, – деп буркурап ыйлап кирди.

– Шашкалактап, кой ыйлаба, бир жериң ооруп турабы? – дептирмин.

– Жо-ок, аке, менин эч жерим деле ооруган жок, бир гана айыкпас ооруга чалдыккамын. Ага мен күнөөлүүмүнбү, же апам менен атам күнөөлүүбү билбеймин, а балким, мен өзүм күнөөлүү чыгармын. Менин дартымды сиз сурабаң, мен айтпайын. Алдыңыздан бир жолу кечирим сурап коёюн деп гана келдим. Жакшы, келинчегиңиз жок экен. Ал киши болсо мени кандай кабыл алмак, ким билет. Мен турмушка чыкпай эле азапка чыкканмын, аке. Кайдагы бир түрмөдөн чыгып келген алыс эмес жакын эле туугандарыбызга тумушка чыкканмын. Бирок ал менин эрким менен болбогон. Күйөөм кара мүртөз,

ичкич чыгып калды,балдарым менен азап жеп жашап жатам, таштап кетип калайын десем чиедей жаш төрт балам бар, не кылышты билбеймин. Турмуш эмей эле бир азапка башым кирген тирилик. Бирок... азапта эле жашап жатам. Алыска чыдабаймын го. Сиз мени кечирген болсоңуз эле болду.

– Мен кечиргидей сиздин эч кандай деле күнөөңүз жок. Ар ким эми көңүл кушу туура келип, жылдызы жанган, тагдыры буюрганга турмушка чыгат да. Эми мактанарлык деле бай эмесмин. Бирок турмушубуз жакшы эле, эл катары тирилик кылып жатабыз.

– Билем аке, сиздин адамкерчилигиңизди, ишиңизди баарын-баарын жакшы билем. Анткени мен деле сизден алыс жашабаймын. Үйгө газета барган сайын биринчи сиздин жазгандарыңызды окуймун. Эки үч жолу сыйлык алганыңызды окуп, өксүп-өксүп ыйладым сыймыктанганыманбы, сүйүнгөнүмдөнбү, айтор, билбеймин. Бирок эч кимге сыр алдырбаймын.

– Капа болбоңуз, күттүрбөй келгениме, жөн гана кечирим сурап коюуга киргенмин. Кетейин, келиңчегиңиз келип калса да кыжаалат болбосун.

Айсулуу ордунан тура жөнөдү. Кетип каларын күтпөгөндүктөн суранып олтуруп, нан ооз тийгиздим.

Арадан кыйла убакыт өтө түштү, күз келип эл жыйым-терим менен алек болуп жаткан убак эле. Кеңседе газетанын кезектеги жаңы санынын макетин чийип жаткамын.Саамайлары саксайган сары кыз:

– Уруксатпы? Самак агай барбы? – деп кеңсеге баш бакты. Мен Самак дегенмин, кир кирегой, – деп жылуу кабыл алдым.

– Кимдин кызысың? – дедим.

– Мен Айсулуунун кызымын, – деди кыз сабыры суз.

– Апаң жүрөбү, апаң жибердиби, – дедим.

– Апам жиберген жок, өлөрүнөн мурда башыңа



иш түшсө Самак акеңе баргын деген, – деп бышактап ыйлап жиберди.

Эмне дээримди билбей нес болуп туруп калыптырмын. Кой карындашым ыйлаба. Качан мындай иш болду? – дедим башынан сылап.

Кыз айталбай шолоктоп ыйлап жатты.

## БИЙ МЕНЕН КЕТКЕН ӨМҮР

Чачтарын ак бубак баскан кемпир, күтүүсүздөн мен олтурган кеңсеге кирип келди. «Абдымомун деген сенсиңби, уулум?» – деди кемпир демиккенин басканча энтиге сүйлөп.

– Ооба, эне, келиңиз, олтуруп дем алыңыз, – деп орундук көрсөттүм.

– Ээ, балам, эки кыз, эки уулум бар эле. Кыздарым бири турмушка чыгып, бири турмушка чыкпай өтүп кетти. Алардын азабын тартып карып кеттим. Кемпир бышактап ыйлап олтурду, кайрат айтып олтуруп, бул байбиченин кайдан келгенин да сурабаптырмын.

– Кичине кызым бир нерселерди жаза берчү, ушул дептерди ооруканада өзү менен алып жаткан экен. Эч кимге көрсөтпөгөм. Өзүм окуй албайм, окуп көрчү, жазган бирдемеси болсо мүмкүн жаратып, жарыкка чыгарып коёрсуң, – деп колундагы дептерди мага карматып, батасын берип чыгып кетти.

Жарыктык кемпирдин атын сурап калбаптырмын, же кайра кайрылып келбеди. Кайдан келгенин да билбейм. Арадан көп жыл өттү. Дептерде ушул аңгеменин өзөгү бар экен, мүмкүн кемпир өтүп кеткендир. Бирок анын суранычын аткарып коюуну тура көрдүм.

* * *

«Сизди такыр көргүм келчү эмес. Сылан короздонуп койкоюп, анча-мынча адамды таназарга албай, түшкө чейин бир түрдүү, түштөн кийин бөлөкчө кийим кийинип, койкойюп басканыңыз жакчу эмес. Кызматыңыз адам суктанарлык болбосо да, кышкысын маршалдар кийчү бапак кийип алганыңызга өзүмчө эле жиним келе берчүмүн, билбейм келинкыздар суктанышчубу же жокпу, айтор, сиз жөнүндө алардын арсында сөз көп болчу.

Күндөрдүн биринде райондук керек-жарак коомунун кызматкерлери өздөрүнүн кесиптик майрамын белгилешип, ресторанда салтанат өткөрүп, сыйконок кылышып, элге чай беришип калды. Көпчүлүктүн катарында жана активдүү пайщик катары ал жерге мен да чакырылып барып калдым. Столдун үстүндөгү дүйүм тамактардан көз тайгылат. Сиз келип биз менен бир столго олтуруп калдыңыз, үстүңүзгө кийген костюм-шымыңыз чет элдики. Кычырайсыз. Келиндерден уккам бойдок экен деп. Соодагерлерди куттуктоо сөздөр айтылып, ырбийлер жаңырып жатты. Аңгыча алып баруучу олтургандарды вальска чакырып «Жаштар вальсы» деген музыка берилип калды. Эл бийге чыгып жатты. Айылда билгени деле, билбегени деле бийлей беришет. Бир жолу бир жигит мас болуп алып, бийлейбиз дегенинен, мас немеден эптеп кутулганы чыксам, бутумду басып алып, ошондон кийин бийге чыкысыз болгом.

Чыкпайм деп айта албай чыктым. Кол алышканда эле элпек, жеңил, ылдам чимирилип бийлеп кеттик. Өзүмчө эле сиздин кучагыңызда көпөлөк болуп калдым. Анын үстүнө боюма жараштыра тиктирген ак көйнөгүм, айлананы көркүн ачкандай болуп кетти. Бирде жайлап, бирде чимирилип, өзүмдү булуттардын үстүндө каалгып бараткандай, асман үстүндө учкан ак куудай жеңил сезип «Лебединое озеро» балетиндеги эле ак куу кебин кийген кыз болуп калгандай сезип жаттым. Кучагыңызга кандай ыктап кеткенимди билбейм. Согончогума тийип жер чийген чачымды бир аз түрө кармап ийиктей чимирилип бийлеп жаттык. Олтургандар назар салып карап турганбы, айтор, дүркүрөтө кол чаап жиберишти. Эркектин жытын ушул саам биринчи сездим. Магдырап өзүмдү жоготуп бараттым, ыктап кеткенимди сезбей да калыптырмын. Музыка бүтпөсө экен деп тиледим. Деги өмүрүмдө мындай бийлеген эмесмин.

Бий бүтүп мени олтурган столума чейин узатып барып:

– Ырахмат, – дедиңиз.

Жанымда олтурган Аида:

– Ээ, койчу, жөн эле балерина турбайсыңбы. Деги мындай талант менен мында эмне кылып жүрөсүң? Шумдук бийлейт турбайсыңбы? Көпөлөк эле болуп калдың.

– Ошентип тааныштык. Жаныш деген атыңызды мурда эле билчүмүн. Дагы бир бийлесем экен деп олтурдум, бирок музыканттар кайдагы бир бийлердин музыкасын ойношуп: «Атаң барбы, апаң барбы, акең барбы, жеңең барбы, айтып койчу танцага» – деп эле былжырап жатышты. Акындар да ыр жазат десе жаза берет деп бийдин ырынын текстине жиним келип жатты.

Сиз чоңдор менен бака-шака түшүп, кээде өзүңөрчө эле каткырып күлүп, жыргап жаттыңар. Жанымдагыларга шек алдырбай уурданып, көзүмдү сизден албай улам-улам карап жаттым.

Биз кичине кезде жаштар жарашыктуу кийинип алышып, кыз-келиндер менен колтукташып, эс алуу багындагы аянтка келип бийлешет эле, ошолорду көрүп суктанчумун. Азыр антип колтукташып баскан адам көрбөйм, жаштар бүт эле камокторго кирип алып ичкилик ичмей. Темпейип калышып, оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып эле ылжыган балдар.

Ошол кечтеги бий менен менин жүрөгүмдү биротоло уурдап кетиптирсиз, бассам-турсам элесиңиз көз алдымда. Сизди көргөндө сылаңкороз деп кыжырым келчү жаным, эми бир көрүүгө зар болуп сиз менен сырдашып олтуруп, бийлегим келет.

* * *

Бир жолу кызык болбодумбу, автобуздун келишин күтүп аялдамада тургам, жанымда эч ким жок эле, кыялымда сиз менен бийлеп жаткам.

– Ии, балам, өзүңдү бир молдого окутуп кой айланайын, баятан бери эле чимирилип жатасың, көзпөз тийген го, азыр адамдар жаман, – дейт жаныма кайдан-жайдан келип калган кемпир.

Мени оозу ачылып,таягын ээгине таянып, аңырайып карап туруптур. Уялганымдан жети өмүрүм жерге кирбедиби. Көрсө, сиз менен бийлеп жаткансып эле чимирile бериптирмин, ошондон сиздин торуңузга чындап чалынганымды билдим.

Мен сизге жактымбы-жокпу билбейм. Кабар деле алган жоксуз. Телефон чалып койгонго да жараган жоксуз, а мен болсо сизди издеп жаттым.

Үйгө келип алып «Жаштык вальсын» коюп алып, өзүмчө эле чимирилип, жаздыгымды кучактап алып, жиндилерче бийлей берчү болдум. Деги азыркы жаштар деле бийлегенди билишсе десең. Бий десе эле өзбектердин бийин бийлешип билгени деле, билбегени деле тарбалаңдай беришет.

Ал мезгилде коомдук малга тоют даярдоо жалпы элдин иши болчу. Дем алыш күнү чөп чабабыз деп жалпы коллективибиз менен Кайыңдуу-Булакка бардык. Эми жайдын толукшуган кезинде Кайыңды-Булактын жаратылышы өзүнчө бир керемет. Бул жерге деги келбедим эле. Арча, кайың, алма, жаңгак анан ачык гүл баскан туландуу жерлер, кайрадан токой. Көпчүлүк менен сиз да барып калыптырсыз, шылтоо таап жаныңызга барайын



дейм бара албайм. Элден уялам, бирок эки көзүм эле сизде.

Кана эми музыка болсо, мына бул гүлдүү көк майсаң жерде бир бийлесек. Алоолоп күйүп жаткан талааны элестеткен кызгалдактар биринен бири кооз. Айланага түркүн түс берип, атыр жыт чачып кулпуруп, гүлдөрдү аралап жүгүргүм келет. Бир гүлдү тандап, андан гүлдесте жасап, эң мыкты бийиңиз үчүн деп сизге узаткым келди. Бирок ага эрким жеткен жок. Бирге иштегендер менен барып, жетекчи катары чөп чапкандарга көз салып, гүлдүү туланга бой таштап жата кеттиңиз. Гүлдөрдөн сизди кызганып кеттим. Ошол гүлдүн ордуна мен болсом гана дедим ичимде.

Бири-бирине кыналышкан арчалар тоо тараптан соккон желге ыргалышат. Тигине жапжаш ак кайың менен жаш арча чырмалышып алыптыр. «Жаштык вальсын» бийлеп жатышты. Кайың дирилдеп, өзүнчө эле бийчи кыз.

Таттуу кыялдарымды бирге иштеген Гүлбү бузуп жиберди.

– Ии, эмне эле санаага батып, сагынычың артып, ыр жазчу акындарча кыялданып калгансың, бирөөгө көзүң түшүп, махабаттын кайыгына түшүп кеткенсиң го. Ушу бирөө жүрөгүңө чок салган.

– Кыздар баары кыткылыкташып, айлана күлкүгө толуп чыкты.

Деги эле жаактууга жай бербес, жайдак атка бой бербес жаным бул саам сөз таппай мукактанып, ички сырымды айтып салгандай эки бетим албырып, кызарып кеткенсидим.

Ошол күнү кечке сиз менен кыялымда арча кайыңды аралап бийлеп жүрдүм. Сиз мени таназарга алып, көңүл деле бурбадыңыз. Чөп деле чапкан жокмун, эл менен аралашып, гүлдөрдү аралап эле санаам менен байып барып келдим.

Санааданбы же чындап эле ооруп калдымбы билбейм, ооруканага жатып калдым. Айланчыктап апам

жанымдан чыкпайт. Коллективдегилер биринен сала экинчиси келип көрүп жатышты. Жатканыма бир жумадан ашып калганымда палатага гүл көтөрүп, күтүүсүздөн сиз келип калыптырсыз, шашканымдан эмне дээримди билбейм, сүрүңүз басып калтырап кеттим.

– Оорупкалганыңызды кечээ уктум. Жакшы болуп калдыңызбы?

– Рахмат, – дедим оозума ушул сөз араң кирип.

– Жумуштан которулуп кетип жаттым эле. Ушул гүлдү алып коюңуз, жакшы болуп, тезирээк сакайып кетиңиз, – деп жылуу колуңуз менен манжаларымды кыса кармап, тилегиңизди айтып чыгып кеттиңиз!

Кызы, акыбалымды түшүндүңүз окшойт. Гүлүңүздү кучагыма кысып, палатада жалгыз калдым, башым айланып, көзүм караңгылап баратты. Акырын керебетке жаттым, кучагымда сиз алып келген гүл. Көзүм тумандап барып, анан булуттардын арасынан сиз чыгып, бир сонун музыка ойнолуп, экөөбүз бийлеп жаттык.

Кайдандыр кулагыма апамдын ачуу чыңырыгы угулду.

Мен болсо сиз менен бийлеген боюнча тээ алыстагы боз мунарыкка көздөй бараттым. Музыка да негедир угулбай калды».

* * *

Саргайган дептердеги жазуулар ушуну менен бүтүптүр. Кызы кыздын акыркы кудурети ушуга жеткендей. Башка да телефондор, кимдир бирөөлөрдүн даректери бар экен. Эне байкуш бул аңгемени окуган да жок.



# КАРЫШКЫРЛАР УЛУГАНДА

Айылдын кут түшкөн карысынын көз жумушу менен ушул айылдан кут кеткенсип аңгырап калгандай болду. Жанболот карыяны акыркы сапарга узатканы келе жаткандардын айрымдары мас, айрымдары текебер болуп кайгырбай, бул чалды кандай көмөт болду экен, канча жылкы соёр экен деген таризде келишти. Бул айылдагылар акыл сураса да, жардам сураса да, чырдашып кетишсе да ушул аксакалга келип турушчу. Баарын жайгарып, баарын өз-өз ордуна ушул адам коёр эле. Заманың түшкүр акыркы убакта ушул карыянын да сөзүн укпай заарканткан учурлар көбөйүп кетти эле. Айылдын акыркы куту ушул адам менен кошо кеткен болсо кандай болор экен. Жаназанын алдында молдо жаназага тургандарга кайрылып сүйлөп жатты.

«...Эй бурадалар ниетти оңдогула, ичкилик ичпегиле, бирөөгө кара ниеттик кылбагыла, жаман ойлордон алыс болгула, жердеги бүткүл кара ойлорду да, жакшы ойлорду да жараткан Алла кабыл кылып, ошого жараша бизге жакшылыкты, жамандыкты да жиберип турат, эгер жаман ойлорубуз көп болуп, элдин ынтымагын кетирип, ичтен чыккан ийри жылан болуп, бири-бирибизге душман боло берсек, ошого жараша кудай да бизди жазалап коёт, ошондуктан үй-бүлөдөн баштап ынтымакка келип, элибиз ынтымактуу болуп, жаратлкандан жакшы тилек кылсак, кудай бизге жакшылык нурун төгөт».

* * *

– Өлүгүңдү көрөйүн, иниң эмне жакшылык кылып берди, айда-жылда бир келип кабар алып койбойт. Анан каадалуу иниси барчылап тим эле, бир тууганым деп калат, мына кайниңди айт алыста болсо да, ар ай сайын звонит этип, жездем кандай деп сурап турат. Бир каадалуу жездеси бар окшоп. Ой,

оодарып тыштагансып жата бербей, бирөө жарымдан бир кой алып тур, кыштоодон келсе берип коёсуң, эртең апам келе жатыптыр, айда-жылда бир келсе, бир кой сойбосоң уят эмеспи. Бешене тердеп шорпо ичем деп сага кызын берген, – деди. Аптоо кийинип жаткан күйөөсүн омуроолоп.

Ушул катын келгени бир туугандарымдан кол жуумай болдум, жоро-жолдоштон да ажырадым,– деди Жумабай ичинен күңкүлдөп.

* * *

Аңгыча көчө тараптан коммерсант келиндер келип калды: «Үйдү кара мен Бишкекке товарга кеттим» – деп Аптоо шашылып сыртка чыгып кетти. Жумабай катындын ролун аткарып үйүндө бала багып калганына бир эсе ичи ачышса, бир эсе акча кармагандан бери Жумабайды адам катарына деле көрбөй калганын катынынын түрүн көрүп: «Астаапырла, астаапырла» – деп жакасын карманып турду.

* * *

Кээде эч нерсе жок деп куру чүпүрөк менен оозун аарчып олтурган катыны апасы келгенде дасторконду жайнатып жиберди. Жаңы эле келген кайненеси аманчылыкты сурабай туруп эле күйөө баласына наалып кирди.

– Ыя балам, бу үй-тиричиликти бир элдей кылып оңдосор боло. Катының, өзүң деле жашсыңар, кудайга шүгүр, тууган-уруктарың бар, качанга чейин үңкүрдөй болгон ушул үйдө жашайсыңар, эки кабат кылып бир элдикиндей үй салбайсыңарбы, ботом, – деди кайненеси Жумабайга нааразы боло.

– Ой, апа, ушул шөмтүрөгөндү, – деп жүрүп өзүм деле куруп бүтмөк болдум. Деги тиричилик кылайын, бир дүйнө жыйнайын деген ниети жок. Керелден кечке шалпылдап, товар издеп, алып сатып бирди экиге экини түмөнгө кошуп ушул шөмтүрдү багып келем деп Аптоо албууттанып кирди. Элге окшоп бирди бирге, минди түмөнгө кагыштырып акча тапканды да билбейт, мына өткөндө жер басып алгандарга кошула коюп, эки жерден жер алып, сатып жиберип канча акча таптым. Мына азыр ким өмгөкчүл болсо, митаам болсо жашап жатат. Депутаттар деле телевизордо элим-журтум деп кыйкырып коюп, өздөрү завод-фабрикаларды менчиктеп алып, базарларды куруп, 40 миң долларлык машиналарды минип жыргап жүрөт.

* * *

«Молдо жаназада тургандарга арам оокат жегенге кызыкпагыла, бирөөнүн акысын жебегиле, бул маркумдун карызы болсо үч күбөсү менен далили менен келсе төлөп, карызын үзүп койгула» – деп сөзүн бүтүрдү. Жумабайга жаназада туруп мен өлсөм балдарым сызга батып калат го, карыздарымдан кутулам деп, ээ жараткан Алла, ушул карызкубаламдан кутулганча өмүрүмдү бере көр деп күбүрөндү.

* * *

Бийликти кетиришет имиш дегенди уккан Жумабай өзүнчө эле санаага түшө баштады. Качан тынчыр экенбиз – деди Жумабай ичинде. Россияга эле көчүп кетсем окшойт. Кеч күздүн суугу бети-колду каарып негедир туман басып келди. Тоо түбүндөгү бул айылдын карысы деле, жашы деле кер аяк сүйлөп, бирин бири укпай калганына анча болуп калды. Бирөөгө бир сөз айтып пикир алыша албайсың. Кайда барсаң да мамайдын көрү, наразычылык.

* * *

Жумабай жаназадан чыгып ой басып, туманда үйүн көздөй келе жатты. Сайдын аркы бетинен карышкырдын улуган үнү чыкты. Жумабай: «Астаа-

пырла, астаапырла» – деп жакасын карманды. Мындай шумдук деги эле болбогон. Келип эле азыр Жумабайды тытмактап алкымдап басып жыгылчудай, улам карышкырдын жүрөк үшүткөн үнү жакындап келе жатты. Кудай жалгап мектептен келе жаткан бака-шака түшкөн окуучуларга аралашып калып жан өзүнүкү болду. Илгери чоң энеси айтып берген жомок эсине түштү.

«...Илгери, илгери элден ынтымак кетип, кичүү улууну укпай, уулу атасын укпай, кичүү улууну сыйлабай бирин бири жекирип калган бир тоо койнундагы айылда эл болгон экен. Бир күнү агала сакал, ак чапанчан узун бойлуу колунда аса таягы бар адам келип: «Ынтымактуу болгула, болбосо жакын арада апаат келет силерге» десе ошол апаат сенин башыңа келсин, – деп айылдан кубалап чыгышат. Ошондо: «Эл-журт менин сөзүмдү укпадыңар, ушул айылдан чыккан жаман тилектер, ыпылас иштер Аллага жете бирип, жазаңар жакындап келе жатат, эми жамандыктын алдынан улуп уңшуган үн келет, карышкыр эшигине келип улугандан сак болгула» – деп аса таягын такылдатып токойго кирип жок болуп кетет. Ошондон он күн өтпөй эле туман түшүп, айылдын үстүндөгү кыр тараптан карышкырлар улуп, анан эле күтүүсүздөн жоо каптап, айылдын күлүн көккө сапырып жылаңач, кызыл жаян кан кылып чаап кетет.

Ошондо тирүү калган бирөө өкүнгөн экен, эдирендебей ошол аксакалдан: «Кандай кылсак аман калабыз» – деп сурап, эл бир ынтымакка келсек болмок экен. Катындар эркекти башкарып, бийлик кыла баштаганда эле үйүнөн кут кетип, эркеги кул болуп, келин-кызы тул болуп каларын алар кайдан билди.

* * *

– Ой, Жумабай, балдарды карап, кийимин кийгизип коюп, кичинесин сийгизип коюп, анан ишиңе кет. Итке атала кылып бер да, уйду саап тур, сүттү



бышырып машинага тартып тур, мен шашылышмын, кеттим, – деп Аптоо сыртка атырылып чыгып, иномарка машинага олтуруп, зып койгондо апасы кейип калды.

* * *

– Кызым байкуш ушуларды багам деп жүрүп бир күнү ооруп калбаса эле болду. Бешенесине бир түзүгүрөөк күйөө да туш кылбаган экен Жараткан. Эми мына бул шоркелдей балдарынын бешенесинде аман эле жүрсүн. Бизди да ушул кызым багып жатат. Барган сайын куру барбайт, унун ундай, чайын чайдай алып барып кабар алып турганын карачы, – деп наалып кирди.

* * *

Жумабайдын жалгыз иниси үйүндө наны, балдарынын бутунда кийими жок, мектепке барбай калганына канча болду. Атасы раматылык өлүп бара жатып: «Жалгыз иниңе баш-көз бол,окуп билим алып калдың, көз кырыңды сала жүр» – деп керээз калтырды эле. Куру болсо да барып көрүп тура албаганына өкүнүп келе жатты. Элдей болом деп жүрүп эңшерилип бүттү, таап эле жаткансыйт. Бирок кайда кеткени дайыны жок.

Молдонун «кайрымдуу болгула, тууган урукка катташып, бири бирине жардамдашып тургула, ынтымак болгула, эгер кошунаң ачка олтурса сенин ажың кабыл болбойт» дегени кулагында жаңырыктап келе жатып, үйүнө жеткенин да билбей калды.

Эшиктен эми аттаган Жумабайды аялы беттен алды:

– Ой, шөмтүрөгөн макоо, суу болуп, өңүңдөн канын качып кайда жүрөсүң. Силерди багам деп жүрүп шорум катты. Эң жок дегенде туулган күнүмдү куттуктап бир алтын шакек алып берип койсоң өлөсүңбү. Бөлөк катындарды көрсөң, жалпаңдап ичи-койнуна кирип, эпилдеп калат. Мен шордуунун көргөн күнү

ушул, эртеден кечке жепилдеп талаада жүрүп, турмуш оңолсун, жакшы турмуш болсун деп желип жортуп жүрөм. Ошентип жүрүп балдарды окутуп, мына бул сүйрөлгөн күйөө сымалды багам. Кана, кечээ айлык алыпсың. Дагы ичип жок кылып, досторуңа алып берип, жанагы бир тууган сөрөйүңө берип чачып тамтыгын чыгарып келдиңби? Билбейм мен шордуунун бешенесинен окшойт ко. Деги жарыбадым. Ичпей-жебей жүрүп, тириликтин жүгүн жон терим менен көтөрүп келем. Бар ошол иниңдин үйүнө кирип алчы, сени ошолор баксын. Жаман эркек тууганчыл деген ушул. Чөнтөгүңдө сокур тыйыны жок жүрүп туугандан айланар бекенсиң. Деги анысы да бир туугандай болсо, качан болсо оокат ашым жок, тигиним жок, мунум жок деп эле темпейип келе берет. Ой, атаңдан калган там-ташыңды баарын ээлеп алды, кыңк деп сөз айта албай, шөлбүрөп жүрүп энчисин да алалбаган бул кемпай деп Жумабайды жерден алып көргө, көрдөн алып жерге чаап жатты. Акыры чыдабаган Жумабай:

– Ой, бай болгур, оозуңду жапчы бир аз, – деп, сыртка чыга басып кетип кутулду.

– Тууганыма ушул катын турганда тыйын артабы, тапканымдын баарын берип апасын жөнөттүм. Дагы долулук кылып жатканын карачы, – деп Жумабай өзүнчө күңгүрөнүп сүйлөнүп да алды. Кайда бара жатканын өзү да сезген жок. Ангыча эле карышкырлардын улуп-уңшуган үнү жакын эле жерден чыкканда, кайсыл маал экенинен дайын жок айлананын туман басып, дыбырап жамгыр жаап жатканын Жумабай эми сезди.

– Апаңды жөнөттүм, – деп милдет кылбай эле айтсаң боло. Эмне апама жол кире бере койгонуң көп көрүнүп кеттиби, тигиге кармады, буга кармады деп, шылтоолоп дагы сеп эттирип алып жүргөндүрсүң. Апама бердим деп кыйратып акча берип койгонсуп. Шорум бар да, шорум бар, ушулар деп жүрүп картаймак болдум» деген катынынын наалып жатканы Жумабайдын кулагында жаңырыктап бара жатты.



Ушул катындын заары кайтканча сыртка басып келейинчи деп кулагын жапырып сыртка чыккан Жумабай туманда сай бойлоп басып жүрдү. Тыбырап жамгыр жаап кирди. Чынында эле бир кезде бирге окуган класстashы келе калып, ашканага кирип бир аз олтурушкан. Көзү чалып калган го. Чынында эле катынынын туулган күнүн унутуп калган болчу. Өзүнүн туулган күнүн качан белгилегени эсинде деле жок. Аңгыча короонун четинен карышкырдын улуган үнү дагы улуп-уңшуп чыкты. Кудай сактай көр. Кудай сактайгөр деп Жумабай келмесин келтирип, жакасын карманды.

Жакшы карышкыр өз жайытына тийбейт дечи эле, ушунун чын болсо кырсык-пырсыгындан сактайгөр. Бул карышкыр жергиликтүү карышкыр го. Ушуну менен экинчи ирет угушум. Кечээ да карышкырга жем болуп каламбы дегем. Кудай сактап балдарга туш болуп калып, алардын шары менен келип калдым.

* * *

Дөңдө олтурган карыларга Манастын китебин окуп берип жат болгон, «карышкырын улутуп, кыргыздын тукумун курутуп, келин-кызын боздотуп, күлүн асманга сапырып» деген кулагыма жаңырып кетти. Эмне заман акыр, жер такыр болуп баратабы дейм да. Калыгул олуянын айтканы жакындап калса керек. «Акыр заман болордо жер такыр болот, жем жегени акур болот, катын базарлык кылат, кызың азарлык кылат, эркек бала багат» деген сөздөр бар эле. Эмне болуп баратабыз билбеймин. Карышкыр улуганы бу жаманчылыктын белгиси экени ошол айкөл атабыздын тушунда эле белгилүү болгон экен да, кудай өзүң сактай көр деп сансыз ойлордун кучагында Жумабай Мырза аксакалдын үйүнө кантип барып калганын билбей да калды.

– Ассалоому алейкум, Мырза аке, – деди Жумабай короонун эргенчегин чечип жатып.

– Кел, Жумаш, келегой, – деп Мырза ава жылуу кабыл алды.Үйгө кирип олтурганда:

– Сизге айтар бир арманым бар эле, аке, ушуну сизге айтып анан өлөйүн деп атайын келдим.

– Ок, оозуңа таш, антип айтчу эмес.Чоң эле адам да ушунтип сүйлөчү беле олтур, – деди Мырза аке. Өлбөй-житпей эле арманың болсо айт, угайын, колумдан келсе жардамымды берейин, акыл-кеңешимди айтайын, – деди.

– Бу Мырза аке, замандын түрүн көрүп турасыз, ушул тириликтен жададым. Өлүп эле алсамбы десем балдарды кыя албайм, өлбөйүн десем бир өлүү жандай эле жүрөм. Катын да тилдүү чыгып, үйдө бир эркектей болуп олтура албай калдым.

Мырза аке кыйлага ойго батып олтуруп, Жумабайдын сөзүн аягына чейин тыңдап, анан сөз учугун улады.

– Эми азыр катындардын заманы болуп калды, уулум. Коргоол акынды сен көрбөй калдың. «Жалын курак жаш кетти, акыл толо баш кетти, кудай урган карылык, кемпириме тилдетти» – деп ырдап бизди күлдүрүп калар эле. Эми силер жашсыңар, ынтымактуу тирилик кылсаңар болот. Сага бир маселе айтып берейин. «Илгери бир жигиттин катыны күйөөсүн кагып-силкип, деги эле күн көрсөтчү эмес экен, анан кой оңолуп кетер деп жүрүп, акыры бир күн чыдабай сабыры түгөнүп, чапанын жонуна салып үйдөн чыгып баратып:

– Ой, ажаан катын, ал эми тирилигинди кыла бер, мен кеттим, – дейт экен.

– Ии барагой, сени эле сөлбүрөтүп күтүп олтурат, – дейт, сага менден башка эч ким чыдабайт, сени жан бакты кылып башына урабы, бара бер,- деп кир жууп олтурган калыбын бузбай каргап-шилеп кала берет. Ээн талаа менен жол кезип бара жатса үч адам кыбыланы карап алып намаз окуп олтурушкан болот. Тигил жигит төртүнчү болуп алардын жанына олтуруп калат. Алар кечке намаз дубасын окуп, колдорун жайып дуба кылган соң өзүнөн



өзү эле дасторкон жайылып төрт кесе оокат, дүйүм тамак-аш жайнап калат. Баягылар унчукпай олтуруп тамактанышат да кайрадан баягы намазына киришишет.Төртүнчү кезек баягы кошулган адамга келет. Колун асманга көтөрүп: «Ээ, Жаратkан Алла, үч күн ушулардын тамагын ичтим, эми буларга шермende кылбай тамак бере көр, берсең булардыкынан көбүрөөк бер, – дейт.Намаз бүтөрү менен дасторкон жайылып тамак жайнап калат, ичип-жеп бүткөндөн кийин: «Эми жакшы калгыла, мен үйдөн чыгып кеттим эле сапарымды улайын» дегенде тигилер таңданып:

– Ээ, бул үйдөн чыгып кетиптир го, эми канттик. Кой сен үйүңдөн чыкпа, биз сага кудай ынсап, сабырдуулук берсин деп тилеп оокат тиричилик кылчы элек, сен бизди ая, катыныңдын азап кордуктарына чыда, сабырдын түбү сары алтын, бизди ая – деп жалынышат.

Кой эгер мен кетсем булар ачка калса сабыр кылайын кудайдын бир боору ачыр, – деп кайра үйүнө кайтып келген экен. Катыны:

– Ии, эч жерге батпай, шалдырап кайра келдинби. Айттым эле го сага менден башка эч ким чыдабайт деп. Күйөөсүн кагып-силке баштайт. Күйөөсү болсо:

– Ой, катын, бу дүйнөнү түгөл кыдырдым, сендей катын жок экен, кыйкырып, өкүрүп бакырсаң да сен түзүк экенсиң, мени сен багып жаткан турбайсыңбы деп, – мактап кирет. Катыны жоошуп эринин алдына бир табак аш коюп, ичип бүткөнчө жерден алып көргө, көрдөн алып жерге чаап байсап олтурат.

– Мырза аке түшүндүм, чоң аалым адамсыз, – деп тунжурап олтурган Жумабай сыртка чыгып Мырза акеге рахмат айтып коштошуп, үйүн көздөй келет. Келсе катыны баягы ажылдаган ажаандыгы менен «мен сага жакпай калдымбы, кетпейсиңби, тирилигинди кыла бер, дармээт, сендей күйөөлөр күчөдө толуп жатат» – деп беттен алып каарып кирет.

– Катын, укчу сенден өткөн катынды кайдан табам, андан көрө оокат берчи ачкадан өлмөк болдум, – деп үшкүрүп олтуруп калды.

– Ии, акыбалың ошол экен го, жөн эле тирилигиңди кыла берсең өлөт белең, – деп жекирип жатып алдыга тамак алып келди. Аңгыча эшиктен бир тууган инисинин үнү чыкты эле, жеңеси күйөөсүнөн мурда чыгып: «Байкең үйдө жок эле, мен да жумушума кетип жаттым эле» – деп үйүнө киргизген жок. Жумабай ууртап жаткан оокаты тамагына тыгылып, астаапырла, астаапырла, кудай өзүң сактай көр – деп жакасын карманды. Аялы эч нерсе билмексен болуп, төркү үйгө кирип кетти. Же инисинин артынан чыгарын билбей,же чыкпашын билбей:

– Жараткан Алла сабыр бер, сабыр бер, – деп олтуруп калды. Дилинде баягы ээн талаадагы үч адам Жумабайга сабыр бер деп, Алладан тилеп намаз окуп жатты. Үч уулу эр жетип келе жатат. Сербейген жалгыз сары кызы да бар. Эгер балдарыма да апасындай катындар туш келип калса көргөн күнү не болор экен, ал эми кызым апасындай кыз болсо күйөө болгондун шору болот го, астаапырла, астаапырла, эмне деп жатам деп өзүн өзү соорото. Же тууганды таанырбаса, балдарым бир тууганын таанырбаса, таякелери менен тагаларын байкем деп өсүп калса же эл-журтка барбаса, адам таанрыбаса жанагы жазуучубуз Чыңгыз Айтматов жазган манкурттун өзү болуп калса кандай болор экен деп, аларды го душман жазалаган, бул менин балдарымды ким жазалаган деп айтам. Көрүмдө тынч жата албайм го. Оо, заманың түшкүр, кандай заманга кетип жаттык болду экен.

Кеч кирип үйүндө жатып түпсүз ойдун кучагына кабылды да калды. Маркум Асек ава айткан сөз туура болсо не болду. Ошол окуя көз алдына келгенде уйку качты да кетти.

Илгери заманда бир адамдын жалгыз уулу болгон экен. Ал адам жалаң эли-журтум деп, элге болсун деп иштеп жашаган адам тура. Бир күнү эле



кошунасы айгай салып келиптир. «Ой, кошуна жалгыз уулуң болсо жакшыраак тарбиялабайсыңбы, кечээ менин короомо кирип алып адам жасабаган ишти жасап, уурулук кылып анжиримден үзүп жеп жатыптыр. Мен жегенине каршы эмесмин, сурап жесе бербей коймок белем» – деп албуутанып турду.. Баягы адам бала чагынан берки күндү көз алдынан өткөрүп, бирок бирөөнүн чырпыгын да сындыргансын элестете албай коёт. Ошондо кемпирин чакырып: – Ой, кемпир, сенин балаң ушундай иш кылыптыр, бул сапат сенин уругунда болуп жүрбөсүн дейт. Кемпири да ойлонуп олтуруп уругунан ууру таппай коёт да, бир окуя эсине түшүп:

– Ээ, балдардын атасы, мени кечиргейсиң, мен боюмда бар кезде кошунанын дүкөнүнө кирсем эзилип бышкан анжир турган экен, жегим келип кетип, дүкөнчү ары караганда бирди алып оозума салып койдум эле, бар да кошунадан кечирим сура. Ал адам кошунасыныкына кирип: «Кошуна бул иш менин баламдан эмес экен, менин катыным ушул балам боюнда бар кезинде сиздин дүкөнгө кире калып, сиз сатып жаткан анжирден бирди жашырып ала коюп оозуна салып алган экен. Сиз менин катынымды кечиргей элеңиз дегенде. Тигил кошунасы кечирдим, кечирдим, эгер ал күнөөсүн мойнуна алган болсо» – дейт. Ошол күндөн бала бирөөнүн мүлкүнө кол тийгизгенин токтоткон экен.

Ал эми менин катыным ажаан болуп алдастап мени менен урушуп жүрүп ушул балдарымды төрөдү эле, кудай сактайгөр, эгер апасын тарткан балдар болсо менин наамыма наалати келди дей бер деп жаткан жеринде жакасын карманды. Жакасын карманып кудайга жалынып жаткан күйөөсүн көргөн катыны:

– Эмне кудайың көзүнө көрүнүп жатабы, же жан алгыч келип жаныңды алганы жатабы? Жакаңды кармап калыпсың деп ажылдап кирди. Бирок анын сөзү кулагына деле кирбей өзү менен өзү болуп балдарынын келечегин ойлой берди.. Анан айылында-

гы кошуна-колоңдору, айылы жөнүндө ойлоно баш-
тады, деги эле бирөөгө бирөө кайрылган, кайрым-
дуулук кылган жан жок, баары эле акчанын арты-
нан түшүп акча деп калган. Колунан иш келгендин
баары чет мамлекетте. Колунда барлар казино, бар-
ларда, бирин бири томомой, өлтүрмөй. Байлыктын
артынан түшкөндөр. Жалганчы, жалгандан эле
элим, журтум деп кыйкырып, мингендери мерседес,
ал эли-журтуна тыйынчалык кызматы жок. Мен
бийликке келсем эле жыргатам дегендер. Ал эми
колунда жоктор тилемчи, ичкилик ичкен алкаш,
өлгөндү эле арактан өлүптүр деп кеп кылмай. Жер
да жаман адамды жаратпагандан албай тур, бул өлүп
келсе мени да булгайт деп улам сурап турар экен.
Ошондон «жаманды кудай да албайт» деген сөз кал-
ган тура.

Ушул айылдын кут болгон карыя өлгөнчө ал-
каш, жанагы эл бузар, байлыкка манчыркап кудай-
ды таанызбай калгандар өлсө жакшы болмок деп учу-
кыйыры жок ойлордун кучагында алпурушуп жат-
кан Жумабайды: «Ой, өлүгүндү көрөйүн, кыйратып
салгансыбай турбайсыңбы, элдин алды эки тойгон-
чо уктабай» деген катынынын сөзү болбогондо дагы
канча жатат эле ким билет.

– Эшикте мерседес минген Манапбай туруптур:
– Ой, Жумаке, районго барып бер, тамак-ашың-
ды, жол кирелди төлөйбүз, тыйын-тыпыр аласың,
акимди кетиргени жатабыз, – деди. Жумабай нес
болгон боюнча катты да калды.

– Ой, Маке, ушуну шөлбүрөтүп эмне кыласын,
мына өзүм барам, Жумакең мал-келди карасын, –
деди катыны чечкиндүү. Ал күнү акимди кетирүү
демилгеси районго чогулгандардын аз болуп калга-
нынан болбой калды. Манапбай дагы бир жигит,
анан Аптоонун курбусу бир машинага олтуруп,
айылга сапар алышып, райондун борборунан чык-
кандан кийин Манап сөз ыргыта баштады.

– Өлбөгөн жанга бир маявка кылып, бир аз эс
алып олтуруп кетсек кандай дейсиз, – деди Манап.



– Эми аны билген кайнилер болсо кана, – деп
Аптоо шаңкылдап коё берди. Тез эле машина асфаль-
ттан чыгып тоо тарапка бурулду. Шар аккан суу-
нун жээгине келишип, күн мурунтан даярдалган
төшөнчү орунду салышып, дасторкон кенен жайыл-
ды, арак-шарап дегендей, эки бөтөлкө коньяк коюл-
ду. Манап менен бирге жүргөн жигит ойда ырдайт
экен эки келинди тим эле элжиретип жибитип жи-
берди. Ырдын кезеги Аптоого келгенде жаңы ырды
ырдап олтурушту дагы жандантты.

Төрт бөтөлкө арак, бир бөтөлкө коньяк ичилип
бүткөндөн кийин Аптоо Манап менен, курбусу ти-
гил жигит менен эки тарапты көздөшүп суу бойлоп
сыр алыша басышты. Туландуу жерге келгенде Ма-
нап Аптоону кучактап өпкүлөп, чөптүн арасында
экөөсү камыр-жумур болуп ооналактап жатышты.
Анан эле Аптоо жаңга жагымдуу үн менен онтоп
кирди. Ансайын Манап күч алып күшүлдөп бышыл-
дап, жалбарып жалынып, аймалап аракеттенип
жатты.

* * *

Жумабай эчкилерин айдап келип короого кир-
гизип, үйгө киргенде кара чечекей жалгыз иниси
ооруп, ооруканага келип жатып калды деген кабар
келди. Эптеп эрбейген кызы менен оокат кылып
алып, ооруканага барып келди. Аптоолор ал түнү
келбей калышты. Мындай көрүнүш бул үйгө жаңы-
лык эмес эле. Ал түгүл Жумабай иш менен талаа-
лап кетсе эле Аптоо табышчу менен тез эле табы-
шып алчу. Кечиктиң, үйгө эмнеге кеч келдиң дей
турган болсо эле кутулбас балээге ошондо калып
жүрүп, унчукпай тынч жашоого өткөн Жумабай бул
ирет деле үч күндөн кийин келген катынына унчук-
пай кутулду. Аягы суюк болуп бараткнын күйөөсү
сезсе да ажылдаган катындын бет тырмачылыгы-
нан тынчыраак жашоо ага жакшы эле.

* * *

Түндө уктаган жок, түркүн түмөн ойлор менен алпурушуп эле жатты. Денеси аракка ууланган Аптоо күйөөсү жанында бар-жок экенин да этибарга албай сулк жыгылып уйкуда. Чарчаган го деди ичинде Жумабай. Эмне жумуш кылып чарчаганын ойлогусу да келген жок.

Негедир үйдүн эле жанынан карышкырлардын улуганы угулду. Аптоо чочуп ойгонуп:

– Ой, шумдугуң кургур, карышкыр улуп жатабы, үйдүн эле жанына келип алган го, бул өлүгүңдү көрөйүңдөр, ой солдойбой бир эркекке окшоп эшикке чыгып, мал-келди карап кой, эшик ачык калса төрт эчкинди, жалгыз уйду тамактап салбасын деп Жумабайды булкулдатып жатты. Таңга маал көзү илинген Жумабай сыртка чыкса айлананы туман каптап, күздүн суугу күчүндө экен. Карышкырлар туманда ойгонот дечү атам. Адам болуп жаралганы мындай шумдукту көз менен көрүп, кулак менен укканым ушу. Жомокто айтылчу эле, турмушта деле болот тура. Короонун оозу жабык, иттен кабар жок, ал деле бир жамандыктын болорун сезип качып же бекинип калган го.

* * *

Эртеси айылда карышкырлар айылга түшүп келип калганы жөнүндө уу-дуу сөз болуп жатты. Мечитте намаз окулуп бүткөн соң айылдын имамы, «Агаин-тууган дар өткөн-кеткен, жакын тууган-уруктарыңыздарга куран окуп, зыярат кылып тургула, арбак ыраазы болмоюн тирүүлөр жарыбайт» деген сөз бар. Арбакка сыйынбайт, бирок зыярат кылып куран окуп туруу парыз. Өтүп кеткен ата-энелеринерге багыштап, эртели-кеч куран окуп эскерип тургула. Адам качан өлөт билесиңерби, адам качан урпактары эскербей койсо өлөт, андыктан өткөн ата-бабаларыңарды эскерип, көрүстөндөрүнө зыярат кылып тургула» – деп акыл-насаатын, Курани ка-



римдин сүрөөлөрүнүн маанисин айтып жатты. Мына ушул сөз Жумабайдын жүрөгүн дагы ачыштырып өттү. Ата-энесинин кабырына барып бир жолу да куран түшүргөн жок, ал түгүл аялы айылына бут басып барбаганына отуз жылга жакын болуп калыптыр, тапкан-тутуканы бүт эле төркүнүнө, Ошко кетип жатты. Ушул катындан тажадым. Өлүп кутулат окшоймун,элдин турмушун көрүп уяламын, ата-энесине аш берип жатат, эстеликтерди коюп жатат. А мен болсо эмне кылып жүрөм, катындын бала бакчасынын башчысы болдум да калдым. Ошонун заар үнүн укпайын деп жандалбастаймын. Ал деги ыраазы болгон пенде болсо гана. Ушул ойлордун кучагында олтурганда мечитте Жумабайдан башка эч ким калбаган эле. Молдо өткөн-кеткендерине куран окуп олтургандыр деп сыртка жалгыз таштап чыгып кеткенине анча болду.

Үйүнө келсе тополоң, катыны улуп-уңшуп ыйлап олтурат:

– Ой тынччылыкпы деги, – деди Жумабай.

– Эй, атаң тирилип келе тургансып эле мечиттен чыкпайсың, элдин баары качан эле келген, сен жоксуң. Бол бачым, тез камдан агамдын баласы авариядан каза болуптур, барбасак болбойт деп шолоктоп сыртка чыгып кетти. Жакыңкы эки жылда эле Ошко деп ушундай жамандыкка жети сегиз жолу каттадым деп санаага батып турган Жумабайга кимдин кесири тийип жатат билбеймин.

– Эмне кылыш керек, эмне кылыш керек эле беш-алты миң акча табыш керек, бир жылкы алыш керек.

* * *

Батага Ошко жөнөйбүз деп турган түнү кырсык болбодубу. Кечке жуук нөшөрлөп жааган жамгыр бир эле сааттын арасында селге айланып, бүт айылды каптап сел алып, короо сарайын мал-кели менен алып кетти, кошуна-колоңдор түнү менен ызы-чуу

түшүп уктабай чыгышты. Үйдөн обочороок дөңсөөгө түнкүсүн адамдар толуп чыкты. Айыл айыл болуп жаралганы мындай шумдук болгон эмес, ондогон үйлөргө ылай толуп, ондогон үйлөрдү суу тешип өтүп кетти. Баарынан да Жаки жетимченин үйүнүн ичине таш толуп, тамдын төбөсү эле калыптыр. Жумабайдын үстүндөгү жылгадан мындай сел кетет деп деги эле эч ким күтпөгөн. Аптоо экөөсү түнү менен үйдөгү тапкан оокат ашын сыртка ташып, балдарды кийизге ороп жаткырып тынган жок. Жамгыр да, сел да күн аркан бою көтөрүлгөндө басылды. Бирок жылга толо кыпкызыл суу таш агызып кулдурап агып жатты. Түптүү алманы түбү менен жулуп агызып, ал эми менчик машина, техникаларды агызып ылайга алып барып бүктөп салыптыр. Койэчкилердин буттары сырайып, биринин буту, биринин башы чыгып сай толуп жатат. Дагы кыйласы суунун шары менен кеттиби дайынсыз. Эң башкысы жан аман калганы. Чүй тарапта мындай апааттын болушу биринчи ирет. Мал болсо табылар, жандын аман калганына да шүгүрчүлүк кылышып элдин үрөйү учуп турса тамдан кур жалалак калган Жаки ичип мас болуп келип алып, дөңдө тургандарга акыл айтып булдуруктап турду. Айылдын молдосу жакасын карманып, келме келтирип жатты.

Дал ошол учурда дагы Чоң-Сай тараптан карышкырлардын улуган үнү чыкты. Ал эми Аптоо болсо улуп-уңшуп же Ошко барарын билбей, же үйү толо ылайды тазалашын билбей күйөөсүнүн жанында бышмыйып шолоктоп жатты. Жумабай да элдин ичинде нес болуп катып турду. Бишкектен куткаруучулар келе жатыптыр деген кабар келди. Алыстан карышкырлар улуп жатты.Дөңдө тургандарга молдо:

«...Эй бурадалар, жан аман калганын Алланын мээрими деп түшүнгүлө, жаманчылыкты аманчылык жеңмеги бар, ниетти оңдогула, беш убак намазга жыгылгыла, ичкилик ичпегиле, бирөөгө кара ниеттик кылбагыла, жаман ойлордон алыс болгула,



жердеги бүткүл кара ойлорду да, жакшы ойлорду да жараткан Алла кабыл кылып, ошого жараша бизге жакшылыкты, жамандыкты да жиберип турат, эгер жаман ойлорубуз көп болуп, элдин ынтымагын кетирип, ичтен чыккан ийри жылан болуп, бири-бирибизге асыла берсек, ичкилик ичсек, катынкыздарыбыз бузулса ошого жараша кудай да бизди жазалап коёт, ошондуктан үй-бүлөдөн баштап ынтымакка келип, элибиз ынтымактуу болуп, жараткандан жакшы тилек кылсак, кудай бизге жакшылык нурун төгөт, андан көрө сабыр кылгыла, сабыр» – деди.

Жумабай сел алган үйүн карап туруп көңүлү чөгүп башы айланып бара жатты, өзүн жанында сүйөп коёр адам жоктой жалгыз сезди. Ушул айылдын карысынын өлүшү менен биздин айылдан кут кеткен экен деди. Дагы дыбырап жамгыр жаап келди. Кудай өзүң сактайгөр. Карышкырдын улуган үнү угулду.

## КЫРК ЖЫЛ КҮТКӨН СҮЙҮҮ

Эшимбек бүлбүлдөгөн шам чыракты бет мандайына коюп алып, сыя калемди улам суулап, кагаз бетине бир нерселерди чиймелеп, сүйгөн кызы Зыйнатка кат жазып жатты. Анан жазылган каттын чекелерине гүлдөрдү тартып коездой баштады. Деги эле сөз коошпойт, кымбат баалуу сөздөр табылбайт, жазган каты ушулбу деп айтабы деп таң куланөөк салып келе жатканга чейин убаракерчилик тартты. Таң атыра толгонуп жатып тапкан сөзү: «Алтындан ардактуу, коргошундан салмактуу, ай десең айдай, күн десең күндөй, менин алтыным! Сен дегенде уйку качып, элесиң мени менен бассам-турсам бирге жүрөт, – деп жазып бүткөн кезде Эшимбектин оюн кубаттагансып арқы карагайлуу беттен баюлу-

нун үнү чыкты. Бир кур Эшимбекти уктабай андып олтургансып туюлуп кетти. Бул да мага окшогон сүйүүгө мас болуп ачык жообун ала албай жүргөн шордуу окшойт деди ичинде. Жалындаган жаш жүрөк сени сүйөт» деп алып сени деген сөз катуу тийип кетпесин деп кайра-кайра чийип, сизди деп ондогону болду. Бул сөздөрүн кайра-кайра окуп, эми ыр жазууга киришти:

«Адырга чыккан талдайым,
Толукшуп турган айдайым.
Жараткан кошуп өзүңдү,
Бир болсок деймин ар дайым.

Кыраанга чыккан талдайым,
Кыздардан сизди тандаймын.
Кош данек болуп жаралып,
Кошулсак деймин ар дайым!!! –
сизди жалындап деп сүйгөн жаш жүрөк Эшимбек» – деп катты аяктап, анан кирпик какпай бул катты кантип берсем деп жолун издеп жатты. Кайрыма-Булактан жолун тосом деп өзүн өзү сооротту. Булакка жалгыз келсе жакшы болмок, кыздар менен келсе канттим деген ой кайрадан тынчын алып жатты. Ошентип түбү жок санаага түшкөн ойлор менен түйшөлүп жатып таң да атты. Бүгүн койлорду Кайрыма-Булак жакка жайып жөнөдү. Бетегелүү бетте койлор деле алыс кетпей жайылып, кой четиндеги Эшимбектин эки көзү айыл тарапта качан чыгып кыздар булакты көздөй жөнөйт болду экен. Тилек-максаты эле Зыйнат жалгыз эки челек, бир бакан менен булакты көздөй басса эле булактын үстүндөгү четиндин арасынан чыга калмак. Ыңгайлуу учурдан пайдаланып, жазган катын берсе.

Кудай тилегин берсе болобу Зыйнат ак көйнөгүн булактатып, бутуна өтүк кийип, кыжым сыкмасы боюна жарашып, эки арча челекти бир колуна, баканды бир колуна алып кыялап жалгыз суугa келе жатты. Кош өрүм чачы жер чийип, эми гана чыгып келе жаткансыган бөйтөйгөн кош алмасы ансайын



сымбатына чыгарып көздүн жоосун алат. Эми келип булактан суу алып жатканда:

– Зыйнаш кандайсыз, жакшысызбы, – деп Эшимбек четиндин арасынан чыга келди. Колго түшкөн коёндой көздөрү балбылдап, анардай болгон жүзү албырып, уялыңкы жер карап: «Арбаңыз Эшике» – деп колун сунду. Эшимдин денесине кан жүгүрүп кеткендей болду. Ушул саамды текке кетирбей жылуу-жумшак учурашып, колуна катын кошо карматты.

– Мен кетейин аке, апамдар байкап калбасын, – деп арча челектерди жерден көтөрүп, катты жеңинин ичине катып, шашылып Зыйнат жолго түштү. Үлпүлдөгөн жеңинин учу Эшимбектин бетин кошо желпип, атыр жыттуу жыты Эшимбекти бир магдыратып өттү. Эшимбек деле сөз тапкан жок, токтой турсаң деп да айта албады. Эмнеси болсо да жүрөгү лакылдап, өзүн жоготуп турду. Зыйнат тез эле кыр айланып айыл жакка кетти. Мына эми каттын жообун күтө бер.

Арадан апта өтүп кетти, каттын жообу жок, же ыңгайын таап Зыйнатка жолуга албайт, эки конуштун аралыгы бир эле тумшук, Эшимбектер Арпа-Тектирде, ал эми Зыйнаттар болсо Кайрыма-Булакта олтурушат. Бүгүн да Кайрыма-Булак тарапка кой жайган Эшимбек кечке Зыйнатты күттү. Катар конгон кош канат болгон эки боз үйдүн эшигинен кирип чыккан адам көп, Зыйнаттын дареги билинбейт. Күн тоого далдаланып батып бараткaнда гана Зыйнат челектерин көтөрүп булакты көздөй жөнөдү. Булакта Эшимбектин күтүп жатканын ал билет эле, булакка түшүп келип эле колундагы кештеленип токулган жүз аарчыны Эшимбекке берди да: «Аке, тезирээк кетип калың, апамдар байкап калбасын» – деди. Толкуган жүзү албырган Эшимбек жанында бир азга тура албай четиндерди аралап кош болуңуз деп көздөн кайым болду. Кыздын деле санаасы тынчыгансып булактан шашылбай суу алып,жүзүн чайып олтурду.

Жүз аарчынын четинде «Мен сизди жакшы көрөм» деген жазуу саймаланып, түркүн түс менен түшүрүлүп, анан ага атыр себилген эле. Эшимбек бул сөздү окуп алып, тигил батып бараткан күндөн улам алоолонуп өрттөнүп жаткандай кызыл булуттардан бери турган чокуларга чыгып алып: «Бүгүн мен кандай бактылуумун», «Мени Зыйнатым жакшы көрөт» – деп кыйкырып-кыйкырып алгысы бар. Короого көңүлү куунак, кыңылдап ырдап келди.

* * *

Жайлоодогулар бул окуядан капарсыз эле. Айыл дүрбөлөң, согуш башталыптыр, немистер басып кириптир деген суук кабар элдин үшүн алып, кайгы басып турган. Жайлоого жаңы эле көчүп келишкен эки кошуна куда болушуп, Эшимбек менен Зыйнаттын баш кошуу тоюн өткөрүүгө эл чакырылып калган.

Эки жашты баш коштурушуп никеси кыйылып, эртеси келин тойду баштаганы союшту жыгып жатканда айылдан согуш чыгыптыр деген кабар угулду. Кабар менен кошо Эшимбекти Аскерге чакырган кагаз кошо келди. Ошол түнү эки жаш уктаган жок, бири-бирине ант беришти, күтмөк болушту.

– Жаным мени күт, мен сөзсүз жеңиш менен келем, өлдү десе ишенбе, – деди Эшимбек жаш колуктусунун кулагына шыбырап.

– Андай суук сөздү айтпаңчы, мен сизди күтөм, сиз менен жаным бир, ишениңиз деди жаш келин, айкалышты, аймалашты, бирок кумар чиркин канбай калды. Жаштыктын жыргалын эми көрүп, өз алдыларынча түтүн булатарында кара басып карабайсыңбы булардын бактына согуш чыгып кеткенин.

Жаш жубайынын жанында жатканына эки күн болгондо, тойдун ордуна ошол жердеги аксакалдардан бата алып, атасы уулун согушка жөнөтүп, ичинен кан өтүп, сыртынан сыр алдырбай олтурат. Апасынын көзүнөн аккан жашы кургабай муңканат, айла канча. Ал эми эки көздөн аккан жашы куюлган келинчегин бооруна бекем кыса кучактап, Эшимбек эки аттуучандын коштоосунда жолго түштү. Келинчегине айткан сөз: «Күткүн жаным, мен сөзсүз келип калам, жеңиш менен келем» деген гана сөз болду. Ал согуш кайсыл жерде, кандай согуш, андан Эшимбектин кабары жок болчу.



Эшимбек аскерге кеткенден бери эки эле жолу кат келди. Биринде Сталинградды бошоттук, жер жайнаган немисти колго түшүрдүк, эми Украинаны көздөй бошотуп бара жатабыз, буйруса жеңиш биз тарапта болот деген кат келген. Ошол кат акыркысы болду.

Согуш бүтөрүнө бир жыл калганда: «Эшимбек Турсунбаев Гомел шаарын бошотууда баатырларча курман болду» деген кара кагаз келген. Бирок ага Зыйнат ишенген эмес. Анткени мына ушунтип айылда өлдү деп кара кагаз келген адам өлбөй эле бири бутунан, бири колунан ажырап келип калбадыбы. Ата-энеси ыйлап-сыктап, Зыйнатка кара кийгизишкенде, ал кийбеймин, Эшимбегим тирүү деп кара көйнөктү жанына жакындатпай койгон. Эки күн боорун жерден көтөрбөй шолоктоп ыйлап жаткан. Оокат да ичпей койду. Менин Эшимбегим да келет деп аны күтүп жүрдү. Ата-энеси да, кайната-кайнеси да турмушка чыгып ал, жашсың, эми тагдырдын башка салганын көтөрбөскө чара жок деп айтышкан, бирок андай сөздөргө Зыйнат берилген жок. Өмүрлүк жарына берген сөзгө бекем турду.

Келер баданы күтүп аксакалдар дөңдө олтурушкан. Алар менен Турсунбай аксакал да олтурган. Аңгыча Орол аксакал сөз козгоп калды:

– Бу Турсунбай адамдын башына нелер келип, нелер кетпейт.

– Келиндин башын бошотпойсуңбу, эми бул сөз канчалык оор экендигин билебиз, бирок жаш неме жалгыз олтуруп калса болбойт го, – деди.

– Түшүнөм Окен, бирок кимде гана үмүт болбойт, Эшимбегим өлгөн эмес, тирүү деп жол карап

олтурса, анын үмүтүнө кантип суу сээп, канымдан бүткөн баламды өлгөн деп келиниме кантип айтмак элем, мүмкүн тирүүдүр, келип калабы деп мен деле жол карай берем. Эми келин бир жагы канымдан бүткөн кызымдай болуп калган, ал кетип калса көргөн күнүбүз не болот.Түшүнөм айла жок, кантмек элем деп ордунан туруп көзүнө жаш айланып үйүн көздөй малын да тоспой басып кетип калды.

Орол аке:

– О,каран баскан согуш. Досумду капа кылып алдым окшойт, эми канттим деп бармагын тиштеп олтуруп калды.

Жанында олтургандар көздөрүнө жаш алып: «Сага эмне, бирөөнүн бүлөсүнө сөз артып» – дешип Орол акени жемелешип калышты.

Тажибай согуштан келиптир деген кабар айылды чагылгандай эле жарып өттү. Үйдө камыр жууруп олтурган Зыйнат бул сөздү угары менен менин Эшикем менен бирге кетти эле көргөн болуш керек мен сезип эле турам ал өлгөн жок – деп камыр болгон колун жуубастан айылдын этегин көздөй жүгүрүп жөнөдү.

– Тажике, эсен-аман келдиңби, менин Эшимбегимди көрдүңбү, качан келем дейт, – деп барып Тажибайды кучактап буркураганда Тажибай: – Келет, келип калат,ал согуш бүткөнү менен аскерлер толук кайта элек, келет, – деп аяшын сооротту. Чогулуп турган кары-жаштын баары көздөрүнө жаш алышты. Кара кагаз келгенин ал кайдан билсин.

– Көрдүңбү, көрдүңбү, ал тирүү жүрөбү, качан келем дейт, – деп шинелинин этегинен булкулдатып тартып, чөгөлөй калып ыйлап жиберип, боздоп турган Зыйнатты көргөндөр аны аяп жатышты.

– Тур Зыйнаш, келет Эшимбегиң келет, – дешип колтукташып ордунан тургузушту. Кайнатасы көзүнө жаш алып, үйүн көздөй басып, согушту каргап ыйлап бара жатты. Кайненеси Калча келип: – Жүр, айланайын, келип калат, келет – деп Зыйнашты колтуктап эки көздөн аккан жашы акырек



ылдый куюлуп, кайнене-келин бирин бири жөлөп турду. Элден Эшимбекке кара кагаз келген деген кепти укканда Тажибай нес болгондой катып калды. Согуштан келиши майрам болот деп ойлоп келген, кайра экинчи кайткысыз жарага айланды да калды.

Айылга келген кинодон Зыйнат калбайт, Эшимбегимди согушуп жатып киного түшүп калган болсо көрөм дейт, бирок ага окшош адамды такыр көрө албайт. Муун-жүүнү сыздап үйүнө кайтат. Жанына сербеңдеп саамай чачтары сапсайган сары кыз, Эшимбектин эң кенже карындашы, ал деги элпек Зыйнаттын жанынан чыкпайт, ага жеңеси да жол бербейт, анткени ал сөз берген Эшимбегин күтөм деп. Эшимбек да согуштан аман, жеңиш менен келем деп убада берген. Аскерден келгендер да бой жүргөн Зыйнатка сөз айттырышып, баш кошууну сунушташат. Бирок бир экөөсүн беттен алып:

– Силер менин күйөөмдү өлдү деп турасыңарбы, – деп улуп-уңшуп ыйлап, элдин баарына жар салып, ал тирүү келип калса бетин кантип карайсыңар, – деп ызы-чуу кылгандан улам тынч болушкан. Зыйнат Эшимбек өлдү дегенге такыр ишенбейт. Кара кагазды жыртып отко ыргыткандан бери да алты жылдын жүзү болду Эшимбектен кабар жок. Согушка кеткендердин өлгөнү өлүп, тирүүлөрү келип бүткөнсүп эле калды. Бирок Эшимбектен кабар жок эле. Айылга Москвадан геологдор келиптир деген кабарды угуп, ал орустарга да барып буркурап ыйлап Эшимбекти сураган, түшүнбөгөн орус жигит «Сеники күйөө келет, ал тирүү деп коюптур» шашкандан, ошол-ошол болду:

– Москвадан келген орус жигит тирүү деп айтты, ал көргөн экен деп күн сайын жол карап, бирөө бир жактан келиптир десе эле жүгүрүп жетип Эшимбегин сурайт: «Көрбөдүңбү, Эшимбек тирүү бекен?» Алыс жолдон каржысы жок келе албай жүрөбү, алыс жерде келип калат деп караганы жол. Күткөнү Эшимбек. Ар 9-Май майрамында төштөрүн толтура

орден-медалын тагынган айылдаштарынын ар бирине барып учурашып, Эшимбектен кабар укпадыңызбы деп сурап чыгат, ардагерлерге мына ушул эң оор нерсе болду. Алар деле көңүл жубатышып келип калар дегенге көнүп калышты.

Мектептин алдыда түзүлгөн кызыл из кубарлар клубу Эшимбек тууралуу Москвадагы уюмга кат жазышканда да алардан: «Эшимбек Турсунбаев Гомел шаарын бошотууда баатырларча курман болгон» деген кат келген. Бирок аны окуучулар да, агайлары да Зыйнат жеге көрсөтө албай коюшкан. Баары бир ал ишенмек эмес. Москвалык орус жигит көргөн экен, Эшимбек тирүү экен деп караганы жол.

Зыйнат эже айылдагы ооруканада катуу ооруп жатып калды, кирген-чыккандардан сураганы Эшимбеги. Түшүндө Эшимбек келип экөөсү бетегелүү беттен булакты көздөй жүгүрүп баратышып, кармашкан колдору үзүлүп кетти. Эшимбек деп кыйкырып барып көзүн ачканда ординаторскийдеги медсестраларда жан калбай баары палатаны көздөй жүгүрүштү. Бул Зыйнаттын жалган дүйнөдөгү жарыктыкты акыркы ирет тойбой карашы эле.

1985-жылдын жазы жаңы келип, козу-улак жарда ойноп, көчөт кыздар адырдан байчечекей терип жүрүшкөн. Зыйнаттын ооруканага жатканына чыпчаң бир ай болду. Акыбалы оор, дары деле жардам бербей жаткан. Эшимбектин апасы Бермет апа сырттагы дөңкөчтүн жанында күнөстөп, ийик ийрип олтурган. Келиним байкуш жакшы болуп кетсе экен, быйыл экөөсүнүн баш кошконуна кырк жыл болду, Эшимбекти күткөнүнө да кырк жыл болду, же тирүү экенинен кабар жок. Жаш неме өзүнүн башын өзү байлап олтурат, тирүү болсо ушул күнгө чейин бир кабар келет эле го, бирөөгө баш кошкондо алиге чейин бала-бакыралуу, очор-бачар болуп калат беле. Эч кимдин тилин албаса эмне кылмак элек. Анан Зыйнатым бирөөгө баш байлап кетип калса, биздин көргөн күнүбүз не болот, балабыздын ордуна бала катары тутунуп эш тутуп олтурбайбызбы. Ой, деги



не дөөрүп олтурам, өзүн өзү жемелеп да алды. Ушул ойлордун кучагында өзү менен өзү сүйлөшүп олтурганда тээ Жөлөмө-Таш тараптан эле бирөө куюндатып чаң ызгытып чаап келе жаткан. Бермет апа: «Тынччылык болгой» эле – деп жүлүйгөн көзү менен ал жакты карап турду. Негедир аттуучан адам Бермет апанын жепирейген үйүн көздөй келе жатты. Аттын омуроосунан чыккан тери аппак болуп, таноосунан чыккан буу менен чачырап турду.

– Сүйүнчү, Бермет апа, сүйүнчү, – деп эле энтигет андан аркысын айта албайт.

– Оо, айланайын, оозуңа май, берейин сүйүнчү, – деги эмне жакшылык айтчы айланайын, энтикпей айтчы, – деп ийрип жаткан ийикти ыргытып, Бермет апа деле оордунан тура жөнөдү.

– Эшимбек авам тирүү экен дегенде Бермет эне чалкасынан кетти. Деми кыстыгып жатып калды. Аңгыча үйдөгүлөр жүгүрүп чыгып бетине суу чачышып, тынччылыкпы дегенде аттан түшө албай турган почтальон жигит: – Эшимбек авам тирүү экен кат келди – дегенде баары тургандар кудайга жалынып, тообо дешип Бермет апа менен алектенип жатышты. Чай кайнамда барып Бермет апа: – Оозуңа май айланайын балам кайда экен, – деди. Эшимбек Германиядан келе жатыптыр, – дешти. Эмнеси болсо да Зыйнатка жеткиле, – деди.

Зыйнат Эшимбек деп кыйкырып чочуп ойгонгондо эле жаны чыккан эле. Медсестра көзүнө жаш толо, Зыйнаттын тамырын кармап көрүп, бажырайып, чакчайып турган көзүн колу менен жаап, жүзүн ак шейшеп менен жапты. Врачтар нес болуп баары Зыйнаттын нурданган жүзүн карап турганда, сырттан Бермет апа, кат ташыгыч Катаган кирип келишкенде баары эле Бермет энени кучактап ыйлап киришти. Бүжүрөгөн кемпир эмне болгонун түшүнбөй деле калды.

# КАЙЫП КҮЧҮК

Айтынын боз үйү Он-Ачардын түбүндөгү Корумду деген жерде болчу. Ушул жерде Ак-Тайлак-Ата деген эң касиеттүү мазар бар, ошол мазардын жанынан бир тегирмен суу чыгат, бул суу эл жайлоого келерде чыгып, эл жайлоодон кайтарында өзүнөн өзү эле чыкпай калат. Ошол суунун боюна келип олтурат да, суу токтогондо конуш которуп Чүнөттүн үстүнө Муздак деген жерге көчөт. Бул Айты үчүн салт десе да болот. Быйыл бул жерге көчүп келгенине үч эле күн болгон. Бүгүн таң эрте туруп жайлоонун жыты аңкыган абасынан кере-кере дем алып, анан даарат алып, намазын окуп, эми кезек силерге келди дегенсип, жуушап жаткан койлорду козгоп, бетегелүү төшкө каптап жиберип келе жатса, кичинекей күчүктүн кыңшылаган үнү чыгып калды. Ат-кулактын түбүндө жаткан бул күчүк кайсыл канчыктын күчүгү болуп кетти деп таңданган Айты жаандан кийин шөмтүрөп титиреген бул күчүктү колуна алып, тондун өңүрүнө катты. Таң калганы күчүк бул жерге кайдан келип калды, ким алып келип таштап салышы мүмкүн? Бул табышмак болуп жатты.

Боз үйдүн эшигине алып барып чоң ыңырчактын түбүнө киргизип, кемпирине кыйкырды:

– Ой, Саадат, мына бул меймандга ысык сүтүңдөн алып келип ичир, мезгили келсе чоң дөбөт болот, – деди.

Титиреп турган ирбийген күчүктү көргөн Саадат байбиче наалый баштады.

– Ой, эми иттен коргон курасыңбы, бир короо ит бар го, үч итке атала бышырып араң багып жатсам, ирбийтип муну да таап келген тура. Ой, мынча итти эмне кыласың, жогот, тигил суугa ыргытып жибер, же Көл-Карагайда олтурган Дозалыныкына алып барып бер. Бекер эле өлүп калат, бул ит деле



болуп жарыбайт, – деп этек-жеңин каккылап боз үйгө кирип кетти.

Чын эле Айтынын үч ити бар эле. Бирок үчөөсү тен аш палбан иттер болчу. Эмне үчүн дебейсиңерби. Өткөн жылы жайлоодо койду оторлотуп алып чыкканда койго аюу тийип, ушул үч ит тең койлордун арасына бекенип калыптыр. Качан гана мылтыкты алып айлуу түндө тарсылдатып атып, аюуну кубалай баштаганда анан жажалактап, Айтынын артынан жүгүрүп асыла башташты. Бирок чоң күрөң аюу аларды тоготуп деле койгон жок. Ошондо Айтынын ары келген.

– Ой, күрсүнбөй жерге киргирлер, бирөөсү да аюуга чап салып, короого жолотпой коюунун ордуна койлордун арасына бекинип калганын, силердиби, шашпай тургула, бир жакшы күчүк табылса баарыңды атып салбасам элеби.

Айты да негедир айтканынан кайтпады. Сүттөн чыныга куюп чыгып, ит аяктын алдына тартып алып, күчүктүн тумшугун сүт куюлган ит аякка тийгизди эле тумшугун силкип ичпей койду.

– Ата, жаман ая, титиреп өлөйүн деп турасыңго, ич, – деп тумшугун дагы ит аяктагы сүткө тийгизди эле күчүк ичпей койду. Айласы кеткен Айты күчүктүн тумшугун сыгып оозун ачырып туруп оозуна сүттү куя баштады эле күчүк тамшанып жута баштады. Ошентип олтуруп кыйлада сүттүн жарымын ичирди. Курсагы бөрсөйө түшкөн күчүктүн титиреги бир аз басыла түштү. Ошентип төртүнчү иттин келиши менен эле өзүнөн өзү Айтынын эки ити жоголуп кетти. Дагы бир Ак төш деген ити ирмийип, ат кулактын түбүнөн чыкпай жатып калды. Келген ветврачтарга да көргөздү, бирок бул иттин кайсыл жери ооруй турганын алар да аныктай албай коюшту.

Күчүктүн атын Табылга коюшту. Талаадан табылган Табылга келгени, жакшылык иштер көп боло баштады. Табылганын мойнуна кайдан тапканы белгисиз Саадат күмүш каргы байлап койду. Бул итти

суук көздөн далда кылсын деген белгиси болчу. Бирок бул үйдөгү бир да жан бул күчүктөн келген кут экенин байкашкан жок. Айты ууга чыгып деги эле жолу болбой жаткан, ушул ирет эки улак, бир теке атып келди. Эки жылдан бери алалбай жүргөн кара суурду да атып алды. Кара суур Чаткалда, анан ушул Чүнөттүн башында гана болот. Башка жактан кара суурду деги эле кезиктирбеген. Мунун терисин көрүп калса да, кайдан атып алдың деп кутулбас балээге калышың ажеп эмес. Лесхоз деген ошондой, анын адамдары атса билинбейт, башкалар атса эле камата-бызы деп жан жабыла актисин жазып жатып калышат.

Арадан тез эле жайлоонун сонуркаган кези өтүп, сумбулла түшүп, таңга маал булак суулары тоңо баштады. Ак-Тайлак атанын булагынын суусу да бир эле түндө токтоду. Чүңөткө көчөйүн десе суук жылдагыдан эрте түшүп, Чүңөттүн башына буламык кар да жаап өттү. Ошондон улам Айты жогорулап көчпөй кайра ылдыйлап, Сары-Үңкүргө көчүп түштү.

Баягы ат кулактын арасынан табылган күчүк борсоюп, келген кеткенге чаңкылдап үрүп, балээдей ит болуп калды. Өзү туура жыгылып калган жыгачтан секирип өтө албайт да, чырылдап митаам, кабанаак чыкканын кантесиң.

«Ушул Айтыдан күйдүм, жайлоонун чөбү суюлуп, мал батпай тоюна албай калган кезде менин жаныма көчүп келип алып» – деп Дозалы Айтыны Ашуу-Төрдүн ичине, же Ат-Жайлоого көч деп айтам деп таң эртең менен келип түштү. Айты Дозалынын жөн-жай келбегенин сезип турса да кучакташа көрүшүп, боз үйгө киргизди, тээ ат менен келе жаткан Дозалынан караанды көрүнгөндө эле Табылга чаңкылдап үрө баштаган. Дозалы келип боз үйгө кирип олтурса да жаагы тынбай улам үрөт, тим эле Дозалыны боз үйдөн сүйрөп чыккысы бар. Саадат:

– Тур, нары, тим эле короочу болуп кеткенин мунун, – деп эки-үч жолу кубалады. Негедир тыңгысы жок. Акыры чыбык менен жон талаштыра



чаап калды. Каңкылдаган Табылга боз үйдү айланып өтүп, эми Дозалынын атына асыла баштады. Муну кошунасы менен сүйлөшүп олтурган кексе чабан байкап, ичинен бул жөн күчүк эмес го, муну балдарга айтып уурдатып кетиш керек окшойт деп да ойлоп олтурду. Конуш талашкан эки кошуна муназага жөн эле келишти. Айты дагы эки-үч күндөн кийин жакага көчө турганын айтып, Дозалынын демин ичине түшүрүп жөнөттү.

Табылга Дозалыны тээ карааны көрүнбөй калганча чаңкылдап үрүп анан тынчыды.

– Өлүгүңдү көрөйүн чаңкылдаган, ой ушундай да ит болобу, кошуна менен да аманчылыкты сурата койбой, деги эле короочу болуп чыгып кеткенин кантесиң. Демейде киши келсе мунун кайда экенин таппай каласың, – деди Саадат күчүктү жемелеп. Берки лөкүйгөн эки ит ордунда жаткан жеринен эки жолу арсылдамыш болуп койду да, ат байлангандан кийин эле тынчып жок болгон. Ушул жаман Табылганын жаагын баса албай кыйналбадымбы, – деп сүйлөнүп жатты.

Иттин Дозалыга жөн жерден асылбаганына бул ирет Саадат да, Айты да маани беришкен жок.

Кечинде иттерге атала куюп жаткан Саадат бул иттин тегин ит эмес экенин байкап калды. Анткени биринен бири өтүп, ataланы куюп бергенче айлаңды кетирип жиберчү эки чоң ит негедир Табылга ит аякка башын салганча лам дебей шелекейлерин ичине жутуп карап турушту, качан Табылга лапылдатып ataланы иче баштаганда гана тигил эки ит да кошулуп иче баштады.

– Ой, Табылга, тур нары, ataланы тең ичкиле деп Саадат каарып койду эле Табылга башын ит аяктан тартып, таарынгансып нары барып жатып алды. Тигил эки ит да кыңшылап барып аталадан баш тартып ичпей туруп калды. Ошондо иттин тегин ит эмес экенин сезген Саадат Табылганы башынан сылап эркелетип жатып, араң ит аякка алып келсе болобу.

Боз үйгө кирип алып үргүлөп, жамбаштап жаткан Айтынын жанына олтуруп:

– Ой, тооба, ушунча жыл кой артында жүрүп, ит багып, ушул Табылгадай ит бакпаганмын.

– Иттин оокатка таарынганын биринчи көрүшүм. Анан мунун жанында тигил локуйган эки ит итаякка баш сала албай шөмтүрөп турганын карасаң тооба, ушундай да ит болот экен ээ, – деп жакасын карманып жатты.

Үч айда эле чоң иттердей болуп лөкүйгөн чоң ит болуп чыга келди. Айрым адам келсе үрүп да койбойт, кээ бир адамды үйгө киргизе албай кыйналышат. Адамдын ниетин, пейилин бул ит билет болсо керек го.

Жакага барып келген Айты жайлоодон жакага көчпөй эле Ашуу-Төрдү көздөй көчтү. Бул жер жолдун бою Таласка, Чаткалга ашкан жолоочулар мал айдап ушул сай менен өтүшөт. Анча-мынчасына кой кошулуп кетип да калат. Нысаптуусу берет, нысабы жогу союп жеп да жиберет. Бирок айла жок чарбанын жетекчилери: «Азыр эгин-тегин жыйыла эле, жакага октябрда, же сентябрдын акырында көчөсүңөр деп» – уруксат бербей коюптур. Алар жайлоодо эле от качып, мал ылдый көздөй качып калганын түшүнгүсү келбеди.

* * *

Күлүк-Дөбөдөгү Дөңкөнөй балбан Таластан кой айдап келе жаткан. Ал жылда ошентип кой айдап келип, сатып тиричилик кылып көнүп калган. Кошуна-колоңдон акча карыздап алып эле барып жүз, эки жүз кой айдап келет да базарга сатып, карыз кубаласына берип калган пайдасына тирилик кылып жүрөт. Ашуу-Төрдү ашып келип: «Эми өзүбүздүн жерге келдик», – деп айдап келе жаткан койлорду жайып, үйүнө келип калгансып, Ашуу-Төрдүн башында жатып калды. Бирок Чакмак-Сууда жоготуп жиберген эки козу балбандын ичин ачыштырып келе жаткан. Ошончо кой айдап келе жатып да бирөөсүн союп жебейт, каткан нанды сууга малып



жеп кезерип келет. Антпесе пайда кайдан. Айтынын короосун көрүп, ичинен жымыңдап калды. Ушул колхоздун коюн жакшы багат, эки козусун алып кошуп алайын, – деп ниети бузулуп олтурду.

Дөңкөнөй балбандын кара күчтөн да, уурулуктан да атагы чыккан адам экендигин билчү. Бирок Айты анын бул жерде экенин билген деле эмес. Жаңы конушка койлор жуушап жатпай эки-үч күн кыйнайт эмеспи. Түнкүсүн эки-үч жолу койду имерип коюп жатып таңга маал көзү илинип кетиптир. Дал ушул учурду пайдаланган Дөңкөнөй балбан койлорун айдап өтүп баратып, Айтынын короосунан эки козуну шапа-шупа кармап колтуктап, сайды көздөй жөнөп калды. Эки иттин дымы чыкпайт. Табылга ал козуларды алып жолго түшкөнчө негедир үрбөгөн, козуну колтуктап жолго түшкөндө шырп алдырбай артынан барып, Дөңкөнөйдүн желкесие секирип мине чап салганда көтөргөн эки козуну коё бере албай көмкөрөсүнөн басып жыгылды. Эки козу колтуктан чыкканча эки-үч жолу умтулуп итти көтөрүп жаткан жеринен туруп кете албай койду. Качан гана эки козу бошоп, маарап туш-тарапты көздөй качып жөнөгөндө ит Дөңкөнөйдү коё берди. Иттин эки тиши желкесине бата түшкөн экен. Желкесин кашып чөптүн арасынан итти таппай кайсалактап туруп калды. Качан гана ит боз үйдү көздөй баратканын көргөндө шалдырап барып жерге олтуруп калды.

Аңгыча Айты ат менен чапкылап келип калды.

– Ой, ирeңи суук Дөңкөнөй, кайдан жүрөсүң бул жакта,бери болчу мойнуңдан кан агып жатат го, – деп Айты учурашып, аттан түштү.

– Тигил боз үй сеникиби, – деди Дөңкөнөй Айтынын үйүн көрсөтүп.

– Ооба, меники, – деди Айты таңдана.

– Жүр, үйдөн чай ичип кет.

– Мейли, эми кечирип кой, эки козуңду шорпо кылып ичип коёюн деп, короодон алдым эле итиң келип ажыратып алды. Ушул атты көтөрүп туруп кеткен жаным ушул кичинекей итиңди көтөрүп тура

албай койдум оордумдан. Качан гана колтугумдагы эки козуну бошотуп коё бергенден кийин гана итиң мени коё берсе болобу. Мындай итти өмүрү көрбөгөнмүн. Короoңо барып кайтканча бир да иттин үнүн укпагам. Бир мезгилде эле желкеме бир нерсе чап жабыша минип, моюнумдан тиштегенде ит экенин билип калдым, «ав» деп асылганда корккону мдан көмкөрөмдөн жыгылып түштүм.

Дөңкөнөй күнөөсүн мойнуна алып, Айтынын үйүндө чай ичип олтуруп минтип айтты.

– Эми Айтыке, эч кимге бул окуя жөнүндө айтпа, жакага барганымда оoз басырыгыңа бир ат мингизем.

– Анын го мейли, кимге айтмак элем. Ал атың да бир жактан шылып келген атың болуп жүрбөсүн, анан сенин атыңды минем деп камалып жүрбөйүн.

– Ой, Айтыке, ушундай сөзүңдү койсоңчу, өзүмдүн эле беш-алты жылкым бар эмеспи. Мени такыр эле уурулук менен тирилик кылып калган деп ойлобо. – Тим эле балдар шырп алдырбай ала албайсың деп чычалатканынан, ушуларга бир эпчилдигимди көрсөтүп коёюн дебедимби. Берет элем козуларыңды,– деп карсылдап күлдү.

Чындыгында Дөңкөнөй балбандын да кесиети бар адам болчу, ар кандай иттер балбанды көргөндө карышкыр көргөнсүп бекинип калчу. Мунун бир сырттандыгы бар адам эле. Ал эми Табылга бул короого келгенде негедир арсылдап үрбөй, эшикте жаткан ыңырчактын токумунун үстүндө беймарал Дөңкөнөйдү карап жаткан. Качан гана эки козуну колтуктап жөнөгөндө артынан барып желкеден алып, козуларды ажыратып калып жатпайбы.

– Эми Дөкө, сенин атыңа ыраазымын, тигил Таластан алып келе жаткан коюңдан бирди алып кел. Соёлу да, өзүң да жеп кет, – деди Айты тамашалап.

– Мейли деп балбан сыртка чыгып сай ылдый түшүп кетти да, бир оокумда иттер жажалактап үрүп калды. Бир куйруктуу койду өңөрүп, Дөңкү келип:



– Айтыке, мына бул кой сага оозбасырык, жеңеме да айтып кой, эми болгон ишти сөз кылбай эле койгула. Мен шашылып калдым. Эртең базар экен, жакага түшүп барып калбасак болбойт, – деп койду таштап артына кайтты.

Табылга Айткулга келгенден бери бир кут болду. Анын кайдан пайда болуп калганын, кайсыл иттен туулганын да билбей калды. Кайыптан пайда болгондой эле болду. Табылга жыл айланып лөкүйгөн чоң дөбөт болуп чыга келди. Айты эми үйгө келген адамга Табылганын мамилесине жараша мамиле кыла баштады. Анткени кара ой, жаман ниет менен келген адамды Табылга оңой менен үйгө киргизе койчу эмес. Ал эми жакшы ниет менен келген адамга асылчу эмес. Ошентсе да Табылганы көргөн адам бир жүрөгү солк деп алчу.

Кыштоого көчүп келип калышкан. Колхоздун чоңдору келип конок болуп калышты. Алардын бул көнүмүш адаты болчу. Кар кызыл ашыктан өтүп жааса эле кекилик жеп кетебиз деп жан жабыла Айтыныкына келчү. Анан бир кой союлуп, кекиликтин эти закускага коюлуп, эт бышканча бөдөнөнүн сүтүнөн алышып, күүлдөшүп ырдашып, бир чардап алышып, анан Айтыга ыраазылык айтышып кетишчү. Ошонун эртеси эле Айтынын короосуна жем, чөп деген неме запасы менен келип түшүп калчу. Ошентип кыштан кыйналбай чыгар эле.Бул ирет да ошол колхоздун акитивимин дегендер үч машина менен келишиптир.

Эт тартылып, коноктор кызуу болуп, кайта турган чак болуп калган. Колхоздун башкы зоотехниги баш бузган элик саптуу бычакты өтүктүн кончуна салып койгон экен. Аны менен эч кимдин деле иши жок. Маймандар кайта турган болуп, бирин бири мактаашып, эптегени башкарманын төрагасына кошомат сөзүн да ыргытып. Айтыны баары Айтыке дешип, кучакташып, устукандарын жоолукка салып жөнөп жатышкан. Капыстан эле үйдөн обочороок жаткан Табылга тура келип зоотехникти балтыр-

дан бир тиштеп булкканда, башкы зоотехник очорулуп барып олтуруп калды. Өтүктүн despite кончу жука болгондуктан, кан шорголоп ага түштү. Баары эле итти кубалап, кет эле кет деп калышты. Мас болуп теңселип тургандардын көздөрү ачыла түштү. Көптөрү машинага кире качышты. Башкы зоотехникти Айты үйгө алып кирип өтүгүн чечип, ит капкан жерин таңалы деп жатса кончунан бычак жерге түшүп кеткенде зоотехниктин чыкпаган жеринен тер чыгып, башкарманын көзүнчө айтарга сөз таппай эле кайсактап жатты. Саадат зоотехниктин бутун кийиз күйгүзүп таңып берди.

Башкарма да учурду текке кетирбей:

– Мына биз алыстан издейбиз ууруну, ала тургандар өзүбүздө, – деп койду.

– Раис эми Айтыкени тамашалап дагы бир кекилигин жейин дедим эле. Эмиооз басырык, эртең кечке үйгө өтө бергиле. Бул тамашаны сөз кыла көрбөгүлө суранам, – деп калды.

Ошентип Табылга бычакты алып калды. Кийин тигини-муну айтып келип жемелемиш болуп турчу зоотехниктин үнү өчүп эле келип калса да Айтыкеден башка сөз айта албай калды. Бирок бул итке колхоздун башкармасынын да көзү түшүп, кантип алуунун жолун издей баштады. Эки-үч жолу сураттырып ала алган жок. Эми Раис таарынып калбасын деп Айтукул раистин үйүнө барып, Раис менен чай ичип олтурупминтип калды.

– Эми Раис, бирде экиден эч нерсе сурачу эмес элеңиз, менин Табылга итимди эки-үч ирет суратып жиберипсиз.Чынын айтайын, чабандын күнү ит менен, ошондуктан мен аны сизге бере албаймын. Экинчиден, бул Табылга кекчил ит, берсем сизге да, мага да жамандык кылып жибериштен кайра тартпайт.

– Аның да туура – деп, Раис ичинен ынанып калды.

– Эмне үчүн бул иттин атын Табылга деп койгонсуң?

– Бербесең да ошону айтчы, – деди Раис эми чындап кызыгып.



– Мындан үч жыл мурда Корумдуга барып олтурганмын, менин конушум ошол жер эмеспи,өзүңүз деле жакшы билесиз.Барганыма үч күн болду эле койду төшкө айдап келе жатсам, мазардын жанынан эле күчүктүн кыңшылаган үнү чыгат, карасам ушул күчүк жатат, титиреп калыптыр, ким таштап кетип калган билбеймин. Үйгө алып келип багып алгамын. Ошол күтүүсүз табылган күчүктү Табылга деп койгонбуз деди.

– Ой, Айтыке, муну сага анда Кудай бериптир. Муну эч кимге бербе, – деп Раис Айтукулга ыраазы болуп мейманчылап жөнөттү.

Табылганын бир касиети беркки иттерге окшоп Айткул бир жакка жөнөсө эле артынан салпактап ээрчип алчу эмес. Кокус боз үйдө эч ким жок болсо бирөө жарымды үйгө жакын жолотчу эмес. Иттин кабары алыс-жакындагыларга угулуп, бул итти алууга аракет кылгандар көбөйө баштады. А түгүл итин сатсын деп райондон айттыргандар канча болду. Эмне эле бул итке кызыгып калышты деп Айты ичинен күңкүлдөп коёт. Анын үстүнө баккан иттердин баары эле өз алдынан жоголуп, өлүп Табылга менен Актөш экөөсү эле калды.

Эки ирет карышкырга чап салып, биринде карышкырды тамактап муунтуп берди. Биринде өзү да жарадар болуп, карышкыр болсо качып кутулду. Үйдө Айты жок эле, катындык кылып Саадат Табылганын артынан ажыратып бара алган жок. Актөш болсо чаңкылдап, алыстан тийип качып, карышкырга жолой албайт. Алдыңкы бутун жара чайнаган экен Табылга кыйлага чейин аксап жүрүп, араң өзүнө келди.

* * *

Мындай кырсык болот деп эч ким күтпөгөн. Жайлоого көчүп баратышкан. Конушта бутун сүйрөп баса албастан Табылга калып кетиптир. Аны кой менен

болуп келе жаткан Айты байкабай калыптыр. Качан гана Узун-Кыянын башына барганда байкап калып, Табылга кайда деп сурап калбаспы. Ары издешип, бери издешип таппай калды. Көчтү балдарына дайындап, силер Түлкүнүн оозуна барып, көчтү түшүрүп мени күткүлө, ал бутун сүйрөп баса албай калып кетсе керек деп артына кайрылып жөнөдү. Ат менен катуу жүрүп күүгүмдө конушка келди.Иттен кабар жок.

– Табылга, Табылга, – деп кайра-кайра кыйкырды. Эч дарек жок. Таарынып жатып алдыбы келер деген үмүт менен атты жайдактап, отко коюп,конушту кыдырып, буйга жерлердин баарын карап, таба албастан, суй жыгылып конушка келип, ээртокумду жазданып жатты. Табылга жок, көзүнө жаш ойноктоп, ыйлагысы келди. Азыр Саадат ушул жерде болгондо камчы менен сабап алгысы да келди. Айла жок. Түнү менен кирпик каккан жок. Шырп эткен дабыш чыкса келип калдыбы деп элеңдеп карап чыкты. Бирок Табылгадан кабар жок. Эмне кылыш керек. Таң таштап келе жатканда атты алып келип токуп, жерге толук жарык тийгенде жолго чыкты. Балким, жолдон жолугар деген үмүт жетелеп жүрүп олтурду. Табылга жок, кимден шек санаарын билбей келе жатты. Убакыт түшкө жакындаганда Түлкүнүн оозуна келди, балдар койлорду айдап кетишиптир. Саадат гана эки эшек, бир ат менен олтурган экен. Ачуунун күчүнөн өрмө камчы менен Саадатты жон талаштыра эки-үч чаап да алды.

– Итти таппадым, – деди ачуулуу.

– Ой, келип калабы, – деп таң атканча кирпик каккан жокмун жол карап.

– Ой, атаңдын оозун урайын, бул катын деген итти убагында тамак берип, жолго чыгарда курсактарын тойгузуп карайт да, – деп күнөөнүн баарын Саадатка оодарды.

– Алар ач болобу, ток болобу көчтөн калчу эмес да, мына Актөш келе жатпайбы. Ушул билет кайда калганын, бирок мунун тили жок да.



– Көчөрдө конушка жакын жүргөн бирөө жарымды көзүң чалбады беле?

– Жок, андай болгондо аны билмекмин да, эч ким көрүнбөгөн.

* * *

Саадат Табылганын жоголгонуна кадимкидей ыйлап да жүрдү. Аты-жыты билинбей кетти. Эртең менен боз үйдүн оозунда Саадат сүт тартып олтурган. Кой жайып кеткен баласы Алымбай келди.

– Апа, мына бул каргы Табылганын мойнунда жүрчү беле? – деп күмүш каргыны көрсөттү.

– Ой, ошол каргы го, бул каргы менин чоң энемден калган белек эле, – деп жатканда Айты боз үйдөн атып чыкты.

– Ой, аны кайдан таптың, тээ Ак-Тайлак-Атанын мазарынын тушунан, – деп баласы мазар жакты көрсөттү. Кана жүрчү кайсыл жерден деп, белим деп жаткан Айты дамбалчан эле баланын артынан жөнөдү. Барышса дал ошол Табылга табылган жерде, Табылганын каргысы табылып жатпайбы. Бул табышмак болду. Айты көзүнө жаш алып, кыйлага өзүнө келе албай олтурду.

Ушул Табылганын жоголушу Айтыга чоң кырсыктарды алып келди. Ошол жылы ташка чагылган түшүп элүүдөн ашык койду кырып кетти. Дагы эл экен бирден кой-козуга алышып, ордун толуктап калды. Андан кийин минип жүргөн аты жылкылар менен аскадан учуп өлүп калса болобу. Ошондон кийин Ак-Тайлак-Атада кудайы өткөрүп, элди чакырып бата алды. Келгендердин баарынын эле сөз кылганы Табылга. Тооба, ушундай да шумдук болот экен, жакадан жоголсо, анан мойнундагы каргысы жайлоодон табылып жатса, кызык дешип түгөнбөгөн сөз. Бир гана Ашыралы аксакалдын сөзү учуру кыйыры жок сөзгө чекит койгондой болду. «Мындай итти кудай берет, муну кайып күчүк дейт элде, Манаста укпансыңарбы Кумайыктын Манаска кан-

дайча келгенин, мындай итти өзү берет, кудай өзү алат, билесиңерби, бу илгертеден айтылып келген, жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт» – деп. Демек, ал кайып болуп кеттиби ким билсин. «Ой ушул Айты Манас беле дешип» наалыгандар да болушту. Кайып болсо каргысы кошо кетмек да деген сөздөр да табышмак бойдон калды.

Эл кеткенден кийин да Айтынын ичи ачышып, камчысын бүктөй кармап, көзүнө жаш толуп, ушундай да шумдук болобу деп боз үйдүн эшигинде эңгиреп олтурду.

## ЭНЕНИН АРЫЗЫ

– Тилегим эле ушул жаман чүрпөмдү үйлөп, небере көрүп, ошону жыттап, койнума алып жатып, анан өлсөм дечүмүн. Бул өркөнүң өскүрдүн бешенеси тайкы экен, атасы да жаш эле өтүп кетти. Колумда ушул жалгыз балам калды. Элден кем болбосун деп жебегенди жедирип, ичпегенди ичирип чоңойттум. Үйлөдүм. Мына неберемди көрбөгөнүмө алты жыл болуп кетти. Же келинден жок, же небереден жок ушунтип шор басып олтурам. Ойлобо уулум алар өтүп кеткен экен деп, тирүү эле. Бешенеси курусун, – деп кемпир бышактап алды.

– Эмне деп көңүл жубатарымды билбей, кемпирдин жанында кыйлага олтурдум. Ыйлап арманын айтып, муңун чыгарып алсын, – дедим. Ичимен сезип турдум колуман эч нерсе келбесин.

* * *

Нуртай мектепти бүткөн. Окууга да өтпөй, айылда көрүнгөндүн жумушун жасап, кечкисин дискотекалардан чыкпайт. Мектептен келе жаткан Зейнептин алдынан чыгып калып экөөсү сүйлөшүп келе жатты, сөз менен болуп үйгө жакындашканын да байкабай калды.



– Кечинде дискотекага барасыңбы, – деди Нуртай.

– Билбейм, апам жибербейт го.

– Ой, картайганча эле апаңдын төрүндө олтура бересиңби, кыздар-балдар келип ойноп, ырдап, бийлеп эле кетип жатышпайбы?

– Балмуздак жеп, суусундук ичип сүйлөшүп олтурабыз, бийлейбиз да.

– Макул аракет кылайын, «кызга кырк үйдөн тыюу» дегенди билесиң да, – деди Зейнеп.

– Нуртай жанынан тамеки алып күйгүзүп, чеге баштады.

– Ушуну жөн эле койбойсуңбу, – деди Зейнеп тамекисин көрүп.

– Чекпесем, ичпесем, ойнобосом, окубасам, анда жаштыкты мага эмнеге берген.

– Окубайсыңбы, – деди Зейнеп.

– Кайдагы окуу, өзүң деле билесиң да, мектепти деле эптеп бүтпөдүмбү, анын үстүнө азыр окуунун баары эле акча болуп калган тура, акча болсо дипломуңду окубай деле сатып алып койсо болот тура. Чекпе дейсиң, элдин баары эле чегип, ичип жатса, мен кайда бармак элем. А түгүл агайлар менен чегишет. Кыздардын чеккенин көрбөптүрсүң, дискотекада агайлар арак алдырып ичип жатышпайбы?

Зейнеп негедир тунжурап унчукпай калды.

– Үйгө жакындашканда Нуртай:

– Элдин баары эле сен дейсиңби үй түрмөдө камалган, апасынын эркинен чыкпаган, – деп намысына тие сүйлөдү.

– Чын эле, – деди, ичинде Зейнеп, үйүнө бултуңдап, тултуңдап кирди. Апасы кызынын кабагын карап туруп:

– Ии, эмне болду? – деди.

– Бүгүн мектепке келесиңер,кошумча сабак болот деди, саат беште кайра мектепке кетем, – деди.

– Кетсең кет, – деди апасы эч нерседен капары жок.

Айылдагы клубга жаштар арбын чогулушту. Бийдин азабын колуна беришти. Бийлеп, конкурс да болуп абдан ойношту. Убакыттын да кандай өткөнүн билбей калышты. Дискотекадан чыгып алышып, арыктын боюна келип пиво ичип, кыйлага олтурушту. Түнкү саат бирде Зейнеп үйүнө келгенде апасы менен атасы уктабай кызын күтүп олтурган эле.

– Түн жарымына чейин жүрчү болсоң атаңдан бирди көрөсүң, – деди апасы кызынын жамбашын оёо чымчып.

– Экинчи дагы ушунтип кечикчү болгун, жонуңдан кайыш тилем, – деп зиркилдеди апасы.

Унчукпай төркү бөлмөгө кирип кетип, жатып алды. Чындыгында атасынан эскертүү алса уят эле. Негедир атасы унчуккан жок. Ошол күндөн баштап бул дискотека адатка айланып кетти. Ар кандай шылтоолорду таап, кечкисин жаштар менен оюн. Сабак да калды. Мектепте деле жарытылуу сабак өтүшпөйт. Ошондон уламбы, эс алуу өнөкөткө айланып кеткендей. Дискотека болбой калса Интернет кафеге барып алышып, түнү менен түрдүү оюндарды ойноп, кинолорду көрүшөт. Балдардын мындай турмушу ата-энелерди деле бушайманга салбагандай, көнүмүш адаттай эле кабыл алып жатышты. Кыздар да бул турмушка ыктап кетишти. Алды боюна болуп калып, боюнан алдыргандар да чыгып жатты. Ата-эне байкуш ар кандай ыплас ишти сыртка чыгарбай, ичтен быша берет турбайбы.

* * *

Сыртка эки-үч жеңил машина келип токтоду. Кандайдыр ырдаган чордогон балдардын үнү чыгат. Дагы Нуртай мас болуп келсе керек деп кемпирдин жүрөгү түштү. Аңгыча эле сырттан эки-үч балдардын үнү чыгып калды.

– Батма эне чыгыңыз, келин келди. Уулуңуз келин алып келди, – деп. Сырттан күүлдөгөн балдар,



сүйүнчү айтып кирип келгенде күтүүсүз олтурган кемпир эмне дешин, эмне кылышын билбей апкаарып туруп калды. Сырттагы музыканын, ыр коштогон мас жигиттердин опур-топурунан кошуна-колоңдор тез эле Батма эненин үйүнө топтолуп, келин-кезектер жаңы келинди үйгө түшүрүшүп, алып киришти. Батма эне сары майды алып чыгып, келиндин оозуна эки, үч илип салып: «Майлуу-сүттүү, болуп жүр, бактылуу бол айланайын» – деп жалынып жалбарып жатты. Нуртайым катын алып келет дегенде кемпирдин эки көзү төрт эле, ушул жаманымдын баласын көрүп өлсөм арман жок дечү. Келиндин башына ак жоолук салып олтургузушту. Куда-кудагыйдын алдына урук-тууганды алып, ачуу басарына да барып келди. Батма кемпир келинге деп жыйган тергенинин баарын чачып айылга той да бергенге жетишти. Кемпирдин келинге деп жыйган тергенин сактаган сандыгын ачуу өзүнчө эле чоң шаан-шөкөт менен болду. Эпчил келиндер мата кечинин эсебин тез эле такташып, кырк бир сыйра болуптур дешти. Ага сөйкө, чачпак, шакек, билериктерин кошпогондо. Анан кантсин жалгыз уулун үйлөймүн деп кылбаганды кылды да.

* * *

Нуртайдын үйү күн сайын эле опур-топур, али достору келет, али классташтары келет. Кошунанын баласы Нурик болсо Нуртайдын жанынан чыкпай калды. Эч ким жок болсо келин үчөө ырдап чордошуп, ичкилик ичишип олтура беришет. «Жаштыкго» – деп кемпирдин деле булар менен иши жок. Үчөөсү чарчаганда жатышат. Ошондой күндөрдүн биринде Нуртай мас болуп өзүн өзү билбей сулк жыгылып, ал эми келин менен кошунанын баласы Нурик кучакташып жаткан жерге кемпир кирип барып жүрөгү шуу дей түштү.

– Оо, өлүгүңдү көрөйүн, ичпей ирим болгурлар, тургула, – деп, колундагы таяк менен баарын чаба

баштады. Ошондо гана келин үйдөн тура качып, сыртка чыгып кетти. Нуртай туруп: «Эмне бизди сабап жатасыз, эне» – деп сыздаган колун кармап олтуруп калды. Кемпир баарын сыртка кууп чыкты. Бул окуя бирөө жарымга айта турган иш эмес эле. Кечинде келин менен баласын олтургузуп алып кыйла эле урушту. Нурик болсо бул окуядан кийин бир жумача келбей калды. Бирок Нуртай экөөсү көчөдө ичип, кайра эле же аныкына, же мунукуна топтолуп алышып, карта ойноп, арак ичип олтурмай. Нуртай мас болору менен эле келин менен Нурик кыналышып, бирин бири чымчылашып, анан барып айкалышып кетме адат болуп калды.

Ошол ортодо келиндин боюнда болуп калып, докторго каттап калды. Эми кемпир келиндин тынчын албагыла деп Нуртайдын жолдошторун үйгө жолотпой калды. Келин келип деле, келин жумшап бутуколу узарган жок. Келиндин оюн-зоокто эле колу бошобойт.

Эң жаман жери:

– Ушул какчыйган как баштан кутулбадык, менин артыман эле сая кууп алды деген келиндин суук сөзү Батма кемпирдин сөөк-саагына чейин өтүп кетти. Аны атайлап эле угузуп айтканда бул келинден жакшылык көрбөсүн түшүндү. Айла канча келин деле өз балаң ага кантип жамандыкты ыраа көрсүн. Аны түшүнгөн адам болсо гана. Кийлигишпейин десе бул мастардын жашоосу ит жашоого айланып бара жатат. Эмне кылыш керек?

Нуртай болсо арактын артынан түшүп алды. Келин менен деле, тирилик менен деле иши жок. Эки күндүн биринде уруш чыга баштады. Зейнеп таарынып төркүнүнө кетип калып да, кайра өзү келип калып жатты. Бир күнү кудагыйы келип: «Баланды тыйбайсыңбы» – деп Батма кемпирдин айласын кетирип, жаңжал салып кетти.

Жыл айланбай Батма кемпир неберелүү болду. Кубанычы койнуна батпай сүйүнүп жүрдү. Зейнептин кыркылыгы чыксын, бели катсын – деп апасы



алып кетти. Келин төркүнүндө эки айча жүрүп калды. Нуртай болсо арактан башы көтөрүлбөй баласы менен катынын бар-жок экени деле баары бир болуп, өзү менен өзү. Нуртайга ким арак алып берсе ошонун кулу. Дүкөндөргө барып жүк түшүрүп, тапканы жүз грамм.

Жылдар өтө түштү. Турмуш күн сайын оорлоп, элдин баары Россияга, Кытайга, Казакстанга деп туш-тарапка тириликтин айынан кете баштады. Зейнеп да баласын апасына таштап, Россияга кеттим деп кетип калды. Анын ортосунда кошунанын баласы Нурик да көрүнбөй калды. Эл арасында күбүршыбыр сөз жүрө баштады: «Келинге Нурик үйлөнүп алган имиш», «экөө Россияга кеткен имиш» – деп. Нуртайдын болсо катын менен деле иши жок. Күндө мас, көчөдө көрүнгөндөн тилемчилик кылып арак ичип жүрөт. Кемпир деле нес болуп кимге ишенерин билбейт. Эптеп пенсиясы менен өлбөгөн оокат өткөрүп калды. Небере жыттап, келин жумшап, колум узарат деген тилеги деле таш капты.

Акча бер деп энесине кол тийгизген күндөрүн эч кимге оозачып айта албайт. Ичтен чыккан ийри жылан.

* * *

Батма кемпир уятынан айылдын арасында баса албай калды. Эл деген айкөл болот турбайбы? Батма энени батырышты, келип кабар алышып, отун, суусун ырастап беришти. Баласы болсо көрүнгөндөн таяк жеп, ар жерде түрткүнчүк болуп, турмуш менен иши жок болуп арактын кулуна айланды.

Батма кемпир арманын аксакалдарга айтсамбы деп, ушул айылдагы нарктуу-барктуу делинген Мырзабек карыянын үйүнө барды. Мырзабек карыя короосунда сөөрүдө чай ичип олтурган экен, Батманы көрүп эле ордунан туруп:

– Кел байбиче, кел, өзүм да көптөн бери кабар алалбай жаттым эле, кел төргө өт, – деп орун көрсөтүп, жылуу кабыл алды.

– И кандай байбиче, мал-жан аманбы, – деди. Мырзабек карыя.

– Мен аман болбой өлөйүн, Мырзаке, эл-журтту аралай албай калдым. Мени кудай албады. Бир үйдө жалгыз калдым, – деп буркурап ыйлап жиберди.

– Кой байбиче, кайрат кыл, сабыр кыл. Түшүнөм, түшүнөм байбиче, эми ушунун баары тагдыр, бешене деген ушул. Эл тазаланбай, журт тазаланбай калбадыбы. Илгери-илгери менин чоң атам айтчу. Анда мен эс тартып калган кезим. Бийлер менен бектер жанына манасчылар менен акындарды алып, эл аралап «Манас» айттырып элди муютуп, эл ичин, Ата Журтту тазалап турар эле, Манас атанын руху улуу эмеспи, жер, эл тазаланып калар эле. Анан эл менен сүйлөшүп, акылдашып, айылдагы айбандарды тартипке чакырып, уяткарып, ага да болбогонун камчы менен сабатып, айыл аралап кетчү. Азыр Манас эмес атасын да таанымбай калбадыбы. Чоңдорун дүйнө деп, курак сөз болуп калды. Жаштарын аракеч, тапан, мамадана болуп кетпедиби, акыл айтайын десең кайдагы сөздү айтып кайра өзүңдүн мээнди чагып колуна берет. Эл аралаган Манасчы, жомокчу, акындар жок. Манас атабыз айыл аралабай калды, алардын арбагын козгоп, аларга зыярат кылбай калбадыкпы. Ошондон улам тирүү болуп элде жок, өлүү болуп көрдө жоктор көбөйүп баратпайбы.

– Байбиче, сен эл аралай албай калдым, – деп кейибе, ошол эл аралай албай калдым дегениңдин өзү ыйман, ал акыркы ыйман болуп калгандан кудай сактасын. Эмне демек элем, сабыр кылып кудайдан акырын сура, андан башка арга жок. Никесиз балдар көп төрөлө баштады, кыздар бөлөк улутка турмушка чыгып, тириликтин айынан барбаганга барып жатышпайбы. Ыймансыз кыздар көбөйүп кетти. Бир жагы өзүбүз да күнөөлүүбүз, оозунан чыканын аткарып, ичпегенди ичирип, жебегенди жедирип, тайраңдата берип, акыры бала турмуш эмне



экенин билбей калат турбайбы. Мына мен бешиктен белим чыкканда эмгек менен өстүм. Турмушту көрдүм, ата нускасын алып калдым.

Мырзабек карыяга арманынын баарын айтып, Батма байкуш бир төгүлүп алды.

– Эми Мырзаке, бала болсо жок болду, өзүн өзү башкара албай калды. Мен болсо жаман тамда жалгыз калдым. Элчилик кылып неберемди кудамдын колунан мага алып бербейсиңерби, ошону караан тутуп, ошону бел кылганым оң болот го.

– Мырзабек кыйлага түнжурап олтурду.

– Мейли байбиче сен бара бер, мен аксакалдарга айтып, кудаңдын үйүнө барып көрөлү.

Батманын колуна тамак-аш ороп берип, Мырзабектин байбичеси сыртка чейин узатып, келип турунуз деп чыгарды, кемпирге боору ооруп, жолуктун учу менен көз жашын аарчып, «кудай ушундайдан сактасын» деп ыйлап, байынын жанына олтурду.

– Мына балдардын апасы, балдарды эркелетпейсиң деп каласың? Көрдүңбү эркеликтин түбү кайда алып барды, эмгек менен өскөн балдар турмушту көрөт.

* * *

Батманын кудасыныкына Мырзабек үч аксакалды ээрчитип барды. Батманын кудасы карылардын бул сөзүн: «Экинчи укпайын, менин неберем ал алкаштын баласы эмес, экинчи бул маселени айтып келбегиле», – деп жолго салды. Көрсө, алда качан эле баланы өз фамилиясына өткөрүп алыптыр. Ошентип Батма кемпир небереден да кол жууп, олтуруп калды. Арманын айтып чоңдорго, сотторго, колу жеткен жерге жаздырып да көрдү. Деги эле кемпирдин сөзүн сүйлөгөн адам жок. Ал эми Мырзабек карыяга барганы кемпирдин акыркы арыз, даттануусу болду.

* * *

Чындыгында Батма энеге эмне деп да кайрат айтышты билбей калдым. Көзүнөн жаш деле чыкпай калыптыр. Ишкананын артындагы ашканага ээрчитип кирип, ысык шорпо алып бердим. Нан ууп араң ичип жатты, колдору калтырайт. Үйүнө жетер бекен, – дедим ичимде.

* * *

Күн батса таң атпай ой санаанын кучагында калган Батма кемпирдин үйүнө участкалык ооруканын тез жардам машинасы келип токтоду. Ошол эле учурда арак дүкөндү талкалап уурулукка кирген Нуртайды милициялар бир сумка толтура арагы менен кармап кетишти.

## ӨЛҮМ ТИЛЕГЕН АДАМ

Ал быйыл төшөктө жатканына отуз жыл болду, жашы да мына токсондон ашып калды. Аш ичкени жакшы, акылы дадил, болгон бир буту, бир колу иштебейт. Эшикке кирип чыкканы азап, балдары да жадап бүтүштү. Келиндери ичтеринен каргашат, ушул как баш өлбөдү, жатып алып тим эле таарынчаактыгын айт. Айла канча, кээде кемпир-чалдардын каргышын эстейт. Бирок алардын көбүнүн каргышын уккан, алардын бири да узак жаша деген эмес, ушунтип жан бакканча узабай кал дешкен. Ошон үчүн кыргыз айткан турбайбы, «атанын каргышы ок, эненин каргышы бок» деп.

* * *

– Ким алса да эки дүйнө жарыбай калсын! Жашабай жатып жайрап калсын. Мендей шордуунун жалгыз уюн уурдап жеп, мендей шордуу болуп, жалгыз калсын, ким уурдаган болсо менин күнүм башына түшсүн, – деп Сакы эне жыртылып тамтыгы чыккан чапанынын жеңи менен көлдөгөн көз жашын сүртүп, аккан көз жашы оозуна кирип шор даамданып кеткенин да байкаган жок, эргенчеги кыйшайып калган малкананын эшигинде ыйлап олтурду. Чындыгында Сакы кемпир жалгыз бой, жалгыз уюнан башка караан туткан эч нерсеси жок, жесир болчу.

* * *

Оо, жаш кезинде чачы жерге чубалган, ак маралдай буралган, кийген кийими боюна жарашып, өмүрлүк жары Өскөнбай экөөсүнө бул айылда эле эмес Чаткал өрөөнүндө суктанбаган жан жок эле. Асмандан түшкөн периштедей болгон Сакы сулуунун сулуулугу эр жигиттердин оозунан түшпөй, көңүлүнөн кетпей, келин болсо ушундай болсо деп тамшангандарды айтпа. Сулуулугунанбы, же нарк нускалуу жердин бүлөсү болгондугунанбы, айтор, эртеден-кечке дасторкону жыйылбай, очоктон казаны түшпөй, сабада кымызы көбүрүп, бал кымызы айдаппы же Сакынын сулуулугу тартыппы койчу Өскөнбайдын үйүнөн адам үзүлбөй турчу. Келген-кеткенге кабагым-кашым дебей, төгүл-чачыл болуп Өскөнбайдын данкын чыгарып, же ооматы келип турганбы Өскөнбай элдин оозунан түшпөй турду го. «Келин болсо Сакыдай болсун, атанын кызы деген ушул да» – деп кыска элдин кыйырына, узун элдин учугуна сөз болуп, кары-жаштын мактаганы эле ушул Сакы келин. Үйүн мезилдете таза кармап, кайнатасынын эч жерине чаң жугузбай өз атасындай карап, үйрүлүп түшүп тургандыктан, мындай сыйурматты өз кыздарынан көрбөгөн карыя келинине он ирет бата берип, айланып кагылып, кээ күндөрү аяп да кетчү.

Ушул үй-бүлөнүн ынтымагын бузуп, Өскөнбай экөөсүнүн ортосуна от жагып, Сакыны тартып ал-

сам дегенде эки көзү төрт болгондор да жок эмес эле. Ушак сөздөр менен дене бойду дуулдаткан калптарды капарына да албай, андайды парва кылбай ансайын Өскөнбайын урмат-сыйга бөлөп, экөөсү ынтымагы чыңдалып түтүн булатышып жашап эле жатышты. Арадан жылдар айланып Сакынын согончогу канабай, перзенттүү болбой өмүр сүрүп келе жатышы да көралбастардын чырагына май тамызып, ар кандай сөздөрдү чыгарышып деле жатышты. Перзентүү болуп калсак дегенде ак эткенден так этип, сыйынбаган мазары, барбаган доктуру деле калган жок. Кудай бербесе айла жок тура. Тагдырдын таш боордугубу же бешенеге кудай перзент жазбаганбы, айтор, бала көрбөй бушайман болуп жүргөн мезгилинде небере жыттасам, небере көрсөм деген тилеги таш каап, катуу оорудан улам кайнатасы көз жумуп өттүп кетти. Бул Сакынын да Өскөнбайдын да ичтеринде билинбеген арман болуп калды. Коңшу-колоңдун сөз кылганы эле эми булардын перзент көрбөгөнү болуп калды. «Сакыдан бөлөк катын табылбай калса» дегендер четтен чыга баштašты. Бирок Сакыдай келинге туш болбогонуна арман кылгандар канча. Атасынын өтүп кеткени Өскөнбайдын да кабыргасын кайыштырып, канатын кайрып койду.

Атасы өткөндөн көп узабай эле Өскөнбай да катуу ооруп, төшөккө жатып калды. Какаганга муштаган болуп үйдүн бардык түйшүгү Сакынын мойнуна түштү. Он жылдан ашык төшөктө жаткан Өскөнбайдын жакасын кир кылбай, кабагым-кашым дебей, бакты, барбаган доктуру, көргөзбөгөн табып калган жок, шыпаа табылбады. Сакы Өскөнбайды айыктырып алам деп колунда бар быдырын чачты, айласы табылган жок. Баягы күтүрөгөн, кучакташ кан досторунун, саба жарган кымызды ичип, кыздуу болсоң куда болом, уулдуу болсоң кызымды берем деп анттташкан достордун караанын көрүнбөй калды. Колуңдан иш келип, төгүл ташыл болуп, ачылып-чачылып турсаң досторуң дос болуп, туугандарың тууган болуп турат өңдөнбөйбү. Колуңдан бак качса, баары качып, эч ким жолобой калат экен. Айрым гана түңкү жолбун иттей түн кезип, Сакыдан көз арткан, жеңе деп желпинген, ойнош кылып алсамбы дегенде ак эткенден так эткен ниети каралар гана жашырынып, шыбыраша үн катып, сөөк андыган иттей болуп Өскөнбайдын үйүн имерчиктеген шылуундар ар-ар жерден көрүнө калганы болбосо жан адам басып келбей калды. Андай канчык издеген жолбун иттей адамдарды жанына жолотпой койгондон кийин алар деле үмүтү үзүлүп, айрымдары шерменде болуп, айылда сөз боло баштагандан кийин алардын деле аягы тыйылып калды. Нарбай бригадир гана Сакыны коммунистке өткөзүп, өстүрүп жардам берем деп, андан ары райондогу, областтагы, республикадагы чогулуштарга алып барып, ошондон ары мейманканаларга түнөтүп убайын көрөм деген ниети да таш капты. Жаш келинди имерип алам деген үмүтүнөн майнап чыккан жок. Бригадирдин арам оюн байкап калган Сакы азоо байталдай тепкилеп, элдин көзүнчө ачыгын айтып салып, жанына жолотпой койду. Күйөөсүнүн жанынан чыкпай эптеп төрт малы менен жан багып эл катары тирилигин өткөрүп келет.

Балээнин баары Өскөнбай кайтыш болуп кеткенден кийин башталды. Токолдукка алчулар, катыны менен ажырашып үйлөнчүлөр, кемпири өлгөндөр жан жабыла арага адам салып, аттуу-баштууларга сөз айттырып, «Сыр кесенин сыры кетсе да сыны кетпеген» дешип, жалгыз бой Сакыны алам дегендер күчөп, биринин артынан бири жуучуларды жиберип, бөжөңдөгөн кемпир-кесектер, акыл айткыч болуп, күйөрман болуп чыга келишпедиби. Күйөөсүнүн кара ашын, кыркын, жылдыгын өткөрөм деп колундагы анча-мынча малынан да ажырап, бир үйдө жалгыз калды. Жуучу түшүргөндөрдүн жашыраактарына го айла жок, жетимишти жемирип, сексенди серпип калгандарды кантесиң. Ошол чалдар үмүт кылып күйгүзбөдүбү.

Бирок Сакы өмүрлүк жолдошуна берген антына бекем туруп таза сүйүүсүн, тунук махабатын эч нерсеге алмаштыра алган жок, өмүрлүк жолдошунун төшөгүнө чоочун бутту бастырып, ала жипти аттаган жок. Жанына бир тууган кайнагасынын мектепте окуган баласын алып алып,өз тирилигин улай баштады. Мен өлсөм ушул жай сага калат деди. Ошол баланы караан тутуп, үйдүн кутун кетирбей, жалгыз саан уйду карап саап ичип, колхоздун ишин кылып тирилигин өткөрө берди.

Арадан жылдар айланып, караан туткан баласы да мектепти бүтүп, чоң окууга шаарга кеткенден бери эрмеги ушул жалгыз саан уй болчу.

* * *

– Садырдын келиндерине да убал болду. Кайын атасын он-он беш жылдан бери кара багып келе жатышат.Төшөктөн тура албайт, тургузса баса албайт. Жатып алыш жаш кезинде журт безери шылуундар менен бир жүрүп, далай эле адамдарды сыздатканын эстейт. Бул тууралуу балдары билсе да билмексен, укса да укмаксан, келиндери деле билсе да айта албайт.Кыргыздар бирөөгө ор казба, өзүң түшүп каласың деген ушул белем, ким билсин.

* * *

Бул окуя мындан отуз жылдай илгери болгон иш эле. Ашырбек карыя уй жетелеп кетип жаткан Садырды жазбай тааныган эле. Садырдын ууру экенин билсе да негедир таназарына албай коюптур. Сакы кемпирдин уюу жоголуптур дегенди угуп эртең менен эрте атын токуп минип алып, туура эле Садырдын үйүнө түшүп барды. Ысык шорпо эми эле оозуна тийген Садыр эртең мененки сырттагы добушту угуп, ичип жаткан шорпосун казанга куйдура салып сыртка чыкты. Ашырбек карыя да келиңтуруңу жок эле аттан түшүп, үйдү көздөй бет алды. Айласы кеткен Садырдын катыны төргө төшөк салып, мейманды төргө өткөрүштү. Үйгө киргенде эле шорпонун жыты келип, эт салынып бешбармак болгонун байкады. Садыр да шаардан таңга маал эле келген болчу, уйкулуу көзү менен чай куюп узатып олтурду. Ашырбек карыя кечээ Сакы кемпирдин уюнун жоголгондугун айтып сөз кылып акырын байкатпай Садырды тиктеди, башын жерге салып күнөөлүүдөй шек алдырбаска аракет кылып жатты. Билмексен болуп ооз учунан: «Дагы бир акмактын иши го, ошол жалгыз бой кемпирдин уюн албаса эмне» көр болот го демиш болду Садыр. Ашырбек карыя да сыр бербей чайды ичип, үстүнөн чыгып кармап албагандан кийин сен уурдадың деп айта албай сыртка чыкты.

* * *

Боз үйдүн ичинде ак сакалы жайкалган карыялар набат салып памил чай уурташып, кызуу аңгеменин үстүндө олтурушту. Казанда жаш козунун эти боркулдап жай кайнап, эттин жыты боз үйдүн ичин да каптап, каңылжаарды жарып, шорпонун жыты урат. Аңгыча кол чаначка бал кымыз алып кирди. Мына карыялардын жүзүнөн нуру тама түшүп, жаш кездеринде жайлоолордо ыр кесе кылып, кымыз ичип, ким кусса эртеси бир кой союп, анда кымыз ичип, эрте жаздагы козу союшуп, өмүрдүн бир ирмеминде жыргап алчу күндөрү көз алдына тартыла түшүштү. Бир гана төрдө олтурган Алым акенин санаасы негедир тынчыбай олтурду. Бу Ашырбек козу союп чакырганда эле бир талылуу маселени айтчу эле, бүгүн эмне жөнүндө сөз болор экен деп ой басат. Аңгыча боз үйгө Садыр кирди салам айтып, бул жигиттин шылуундугунан, уурулугунан көптөрү жактырбаса да.

– Кел, иним кел, – дешип саламды алик алышып, Садыр улагадан орун алды. Кымыздан бир кесе жутканда:

– Бах, чиркин, бал кымыз экен го, – деп тамшанып алды. Кымыз кызгылтым тартып, куйрук кошулуп, мейиз кошулуп, анан калса тигил эле Намангендин базарынан алдырган набат менен сабада атайын карыяларга деп эки күндөн бери бышылгандыктан, бир кеседен ичкенде эле карыялардын жүзү албырып, ошол саам бир сулуу болуп чыгышкан. Бетине кол тийсе каны атып кетчүдөй кызарган Алым аба узун кеп козгоп, мында олтургандардын бөйрүн кызытып, эки жаштын сүйүүгө мас курагын куп келтире айтканда, кымызга кызыган карыялар бүлкүлдөп күлүшүп жаштык кездери көз алдыдан өтүп, кайран жаштык, кайран гана жигит кез дешип бир кур арманга да толуп алышты. Аңгыча сырттан Ашырбек аксакал кирип келип эми абалар мына Садыр инибиз келип калыптыр, ушул жигитке бир батаңарды берип койбойсуң арбы дегенде сөздүн төркүнүн түшүнгөн Алым аба:
– Тур балам, алаканыңды жай, – деди.
– Татканың таттуу болсун, уул-кызың бактуу болсун, өмүрүң узун болуп, туптуура жүзгө толсун дегенде карыялар алакандарын жүзгө тартышты. Ашырбек абага ичи жылып, миң ирет алкыш айтып, ыраазычылык билдирсе да бул батаны эмнеге алып жатканына, кайсыл Ашырбекке кылган жакшылыгына алганын Садыр түшүнгөн да жок, башы да жетпей олтурду.

* * *

Ашырбек карыя Сакы байбиченин жанына ат бастырып келип, аттын оozдугун чыгарып, белин бошотуп, отко койду да самандын үстүнө малдаш уруна олтура кетти.

– Байбиче эми кайрат кылыңыз, элде сөз бар «элдүү түлкү ач калбайт» деген. Мына менин жаңы эле тууган уюмду торпогу менен алыңыз да саап ичип туруң, эми үй деле алыс эмес, биздин короодо эле тура берсин, болгону күндө барып жем-чөбүн карап,



саандан кечиктирбей саап алып, мал кылып алыңыз. Торпогу ургаачы, кийин тууганда анан энесин таштап, уюңузду торпогу менен жетелеп кетерсиз, ага чейин меникинде тура берсин, балдар бар, эки чоң ит бар ууруга алдырбай карап берет, – деди.

– Айланайын, миң рахмат, деги жакшы иш кылбадыңбы, атанын уулу деген ушул, балам, атаң рахматылык мына ушундай айкөл адам болчу, атаңды жазбай тартыпсың, арбагы колдоп жүрсүн айланайын. Таза жакшы иш кылбадыңбы, шор басып олтур ганда. Тигил келинге да айтып кой.

– Айтылган байбиче, сунуш ошол келиниңизден болуп калды. Андыктан эртең менентен баштап тартынбай барып, саап иче бериңиз. Өзү да сүттүү үйдүн баласы эле. Сүтү сизди багат.

– Рахмат айланайын, мени сыйласаң кудай сени эки дүйнө сыйласын, – деп кемпир жүзүнө бата тартып, күтүүсүздөн уйлуу болуп калганына курсант болуп олтурду.

– Ууру алыстан келбейт го. Тузумду татып, чайымды ичип жүргөн эле бирөө алды го. Кол менен кармап албагандан кийин кимди күнөөлөйсүң, – деди Сакы байбиче жерди чыбык менен чукуп көзүнө жаш айланып олтуруп.

– Ээ, байбиче анын эмнесин айтасыз. Ошол таткан туздун да наркын, баасын билгендер болот, билбегендер болот.

Илгери, илгери бир кембагал хандын казынасынын жанында жашайт экен. Анан күндөрдүн биринде казынага кирип уурулук кылып, байып кетүүнү ойлойт да үйүнүн ичинен жердин түбү менен барам деп казынаны көздөй жол каза баштайт. Жылдар айланып дал казынанын ичинен тешип чыгат. Түндө чыккандыктан казынада кап-кап болуп тирелип турган бул эмне экен деп бир каптын оозун ачып, майда шекердей немени оозуна салып көрөт, көрсө ал шекер эмей эле туз экен. Кембагал жер муштап ыйлайт. Мени шор басып эмнеге хандын тузун татып алдым. Эми тузун татып туруп уурулук кылсам ку-

дай мени уруп кетпейби деп, эч нерсе албай кайра казган жолу менен үйүнө барат. Таң атканча уктабай, таңда казынага ууру кириптир деп чаң-тополоң болуп жатканда баягы томаяк ханга өзү барган экен.

– Улуу урматтуу ханым, сиз мени кечиргей элеңиз. Казынаңыздан байлык алып, мен деле байып алайын деп үйүмдөн жер алды менен жол казып казынга мен кирдим эле, бирок капта турган тузуңузду татып алып, эч нерсе алалбай кайра чыктым. Күнөөмдү мойнума алам, кандай жазаласаңыз да өзүңүз билиңиз, күнөөлүүмүн дейт.

Хан көпкө ойлонот да:

– Мейли бара бер, туздун баасын билген сенден жаманчылык чыкпайт. Рахмат ачыгын айтып келгениңе, – деп жазадан куткарган экен. Ал эми таткан тузунун маанисин билбегендерди кудай өзү жазалайт, байбиче кейигенди коюңуз да уюңузду саап алыңыз, – деп Ашырбек атын бастырып үйүнө кетти.

* * *

Садыр да жатып алып, тээ элүүдөн ашып калган кезинде Ашырбек карыя бир козу союп, карыялардан алып берген батаны эми эстеп жүрөгү эзилет, көрсө элди сыздатсаң сен да бир узак жашап, азап чекчи деген сөз белем, кыскасы, түбү жок ойлор. Кээде кемпир-чалдардын каргышын эстейт. Бирок алардын көбүнүн каргышын уккан, алардын бири да узак жаша деген эмес, уурулук кылып жан бакканча узабай кал дешкен. Ушунтип балдарга кор болуп жаткан жерим саргайып, сийдик жыттанып кеткенче, жамбашым талып жатканча кудай мени жетимишимде алсачы, сексенимде алсачы, мына кор болуп жатып жүзгө жетейин деп калдым. Ден соолугуң болбосо жашыңдын деле пайдасы жок тура, ошондон улам карылар кошконуң менен кошо кары дейт турбайбы. Маркум байбичем жанымда болгондо да мынчалык азап жебейт белем, ким билет.



* * *

Айылдын карылары топтолуп Ашырбектин үйүнө келе жатышты. Тээ согуштун мезгилинде адамдарды бир тал машак үчүн камап, сындырым нан болсо бөлүп жеп турган мезгилде деле айылда уурукески аз эле, эми минтип тоюн токчулук, кой үстүнө торгой жумурткалап турган мезгилде ууру-кескинин көбөйгөнүн сөз кылып келе жатышты. Малкананын үстүндө малга чөп кыркып олтурган Ашырбек айыл аксакалдарын көрүп, тынччылыкпы, бул карыялар топтолуп чыгып келе жатат го деп, жерге түшүп аларды утурлай басты. Аманчылыкты сурашып турганда Ашырбек:

– Кана кутман карыларым, келип калыпсыңар,үйгө киргиле,бир шыйрак сындырайын, олтуруп чер жазып шорпо ичкиле – деп калды.

Аңгыча Алым карыя:

– Эми Ашыке үйгө кир десең кирели, нан ооз тийип эле чыгабыз. Козуңду көп эле жеп жүрөбүз,- дешип,үйгө киришти. Дароо эле дасторкон жайнап, набат менен ысык памил чай алдыга келди. Алым карыя сөз баштады:

– Бу Ашырбек мыкты иш жасаптырсың, сага ыраазычылык айтып коёлу деп чыктык. Сакы байбиченин жалгыз уюнан башка караган малы жок эле. Бир саан уюн баш-оту менен бериптир деп угуп ыраазы болдук. Мындай иш ата-бабадан келе жаткан улуу нускалуу иш. Бир жагы соопкерчилик болсо, экинчи жагы улуу адамкерчилигиңди көрсөтүпсүң.Жаштарга сабак болуп калчу иш болуптур. Кечээ батадан келе жатып сеп салсам эшигинде отуну да калбаптыр. Бүгүн балдарга дайын кылдык, отун алып келип жарып, жыйып беришмек болду. Жашырган менен не бир кезде Сакынын кымызын далай эле ичкенбиз.Тагдыр деген ар кандай болот экен, перзент көрбөй башына оорчулук күндөр түшүп калды.Бирок ошентсе да майтарылбай Өскөнбайдын арбагын сыйлап олтурат. Мындай байбиче ар жер-

ден эле чыга бербейт, – деп ууртап олтурган чайын жерге койду.

– Ыраазымын кутман карыларым, ыраазымын. Эми эшиктеш кошуна болуп туруп, жардам бербей койсом болбойт го. Малды адам табат эмеспи. Ушул Сакынын жалгыз уюн жеген адам да көп жашасын. Пенденин колунан эч нерсе келбейт, кудай өзү жазалайт, – деди.

Карылар көпкө маектешип олтурушуп, анан таркашты.

* * *

Андан бери жылдар айланды, муун өзгөрдү. Айылдын кутман карыларынын да көбүнүн көзү өтүп кетти. Сакы байбиче да өттү. Айылда баягы эле турмуш өтүп жатат. Сакы байбиченин үйүнүн очогунан от өчкөн жок. Багып алган баласы кемпирди өз колу менен узатып, аш батасын өткөрдү. Ашырбек карыянын үйүнө торпогу менен уй жетелеп барды эле балдары атабыз баш-оту менен берген, бул карыз эмес деп албай коюшту. Мына атанын уулу деген ушул.

* * *

Садырды карылар үйүнө балдары жеткирип таштаганына быйыл эки жыл болду. Эч ким каттабай койду, балдары да, неберелери да намыс кылышып келбей койду. Төшөктөн тура албайт. Жүзгө чыкты быйыл. Шыпты тиктеп жатат, көз алдына тээ бир кезде Ашырбек карыянын алып берген батасы түштү. Бата албай эле койбопмун деди. Көзүнөн аккан жаш жаагы ылдый агып, жаздыкка бир таамп кетти, көзүнөн жаш чыкчу эмес, көкүрөк ыйлачу, бул жаш, бул жалганга жаралгандагы акыркы тамчы жаш болуш керек. Кудай ушундан көрө өлүм бер, – деди. Өлгөн жок, жүз жаштын күндөрү агууда.



## АЛЫСТАН КЕЛГЕН АЗАП

Сайра кемпирдин ак баскан чачтары сапсайып, көптөн бери жуулбаган крепдешин көйнөгү кайсыл материалдан экени да таанылбай, чыттан тигилген ыштанынын тизеси айрылган жерин ошол көйнөк менен жаап, күнөстөп олтурду. Тигип алайын десе ийненин көзүнө жип өткөрө албайт. Санаадан иреңи саргайып, бүгүн да жанагы чунак бала мас болуп келеби же соо келеби деп коркуп, эки көзү көчө тарапта. Ал мас болуп келе жатса, тээ көчөдөн үй жакка бурулганда эле билинет, көрүнгөнгө асылып, көрүнгөндү сөгүп, чеке башы томуюп, оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып, чалыштап, тал теректи сүзүп, жыгылып туруп, чочкодой болуп шымынын жарымы ылай, жарымы суу, этек жакасы кузунду болуп, оозунан арак буркурап келет, ал түгүл соо жүргөн күнү деле жанынан өтсөң арак бур этип, адамды иренжитет, сөгүнүп кагынып эшиктин эргенчегине келип, бир жыгылып, анан үйгө кирет. Баарынан да төрөп өстүргөн энесин ашатып сөккөндө Сайра кемпир жаныны коёрго жер таппай калат, жүрөгү зырылдап, коркуп турат. Бир көңүлү келсе: «Апа, мен турганда сен эч нерседен коркпо, өлсөң мен көмөм» – деп, буруксуп ачыткы жыттанган оозу менен кемпирди кучактап алып өпкүлөп, анан ошол жыгылган жерине сулк жатып уктап калат.

Бүгүн да ылжып мас болуп келе жатты. Кемпирдин жүрөгү зыркырап коркуп, алапайын таппай көздөн далда турайын деп аса-муса таягына жөлөнүп, ордунан араң туруп там айланып,жүгөрүнүн арасына кирип кетти. Атасынын өлгөнүнө да беш жылдын жүзү болуп бара жатат. Оңолуп кетер деген тилеги таш капты байкуш кемпирдин, болбосо кемпирдин бул айылда кадыр-баркы чоң эле, элдин баары Сакен апа дешип, ызаат кылып турушат. Марикум күйөөсү барында жайылган дасторкон жыйыл-

бай, мамыдан ат кетпей, үйдөн мейман кетпей, очоктон казан түшпөй бака-шака эле.

Жалгыз бала деп эл жебегенди жедирип, эл кийбегенди кийгизип, эл минбегенди мингизип чоңойтподубу. Анан эмнеге бала минтип аракеч болуп, атанын наамына сөз келтирип, тентирөп калды. Кайсыл жерден жазганын байкуш кемпир билбейт. Мектепти да атасынын күчү менен жакшы окуп, жакшы баалар менен бүткөн, мугалимдер да Нурмат аке дешип атасынын көзүнүн агы менен тең айланышып: «Балаңыз жакшы окуйт, китепти шыр окуйт» – деп мактап турушчу.

– Аа эсиме жара чыксын, – деди кемпир. Ошондо эле муну туякка чаап окутпай, мына эми бокко жарабай, арактын артынан түшүп, бөтөлкөнүн ичинен чыга албай калды. Бул да болсо менин шорум болгон турбайбы. Атасы да баласын алдына алып олтуруп: «Кана, уулум, апаңды сөгүп койчу» – десе анысы да атасын тартып «энеңди» деп сөкчү, ошондо Сайранын жүрөгү зырп дей түшөр эле, бул чоңойсо кандай бала болор экен деп. Атасы ансайын курсант болуп: «Мына эркек да, эркек деген ушундай эле болуш керек, баланы эркин өстүрүш керек» – деп өзүнчө курсант болуп, желкесине мингизип алып эркелетип чуркар эле. Мына ошол бала эмне болду? Мектепте төртүнчү класста окуп жатканда эле чөнтөгүнөн тамеки чыгып, эненин жүрөгү эзилген. Жалгыз бала деп уруп-сокконго колу барчу эмес.

Ушул ойлордун кучагында жүгөрүнүн арасында олтурганда баласы Нурик эргенчекке келип сүйөнүп: «Апа, кайдасың» – деп булдуруктап бир кыйкырып алды да эшиктин алдына жыгылып, дымы чыкпай калды. Кыйладан кийин кемпир келип баласын сүйрөп араң кийиздин үстөн алып барып үстүнө чапан жаап койду. Кудай жалгап уктап калганы жакшы болду деп сүйүнгөнүнөн көзүнө жаш ойноктоп кетти.

– Чоң апа жакшы олтурасызбы, шаардан окуудан келдим, Кериммин, тааныдыңызбы? Сырттан



келген бала кемпирдин алда качан кайыштай какшып катып калган манжаларын жылуу колу менен мээримдүү сылай кармады. Жүрөгү жибий түшкөн кемпир балага суроолуу карады.

– Кайсыл Керим элең?

– Мына бул Канаттын баласымын да?

– Ий, айланайын эсиме жара чыгып, карылык да айланайын, качан келдиң, окууң жакшыбы?

– Жакшы эне, сизге деп шаардан бир арзыбаган белек ала келдим эле деп чакан пакетти узата, амандашты. Анда бир пачка индия чайы, бир килограмм набаты, анан эки шырман нанды кемпирдин колуна берди.

– Олтур айланайын, чай кылайын?

– Жок, эне, чайды кеткенче ичермин, атам менен апамын алдына барайын, сагынып келдим, – деди Керим.

– Олтур, жок дегенде бата берип коёюн айланайын, – деп Кемпир алаканын жайып:

– Ылайым жараткан тилегиңди берип, Кыдыр жылоо да болуп, тилек максаттарыңа жет, окууң ийгиликтүү, ден соолугуң чың болсун айланайын, – деп кемпир жүзүнө бата тартканда кемпирдин көзүнөн бир тамчы жаш мөлт деп этегине тамды. Керим аны байкаган жок, бата кылып тез эле кайра кетти. Керим окуудан ар келген сайын кошунасы Сайра кемпирге, Жаркынай кемпирге кары энелер деп куру келбей белек-бечкек ала келет. Буга бүт айыл курсант.

Кемпирди эми чындап кайгы басты.

– Оо, жараткан Алла, мага неге ушундай ыймандуу, кайрымдуу, мээримдүү бала бербедиң.

– Оо, алжыган Сайра, сага бала бербей эмне бердим, аны ким тарбиялады, – деген ачуу үн кулагына шак эте түштү. Муну ким айтканын да билбей нес болуп олтуруп калды.

* * *

Шарапат эки уул, эки кыздуу болду. Өзү тээ ата-гы Кокон хандыгына чейин белгилүү болуштун небере кызы болгондуктан, ата нускасын, эне нускасын алып, жаш кезинен эле чыйрак өскөн. Апасы Шайыр: «Тектүү жердин кызысың, ата-энеңдин атына шек келтирбей, мен айтып дегенди кулагына түй кызым» – деп көп нерсени үйрөткөн, сегиз жашка толгондо эле намаз окуганды үйрөнүп, жашырынып намаз окуп жүрчү. Башынан жоолук түшчү эмес. Башка кыздардай тастаңдап, улуулар олтурган жерге да кирчү эмес. Шарапаттын бой жетип өсүп калганын айылдагы эле көп адамдар байкабай калышты. Согуштан кийинки кыйынчылык жылдар болсо да атасы жаш кезинен куда түшүп болуп койгон Жээнбай раистин уулуна кызын берип, Жээнбай согуштан кайтпай калгандыктан тойду да өзү жасап берген. Эл ыраазы болуп кайната деген ушундай болсо деп тамшанып калышкан. Ошол ошо болду, күйөө баласы кайнатасынын канат бутагы болуп колунда өстү. Шарапат да жаш кезинен шарияттын жолун окуп, жакшы билгендиктен балдарын: – Аузу биллаги мина шайтан ираажим, Биссмиллахир Рахмани Рахим – деп төрөп, бир да баласын даараты жок эмизген жок. Бала эмизгенде да, тамак жедиргенде да даараты жок болсо, дароо даарат ала коюп: – Аузу биллаги мина шайтан ираажим, Биссмиллахир Рахмани Рахим – деп тамактандырып жүрдү. Жараткан Алла ошого жараша акыл, эс бердиби, айтор, балдары жаман болгон жок. Атасы менен апасынын көзүнүн агы менен тең айланышып, таң эртең менен ордунан турары менен келип: «Ассалоому алейкум ата, апа жакшы жатып, жай турдуңарбы, эч жериңер оорубадыбы, көңүл кушуңар бийик болсун» – деп таазим кылып, кирген боюнча артына кайрылбай, акырын жылып үйдөн чыгып кетишер эле. Алар ушуга көнгөн. Көргөн-билгендер да абаз кылышчу. «Бала ушундай болсо» – деп.



* * *

Эртең менен эрте туруп башы зыңылдап, үйүнө кантип келгенин билбей калган Нурик башын мыкчып, оордунан араң козголду. Болду эми ичпеймин деди. Бирок баш жазып алуу керек эле. Көзү көгөрүп, бутунун эки-үч жери сыйрылып кетиптир. Боору ооруган байкуш Сайра кемпир баласына айрандан чалап жасап алып келди. Муздак чалап көзүн умачтай ачты, дал ошол ачышып жаткан курсагына барып тийди. Суу болгон шымы кургабаптыр. Көзүн жүлжүйтүп сыртка чыкты. Бүткөн бою жанчылып калганын эми сезе баштады. Кимдир бирөө менен мушташса керек. Кимдер менен болгонун да билбейт.

Артынан чыккан кемпир:

– Ой, куураган бала, ушунча да ичесиңби. Алыңа чактап ичсең болбойбу. Же атаңдын арактан калган карызы барбы, я. Элдин бетин да карай албай калдым го, – деп наалып кирди. Соолугуп калгандыктан апасына лам деп ооз ачалбай турду. Аңгыча айылдын этегиндеги камоктун ээси Элебай келип калды.

– Ой, Нурик, аракты акчаң болсо ичпейсиңби? Карызыңды төлө. Эки жүз сом карыз болдуң. Кемпир эмне дешин билбей, эски маасысынын кончуна бекитип жүргөн, чай, нанга деген акыркы акчасын алып берип, Элебайды эптеп жөнөттү. Сөгүнүп, кагынып кетти. Нурик болсо сүйрөлүп дагы көчө тарапка түшүп кетти.

Сайра кемпир Шарапат кошунасынын үйүн көздөй басты.

– Келиңиз Сайра апа, балаңыз дагы мас болуп келип мазаңызды алдыбы. Билбейм эми бул баланы эмне кылсак. Майлуу-Сайга дарыланганы жөнөтпөсө болбойт. Минтип иче берсе акыры жакшы болбойт го дегенде эненин жүрөгү бир эзилип алды. Эшиктин алдында сөрүгө олтуруп чай ичишип олтурду.

– Кечээ Керим келдим деп мага учурашканы барган экен.

– Ии, окуусунан суранып келиптир, сагынып кеткен го. Жогорку кайнагама учурашып келгени кетти. Эми булардын улуусу эле ошол кайнагам болуп калды да.

– Уулундан айланайын, келген сайын мени унутпайт. Өзү окуп жүрсө да мага деп белек-бечкек ала келиптир. Деги балаңа ыраазымын. Сен деле мындай балаң менен сыймыктансаң болот. Ыраазы бол.

– Ой, апа, эмнеге ыраазы болот элем. Бала деген эрезеге жеткенден кийин ата-энесин багыш керек, сыйлаш керек, урмат кылыш керек да. Антпесе аны мен кантип гана чоңойтподум. Кыштын узун түндөрүндө да эмизгенде даарат алып, ушул бала бир пакиза адам болсо экен деп жараткандан күнүтүнү тилек кылып чоңойтподумбу. Баланы колго аларда да: – Аузу биллаги мина шайтан ираажим, Биссмиллахир Рахмани Рахим – деп алып, аруу таза сезим менен бакпадымбы. Алладан тилесең тилегиңди берет эмеспи. Анан кичинесинен эмгек кылганга, кесип үйрөнгөнгө тарбияладым. Атасы да баланын иш кылып үйрөнгөнүн жактырчу. Беш балам бешөөсү тең эле эмгек менен торолушту. Бирөөсү да ичкиликке, же тамеки чеккенге жолободу, атасынан ыйбаа кылып турушчу. Ойлоп көрсөм деги баланы какус-кукус кылбаптырмын. Коркуткан сөзүм эле «силердиби, атаңарга айтамын» десем баары түздөлө калышчу. Балдардын атасы деле балдарды андай эле каарып жиберчү эмес». Эмнеси болсо да ыймана таза болсо болду. Кудай өмүрү менен ыйманын берсин. Баары бири-бирине күйүмдүү болуп өсүп келе жатышат. Ошонусуна ыраазымын. Ушул үй-жайды ушулардын күчү менен курбадыкпы, – деди Шарапат.

«Ушул ишти кылбаган, кылмак түгүл атасы алдына алып олтуруп алып: «Ии, жигит деген жигит деп стакандын түбүндө калган аракты ичирип, анан кана апаңды бир сөгүп кой» – деп ошого маашырланып чоңойтподубу. Мына эми көзгө сүрткөн баласы эмне болду. Бөтөлкөнүн түбүнө түшүп кетип чыга



албай жүрөт. Же атасы тирүү болсочу. Эмне кылам кудайдын салганы» – деп кемпирдин ичи туз куйгандай ачышып алды. Анысын Шарапат байкаса да ыңгайсыз сүйлөп алганына бушайман болуп унчукпады. Кемпирдин ичи өрттөнүп, ичкен чайы да кайда кеткенин билбей олтурду.

– Сайра апа эртели-кеч келип ысык жылык ичип турсаңыз. Кээде чакырмайынча келбей коёсуз да бузурман, эшиктеш теңири кошуна болсок, кирип чыгып турсаңыз. Биз сизди сагынып калабыз деген Шарапаттын сөзү көңүлүн элжиретип жиберди.

– Ыраазымын Шарапат, ыраазымын, айланайын. Силер болбосоңор көргөн күнүм не болот эле билбеймин. Дегенде көзүнө жаш тегеренип кетти. Аңгыча сырттан бирөөнүн үнү чыгып калды.

Сайра эне ушул жердеби, айтып койбойсузбу? Эненин жүрөгү шу дей түштү. Сөөрүдөн түшүп:

– Ким бул, – деди Сайра кемпир.

– Мен элемин, эне, – деп жогор жактагы Тиленбай туруптур.

– Кел айланайын, тынччылыкпы?

– Тынччылык болсо сизге келмек белем,кечинде уулуңуз мас болуп алып менин баламды сабап коюптур. Таппай жүрөм,аңгыча милиция да келип калды. Балаңыз кайда?

– Ой, ушул көчө тарапка чыгып кеткен, дагы бир жерде арак издеп жүргөндүр, – деп кемпир турган жеринде катып калды.

* * *

Баласын милиция алып кеткенден бери дареги жок. Керим Сайра кемпирдикине барып, отунун кыркып, эшигинин алдындагы сапсайган чөп-чарды чаап баарын жыйнап, терип-тепчип берди. Сайра кемпир алкаарга сөз таппайт. Бирок, Керимдин ар бир мына ушундай боорукерлиги, кайрымдуулугу, кемпирди жарасын жарып кайгыга салчу. Бирок бул Керимдерге кошуна болуп калганына өзүн бактылуу сезер эле.

* * *

Айылдын үстүндөгү дөңчөдө айылдын аксакалдары топтолуп маселе айтышып олтурушту. Керим аларга бал кымыз алып барып куюп берип, сөзгө муюйт. Ташбай чал төшүн жайкаган ак сакалын салаасы менен сылап коюп, куракташтарына маселе айтып, ал сөзгө аксакалдар баш ийкеп коштоп жатышты. Дал ошол учурда Сайра кемпирдин баласы мастыктын азабын тартып түрмөдө олтурган. Сөз адамдын ичи тардыгы, ниеттин бузулушу, ата-эненин кадыр-баркы тууралуу болуп жаткан. Ташбай чал улам-улам Керимге карап, ынтаа менен анын сөзүн угуп олтурганына курсант болуп: «Ээ, балам» – деп коюп сөз чубап олтурган. Анткени Керим мындай сөзгө жантыгынан жата калып укчу.

* * *

Ээ, балам, илгери-илгери ушул чөлкөмдү башкарган хан өткөн экен, ошол өзүнүн башкы вазиринин акылмандыгына, алысты көрө билгендигине, баатырлыгына бир жагы сыймыктанса, бир жагы коркуп, ага бийлигимди алдырып жиберемби деп чексиз санаага түшүп жүрөт, бул бир күнү элди өзүнө каратып алып, хандыкты менден жөн эле тартып алат го деген жаман ой санаасын тынчытпайт. Бирок ошол вазирдин кем акыл, омбу-домбу баласы болот. Ошол баласы бир душмандар менен кармашта, бир аксакалды аттан оодара саят. Душман жеңилип кайтып кеткенден кийин, хан баланы тымызын чакырып алып.

– Ой, баатыр уулум, сенин эрдигиңе таң калдым. Сен болбосоң биз душманды жеңе алмак эмеспиз. Сага мына бул канжарым белек, – деп хан жанындагы кылычын кынынан сууруп берет. Хандын кынсыз кылычын белекке алган бала жерге батпай, эл ичинде баатыр болуп чыга келет. Ага бир нерсе дештен тели-теңтуштары да тартынып калат. Анткени ал көңүлүнө жакпай калса, башын кыя чаап таш-



таштан кайра тартпайт эле. Муну көргөн атасы ичинен кейип калат. Бул хандын ниетинин жакшы эмес экендигин, ишинде кайсыл жерден жаза тайып калганын таппай кыйналат. Анткени атасы ханга ак ниет кызмат кылып келген. Атасынын акылы менен жеңген душманды хан белгилеп да койбогондон чоочуп калат. Ээ бул иштин арты кайырлуу болсо экен деп ойлонуп калат. Анткени хан менин уулумду чындап сыйлаган болсо кылычты кыны менен бермек, эмне үчүн кынсыз кылыч берди, ээ жараткан мунун акыры жакшы болсо экен, – деди ичинде.

Күндөрдүн биринде хан ууга чыгып келип, дагы вазирдин өпкөсү жок баласын элдин көзүнчө эле курулай мактап салды. Аскерге жүз башы дайындап коёт. Бул аны андан бетер делөөрүтүп таштайт. Жолуна тоскоол болгондорду, чындыкты айтып койгондорду тазалап таштайт. Хан болсо аны мактагандан мактай берет. Атасы баланын желин чыгарып коюунун жолун таппайт. Атасын да укпай калат, көз караят. Буга баланын энеси да, атасы да чоң кайгыга түшүшөт.

Дал ошондой учурда баланы хан чакырып:

– Эми уулум, сени башкы вазир кылып алайын дедим эле, негедир атаң эле каршы чыгып болбой жатат. Бирок сен аскердик сырды бекем сактаган адамсың го, атаңа мени айтты деп айтпагын, – дейт. Жигит:

– Ханым, сиз үчүн өлүмгө да даярмын, сизди айтты деп айтпай калайын, – деп ант берет. Бала атасын жолдон тазалоонун жолун издей баштайт. Күндөрдүн биринде атасы баласын ээндетип чакырып акыл айтмакчы болот. Бирок мындай ыңгайлуу шартты издеп жүргөн бала баягы хан берген кылыч менен алдыда келе жаткан атасынын башын кыя чаап, аны хандын жигиттеринин бирине шылтап, атамды өлтүрдү деп анын да башын алып салат.

Хан эң жакшы көргөн жан жигитинен, акылман вазиринен ажырагандан кийин, ошол жигитин шыл-

тоо кылып, баягы акылмандын баласын дарга астырып салат. Эл өз атасын өлтүргөн акмакты жакшы кылды дешип, ханды алкап кала беришет. Бирок ошондон көп өтпөй душман басып кирип хандын таш-талканын чыгарып чаап алат. Ошондо хан жаңылыштык кетиргенин билип башын мыкчып, андан көрө бийлигимди ошол баш вазириме берип, өзүм аталык болуп алсамчы деп ыйлаган экен.

Мына уулум, ичтен чыккан ийри жылан чакканда анын заары кайтпайт деген кеп ошондон калган, акылсыз баланын, ата-эне кадырын, анын баркын билбегенин душман пайдаланып кеткенин көрдүңбү. Ошондуктан атанын акыл сөзүнөн улук сөз жок, ата эч убакта балам жаман болсун дебейт да. Ал эми баланы бала кылып тарбиялаш ал бөлөк иш. Акылман сөздүн баркына ар ким эле жете бербейт, уулум, ошондуктан сөз наркын, сөз баасын билип өс, уулум. Бул Сайра энеңди баласы өлтүрдү, ал азыр тирүү жүрүп өлгөн адам болуп жүрөт. Аны жанагы аракеч баласы кайдан билсин, ага айтылган кайран сөз. Эми аны айыктыруунун бир гана жолу бар, аны жылаңачтап туруп, бир үйгө алып кирип алып, аракты айланасына шишеси менен тизип коюп, эси көөнүнөн чыккыс кылып, улам уукkан сайын жанагы аракты зордуктап ичирип, сабаш керек. Ошондо ал оңолот. Ага мыйзам жол бербейт. Доктурдун дарысы ал убактылуу, ал ошону менен жүрүп өлөт. Бирок өлгөнчө ал көп адамдарды күйгүзөт, балам, – деп чал үшкүрүп коёт.

– Ава, эмнеге муну ачуу таяк айыктырат, аракты таштатып эл катарына кошот деп ойлойсуз. Эми уулум мунун тарыхы чоң, илгери ата-бабаларыбыз, нашапоз, жинди, ушундай адамдарды ушул жол менен айыктырып келген.

* * *

Ошол учурда Сайра кемпир кайтыш болуптур деген кабар келип калды. Бул суук кабар айыл элин



терең кайгыга салды. Анткени ал баланын азабынан эле өлгөнүн баары билип турушту. Өлө турган кемпир эмес эле. Окуусуна жөнөп жаткан Керим кошуна кемпирди жашырып топурак салып кетем деп калды. Анткени Сайра кемпирди өз энесиндей урмат кылат эле. Анткени мына ушул кемпирдин мээрими, бир тууган айылындагы карыяларыдын мээрими менен, Ата Журтунун топурагынын жыты менен өспөдүбү. Анан ушундай асыл адамга кантип топурак салбай кетип калсын. Айыл эли түп көтөрүлө келип, Сайра кемпирди акыркы сапарга узатышты. Кайран кемпир өз өлүмтүгүн өзү ырастап койгон экен. Шарапат да тектүү жердин кызы экендигин көрсөтүп Сайра кемпирге ызат-урматын, кызматын көрсөтүп акыркы сапарга узатты.

## КЫЗ-БУЛАК ЖЕ ТАШТЫН КӨЗ ЖАШЫ

Эки жаш кыналышып, арча, кайың, четин өскөн бетте кыялап булакты көздөй чыгып баратышты, кыздын оймо-чиймелүү чыйбаркут чыптамасына согончокко түшкөн өрүлгөн чачы куп жарашып, андан бетер сымбатын арттырып, ал эми алибеттүү, башына ак калпак кийген, камчысын колуна бүктөй кармаган жигит кыз үчүн эле атайлап жаралгандай. Кыз жигиттин ийнине башын коюп кыналат, кыткылыктап күлгөн күмүш күлкүсү булактын үнүн жаңыртат. Жигит кызга кыз куумайда аты жүгүрбөй коюп кыздан жон талаштыра камчы жегенин айтып каткырып күлүп баратты.

Тээ бет маңдайда бул экөөсүнө назар салып олтурган карыянын жашы токсон жетиде, көзүнөн бир тамчы жаш жектесине таамып, ак дамбалына жетпей жок болду, көздө ыйлаганга жаш жок, көкүрөк, жүрөк гана ыйлап калган бул карыя качанкы он

жети жашындагы мына ушул жерде өткөн жигиттик кезиндеги окуяны, тагдыры тайкы махабатын ойлоп ыйлап олтурду. Бул ирет карыя чындап муңканып ыйлады.

Кыз булакка жетип, тамчылап көз жашка окшоп тамып жаткан булактан кочушуна сууну толтура алгач толукшуган жүзүнө чача бир ичиркенип алды да, кайра булактан алаканына алган сууну, жете келген жигитке чачып жиберди. Жигит бир солк этип чоочуп алды да баятан бирден-экиден терип келе жаткан гүлүн кыздын колуна карматты. Бул гүлдөн мындан токсон жети жыл мурда дал мына ушул булактын көзүнөн терип, карыя да Зейнешке берген эле.

Жигит кыздын жытына магдырайт, жыпар жыты жан эргитетет. Кыз жан-жагын улам карап коёт, бирөө жарым көрбөсө дейт. Махабат деген ушунчалык тартынчаак, кызганчаак, боюн жашырган сайын күчөп, сагынычты арттырат.

Андан карыя аш-тойдун, кыз оюндун гүлү болуп чертмек черткенде, менмин деп бой салып, теңсинбеген кыз-келиндер өздөрүн жоготконун билбей калар эле. Таң аппак атканча ак чөлмөк ойношуп, Сарай дүмпүлдөк ойношуп, тээ бер жактагы азыр какчыйып картайып калган чоң түп кайың ал кезде жетилген дарак болчу, ага салынган селкинчекте ыр ырдашып, анан кайтарда Зыйнаш экөөсү ээрчишип ушул булакка келишер эле, дал ушул кыз менен жигиттей болуп жүздөрүн тоонун муздак суусуна чайып,булактын күмүш шылдырын тыңшашып, анан аны коштоп кыңылдап акырын ырдашып, тоодон таң кулаңөөк салып келе жатканда айылды көздөй кайтышчу. Ал кезде булак минтип көз жаштай болуп тамчылабастан атырылып чыгып тоонун калың шиберин аралап агып жатчу эле.

Аларга тоо койнундагы чакан айылдагылар суктанышар эле, жаштарга болсо бул эки жаштын эмне жөнүндө сүйлөшөөрү кызык эле. Адам бою жетиле өскөн шашырды аралап, андан бери ат кулак өскөн



тегизге түшүшүп, жүрөк сырларын айтышып, келечекке кыялданышып, деги эле сөздөрү бүтчү эмес. Ал кезде бул экөөсүнүн махабатына, ак сүйүүсүнө тоскоол болчу эч нерсе жоктой туюлчу. Көөдөн эзилип чын жүрөгүнөн ыйлап олтурган карыя оюнун дал ушул жерине келгенде булактагы кыз жигитти жоготуп коюп, оюу чачыранды болуп кетти.

Көрсө, кыз менен жигит кожогат терип жешип тээ карагайлуу беттин бери жагындагы жылгадагы кожогат өскөн жерге чыгып кетишиптир. Мына, жигит кыпкызыл болуп эзиле бышкан кожогатты терип кызга бирден жедирип, бирин өзү жеп, кыздын ак седеп жытына мас болуп, борсойгон бөдөнө тумшук мамагына көз артып, кызга аяр мамиле кылып, эч жерине кол тийгизбей, бири-бирине суктанышат. Апаппак манжаларынан акырын жетелеп, таштан ташка алып чыгып, тээ сайда ийрелендеп агып жаткан Корумдунун суусуна суктана карашып, кагжайып калган арчанын бутагына кыналышып олтуруп, жигит коңур добушу менен ырга кирбейби.

Корумду менен Он-Ачар,
Гүлкайыр жайда гүл ачар.
Сен деп бир батам санаага,
Көңүлдү жаным ким ачар.

Көңүлүңүздү мен ачам да деп, чекелери миң түркүн жип менен саймаланган жүз аарчыны жигитке акырын бүрмөлөгөн жеңинин ичинен алып бергенде жигит дүйнөдө эң бактылуу адам болуп: «Эхе, хей тоолор, көрдүңөрбү, мага Зыйнашым эмне берди» – деп кыйкыргысы келип толкунданып турду.

Дал ушул окуя өзүндөй кайталанып ушул карыянын башынан өткөн эле. Болгону анда булак минтип тамчылабастан, шылдырап тоонун жетиле өскөн шиберин аралап агып турчу. Анда жайдын дал ушундай толукшуган мезгили болчу. Жайлоодо той болуп, тойдо аламан байге коюлуп, андан соң ит тар-

тыш, кыз куумай, эңиш, жамбы атмай болуп бул Тукай жигиттен эч ким өтө албай, кыз-келиндер ээндете жигитке гүл ыргытышып, ушул жигитти тымызын ээлеп алууну эңсешчү. Анда Зыйнаш он төрттөгү буралган, эки өрүм чачы чубалган, башындагы саймалуу топусу куп жарашып, мойну ак куунун мойнундай созулуп, койкойгон келбеттүү да, сулууда кыз болчу. Шуру мончоктору мойнуна жарашып, албырган жүзү кызарып,жигиттердин ышкы отуна от койчу. Эл таңкы уйкуда жатканда Туку менен кыз ушул булакка келишип, таң кулаңөөк салганча олтурушуп, анан таңга маал боз үйлөрдү көздөй басышып, үйгө жакындаганда экөөсү эки жакка бөлүнүп кетишчү. Муну бир гана кыздын жеңеси билчү, калган адам билчү эмес. Эх ал кез махабатка мас убак болчу.Кыз жигиттин мойнуна асылып, кызды көтөрүп тегеретип, гүлдөрдүн арасында ооналактап жатып калышчу. Анда булактын суусу тээ Корумдунун суусуна жетпесе да акактай тунук тамчыларын суу жээгиндеги бүлдүркөн, бадал чөптөргө чачыратып шылдырып ылдый көздөй не бир керемет обон салып, не бир күмүш күлкүлөрүн чачып агып жатчу. Суунун даамы, сүттөй аппак түсү, муздактыгын башка булактардан айырмаланып турчу. Булак кичинекей үңкүр сыяктуу таштын боорунан атырылып чыгып, анан чөп аралап ылдый көздөй жүгүргөн балача агып жөнөөр эле.

Тукай анда Жанай байдын жылкычысы болчу. Алдындагы бос айгыр алкынып, тоонун абасын жиреп, бетегелүү беттеги жылкыларды көздөй жөнөгөндө жөн эле өзөндөн соккон жел аргы эле. Айгырды алчылантып минген Тукай өзүнчө эле сымбаттуу болуп, карааны тоодой көрүнүп, он жетидеги жигиттин келбети зыңкыйып Манастай туюлчу айылдагыларга.

– Ээ, Туку, Жанай бай жигитти ушунтип чакырчу.

– Айтуякты алып келип таңга маал токуп кой, эртең бизди тигил Мырзабек бай конокко чакырып



жатыптыр. Жеңең минген Чолок куйрукту да алып кел. Анан койчуларга чыгып айт, куйруктуу козудан бирди алып келип союп, бышырып койсун.

– Макул, бай ата, – деди. Жигит жылкыларга аттанып бара жатып, негедир жүрөгү бир жамандыкты сезгендей бир зырп этип алды. Кыз-Булакты көздөй бастырды, негедир Зыйнаш булакка келбептир, жигит уктап калса керек деп, аттын оозун буруп жылкыга чыгып кетти.

Бай күн аркан бою көтөрүлүп, жерге жайылып калган кезде байбичеси менен ак куржундан экини эки атка салып, козунун бышкан этин алышып, Мырзабек байдын конушун көздөй жөнөп кетишти. Шоруң каткан Туку Мырзабек бай менен Жанай карын куда экенин кайдан билсин. Мырзабек бай дайыма Ашуу-Төрдө жайлачу. Жанайдын алысыраак тууганы болчу, байлыгы жагынан экөөсү бир биринен кем калышчу эмес, экөөсүнүн талашы Корумдунун үстүндөгү Ат-Жайлоо болчу. Бир жылы бул чыгып, кийинки жылы Мырзабек бай чыгып алып экөөсү ушул жерди талашып, жигиттери бири менен бири чабышканга чейин барышып, кайра кысыр эмди тай союшуп, жарашып эле жатышчу. Дагы ушул Ат-Жайлоонун чатагы болуш керек деп ойлоду Туку.

Байдын жоктугунан пайдаланып кыз-жигиттер жайдын толукшуган түнүндө, кыз оюнду курушуп, таң кашкайып атканча бир кумардан чыга ойношту. Эми андагы обондорду, айтыштарды, канаттуу куштай учкан селкинчекти айтпа. Ак чөлмөктү издешип, жоолук таштамай ойношуп кыз- жигиттер бирин бири сабап, ырдын акесин таанытып, бир кумардан чыга шаңданып алышкан. Зыйнаш менен Туку булактын көзүнө келишип, асыл максаттарын айтышып, кынашыла олтурушту. Бул олтуруу акыркы экенин алар кайдан билишсин.

– Билесиңби Зыйнаш, мен сени тээ Кокуй-Белди ашырып, мына бул аргымакка өңөрүп, Таласты көздөй алып кетем. Анан экөөбүз кыргыз-казактын жигиттери катышкан чоң той кылабыз. Ии, анда менин атам сизге уруксат береби.

– Бербей анан, мени өз уулумдай көрөм деген, ал түгүл үйлөймүн дебедиби. Анан экөөбүз көп балалуу болобуз, жылкыларды айдап, конуш тандап конобуз.

– Ии коюңузчу, – деп кыз назданат. Ансайын Туку тилегин айтып, тээ ай төбөсүнө илинип турган Он-Ачардын аскасынан да бийик болуп узактарга кыял сермейт. Булардын оюн ырастагансып аңгыча карагайлуу беттен баюулу үн салат, кыз коркуп кетип жигитке ыктайт. Жигит кызды алибеттүү колу менен сыга кучактап боюна тартат.

Оо, ал кезде теңчилик жок заман, оозу кыйшык болсо да байдын уулу сүйлөсүн заман болчу. Жанай бай коноктон эртеси кайтты. Көңүлү куунак, анардай жүзү албырып, суусар ичикти желбегей жамынып, Айтуяк жоргого чалкалап олтуруп, аттын үстүндө сеңселип келе жатты. Байдын жүрүшүн кырандан байкап турган Туку болду-болбоду Жанайдын жайдары, иши көңүлдөгүдөй болуп келе жатканын түйдү. Байды утурлай келип, ак өргөөгө жакындаганда аттан түшө калып Байды утурлай атын алып амандашты.

– Ассалоому алейкум баатыр, мал-жан аманбы? – деди бай.

– Шүгүрчүлүк, – деди Туку.

– Эми тойго даярдалаңы, – деди күтүүсүздөн Жанай. Туку кандай той экенин айтырбай түшүнүп, жүрөгү солк этип алды да, бүткөн боюнан чыбырчыктап тер чыгып кетти, жоргону четин мамыга байлап, айгырына так секирип минип, Ат-Жайлоону көздөй жүрүп кетти. Көкүрөгү ыйлап баратты. Ошондон бери Зыйнашты көрбөйт, жигиттери кайтарып боз үйдөн жеңелери кадам жылдырбай кармап калышты. Анын көз жашы көл болуп жатканын Туку айттырбай түшүндү, ушул ирет колунда жоктуктан сынды, же анысын байга айта албады.

Ошол Жанайдын Ашуу-Төргө болгон сапарынан кийин бир жума өтүп, Мырзабек байдын айылы түп көтөрүлө Корумдуга жер жайнаган мал айдап келишти. Төөдөн тайлактары менен тогуздан, Ак боз бээден кулундары менен тогуздан, желиндери жер чийген саан уйдан музоолору менен тогуздан, тогуз жүз кой-козусу менен айдап келип, Корумдунун Он-Ачарга караган төрү малга шыкалып калды. Мындайды күтпөгөн Жанайдын айылындагылар, кайсыл байдын малы, кайсынысы өздөрүнүкү ажырата албай калышты. Жер жайнаган мал жайлоонун көркү болуп эле жатып калды. Он төрт жашар кызын берип жатканына Чүңөттүн оозуна он төрт ак өргөө көтөртүп меймандарга даярдык көрүлгөн. Меймандар жай жайын келип түшүп,эл конокторду кабыл алып жатканда жылкы четинде эки күндөн бери уктабай сансыз ойдун санаасында калган Туку чабышып ажыратып алайын десе жалгыз, байлык менен алайын десе жылкы багып акысына алган бышты чыкмадан башка малы жок, тууганды бел кылайын десе камчыга сап болор туугань жок айласы куруп, эми тээ кыраандагы жанаша тигилген эки боз үйдүн ортосунда шырдактын үстүндө калың салынган төшөктө жамбаштап жаткан Жанай бай менен Мырзабек байдын алдынан камчыны сүйрөп өтүп, сынгандыгын билдирүү эле, жигиттин сынганы өлгөнү эмеспи, Жанай бай түшүнсө түшүнүп калар, түшүнбөсө бешене ошол деген чечимге келип, ошондон ары Таласка ашып кетип, бул чөлкөмдөн жоголууга тура келди, кайсыл жигиттик намысы менен Зыйнашын бирөөгө колуктуу кылып узатсын, ушул ойлор менен алпурушуп, анан илкий басып, ылдый көздөй жөнөдү, анан Сары-Үңкүрдүн ары капталына байланган өзүнүн Чаптар торусуна минип Таласка ашып кетиштен башка арга калган жок. Өлөйүн десе үзүлбөгөн үмүт, куш айланып туурун табат демекчи, Кудай кайрадан багын ачып Зыйнашына бир кезигер. Сынгандыктын белгиси Туку байга камчысын сүйрөп өтүп кетип, ошондон кайра кайтпай тургандыгын түшүндүргүсү келди.

Башын жерге салып, камчысын сүйрөп тушунан өтүп бараткан Тукуну көргөндө Жанай бай оорду-

нан ыргып турду. Кайрадан Мырзабек байдын алдында сынып калбайын деп тишин тишине басып, ичинде: «Ушуну көрбөй көзүм кашайган экен да, неге тубайдым экен, ичи туз куйгандай ачышып, Туку аркага кайт деп айта албай, ишенген он колунан айрылганын сезген Жанай оор күрсүнүп алып кайра олтурду». Муну байкаган Мырзабек бай байкасада билмексен болуп койду. Анткени байдын кызы менен жылкычысынын көңүлү бар деп уккан эле. Туку барып Чаптар торуну минип, алгач Кыз-Булакка барды, Зыйнаш берген жүз арчы менен жүзүн арчып, суудан кана бир жутуп алайын деп барган, булак соолуп, таштын жаракасынан тамчылап суу таамп турганын көрүп Туку өксүп-өксүп ыйлап алды. Эмнеге суу чыкпай калды, бул Зыйнаштын күлкүсү беле, анын күлкүсү тыйылганда, булак да тыйылып, ыйлап жатты бекен, бул чындап эле Кыз-Булак болгон тура, теңсиздиктин жоктугуна өксүдү, булакча жоктугуна буулукту, булактын ыйлап турганын көрдү, ыйлай берип көз жашы соолуганын түйдү, тамчылаган сууну аяды. Байкаса көзүнөн жаш чыкпай калган экен, ушул саам, Зыйнаштын көзүнөн жаш чыкпай солуктап сулк жыгылып, эки күндөн бери наар албай жаткан эле. Туку ордунан араң туруп атка араң минип Ой-Алмага салып, Кара-Токону көздөй өр талашып чыгып баратты.

Оюнун дал ушул жерине келгенде күн уясына батып кетти. Көкүрөк муңу менен ыйлаган чал, аса таягына сүйөнүп, ордунан араң турду.

– Ата, мынча көп олтуруп калдыңыз, жүрүңүз, үйгө, – деп небереси колунан тартып оордунан тургузганда кыз менен жигит кыраан-катккы күлкү шаңга батып, кожогаттуу беттен түшүп келип Тамчы-Булакка токтошту.

– Уулум, бир аз токтоп турчу, белимди түзөп алайын, – деп, небересинин колун кармап турган Туку карыя Тамчы-Булак тарапты телмирип карап турду, балким, бул көрүнүш карыя үчүн акыркысы чыгар. Илгери бул булакты Кыз-Булак дешчү, эмикилер Тамчы-Булак дешет, бирок бул оор тагдыр Туку карыянын тагдыры менен байланышканын мында бир жан билбейт. Бул булактын аты Кыз-Булак экендигин да жан адам укпаган, элдин бары Тамчы-Булак дейт.

Эки жашты карап турган карыянын көзү тумандап кетти.

– Оо, эгиз козудай ээрчишкен айланайындарым, мен туш болгон тагдырга силер туш боло көрбөгүлө. Булактын көз жашынын тамчысы бул менин Зыйнашымдын көз жашынын тамчысы экендигин силер кайдан билдиңер. Ынтымактуу болуп, тунук махабатыңар көз жашка айланбай, сүйүүлөрдүн дайрасына кошулса экен, – деди карыя.

– Кимге сүйлөп жатасыз, чоң ата, – деди неберси.

– Өзүмчө эле, – деди карыя. Анан бул окуяны небересине айтып берсемби – деп оозу барбады.

– Өзүңүзчө эле сүйлөй бересизби, – деп небереси карыяны жетелеп дөңчөдөн ылдый түшүп келе жатышты.

## Пролог ордуна

Бул окуяны Туку абамдан алгач укканымда жомок экен деп түшүнбөй калыптырмын. Кийин бул жомок эмей эле болгон окуя экенин түшүнүп жүрбөйүмбү. Эми Тамчы-Булакка келген сайын Туку авамдын арбагына багыштап куран окуп жүрөм. Баса, карыянын өлүмү да кызык болуп, боз үйдөн чыгып кеткен карыяны үйдөгүлөр таппай кечке издешип, анан ушул Тамчы-Булактын көзүндө ташка башын койгон боюнча өтүп кеткен жеринен табышкан экен. Элден уялып, балдары да аны эч кимге айтпаган тура.

## ӨЛҮМ АЛДЫНДАГЫ ЧЕЧИМ

Сейде кемпирди ооруканадан чыгарып бергенден бери санаасы тынчыбайт. Эстүү байбиче адам болбосун сезип калган. «Эми мейли Алла берген өмүрдү жакшы эле жашадым, уул-кыздан гана кудай азыраак айтып калыптыр. Жалгыз уулду караан кылчу элек, орусча окутабыз деп андан да кол жууп олтурабыз, шаарынан келсе келет, келбесе жок, келсе да ишим калды деп шашылып эле кетет. Жаныбыз аман болсо андан эч нерсе деле үмүт кылбайт элек. Оо, Кудай, менин көзүм өтүп кетсе мына бул сакалы белине түшкөн байкушума эле кыйын болот го. Муну карт текедей кылып ким бакмак эле, жанагы желкесинен жогору кыркылган чачын бир жумада он жолу боёп, ээрдине кызартып эндик коюп, эки сөзүнүн бири «папам, мамам» деп олтурган жез кемпирдей келин муну өмүрү карап койбойт го. Ал жанына жологондон жийиркенет да, ушул абышкамды карайт беле. Менин көзүм өтүп кетсе бул кор болот». Мына ушул ойлор менен алпурушуп көктү тиктеп төшөктө жаткан Сейде эненин бешенесинен чыбырчыктап чыккан терди кол жоолук менен арчыган Кекебай чалды жакындан бери ой басып калганын байбичеси да байкап калган.

– Ээ, абышка, мени угуп жатасыңбы? – деди Сейде араң онтолоп.

– Угуп жатам, кемпир, угуп жатам.

– Тигил баландан кабар жокпу?

– Келем деген экен жок ко, жумушунан колу бошобой жаткан го.

– Ээ, атасы, анын жумуштан колу бошобой эмне шаарда малына чөп чаап жатат дейсиңби, машинасын минип чапкылап жүргөндүр да жанагы түйтөк чачты багам деп. «Орусча билсин, чоң болот балам» деп кайдагы орус мектепке окутуп, андан Маскөөгө окутам деп мына окутуп коюп, анын айылга келбей койду. Бир мекемеге чоң имиш. Мекеменин чоңу деген кайда барса өзү билет деп уккам, анан келип турса болбойт беле.

– Ээ, байбиче, аны бир айтасыңбы эки айтасыңбы, ал ишканасынын түйшүгү эле көп деп уккамын. Эки жүздөн ашык адам колунда иштесе, аларды багуу жөн иш эмес го. Эмнеси болсо да тынч эле болушсунчу.

– Ай, абышка менде бир сөз бар. Угуп жатасыңбы?

– Айта бер, угуп жатам.

– Угуп жатсаң мындай. Мен эми адам болбойт окшоймун.

– Ок, оозу жаман кемпир, кесир сүйлөбө, андан көрө кудай деп, жакшы тилек кылып тур.

– Ээ, аның чын дечи. Бирок кудай алам деп калды окшойт го. Түшүм да бузулуп калды. Эми мени уккун. Тигил Арал деген жеринде менин бир синдилерим бар, жалгыз баласы менен бир үйдө турат, мени кошунага дайындап кой да эртең барып ошону көчүрүп кел, мени карасын.

– Ой, аның мал-жанын таштап сага келе коймок беле,бир тууган balaң келбейт да ошол келмек беле, аның деле элүүдөн ашып калды.

– Келет абышка, мени айтсаң келет. Ал мен сага өмүр бою карызмын эже, сенин кылган жакшылыгыңды кантип актаар экенмин, – деп жүрчү, ошол сөзү эсинде болсо келет. Менин акыркы өтүнүчүм, барып көчүрүп кел, – деди.

Бир чети туура көрүп турса да чал келеби, келбей коёбу деп эки анжы ойдо турду. Ооруп жаткан немени санаасын тынчытайын, келип калса оокат ашын кылып берип турса жакшы болуп кетер деген бүтүмгө келди Keke чал. Эртеси кошуна келинге Сейде кемпирди тапшырып, кемпиринин төркүнүнө кетти.

Абышкасы кеткенден кийин кемпир ары барып, бери келди. Кыязы, чалынын келишин күтүп эле өлбөй калды.

Жол ката Кеке түркүн ой менен алек болуп бара жатып, аталаш жалгыз эле бир тууганы бар, ошонусу эсинен кетпей баратты. Анткени ошол инисинен да жалгыз уулу калган. Иниси кырсыктан каза болгон. Эми ошол инисинен калган чунактын кылган жумушун карабайсыңбы. Ой, өзүнөн жети жаш улуу, экини төрөп балдары токтобой, эринен ажырашып, айылда жүргөн бир келинди алам деп, тополоң салып жатканын. Аны Сейде уккан жок. Сүйүп калган имиш. Илгери аксакалдар айтчу, сүйүүнүн көзү сокур деп. Эми сокур деп эле туш келгенди сүйүп кала береби десең. Ой, айылда апасы өппөгөн, эмчегинин үрпү кетпеген, бөдөнө тумшук мамактуу, басса ак маралдай чайпалган, ак куу моюн не бир сулуу кыздар кылактап жүрсө, таап сүйгөнүн карабайсыңбы. Ой, аны жанагы келин башын айландырып, молдого акча берип окутуп салган. Болбосо кудай урбадыбы, ышкындай буралган жаш жигит өзүнөн жети жаш улуу немени алам деп тополоң салганын, атасы болгондо да баланды тарбиялаган сени деп сөкмөкмүн. Эми келинге аны кантип айтмак элем. Антейин десем өзүмдүн баламчы. Аны ким айтат такыр эле орус болуп, орустан келин алып кетип калбадыбы. Ой, аты кыргыз болгону менен ал келин сөрөй да кичинесинен Маскөөдө окуп, орус эле болуп калган. Түк кыргызча билбейт. Алып келгенде Сейде башына жоолукту араң салбадыбы. Байкуш байбичем чала-була, анда-санда билген орусчасын тантырап атып.

Негедир кудай Кеке чалдын ишин чаташтырып жатабы белгисиз. Кекенин атасы менен бир туугандын баласы да келинчеги менен жакшы болбой, туубайт деп ажырашат имиш. Аны да кечээ Кеке чалдын кулагы чалып калды. Атандын оозун гана ура-



йын десе тектүү жердин кызы деп, бой жетип, окуймун деп, гүлкайырдай буралып турган кызды куда түшүп, окууга да жибербей, кадыр-баркымды салып жатып алып берсем, эми төрөбөйт деп, ой эмне болуптур али жаш, Кудай берем десе жыйырма беште кийин деле төрөй берет. Эми ал келинди адамга кылган мамилеси, үй тутканы, эмгек кылганы деги кынтык таппайсын. Сейдени эки жылдан бери ушул келин карады. Ырысы жок жаман, ушундай кемтиги жок келинди чанганды ким койду экен десең, ал дагы бирөөсү сүйүп калганыбы ким билет. Ушул ойлордун кучагында жүрүп олтуруп, Аралга барып калганын билбей калды.

* * *

Батыштын үйүндө бозо ичип олтурушуп, Чакай жөнүндө, ал аламын деген келин жөнүндө кызуу сөз жүрүп жатты. Аны да Батыштын келинчеги баштап койбодубу.

– Чакай тигил ак маралдай керилген Бегим сулууну алат имиш, – деп.

– Бул сөз Батышка жаккан жок. Анткени Чакай экөөсү жакшы мамиледе жүрчү.

– Ой катын, оозуңду карап сүйлөчү, ошол өзүнөн улуу, анан да эрге тийип экини төрөгөн немени Чакай башына урмак беле. Ал деген тээ Кеке чалдын тукумунан, нарктуу, тектүү жердин бүлөсү, Чакай деген апасы өппөгөн кызды, чекесине чертип көрүп алат. Экинчи андай сөзүңдү укпайын, – деди.

– Батыштын оюн баятан бери бозого кекирип, өлө тойгон Тойгон бузду.

– Ой, аяш туура айтып жатат. Ал Кеке чалдынбы, Беке чалдын тукумубу, аны ит билсинби, мен аны ошол Чакайыңды өз оозунан укпадымбы.

– Укпайсың, – деди – бозого тойгон Батыш тигинин оозун жапмакка. Ит билсинби деген сөзү Ба-

тыштын жанына батып кетип ордунан ыргып турду.

– Эмнеге укпайт экенмин, – деп столду тарс эткизе бир чапты Тойгон.

– Ой, эмне бозого тоюп алып, бул жерде столду муштап мага үстөмдүк кылганы жатасың. Жинди болдуңбу, – деп Батыш ордунан турду. Экөөсү жакалашып, кана сыртка чык сүйлөшөлү деп сыртка жөнөштү, дасторконго бата да кылышкан жок. Тотой түрмө көргөн неме жанынан бычагын сууруп чыкты.

– Ой, силер эмне жинди болдуңарбы – деп Батыштын аялы чыңырып сыртка атып чыгып, кошуна колондорго жар салып бакырып-өкүрүп жардам чакырып жатты.

* * *

Кекебай аялынын алысыраак сиңдисин үч жашар баласы менен алып келди, аял ыймандуу неме экен, эжем чакыртып жатса кантип барбай коёюн деп үй-жайын инилерине тапшырып келе берди. Башы бош неме кайда барам десе өзү билет турбайбы.

Кекебайдын байбичеси, алыс болсо да бул сиңди тутунуп калган келиндин келгенине кыйла эле жандана түшүп, жүзүнө кан жүгүрүп калды. Жанында олтурган күйөөсүн:

– Сен сыртка чыгып короо-жайды айланып келчи, мен сиңдим менен жеке сүйлөшө турган сөзүм бар, – деди байбиче чечкиндүү.

– Макул байбиче, макул, – деп Кекебай сыртка чыгып кетти.

– Мындай олтурчу Кадича, – деп сиңдисин жанына жакын тартып алсыз добушу менен жанына чакырды.



– Кандай сөзүң болсо да аткарам дечү элең убадаң эсиндеби, – деди кемпир алсыз үн менен.

Эсимде, – сизге ошол үчүн келдим да, – деди кемпирдин көңүлүн көтөрүп.

– Анда угуп тур. Мен жездең менен он эки жашымда баш кошконмун, экөөбүз чогуу өскөн козудай эле болуп калдык. Элүү жыл ашык өмүр бирге туруппуз. Эми жездең ата сакалы ээгине бүтүп карыган кезинде мен минтип айыкпас дартка чалдыгып олтурам. Мени доктурлар адам болбосумду билип эле үйүндө өлсүн деп чыгарып берди, аны жездең деле сезип турат. Эгер менин көзүм өтүп кетсе бул кор болот. Жанагы орус келин ушуну карамак беле, мен минтип аркы дүйнө менен берки дүйнөнүн ортосунда турганымда бир басып келбейт да, кайнатасын карайбы, карабайт. Андыктан менин сенден бир өтүнүчүм бар, менин эки-үч күндүк өмүрүм калды.

– Коюңузчу антип айтпай жакшы тилек кыла бериңиз, жакшы болуп кетесиз. Мындан ары айыгып басып кеткениңизче сизди өзүм караймын, жууп тараймын, тамак-ашыңызды чыңдасам эле жакшы болуп каласыз, – деди сиңдиси эжесинин акыбалы оор экенин көрүп турса да.

– Андай асыл тилегиңе чоң рахмат. Бирок менин айтайын дегеним башка. Эгер сен чындап мага күйгөн жан болсоң менин айтканымды аткаргын. Эртең молдону чакырттырып жездеңе нике кыйдырамын. Макул десең мен эки дүйнө сага ыраазы болом, – деди байбиче акыркы күчүн жыйнап араң сүйлөп.

– Коюңузчу эл эмне дейт, сиз турбайсызбы. Мындай кантип болсун, – деди,келин шашкалактап.

– Болот, – деди, кемпир чечкиндүү. Келин терең ойго батып олтуруп калды.

– Жездеңди чакыр, – деди кемпир. Эми сен сыртка чыгып тур. Мен чалым менен жекеме-жеке

сүйлөшүп алайын, – деди кемпир. Келин эмне дешин билбей сыртка чыгып кетти.

– Эми жаныма жакын олтур сага айтчу акыркы сөзүмдү ук, чалым, – деди кемпири.

– Мен мына бул Кадичаны бекер алдырып келген жокмун. Менин көзүмдүн тирүүсүндө ушуга үйлөнөсүң, – деди кемпир өктөм сүйлөп.

– Ок, оозуңа кемпир, кайдагы жорукту баштап жатасың, эл эмине дейт, – деп чал чок баскандай ордунан секирип кетти.

– Кемпир акыркы күчүн жыйнап сүйлөп жатты. Эл айтса айта берсин. Эл жакшы кылыптыр, – дейт. Эмне демек эле. Менин көзүм өтүп кетсе сени ким карайт, кор болуп өлөсүң, ансыз деле үстүңдөгү жекте ыштаның жуулбаганына кыйла болду. Оо, шоргелдейим. Сени кантип жамандыкка кыймак элем. Тырнактайда баш кошуп, элүү жылдан ашык бирге жашап, жаман сөзүңдү уккан жокмун. Жонума эр болуп камчы чаппадың, кор кылбадың. Анан кантип сени жалгыз таштап кетейин.

* * *

Батышты Тотой мас болуп бычак менен сайып таштаптыр деген сөз айыл ичине чагылгандан тез тарады.

– Ой, анын колунан келет, ал түрмөгө көнүп калган неме, ал жөн жүрө албайт, – десе. Дагы бирөөлөр ал арактын, бозонун күчү да дешип жатышты. Кекебай чапанын эки өңүрү делбеңдеп Батыштыкына жетип барып, окуяны териштирип, баарын сөгүп кагып, кейип келди. Доктурларга рахмат, кесилген ичегисин убагында операция кылып улап жаңын аман алып калыптыр. Катыны караганы кетиптир. Доктурга бара алган жок. Ал эми Тотойду болсо милициялар алып кетиптир.



* * *

Бирөө өлгөнү жатса бирөө тойлоп жатат деген ушул. Чакай ушул учурда өзү сүйгөн келинди алып Россияга сапар тартууга камынып жаткан. Күтүүсүздөн эле Кекебай авасы келип калды. Чакайдын бул окуяны авасы кайдан уксун деп көңүлу ток эле. Өтүктүн кончундагы камчыны сууруп алып эле Чакайды башка-көзгө чаап кирди.

– Атаңдын оозун урайын ит урган десе. Эмне катын ала турган болуп калдыңбы? Эмнеге бир ооз мага барып акылдашпайсың? Көзүң карайып, эмне иш кылып жатканыңды билбей калган экенсиң да. Чакай сөз кайрый албады. Камчынын заары денесин ууктурса да чыдап унчукпай олтуруп берди. Чал босогого чапанынын өңүрүн алдына салып олтуруп, заары бетине чыгып турду. Эмне кылганы жатасың, кана мага айтчы – деди, Кекебай энтигип.

– Иш бүтүп калды, ава мен үйлөнүп Россияга кетип жатам.

– Оо, атаңдын оозун урайын, силердей тууганым жок, бириң өлүп, бириң кал деп чал чапанын кагып силкип үйүн көздөй жөнөп берди. Чалга бир ооз айтып акылдашып койбогонуна чынында Чакай өкүнүп олтурду, назардан калдымбы деп да коркуп кетти. Алыс жолдо бир кырсыкка кабылбасам экен деди ичинде. Бирок жаңы алган аялына бул окуяны айткан жок. Анын үстүнө Россияга барчу каражатын баарын аялы көтөрүп жаткан. Кайра кайтканга жол жок эле.

* * *

Кичинекей кыз Кекебайдын үйүнө жүгүрүп келди.

– Чоң ата, Садыр акем мас экен, аялын сабап жатат тезирээк барыңыз деп. Эми Кекебай чал аны-

сыныкына жүгүрүп кетти. Барса келини таңылчагын таңып кетүүгө чак болуп калыптыр. Төрт бөлмө үйдүн ичи аңгырап бош. Келин буркурап ыйласа адам жанына тура албайт.

– Чалды көрүп, андан бетер буркурап ыйлады.

– Мен мындан ары Садырдын кордугуна чыдай албаймын. Балалуу болбой жатса ага мен күнөөлүү эмесмин. Ал болбогон эле шылтоосу. Баары арактын айынан болуп жатат, – деди келин.

– Келиним сабыр кыл айланайын, бир ачууңду мага бер. Минтип энеңдин да акыбалы оор, сенден башка бизге каралаша турган адам жок. Сен кетип калсаң менин көргөн күнүм не болот, – деп Кекебай буркураганда көздөн аккан жашы сакал ылдый куюлуп кетти.

Аңгыча келиндин төркүндөрүнөн адам келип, келиндин жүктөрүн машинага жүктөй баштады.Чоң агасы келген экен Кекебай авага: – Иниңизди кой деп койбойсузбу дегенде жети өмүрү жерге кирди. «Азыркы жаштар бирөөнүн сөзүн угабы, укпайт да» – деди жүк ташып жаткан сары келин. Ошентип келини да жолго түштү. Деги эмне болуп жатам – деди Кекебай ичинде. Биздин урукта мындай тескери жолго баскан кежирлер жок эле, кудай өзүң сактайгөр. Астаапырла, астаапырла – деп үйүн көздөй бара жатты.

* * *

Үйүнө барса үйүндө айылдын молдосу чай ичип олтуруптур. Кекебай менен кучакташып абдан жылуу саламдашты. Кызы, Сейде молдону да бышыктап койгондой, Кекебайдын корккону эле эл, иниси ажырашып жатса, бир иниси өзүнөн улууну алып Россияга кетип жатса мындай чырмалышкан окуялардан башы айланган Кекебай эмне кыларын билбей нес.



– Бу Кеке байбичең туура иш кылыптыр, жакшы болуп кетсе үчөөң бири-бирие эриш-аркак болуп жашай бересиңер, жаман айтып жакшы жок, байбичеңдин көзү өтүп кетсе мунун да санаасы тынч жатат. Мындай иш ата-бабада болуп эле келген. Нике кайып дейт шариятта, олтургула Сейденин өтүнүчүн аткарып коёюн, элге-журтка деле сөз кылбай эле койгула. Бара-бара эл деле көнүп кайра Сейде кемпирдин бул ишине алкыш эле айтат, – деди молдо. Сейденин сиңдиси деле ары ойлоп, бери ойлоп макул болгондой эле болуп калды. Антпешке чара жок эле, жаш кезинде суугa агып бара жаткан жеринен ушул Сейде сууга боюн таштап куткарып калган. Эми Сейде кемпир сууга акканы олтурганда таштап кетип калууга чарасы жок эле, анын үстүнө башы бош болсо, айылында болсо Кадичаны ала коё турган эле адам даяр туру дейсиңби, анын үстүнө карай турган малы, жага турган отуну болбогондон кийин.

Кекебай да өлгөнү жаткан кемпирдин көңүлүн кыя албай бир жагы мындай ойду тапкан кемпирине ыраазы болуп, көзүнөн жашы мончоктоп күнөөлүү баладай башын ылдый салып, унчукпай олтурду. Молдо никени кыйып, Ашырбай уулу Кекебай Датка кызы Кадичаны алганга никесин кабыл туттуңбу дегенде чал араң башын ийкеди. Ошентип кемпири өлбөй жатып Кеке чал үйлөндү. Эми эртең эле айыл ичи дүң болот, – деди ичинде. Элдин бетин кантип караар экенмин деп олтурду.

* * *

Кеке чалдын дагы деле эсинде апасы ыраматылык ырга, күүгө шыктуу, шайыр, мыкты ырдаган, жомок-санжыраларды мыкты айткан адам эле. Ошол апасы жомок-айтып жатып, «Ошентип кесип үйрөнөм деп жолго чыккан Чонтой күндөп-түндөп

жол жүрүп келе жатса эки айрылыш жолго кез келет. Анда тактага жазып илип коюптур, оңго жүрсөң өлүмгө барасың, солго жүрсөң көмүргө көмүлүп өлөсүң, – деп эмне кылуу керек деп Чонтой жол боюна олтуруп алып жолго деп алган азыгын жеп олтурса,бир карыя кез келет,карыяны нан жеңиз деп жанына олтургузат да:

– Ава, айтыңызчы кайсыл жолго жүрсөм оң, оңгобу же солгобу дейт. Карыя:

– Сен кайда бара жаткан жолоочусуң деп сурайт. Мен кесип үйрөнүп, жер көргөнү бараттым эле. Ушул жолго туш болуп кайда басарымды билбей турам.

– Акыбалың оор экен, максатымдан кайтпаймын деп бул жолго баргандардын эч бири кайтпаган. Эми сен мени менен кал. Мен өлөр чагым болду, ушу жашка жеткенче үйрөнгөндөрүмдү сага таштап кетейин, бирок бир шартым бар аткарсаң үйрөтөм, аткара албасаң азыр ачыгыңды айтып жолго түш – дейт.

– Шартыңызды айтыңыз колдон келчү иш болсо аткарам, – дейт Чонтой.

– Шартым мындай: менин бети-башы чотур, колу чолок, буту баспаган, тили жок кызым бар,ошону алсаң сага баарын үйрөтөм – дейт. Анда Чонтой бир азга ой басып олтурат да, бекер өлгөнчө ушул тырнактай чалдын кызына үйлөнүп, кесибин үйрөнөйүн, бул да болсо кудайдын бешенеге жазганы дейт да макул болот.

Анын сыңары Кекебай чалдын кеңешин укчу инилери терс аяк болуп ар кимиси өз алдынча мына ошол эч ким кайтпаган жолго айтканымдан кайтпаймын деп кетип бир иниси жолдо кырсыктап, кайтыш болуп кетсе, айылга телеграмма берип коюп алам деген келин дайынсыз ара жолго таштап кетип калыптыр. Он күн дегенде урук-тууганы барып арaң алып келди. Ошол баланын жаназасы болор



күнү Сейде кемпир да аркы дүйнөгө сапар алды. Кекебай чал боз үйдүн алдында ичинен муңканып ыйлап олтурду. Айылдагы бардык кары-картандар, замандаштары Сейде кемпирди алкашып, жаны жаннатта болсун, мындай асыл адам бир кылымда бир жаралат дешип олтурушту. Сейде кемпирдин асыл сапаттарын, улуу адамкерчилигин сөз кылып олтурушту. Чыныгы адам деп ушул байбичени айт дешип жатышты.

Инисине алып берип, кетип калган келини апасын ээрчитип батага келиптир. Кайнагасын кучактап алып, Сейде кемпирге өксүп-өксүп ыйлады. Мына эстүү жан, тектүү жердин кызы деп ушуну айт, бир жандык союп, кемпирди зыйнатын кошо кылып келиптир. Башка болгондо балаң башында калсын деп келбей коймок. Кекебайдын шаардагы баласы да апасына жаназа окулуп жатканда келди. Аялы келбептир. Элдин баары ошону сөз кылып кемпирди коюп келгенден кийин куран окуп таркап кетишти. Баласы бир күн туруп эле жолго түшкөндө Кекебай чал Сейдеге эми чындап ыраазы болду, ал минтип Калчага үйлөнтүп коюп кетпегенде ээн үйдө эңгиреп жалгыз калмак экен.

Бир гана жаман жери ошол бир айылда эшиктеш кошунасы болуп туруп инисинин баласы батага келген жок. Анткени ал бирөөнүн баласын мас болуп сабап салып камакта болчу, катыны кеткенден кийин ичкиликке берилип кеткен. Ал батаны уккан деле жок. Кекебай чал келинге ыраазы болуп калды. Айрылыш жолдо пайгамбар жашынан алда качан ашып калган бул чалдын акыл кеңешин укпастан ар кайсыл жакка баскан инилери сай-сөөгүн сыздатып турду.

Келини Сейде коюлгандан эки күндөн кийин кайнагасынын алдына келип: – Ата, жүрүңүз иниңизди милициядан чыгарып келели – деди. Мындай акыл-

дуу жанга Кекебай алакан жайып ак батасын берди. Бирок бул иш кеч болуп калган эле. Кекебай чалдын иниси милицияда жатып арактан өлгөн эле, алар аны милициядан эмес моргдон чыгарып алуу керек эле. Эки инисинен тең ажыраган чалга бул кабарды угуза албай жатышкан. Бул тууралуу анын кетип калган аялы да уккан эмес эле. Сейде кемпирдин өлүм алдындагы чечими, кайраты болбогондо Кеке чалдын тагдыры эмне болмок экенин өзү да элестете албай олтурду. Негедир адамдар агылып, Кеке чалдын инисинин үйү тарапка өтүп жатты.

## БҮРКҮТТҮН МУҢУ

### (*Эссе*)

О, Жараткан Алла, мен кандай бактылуумун, чексиз улуу көктү эркин чабыттап, мына бул учу көк чийген аскалардан да бийик көтөрүлүп, аалам кезе алам, ушул тоо койнун мекен кылган толкуган деңиздей булуттун да үстүнө чыгып, шаңкайган ачык асманда чабыттай учуп өтөм. Рас, Жараткан менин ырыскымды жерде кылыптыр, бардык жан-жаныбар мен шаңшып асманга атып чыкканда коркуп, корголоп, жандалбас кылат.

Аалам кандай чексиз, кандай кенен, кандай сулуу, жер шарынын бир тарабы улам бийиктеген сайын алаканга салгандай көрүнүп, өзүнчө бир эч ким туйбаган, эч ким көрбөгөн, эч ким суктанып жетпеген сулуулукту көрүү бактысы мага гана туура келип олтурбайбы. Ак мамыктай булутту аралап өтүп, шаңкайган мейкиндикке чыгуу, алдыда толкуган деңиздей булуттардын жатканын көрүү кандай рахат. Ал эми таң кашкайып атып келе жатканда алгачкы күн нурлары мына ушул тоолорго чачырап,



анан мен ошол алгачкы күн нуруна төшүмдү тосуп олтуруу айтып бүткүс керемет нерсе го. Аксы аймагын мекендеген элдин сакчысындай Он-Ачардын турушу бир карасаң кан Манастын сүрүн берип, бир карасаң улуу олуя карыянын элесин берип, чекте тургандай туюлат, бир күндө ушул асканы канча айланып учуп, мына ушул жерди мекендеп келем. Бир гана өкүнүчтүүсү адам өзү кылып жатканын үстүнөн карап көрө албагандыгы, эгер көргөндө ыйлайт эле.

Мындан бир нече жыл мурда мени энем торолтуп, алгач ирет канат сермеп, ушул улуу көккө атылып чыкканымда мына бул бетегелүү беттер, тигил учу асман челген тоолордун беттери толгон карагай, арча эле, жапжашыл болуп кулпуруп турчу, ал эми тигил туландуу төрлөрүн элик, кулан, бугу, марал мекендеп, салкын төрдүн көркүнө көрк кошуп турчу эмес беле.

Ал эми Чүнөттүн үстүндөгү кең туландуу жерлерде аркар, кулжа, кийиктер жайылып, чыгышбатыш бурчунда мүйүздөрүн айга бүлөп, сакчылыкта эки аркар турса, бул дүйнө ажайып кооз эле. Андан этектеп карагай-черден ылдый түшсөң серендеген коёндор менен кара кочкул тарткан мамык куйругун сүйрөп бирде мындан, бирде тигинден көрүнгөн калтар түлкүчү, ушул жердин көрку эмес беле. Мамалактарын ээрчитип, кожогат терип жеп, анан желкесинен тиштеп мамалактарын чыңыртып суугa бышып, анан өр талаша жогору көтөрүлүп, чытырман карагайдын ичин мекендеген аюулар да көрүнбөй кетти. Оо, ал кезде тиштерин камышка бүлөп сынаган, тикенектей таргыл жүндүү, жер жайнаган торопойлорун ээрчитип, куркулдап жер челип жүргөн камандар да калбады.

Жердин кунары качып барат, баса аска таш, көк жашыл бетегелүү кырандар көчүп, бузулуп бир

алааматтан кабар бергенсийт. Сактай көр, жараткан Алла, тоо түзөлүп, тегиз жер болуп кетчүдөй сезилет. Ушул ата-бабам мекендеген улуу тоолор чөлгө айланып кетсе, аалам кандай болот болду экен. Канча айланып учсам да баягы жашыл туландар, ат кулак шашырдын арасынан серендеп эки колун бооруна алып ийилген суурлар да көрүнбөй, жайлоо жылаңач калгандай туюлат.

Ии, тигине эшек, атчан болуп, анын артынан машина менен адамдар келе жатат. Эртеңин ойлобогон, кара курсактын камын жеген, келечек эмне болоорун капарына албаган, мына ушул шордуулар. Мына алар жашаган айыл, тигинде мотурандап ойноп жаткан балдар. Ээ, силердин келечегиңер кандай болот экен? Булар деле ата-энеси кылганды кылат да. Ушулар жайлоону икир-чикирге толтуруп, шишенин мекенине айландырып бара жатат. Оттуу суу ичкенден кийин, көзүнө эмне көрүнсө адал-арамына карабай жеген ушулар. Силер бутуңардын учунан алысты көрө албаган сокур экениңерди туйбайт өңдөнөсүңөр го. Эгер ааламды мага окшоп үстүнөн көргөнүңөрдө ыйламаксыңар. Жер бетин тытып не иштерди гана кылбай жатасыңар.

Оо, мен жаш кезде мына бул саргайган жылгалардын ар биринен булак шылдырап, өзүнчө жашыл тукаба жамынган төрлөр эле. Анан адамдар тиккен боз үйлөр, андан бери жайылган козу, улактар көрккө бөлөп турчу. Учтары көк тиреген карагайлардын шоокуму бир өзгөчө болот болчу. Канатымды күүлөп барып, кайра көккө көтөрүлсөм, өзүнчө бир укмуш шоокум пайда болуп, кумар кана кайкычымын.

Мен көргөндөн эки нерсе адам менен жору адал-арамды ылгабайт өңдөнбөйбү. Тарптын жытын алты айчылык алыстан билген жору кайдан-жайдан жетип келип, тарп аңдып, чөө, карышкыр, түлкүдөн кешик талашып, далдактап учуп конуп олтурат.



Ал эми тиги сай өрдөп бара жаткан адамдан арта турган эч нерсе жоктой. Чочкону, карышкырды, итти деги койчу көзүнө көрүнгөндү, а түгүл чөптү да жейт, тамырын казып жегенин кантесиң.

Оо, менин жаштыгым. Канга канат булгабай, арамдан көз артпай, таза кан ичип, талбай канат күүлөп учуп, ушул чөлкөмдүн падышасындай жашадым го.

Ойго салганы эле мен жашаган мекенимдин кунары качып баратканы. Учу көк жарган көк жылгаяк асканын бооруна уя салсам да, ошого эки буттуу жырткыч адамдын жетип олтурганы жакшылыктын жышааны эмес.

Туйгундун тукумун кем кылат турбайбы, Жараткан. Анткени аалам кесип, көк жарып, бийикти, улуулукту, сулуулукту самап жаралган бүркүттүн, куйрук жалы таралган, чаткаягы Чаткалдай, аба жиреп, топурак томкоруп, жер менен учкан тулпардын, гүлзардын, бак-чарбактын көркү, шаңы болгон булбулдун, токой пашаасы болгон жолборстун өңүн серт кылып, тукумун кем кылып, жаратканы эмнеси болду экен. Жараткан сулуулукту да көздөн далдаа кылып, суктансын деп аз жаратканын, адам көзүнө чалдыга бербесин дегени го.

Мына туш келген токойду чөп чапкандай кыркып, жоюп, талап, тоноп, адыр кырды жылаңачтап кетип баратат. Дал ушул ач албарстай тырмагымды башына батырып, көзүн оюп алсам. Астаапырла, астаапырла, жаман жоруктан алыс кыл, жараткан, бул адам баласын жоо кылып алгандан сакта. Алар мени эмес бирин бири кырып, жеп жатпайбы?

Оо, жараткан! Ушул учу-кыйыры жок, улуу көктү айландырып, ыплас нерседен алыс кылып койгонуңа шүгүрчүлүк, мага деген ырыскыны да тойбогон адам талашып олтурат. Чабыттайм, деги эле жаңга жагымдуу нерсе көзгө чалдыкпай, жер бетин келемиш каптап келе жатат. Ата-бабам арам нерсе жебеген, өлүмтүк карап көнбөгөн.

Жыл өткөн сайын күн ысык болуп, кыш кыштай болбой, тоо-ташка кар токтобой, көчкү, сел көбөйүп келет, көлдөр, булактар соолуп, жер бети тытылып, оору болуп баратат. Кудай сактайгөр. Эртеңки күнүбүз кандай болор экен...

Ушуну мына бул эки буттуу жырткыч, адам баласы ойлонор бекен!

Оо, Адам кайда баратасың, токто!

* * *

Бүркүт шаңшып бир өйдө көтөрүлү п, кайра шукшурулуп ылдый түшүп, анан тээ улуу асканын боорундагы жалгыз корто арчанын боруна шаң менен барып конгондо арча жапырылып барып өзүнө келди.

Дүрбү салып, жылаңач асканын үстүндө олтурган адамдын көзү ушул бүркүткө түштү.

Кудай сактай көр.

# Аңгемелер

## АПАНЫН НУСКАСЫ

– Кызы бардын назы бар деп илгертеден айтылып келген. Кызыбыз али жаш, насип буйруганына турмушка чыгар, азырынча кыздын башын байлагыбыз келбейт. Анын үстүнө мектепти эми бүтүп жатат, жогорку окуу жайынан окусун. Сыйыбызды көрүп мейман болуп кетиңиз, мынча келгенден кийин, – деп Сабырдын демин ичине түшүрдү кексе чал.

Жакшы кызды жатка кетирбей, шаар көрсөтпөй келин кылып алсамбы деп жүрчү. Чындыгында Сабыр карыя деле мындай жоопту угам деп ойлобогон. Анткени Сабыр карыянын айылында кадырбаркы чоң болчу, аны мына бул Алым карыя деле жакшы билет, чындыгында ушундай кудалуу болсом деп тилек деле кылып жүрчү. Болгону Сабыр карыянын небереси атасы жок өсүп, чоң атасы тарбиялап өстүрдү, карыянын колунда бар бай адам болгондуктан, балага жетимдин ашын ичирбей, аталуунун сөзүн тийгизбей эрке кылып өстүрүп, бала бейбаштыгы менен бул эки айылга даңкы чыккан бала, ошондон улам атасыз өскөн немеге кызды бергиси жок, тектүүрөөк балага берсем дегенде эки көзү төрт, экинчиден, кызды мындай адеби жок балага берип кор кылгысы келбеди. Сабыр карыянын канынан бүткөн бала болгондо да жок демек эмес, ал түгүл кубаныч менен макул демек. Бала төрөлүп төрөлө элегинде кыздын кыялы жакпай калып, күйөө баласы кызды таштап кетип калган.

Муну Сабыр карыя айттырбай түшүнүп, кабыргасы кайышып, ичи чок менен жалын болуп олтурду.



Ачыгын айта албады. Не демек эле, айтууга да ыңгайсыз учур. Анын үстүнө Алым да чылбыр талашкан, менмин деген нарктуу, барктуу адам. Кой союлуп бешене тердеп чай ичишип, кызуу аңгеменин үстүндө олтурушту, бирок сөз кыз жакка кайрылып келген жок, ошону менен Сабыр карыянын көксүнү суруп кайтты. Мына ушул окуя Жаңылдын көңүлүндө түбөлүк орноп калды. Бир жагы атасына ыраазы болсо, экинчи жагы кыздын деле бул балада көңүлү жок болчу.

* * *

Жаңыл келиндүү болгонуна жетине албай көзүнө жаш алып ыйлап да алды. Кыздын жеңелери келип, күтүп алганына ыраазы болуп кетишти. Баланын атасы ким экендигин деле сурашкан жок. Келгенден арак-шарап суудай агып, ырдап-чордошуп олтуруп, таңга маал машина менен жеткирип келишти. Жаңылдын жүрөгүн өйүгөн башка нерсе болду. Эртең куда башы болуп ким барат?

Атахан менен ажырашканына кыйла жыл болуп калган. Көзү ачылбай иче берип, акыры ажырашып тынган. Ажышаркандан кийин турмушка деле чыккан жок, максаты кайра оңолуп аракты таштаса баласын жетим кылбай жарашып алсамбы деп да ойлонуп жүргөн. Алым тектүү жердин баласы деп Туткуч байдын баласына кызын берген эле, тандаган тазга жолугат деп күйөө баласы аракеч чыгып, дартын кимге айтарын билбей ичтен тынып кала берген. Бирок күйөөсү атагы чыккан аракечке айланып, бөтөлкөдөн чыга албай калды, көрүнгөн жерде сурап ичип калган. Бирок анын талантындай талант жок болчу, ырдаганы, комуз черткени, мондалинде ойногону эми шумдук. Көрүнгөн жерде аштойдо ырдап жүрөт, мыкты талант экен дегенин угуп ичи туз куйгандай ачышат. Аракты каргап, ал түгүл көзүнүн жашы кургабай ыйлап чыккан күндөрү да болот. Эми эртең куда чакыртты болгондо баламдын атасы аракеч эле деп айтмак беле, шибегени

капка катып болбогондой эле бул аракечтикти кимден катмак эле. А түгүл кыз кезинде Сабыр карыя куда болуп келгенде атасы ушул Жаңылды атасы жок немеге бербеймин деп бербей койгонун эстеп жүрөгү ачышып ооруп да кетти. Тирүү жүргөн күйөөсүн кантип, баламдын атасы жок демек эле.

* * *

Атахан стакандаш достору менен виного тоюп, «Сейил» кафесинен теңселип чыгып келатышкан. Карп-курптан күйөөсү менен бет келише калганын карачы. Мына ушул жерде Жаңылга кайрат пайда болду, мас болуп турган күйөөсүн колтуктап, обочо тартты да.

– Атахан эсиңе кел, сени менен сүйлөшө турган иш бар, – деди.

Аңгыча:

– Эй, Аташ, жеңем акча берсе бекитпе, көрдүңбү сени жакшы көрөт, – деп мазакташкан мастарга деле көңүл бурган жок.

Ары жетелеп барып:

– Аташ көзүңдү ач, келиндүү болдуң дегенде Атахандын көзү умачтай ачылып, мастыгы деле таркап кеткенсиди.

– Чынбы Жаңылай, – деди.

– Чын, чын, андан көрө эми жума күнү Жан-Булакка куда башы болуп кудандыкына барып кел. Ичкенди коюп үйгө бар, – деди. Мындайды күтпөгөн Атахан Жаңылдын бутуна жыгылып, ыйлап жибергиси келди.

– Макул, Жакен макул, мен куруюн деп мукактанып турду.

* * *

Небереси келин алып келиптир деп уккан Алым карыя үйүндө туралбай байбичеси экөөсү шаарга келип калган эле. Ачуу басары, тигил-бул иштерине деп элүү миң сом акча алып, бир койду союп,



бирин тирүүлөй алып келишкен. Атасы-апасына чай берип олтуруп эртеңки куданын алдына барууну сүйлөшүп олтурушту.

– Атаханды жолуктуруп, кудаңа барып кел, деdim – деди Жаңыл атасына.

– Ал дагы деле ичип жүрүптүрбү? – деди атасы.

– Ооба, бирок баламдын атасы ошол да, айтпай койсом чекилик го. Ичкич болсо да айттым, эси бар болсо соолугуп келер, – деди Жаңыл жер карап. Чындыгында бул ишке Алым карыя да ыраазы болуп калды. Ичинен тектүүлүк деген ушул, кызым тектүү жердин кызы экендигин дагы бир ирет ырастады деп бир кудундап алды. Күйөө баланы тандайм деп тазга жолуктум го деп ичинен сызып, кызынын азабын тартып жүрчү. Ушул ирет бир жашарып алды. Кексе чал сөздүн наркын, баасын билет эмеспи. Ал эми небереси болсо жогорку окуу жайын бүтүп, зымпыйган жигит болуп, минтип апасын сүйүнтүп келин алып келип олтурат. Ичкилик, папирос деген немелерге жашынан жолоогон жок. Ичкилик ичкен атасынан ит капкандай көңүлү калган эле баланын. Атаң аракеч деген сөздөн корунуп жүрүп эрезеге жетти. Чоңойсом аракты түк оозума албаймын деп өзүнө өзү сөз берген эле. Ошол сөзүнүн өтөөсүнө чыгып, минтип чоң кызматка орношуп, сүйгөн кызына жетип олтурат.

* * *

Айтылган күнү Атахан келди, жанына белгилүү эле төкмө акынды ээрчитип алыптыр. Болгону кийими дагы деле арак жыттанып турду. Муну сезген Жаңыл күйөөсүн ваннага түшүрүп өзү жууп-тазалап, бир сыйра жаңы кийимдерин кийгизип, зымпыйган жигит кылып койду. Муну көргөн жанындагы төкмө сөрөй аракеч досу кадимки жаш баладай ыйлап Атаханды ашатып сөгүп кирди.

– Ушундай жеңемдин айтканын кылбай, сен итсиң, – деди. Ал эми Атаханга сөз өтпөй калган эле. Дагы кудай жалгап ичпей келгенин айта бер.

Чай ичип олтурганда Жаңыл кулагына кумдай куйду, кудалап барганында дагы аракка тоюп алып, баланды шерменде кылба, тишинди тишиңе басып ичпеймин деп олтур, анан келгениңде берем жатып алып иче бересиң деп катуу эскертти. Куданыкына барып, кудай жалгап ичкен жок. Ырдап, тигил төкмөсү кудасынын төбөсүн көккө жеткире мактап ырдап олтурду. Баласынын да көңүлү өсө түштү. Атасы бир курдай безилдете комуз чертип, аракка кардыккан үнү менен «Айнагүлдү» созгондо куда келиптир деп олтургандардын баары:

– Апбали кудам, – деп ыр-күүгө карк болушуп олтурду. Куда деген мына ушундай болсо, ичкилик ичпесе, ыр-күүнү тим эле суудай төксө, карачы, ар кимдин кудасы ушундай болсо деп кемпир чалдар суусап, аңыз кылып олтурушту. Куда келбей эле бор-бордон артисттер келгендей айыл эли ыраазы болуп таркашты.

* * *

Куда чакырттыдан келгенден кийин биринчи ирет уулу:

– Ата үйдө эле калыңыз, аракты таштаңыз, – деди. Өзүнө ишенип ишене албаган Атахандын көз алдына стакандаш достору бир сыйра чубап өттү. Алардан ажыраса жетим калгандай болорун көз алдына тартты. Ал эми мындай асыл сөзгө муюган Алым карыя аракеч күйөө баласын эрдик кыла алабы албайбы деп ичинен бышып олтурду. Бир гана жанагы төкмө досунун сөзү жанга өттү.

– Ой, ит, мына ушундай алтындай жеңем, алтындай балаң турса, арактан айланасыңбы, адам болбойсуңбу. Кал, үйүңдө, мына карачы көчөдө бомуж болуп жүргөн жериңден алып келип, зымпыйтып кийиндирип, адам катарына теңеп койду. Мындай аялдын таманынан өпсоң аз, – деди.

Чындыгында мындай сый-урматка ээ болом деп Атахандын деле он уктаса түшүнө кирчү эмес. Эстүү,



акылдуулугу менен Жаңыл баласынын кадыр-баркын дагы бир ирет сактап калды. Атахан эмне дээрин билбей, коштошуп чыгып бараткан төкмө досун кайра-кайра тиктеп, көзүнө жаш ойноктоп барып, араң калды. Көптөн бери бутуна жумшак тапичке кийбеген Атахан өзүн кан сарайда жүргөндөй эле сезип жатты.

* * *

– Ичпей калганына алты айга аяк басканда Атахан катуу ооруп, төшөккө жатып калды. Эстүү жаң Жаңыл ушуга бир кичине арак берип көрөйүнчү деп жүз грамм арак алып келди эле аны көрүп куса берип кайра алдан кетти. Иче алган жок. Таңга жуук оорук анада көз жумду. Бир жагы ичип талаада өлүп калгандан көрө баласынын колунда өлүп бараткана Атахан өзү деле ыраазы болуп, баласын акыркы ирет бешенесинен жыттап, чачынан сылаганга жарады.

* * *

Урук-тууганына кабар берели десе, артынан келе калчу деле тууганы жок, анын үстүнө иче берип тууган-уругун деле жадаткан болуучу. Атадан калган айылдагы тамында алысыраак абасынын баласы олтурчу, ошого Атахандын сөөгүн айылга алып барып коё тургандыгын билдирип, Жаңыл кабар айттырды.

– Кой уулум, «султан сөөгүн кордобойт» деген сөз бар. Атаңды ошол чоң атаң, чоң энең өткөн жерге ошолордун жанына алып барып кой. Мен да барайын, эки боз үйдү тиктирели. Кыркы чыкканча туралы, – деди. Бул акыл баарына жакты. Сөөктү алыскы Ала-Букага алып жөнөштү. Бул кылган иш эң туура болгон экен. Айыл аксакалдары:

– Айланайын келин бала, эң туура иш кылдың. Тектүү жердин кызы экендигиңди көрсөттүң. Сенден башка адам болгондо бул балабыздын артынан түк

басып келмек эмес, ал түгүл ушул уулубуздан калган туякты да айылына түк жолотмок эмес. Урук-тууганын таанывай калмак. А түгүл ичип жүрүп Атахан талаада өлүп калганда эмне болмок, бир айыл эл уят болмокпуз. Сенин ата-бабаңа миң мертебе ыраазыбыз айланайын дешип, келинге көңүл айтышып, бир жагы ыраазы болушуп жатышты. Нарындан Атахандын кудасы бир жылкы алып келип, хан кудам кайтыш болуптур деп сыйын кылып кетти.

Атахандын кыркы өттү. Тигил эле Фрунзедеги филармониядан бери эл келди. Бир кезде Атахан филармониянын белдүү ырчыларынын бири болчу. Ошол атың өчкөн арактын айынан андан да иштен айдалган эле. Бирок ошого карабастан талантын сыйлаган, бирге иштешкен жоро-жолдоштору келишти. Райондук газетага өмүр баяны, сүрөтү менен көңүл айтуу чыкты. Көрсө, эл адамдын талантын баалайт турбайбы. Кыркында деле адам абдан көп болду. Канчалык көп эл келген сайын Жаңылдын кадыр-баркы артып, боз үйдө кошок кошуп олтурганы санжыра болуп айылдын айылга тарап жатты. Адам деген мына ушундай болсо дешип тамшанып кетип жатышты. Атахандын кара чечекейдей жалгыз баласы боз үйдүн алдында атасын жоктоп ыйлап турду. Артында калган туяк дуп ушуну айт. Атасынын сөөгүн талаага таштабай элине алып келиптир деп эл ыраазы, урук-тууган ыраазы.

– Ой, анын апасы тектүү жердин кызы экен да. Атанын кызы деген ушул дешип келгендер таркап жатышты.

## СИРЕНЬ ГҮЛҮНҮН ЖЫТЫ

Баки экөөбүз автобуста кыналышып, башыбыз башыбызга тийишип бара жаттык. Ал колумду бекем кармап коё бербей баратты, автобустагылар бизге суктанып карашат.



* * *

Ишке жаңы киргени келгем, колумда кичинекей кол сумкам бар, анда паспортум, анан жогорку окуу жайын бүтүргөн дипломум бар, ырас аным кызыл диплом, ошол да мага анча дем, күч болуп жатты, жетекчинин кабыл алуусуна мурдумдун учун тердетип, айтарга сөз таппай жатып, араң кирдим. Кабыл алуу бөлмөсүндө эч ким жок экен, туура эле эшик ачып:

– Уруксатпы агай, – дедим.

Көз айнегин мындай алып, мени тулку боюма көз жүгүртө бир сыйра карап алып:

– Кир, кире бер жигит, сыртта эч ким жок бекен, – деди.

– Жок экен, – десем, мага орундук көрсөттү.

Киреrim менен эле алдындагы телефон шыңгырап, кимдир бирөө менен көпкө бир нерсени талашып, тартышып жатты. Ал кишинин ошол узакка сүйлөшүүсү да мага жакшы болду, бир аз болсо да өзүмдү басып, көнүгүшө түшкөнсүдүм.

Келечек жетекчим, телефондун трубкасын коюп, мени мурдунун учуна түшкөн көз айнегинин үстүнөн тиктеп:

– Кел жигит, жанагы окууну бүтүп келген жигит сенсиңби, – деп менин тулку боюма көз жүгүртүп, таң калычтуу карап алды.

– Ооба, ошол жигитмин, иш болсо иштейин деп келдим эле, – дедим

– Ым жакшы, демек, иштейин деп келипсиң да, билесиңби журналисттик иш оюнчук эмес экенин, ар бир сөзүнө жооп бересиң. Мындан мурда жазып жүрдүң беле.

– Ооба, анча-мынча жазып жүргөм, ыр жазам,- дедим. Эмнеге антип айтып жибердим билбейм. Кана ырларыңдан окуп жиберчи десе эмне деймин деп кыйлага бушайман боло түштүм. Жакшы, антип сураган жок.

– Анда жигит сыртка чыгып катчы кыздын жанына олтур да, арызыңды жазып кел. Айыл чарба бөлүмүнө адабий кызматкер болосун, айлыгың да чоң 65 сом аласын, – деди.

Мага айлыктын деле мааниси анчалык жок эле, эптеп эле ишке илешип калсам деп келгем. Сыртка чыксам кабыл алуу бөлмөсүндө бир сулуу кыз олтуруптур. Кирип бара жатканда негедир бул кыз жок эле. Бул кызды кайдан көрдүм эле деп кыйлага өзүмдү жоготуп, анан тээ бала кездеги кошуна кара кыз эсиме түштү.

Анда жайдын толукшуган кези эле, кошунанын кызы толмочунан келген кара кыз болчу. Бааргүл эле аты, биз аны Баки деп койчубуз. Баки экөөбүз керээлден-кечке бирге ойночубуз. Ат кулактын арасына кирип алып, кичинекей дасторконду жайып алып, ага жалбырактарды нан деп туурап, ал бээ саап, сабадагы кымызды бышып, кудум эле апасынын өзү болчу. Мен болсо анын күйөөсү элем, жылкыларды карамыш болуп суунун аркы бетинен келчүмүн. Анан экөөбүз ат кулактын арасына кучакташып жатар элек. Ал атилес ыштанын чечип, анан мени бекем кучактачу. Мен аны кучактап... Болдучу ооруп кетти деп, акырында түртүп араң түшүрчү. Экөөбүз урушуп кетер элек. Ал куурчагын көтөрүп чындап эле ыйлап кетип калчу. Кайра эле түштөн кийин жарашып алчубуз. Кайра эле:

– Баки, жүр ойнойбуз, – деп барып калчумун.

– И сени менен ойнобойм, – деп мурчуюп турчу да, анан экөөбүз тең жарышып баягы ат кулак өскөн тарапка кулунчак аттарды чаап кетчүбүз. Бизди көрүп кичинекей кыздар менен балдар да барып калышчу. Аларды Баки силердин үйүңөр аркы өйүздө болсун, үй кургула, биз айылдап барабыз деп аркы өйүзгө өткөрүп, үй куруп берип келчү. Экөөбүз болсо Бакинин үйүн жасалгалай баштачубуз.

– Атасы саан маалы болуп калды, бээлерди айдап келбейсизби, – дейт, мен макул болуп тээ орсок чоң таштын ары жагына кетем. Мен келгенче ал



кошуналарды үйлөндүрүп эки-экиден жаткырып келет. Анан экөөбүз да жатабыз.

Дал ушул ойлордун кучагында турсам:

– Эй, жигит, эмне эле эсиң ооп турасың, редактор сага эмне деди. Ишке ала турган болдубу, – деп кыткылыктап күлүп жиберди. Баятан берки таттуу ойлорум быт-чыт болуп, шашып калдым.

– Бир барак кагаз берип турасызбы, – дедим. Кыз мени ажарлуу бир карап алды да, столунун суурмасынан бир барак ак кагазды алып чыгып:

– Мына, арыз жазасыңбы? – деди. Мен башымды араң ийкедим. Кызга энкейип кагазды ала коёюн десем эрте жаздагы сирендин жыты бур этип каңылжаарды жарып өттү. Ой тобоо, ушундай да жагымдуу жыт болот экен да деп ичим уйгу-туйгу болуп, бул кыздын аты ким болду экен деген ой санаамды ээлеп алды.

Айылда Айтбү деген жеңем бар эле жыты ушунчалык сонун болчу. Айрым күндөрү акем жокто биздикине барып:

– Бүбү эне, уулуңуз биздикине барып жатып келсинчи, акеси жок эле коркуп жатам, – деп калчу. Ошону күтүп турган жаным жым дей түшөр элем. Тамакты бир даамдуу жасачу. Экөөбүз барып ак шейшептин арасына кирип кетчүбүз. Мени кучактап, кытыгылап, экөөбүз алышып эле жатып калчубуз. Анда мен жаш болсом керек да, өзү акырын колумду кармап туруп, эми гана жаңы чыгып келе жаткан бөдөнө тумшук кичинекей, эң жумшак, эң жыттуу эмчегин карматып койчу. Анан алкымымдан жыттап бооруна бекем кысар эле. Ошентип алышып жатып уктап калчубуз. Эми жеңемдин жытындай жыт мага ал айылда бир да келинде жок болчу.

Бир жолу да жеңем менен жатып калдым.

– Бала, сага бир нерсени үйрөтөйүнбү,- деп калды. Улам эркелетип кармалап жаткан.

– Мейли жеңе, – дедим. Ал акырын үстүнө чыгарды да жан жерине өзү алып барып сал деди. Салдым. Жыпжылуу эле боло түштү. Аракеттене баштадым. Жеңем:

– А чунак бала, муну кайдан билип алгансың, – деди. Акырын жагымдуу онтой баштады.

Ошол учурда редактордун эшиги ачылып,

– Эй, жигит, арызыңды жаздыңбы кир бери, – деди. Мен чындыгында сулуу жазчумун. Арызымды алып бир сыйра көз жүгүрттү да: «Азаматсың, журналисттин кол жазмасы ушундай болуш керек. Жакшы сулуу жазат турбайсыңбы. Эми макалаларды да дал ушундай жазгын» – деп жазып кирген кагазымдын бир четине бирдемелерди жазды да, кнопкасын басты.

Жанагы сулуу кара тору кыз, шып эле кирип келди. Мага жооптуу катчыны, партуюмдун катчысын, анан бухгалтерди чакыр, – деди. Бул кызды көргөн сайын эле өзүмдү жоготуп, жаш кезимдеги ат кулактын арасында бирге ойноп жүрчү Баки эсиме түшө калат.

Баки демекчи, бир күнү эртең менен эрте туруп, койлорду төшкө айдашып чатырга жүгүрүп келсем, атасы менен апасы жок экен, алар тээ короонун аркы четинде кой санап жатышыптыр. Баки төшөгүнөн тура элек экен, экөөбүз кучакташып жата кеттик. Мындай колумду салсам жылаңач экен:

– И-ий,колуң муздак турбайбы, – деп калды.

– Ой, эмне кылып жатасыңар, – деп апасы кирип келип калды.

Аңгыча эле эми элеки топтогон ойлорумду чачыратып, кеңсеге ак чач колуна строкомер кармаган бир киши менен белгилүү эле карыя журналист кирди. Анан чачтары сапсары, көзү көк орус аял кирди.

– Таанышып алгыла бул жигит бизге ишке кирип жатат. Журналистиканы Алма-Атадан бүтүп келиптир. Кыязы, жакшы журналист болчудай, кол жазмасы жакшы экен. Жаш, жардам бергиле. Ал эми олтура турган столун көрсөтүп, тапшырма берип, иштете баштагыла. Жазып келгендерин мага көрсөтүп тургула. Жакшы жазып кетсе көрөбүз. Жаза албай турган болсо аны да карап көрөбүз, – деди редактор мени коркута сүйлөп.



Ошентип алгачкы эмгек жолумду баштамакчы болуп калдым.Чоң кеңседе үч адам олтурушат экен. Эшиктен кире бериште оң тараптагы бурчтагы столду көрсөтүшүп мына ушул стол сеники, ушул жерге олтуруп иштей башта деп жооптуу катчы, столумду көрсөтүп койду. Столдун суурмаларын ачсам ичи толо эле чиймеленген кагаздар. Анан айылдык кабарчылардан келген каттарга толтура экен. Аларды баарын тазалап, столдун ичин тартипке келтире баштадым. Бассам-турсам эле жанагы кабыл алуу бөлмөсүндөгү кара тору томолок кыз көз алдымдан кетпей туруп алды. Же шылтоо таап ал жакка бара албайм.

Эртеси мени райондун тээ алыскы бир айылына командировкага жиберишип, малчылар, койчулар жөнүндө жазып келүүмдү буйрушту. Газетанын кабарчысы деген күбөлүк жазып беришти. Улам-улам алып карап коём. Бир жагы кубансам, бир жагы толкунданып, эмнени жазам, кантип жазам деп кыйла өзүмдү жоготуп да алдым. Анан тээ мектепте окуп жүргөндө айылыбыздагы тамекичи келиндерди жазганым эсиме түштү. Барып суроо берип, алардын иштерин кыйла эле жаздым эле. Ошол макалам чыкканда кошуна келин үйүнө ээрчитип барып, азаматсың бизди жакшы жазыпсың, өзгөчө мен тууралуу көп жазган турбайсыңбы, – деп чөнтөгүмө толтура ун канттан салып бергени эсиме түштү. Эртеси чарбага барып, башкарманын төрагасына жолугуп келген максатымды айтсам, ал киши жылуу кабыл алып, таанышып, күбөлүгүмдү көрсөтсөм карап туруп куттуктаймын деп колумду кысып, мага тапшырды. Кыязы, сыйлык тапшырып жүрүп көнгөнбү билбедим. Анан башкы зоотехникти чакырып, мен тууралуу мактаган сөздөрдү айтып чарбаны көрсөтүп келүүнү буйруду. Ошентип башкы зоотехникке кошулуп чабандарды кыдырып кеттим.

Машинада бара жатып жанагы катчы кыз көз алдымда. Катчы кызды эстесем эле жаш кездеги шоктугум эсиме келет. Мектепте окучубуз, кошуна-

ныкына барып тамеки тизишем. Кошунанын бойтойгон бойго жеткен сулуу кызы бар болчу, менден улуу болсо да жакшы көрчүмүн, башкалардан өзүмчө эле кызгана берчүмүн. Анан түштө чоң сууну көздөй чу койчубуз, күн ысык, айылдын балдары бир тарапка, анан кыздар болсо тээ бурулуштагы чычырканактардын арасында кичинекей көлмө бар, ошол жерге барып киринишет. Биз да сууга бой уруп, кумга жатып, анан кыздар киринип жаткан тарапка жөрмөлөп жөнөйбүз, аларга жакын жердеги бадалдын арасына барып алып аларды андыйбыз.

Бадалдан башымды чыгара калсам, чычырканактын арасында жанагы биздин кошунанын кызы чечинип жатыптыр. Далысын жапкан капкара чачтары тигил кызды айдан түшкөн жомоктогу перидей эле көрсөтүп жатты. Тирсийген кичинекей апаппак эмчеги эми гана чыгып келе жаткан турбайбы. Денесинин актыгын айтпа. Асты болсо эми карарып келе жаткан учур экен. Ак куу сымал таранып, өзүнчө эле бой сала сыланып жатты. Ах, мына сулуулук деп ушуну айт деп оозум ачылып карап турдум. Жеңемдин кичинекей бөйтөйгөн аппак эмчеги көз алдыма тартылды. Бир да жолу анын денесин жарыкта көрбөптүрмүн. Бирок жеңем караңгы түндү да аппак кылып жиберчү. Акем болсо колхоздо арабакеч болгондуктан иштен шакмар болуп келер эле. Келип алып бир чоң кумган сууга жуунуп, жеңем ага суу куюп берип, анан колуна чачыкты кармап турчу. Аны берип, кош өрүм чачы булактап, үйүнө кирип кетер эле. Ой ушул капкара болгон неме менен кантип жатат болду экен деп эле ойго бата берчүмүн.

Тигине дагы бир топ кыздар жүгүрүп ызы-чуу түшүшүп кошуна кыздын жанына келди. Ага болсо менин таякемдин иймейген кумурскадай кызы да кошулуп алыптыр, ага эмне жок деййм да, бутун жанагы Африканын чөлүндөгү төө куштардын бутундай кылып, өзү да чыбыктай узундан узун неме, тыр-



тайып, дагы барбы-жокпу билбейм, эмчек кап кийип алганын кантесиң. Баары ич көйнөктөрүн чечип, ич кийимдерин чечишип, сыгып кургактап жатышты. Менин эки көзүм эле ак куудай сыланган кошунанын кызында.

Ошентип таттуу кыялдарга батып олтуруп, Кызыл чап адырларды аралап баратсак бир койчу кой жайып жайытта жүрүптүр. Токтоп койчу менен учураштык. Зоотехник негедир кыр ашып жөө басып кетти, койчу менен сүйлөшүп, кыйла эле малыматтарды топтоп алдым. Акырында:

– Байке, бул жерди кандай атайсыздар, – десем

– Бул жердин аты кызык, чоң тарыхы бар Жийде-Бел деп коёбуз – деди.

– Байке, ошол тарыхын кыска болсо да айтып бербейсизби, – десем, – макул, – деп калды.

– Ээ, үкөм, бул кыргыздын башынан не деген гана окуялар өтпөгөн. Ойлоп олтурсам баатыр эл болгон экенбиз. Ар күнү кой жайып келип ушул жерге куран окуп, зыярат кылам. Мына ушул жерде келдей деген уруу бар, дал ошол уруудан Тыныбек деген баатыр жигит чыгат. Ат оюндар, кыз оюндар ал жигитсиз өтчү эмес экен. Эми Тыныбек ырдаганда кыз-келиндин баары ага суктанып, аны айланчыктап эле жанынан чыкпай калчу экен. Жаштыктын доорун сүрүп кыз оюндардын гүлү болуп жүргөн мезгилде тигил эле Кетмен-Төбө жергесинде чоң той болуп, ошол тойдо улуттук оюндар болуп, ушул биздин элдин бий манаптары ошол тойго жигиттери, ырчы-комузчулары менен барып калат. Кырк күн кыз оюн болуп ошол жерден Тыныбек Жийдегүл деген сулууну жактырып калып, ал экөөсү айлуу түндүн көркү болуп алышып ойноп калышат. Жаштыктын жалындуу сүйүүсүнүн кумарына кана электе той бүтүп, кайра кайта турган болуп калышат. Кыз менен жигит анттashат. Күздө келип кызды алып кетмек болот. Ошондо кыздын кыз бурак жытына мас болгон Тыныбек күзгө күтө албайт, жайдын толукшуп турган мезгилинде Кетмен-Төбөгө

барат, барса кызды Жумгалда даңкы чыккан манаптын уулуна болуп койгон болот. Кызды түн катып, алып качып чыгат, эртеси таңга жуук кыздын качып кеткенин билип, артынан куугунчулар түшөт, кайсыл жерден кармасаңар да экөөсүнүн тең башын алып келгиле деген буйрук болот. Кыз менен жигит үч күн, үч түн жол жүрүп, өздөрү чарчап, аттары баспай калганда мына ушул жерге келип, ушул жерде Шыбак-Булак деген булак болот, ошол булактын суусунан ичишип, аттарды таң ашыра байлашып, экөөсү булактын көзүндөгү талдын түбүнө айкалыша жатып уйкуга кетет. Түшүндө кыз жаман түш көрөт, кыз менен жигит бийик асканын башында турган болот, шуулдаган шамалдан жигиттин тумагы учуп кетип, баягы аскадан ылдый түшүп кетет. Ошондо кыз чоочуп ойгонсо түшү болот, жигитти ойготуп, түшүн айталбай олтурганда тумшуктан эле жоон топ атчан куугунчулар чыгып калат. Кыз булактан ылдыйкы токойду көздөй качып, бекингенге аракет кылат, жигит артынан жүгүрөт, жигитти куугунчулар көптөп курчоого алып кармап алат. Кызга жетип, жер чийген чачынан кармап калганда негедир кыз жок болуп кетет. Кызды кайда качырдың деп, жигитти талга таңып тыштап, сабашат, жигит кармадыңар эле го дейт, бир жума издешет, кыздын кайда кеткени билинбейт. Эми жигиттин го башын алып барабыз, ал кыздын айласын кандай кылабыз, кызды алып барбасак, жолдон эле бирөөнү кармап келдиңер деп шорубузду шорподой кайнатып, бий башыбызды алат дейт. Ошол учурда мына ушул жерди кыштоо кылып жайлаган Тегенелик тампагарлар менен келдейлер, мачактар булар бир атанын балдары болушат, кыз-жигиттин кабарын угуп калып, кол курап келип жигитти ажыратып, куугунчуларды байлап алышат. Куугунчулар кыздын дайынын айтышып, бул үчүн эки эл чабышып калышыңар мүмкүн дейт, ошондо Тыныбекти жашырып Чаткалга ашырып жиберет да, куугунчулардын башын алат. Көрбөдүк дегенге өтүшөт. Бирок Жийдегүлдөн ажырап ал жакта жүрө албай тез эле келет, куугунчуларды өлтүрүп салганына таарынып, туугандары менен араздашкан Тыныбек ушул жерде өзүнүн жанын өзү кыят. Ошондон бул жер Жийде-Бел, Жийдегүл-Адыр деп аталып калат. Чындап сүйүшүп, чындап табышкан жаштар болсо аппак көйнөк кийген, ак маралдай керилген сулуунун элеси, бул жерде айлуу түндө жүрсө, таза пакиза жаштарга жолугат дейт. Ал эми ошондон кийин бул чөлкөмдү жийде басып кеткен экен. Мына тээтигил катар өскөн калың дарактын баары жийде, ошол жерде көк кашка тунук булак бар, биз жыл сайын ушул жерге зыярат кылабыз деп койчу оозун жыйганча зоотехник келип калып, биз койчунун короосуна сапар алдык.

– Кызык экен, – дедим, кайрадан көз алдыма катчы кыз тартылып. Дал ошол Тыныбек авамча катчы кызды алып качсамбы деген да кыялга батып кеттим. Машина чабандын короосуна келип токтоду.

Эми чабандын катыны жүдөмүш немеби белгисиз. Үйдүн ичи бир жаман жыттанып жатты. Качан гана кара мештеги көң күйүп үйдүн ичин көңдүн жыты каптаганда жанагы жыт билинбей калды. Чабанды тээ ата тегинен бери сурамжылап жазып жаттым. Чабан байкуш барбалаңдаган ичи кенен, ак көңүл неме экен, кой дегенге көнбөй сүрсүгөн чучук салдырып, казанды кайнатып жиберди. Сыртка чыгып чабандын короосу менен таанышып көрүп чыктык. Атам чабан болгондуктан бул турмуш мага жакын да, тааныш да көрүнүш болчу. Кызык бул жерде да капкайдагы бир окуя эсиме түшүп, кызык бир ойлордон кутула албай жаттым.

Биздин короого студентпи, же бир мекемеде иштейби билбеймин, эки жаш кыз менен бир жигит сакмалга келген. Алар жардам берип иштеп жүрүштү. Бир күнү кеч кирип калган эле, короодон койлор чыгып кетиптир, түн бир оокум эле, койлорду короого киргизип, эргенчекти жапканы жат-

сам, чөптүн арасынан эле онтогон үч чыгат. Кулак түрсөм жанагы сакмалчы жигиттин үнү.

– Алтыным, берекем, күмүшүм, – деп эле жалдырап жатат. Бутун болсо көтөрүп алыптыр. Кыз болсо жагымдуу үн менен онтоп жатат. Кыйлага эсим ооп карап турдум. Короонун үстүнөн түшкөн айдын шооласы ал тарапты жарык кылып тургандыктан жанагы кыз менен жигит мага даана көрүнүп турду. Алардын мени менен деле иши жок. Аймалашып, кучакташып, сорушуп жатышты. Дал ошол учурда Баки эсиме түштү. Кемпир десем, ал балдардын атасы деп кучакташып, ооналакташып жатып калар элек. Бир гана жери ал онтогонду билчү эмес. Аны жеңем катырчу.

Чабан бизди:

– Кана, меймандар үйгө киргиле, тамак даяр болуп калды дегенде гана жанагы ойлордон бирөө чочуткандай ажырай түштүм. Дасторкон жайылып казанга жапкан ысык нан менен жаңы бышкан чучуктун шорпосу алдыга келди. Чабан мейманды көп күтүп машыкканбы, же зоотехниктин кадырыбы, айтор, тамак жасатып жиберди. Шорпону кичинекей чыныга аз-аздан куюп келди. Зоотехникти карап:

– Раис эми келип калыптырсыз. Анан бул кабарчы жигитти да биринчи көрүшүм. Эми жаш жигитке каалоо-тилек айтып дегендей кичине бирдеме дейли, – деди. Зоотехник ошону эле күтүп тургансып:

– Ой, атпесек болчу беле, Беке жаш баланын суроосун бересиз да, – деди.

– Дасторкондун четинде турган «Московская водка» деген бөтөлкөнү, артына бир уруп эле пөгүн алып салып үч стаканга куя баштады.

– Мен ичпеймин, – дедим.

– Ой, таланттуу адам да ичпейм дечү беле, ичпесең талант кайдан чыгып, илхам кайдан келет, ичесиз, – деди зоотехник өзүнө ишенимдүү сүйлөп. Арга жок, а десем а дешти, бу десем бу дешти. Акыры



көндүрүштү. Жүз граммдай аракты алып жибердим. Ичегимди бир нерсе сыдырып кеткендей эле болду.

Экинчи жолкусун болду деп албай койдум. Чабан менен зоотехник алып олтурушту. Кызыгандан кийин чабан тээ жүктүн үстүндө турган комузду алып, ырдап кирди.

– Чаткалдын гана тоосун ээ-й ашканда,
Чар булут каптап ээ-й асманда,
Чачыңдан сылап эй-й ойготсом,
Сен чатырда гана уктап, ий-ий жатканда.

Эки бети албырып кызарып чыккан зоотехник:

– Ий, балли, Беке ыр эмес бекен! Дагы деп, кыйкырып койду.

Бозбунун гана тоосун ээ-й ашканда,
Боз булут каптап ээ-й жатканда.
Бооруңдан сылап и-ий ойготсом,
Сен боз үйдө уктап ээ-й жатканда.

– Ии Беке бар экенсиң го. Кайран талантты кор кылып койчу болуп жүрөсүң да. Тээ Фрунзедеги театрларда эле созулуп ырдай турган адамсың да деп кызып калган зоотехник арманга өтүп кетти. Комуз безеленип койчу аке ырын улантып жатты.

– Унгардын гана тоосун ээ-й ашканда,
Уйкуда гана өзүң ии-й жатканда.
Уйпалап сени и-ий ойготсом,
Теги таң агарып и-ий атканда.

Ошентип кеч бешимде тердеп тепчип, кызуу болуп үйдөн чыгып машинага олтурдук, жол ката зоотехник ырдап келе жатты. Зоотехник жигит да жакшы ырдайт экен. Анан үйүнө келип машинадан түшүп жатып, бул жигитти үйүнө жеткирип койгун деп айдоочусуна дайындады. Жол ката дагы катчы кызды эстеп, ошону менен алек болуп келе жаттым. Атын да сурап албаптырмын. Ким болду экен, ошол Баки эмес болду бекен. Баки болсо мени тааныйт эле да, кантип тааныбай калсын, жөн гана окшош болсо керек деп ойлодум. Үйгө келип түшүп калдым. Эртеси «Койчунун ыры» деген чоң макала жазып бардым. Жооптуу катчы бир сыйра окуп көрүп:

– Эй, жигит, жакшы жазыпсың, только мындан кийин ичип-жегениңди жазбай жүргүн, мына ошол жерин алып салдым, калганын машинкага бергин бассын, анан газетага беребиз, – деп колума карматты. Машинкага берип, жанагы кыздын атын сурадым.

– Атыңыз ким, – дедим.

– Атым Арзы, – деди, катчы кыз.

– Арзы, – деп ичимден кайталап алдым.Чынында эле атына заты айкашкан неме экен деп ойго батып турдум да:

– Мына бул макаламды басып бересизби, – дедим. Ал унчукпай алды да столунун ары жагына таштап койду. Кызы, менден башкалардын да жазган макалалары арбын болсо керек. Аңгыча, сыртка ишембиликке чыккыла, короону тазалайбыз деп катчы жигит баарыбызды сыртка алып чыкты. Редакциянын жарым кыздар-балдары, басмаканадагылар чыгып эшиктин алдыларын шыпырып жатыптыр. Катчы кыз экөөбүз роза гүлдөрдү бутап кайчы менен кыркып, тазалап жаттык. Жанына жакындасам эле баягы мага жаккан сирендин жыты бур дей түшөт. Сөз арасында:

– Жакшы духи куюнуп алыптырсыз, – дедим. Катчы кыз каткырып күлүп:

– Кайдагы духини айтасыз, эми аны сиз алып бересиз да, – деп таш ыргытып калды. Ыңгайсыз боло түштүм. Эки колу менен бөйрөгүн таянып турган редакторубуз,

Эй, жигит бери бас, мына бул чөптөрдү тээ тиякка көтөрүп бар да өртөп сал, – деп мени кыздан алыстатып жиберип, өзү анын жанынан чыкпай, ар жактагыларга бирдемелерди айтып көрсөтмө берип жатты. Ичимде кызганат окшойт деп калдым. Жаныма келген карыя журналист:

– Иним, этият болгун, жыландын куйругун басып алба, – деди. Унчукпай калдым.

– Түшүндүм байке, – десем,

– Вот таак,түшүнүп жүргүн. Жаш баласың, – деп койду.



А катчы кыздын күйөөсү бар, андан бир кызы да бар неме экен. Ал тууралуу мага тигил карыя журналист айтып берди. Бирок негедир бассам-турсам эле катчы кыз көз алдымдан кетпейт. Жашы жыйырма бирде экен. Кой бул кызга арнап бир нерсе жазайын, балким, жеңилдеп калармын деп «Жыйырма бир» деген ыр жаздым. Арзыга деп алып кайра өзгөртүп, прозадагы ыр деп койдум. Балким, окуса өзү деле сезер дедим.

«Жыйырма бир жаш, сен сулуусуң, сага кол жетпейт, жетпегени да жакшы деп ойлойм, жеткенде сенин кадырыңа жетип, сени талаадагы жаңы ачылган кызгалдактай кылып алып жүрө аламбы, жокпу. Сенин жытың сирендин атыр жыттуу жел аргысы, ал жытында сан миң түркүн гүлдүн жыты келет, ак көйнөгүңдөн эркин желге желбиреши кырандагы гүлдөгөн гүлкайырдын элесин берет, кыткылыктап күлгөнүң жылгалардан атырылган булактын шылдыры, апапакай балтырларың суу жээгинде жаңы өскөн ак кайыңдын дал өзү, кирпиктериң терезеден төгүлгөн айдын шооласы, бетиңдеги калың ак чыныга терип салып койгон бүлдүркөн, көздөрүң жайлоодогу жаңы бышкан карагат, назиктигиң жаңы ачылган тоо гүлү, жер чийген чачтарың суу жегинде өскөн Оштун мажүрүм талы, илебиң болсо күн нуруна чагылып кызарган бир үзүм ак булут. Ал эми төшүңдөгү билинер-билинбес бөйтөйгөн ак мамагың болсо тоодогу жаңы кызарып бышып келе жаткан кызыл алма. Кандай күнү жаралгансың билбейм, ойлоп көрсөм жайлоонун салкынында, күндүн аптабында, өзөндүн жел аргысы жүрүп турганда, булбул сайрап жаткан жаздын толукшуган күнүндө, асманга жылдыз толуп, ачык асманда ай каалгып алтын нурун чачып баратканда жаралсаң керек. Койчу деги сага кандай айтса жараша берет. Алла сени жаратканда жаратылыш менен бир жараткан жансың, сени жараткан Алла жаратылыштын сулуулугунан, көркөмүнөн алып жасаган, жаратылышта эмне бар болсо ошонун баары сенде бар, эмне десем баары тоодо табы-

лат. Сен толук кызсың. Өзгөчө сирень гүлдөп турган учурда төрөлсөң керек. Сирень жытың мени жипсиз байлап алды, бул жытка кумармын, масмын.

Бүгүн сен ак көйнөгүңдү кийип, кызгылтым жоолугунду салынып, ак балтырларың көз талдырып, ажайып бир сулуу болуп келиптирсиң. Суугa жүзүңдү чайып, аппак көйнөгүң менен бир үзүм булут болуп келе жаттың, каалгый басканың булуттан чыккан айга окшойт. Баары сени карашат, алардан кызганам, сага суук көз тийбесе экен деп тилеймин. Сенин ушул турушуң теги бузулбаса экен деймин. Эликтин бутундай узун, түптүз буттарың көркүнө көрк кошот. Ак куунун мойнундай аппак мойнуң, куюлуп түшкөн мурдуң, колуңдун узун аппак манжалары, күмүш билерик таккан билегиң, деги койчу мүчөңдө айып жок. Баскан сайын көркүңө чыгасың. Оймо-чиймелүү сыкман боюңа бап келип, анда саймаланган мончоктор сени шуру седептен, бермет менен каухардан жасагандай туюлуп кетет. Кандай кийим кийсең сенин гана өзүңө арналып жасалгансып турат. Кайсыл күнү кандай кийсең сага жарашыктуу.

Сен баарына бирдейсиң, баарын жакшы көрө бересиң. Сен кайсыл жерде жүрбө ошол жердин көркүсүң, шаңысың, бактысысың, жарыгысың. Акындар бекер ырдабайт турбайбы. Ай нурун чачкан жаркыным, таң шооласын чачкан алтыным, мээримин төккөн күнүм, сүйлөгөндө таңдайым, жаркыганда маңдайым, нурун чачкан айдайым. Койчу айтпаганды айтышат. Мен гана сага татыктуу салыштыруу таппай мукактанып олтурам, айта да албайм. Жолукканда эле сүрүң басат.

Сен гүл бакчадагы гүлсүң, сени күн сайын эртең менен эрте келип, ошол гүлдү кыйлага сугум артып карап турсам, ичинен сен чыгасың күлүп жайнап, элесиңди көрүп чоочуп кетем. Бүгүн, түшүмдө сени көрүп балкып жаттым, ыр жаздым, кызы акын болуп кеттим өңдөнөт, күндө менин түшүмө киресиң. Сага арнап ыр жаздым.



«Сенин денең Оштун аппак пилласындай,
Көздөрүң Анжияндын гиласындай.
Нуруң чачып жатасың бажырайып,
О сулуум, кумар мени кыласың ай.
Ак куу моюн, булкулдөгөн тамагың,
Ак балтырың карап эстен танамын.
Караңгы түн жарык болуп денеңден,
О перизат, сен шам болуп жанасың.
Кол тийгизүү күнөөбү деййм денеңе,
Мен өзүмдү кармай албай деги эле.
Бой таштадым, жуурулушуп экөөбүз,
Биригишип кеттик жалгыз денеге.
Ай жамалың оп тартып мени сага,
Жаным деп жалбарганың жагып мага.
Махабат лаззатына батып жаттык,
Айкалышып от болуп күйүп жана.
Чачтарың чырмалып билегиме,
Мен жетип сени эңсеген тилегиме.
Добушу бирдей чыгып согуп жатты,
Кошулуп жүрөгүм жүрөгүңө.
О перизат, о махабат жыпар жыты аңкыган,
Эми билдим булбул неге гүлзарларда таңшыган.
Алкымыңдан аймаладым, мамыктай,
Кумар канбай махабаттан чаңкаган.
Ак шейшептин үстүндө, үзүмүндөй ак булуттун,
Аппак болуп жаттың сен эң тунуксуң.
Бөйтөйгөн кош ак мамагың,
Жыттаганда бу дүйнөнү унуттум.
Мен өзүмдү кармана албай,
Сенин денең сулуулук о бу кандай?
Болуп жүрбө жомоктогу перизат,
Жеттим сага, о арман ай, арман ай.
Оо жыйырма бир жаш!!!»

Ойгонуп кетсем түшүм экен. Толкунданып ыр окуп жатырмын. Кандай түш болду экен, балким, сага жетермин. Эмнеси болсо да түшүмдө болсо да бир бактылуу болуп алдым. А сен болсо аны билбейсиң.

Сага кол тийгизгенден корком. Баары сага умтулат, сени менен сүйлөшкүсү келет, сенин күлкүңө ашык, күлкүңө мас, жыйырма бирге эми чыктың. О керемет жыйырма бир!!!»

Эртеси кеңсеге келип алып, жазганымды кайра кайра окуп, оңдоп жатып,ошону менен алек болдум. Барып ушуну машинкага басып берчи деп айталбай койдум. Кол жазмамды берүүдөн уялдым. Бул жаш жигит жалын болуп сүйүүнүн кучагында жүргөн немеби деп айтабы деп тартынып жолой албай койдум. Элдин эң кичүүсү мен элем. Тигил жакка барып кел, муну алып кел дешип кеңседегилер мени эле жумшай беришет. Каяша айтмай жок, эпилдеп жумуштарын бүткөрүп берем. Колдору узарып эле оңуп калышты. Ошентип жүрүп шаардагы көпчүлүк мекеме ишканалар, алардын жетекчилери менен тез эле таанышып алдым. Ал түгүл бириң газетага мактап жаза коюп, акысыз квартиралуу да болуп калдым. Ал ошол мекемеде иштеген бир татар аялдыкы экен, карап жашай бер деп көп кабаттуу үйдүн биринчи кабатындагы бир бөлмөлүү үйүн мага берди. Жыргап эле калдым.

Чындыгында эле Арзынын билектей капкара чачтары, соорусунан ылдай түшүп, көркүнө көрк кошуп, боюна жарашып турганын айтсаң. Чачы жок болсо, балким, бул келинди эч ким деле карамак эмес. Күйөөсү кызганчаак неме, редакцияга келип да балдар менен мушташып кетишкен деп калышты. Ой ушундай сонун келинди кандай эркек кызганбайт деп калдым ичимде. Байкашымда өзү да таланттуу неме көрүндү. Газетага кез-кезде макалаларалары чыгып калып жатты. Өзү жазабы, же тигил кошомат кылып жагынууну аракет кылгандар жазып бере салышабы билбейм. Айтор, Арзынын макалалары да чыгып калат. Жооптуу катчы да гонорарды баса коёт экен. А түгүл бир күнү ал да мага койкондоп:

– Эй, жигит, эмне эле машинисткaнын жанынан чыкпай калгансың. Бар кеңсеңе олтуруп алып макалаңды жаз, – деп жемелеп да койду. Эмне дейсиң арга жок башымды шылкыйтып, чыгып кеттим. Кийин Арзы мени чакырып алып:

– Капа болбоңуз, бул жерде мени кызганбаган жан жок, баары эле ушундай. Тиешеси бары да, жогу да кызгана берет деп койду. Ошондон кийин катчы кызга жакын болуп кеттим. Ошол келинге жан тартып жүргөнүмдү редактор да байкап калганбы, бир күнү чакырып алып урушуп калды. Бир кичинекей информациямды колуна кармап алыптыр.

– Нуржигитов мына бул макаланы сен жазгансыңбы.

– Ооба дедим, – тердеп тепчип. Эмне кат-сабатың жокпу, фактыларын текшерип туруп жазбайсыңбы. Эмне сага газета оюнчукпу. Ме мына бул кагазга түшүнүк катын жаз. Ал эми мына бул кагазга өз каалоом менен жумуштан бошотуп коюңуз деп жаз деп алдыма эки барак кагазды таштап койду. Катчы кыздын жанынан чыкпай кайсактап жүрүп кылган жумушуң мунуң деп зекиди. Унчуга албадым.

– Эми балээ баспадыбы. Эми гана иштеп жыл айлана электе иштен айдалсам. Эл эмне дейт, – деп, редакторго карап.

– Агай, кечирип коюңуз, экинчи сак боломун, – дедим.

– Кечиримди коюп мына бул кагаздарды ал да арызыңды жазып мага кир, – деп калды. Кагаздарды көтөрүп шылкыйып сыртка чыктым. Кудай жалгап Арзы жок экен. Кеңсеге барып маанайым чөгүп, айла таппай олтурсам, партуюмдун катчысы сурап калды.

– Уулум эмне болду, – деди.

– Редактор арызыңды жазып кел, иштен бошсун деп жатат, – дедим.

– Эмне ката кетирипсиң, – деди.

– Билбейм бир макаланы текшербей жазып салыпсың, – деп аябай жемеледи, – дедим жер тиктеп.

– Туруп тур, – деп партуюмдун катчысы редакторго кирип кетти. Көптөн кийин чыгып, иштей бер иним. Арызыңды жөн эле кой, – деп калды. Аңгыча Арзы келди.

– Сизди редактор чакырып жатат, – деп. Негедир көзүнүн алды көгөрүп калыптыр. Кызы күйөөсү урса керек. Ыйлаган сыяктуу көздөрү да шишип турат.

– Редактордун кеңсесине күнөөлүү адамдай араң кирдим.

– Олтур жигит, – деди. Редактор көз айнегинин үстүнөн мени тиктеп. Мына иштен бошотойюн десем партуюмдун катчысы суранып калды. Экинчи мындай ката кетирчү болсоң, өзүң билип эле арзынды жазып келе бер,- деди.

– Макул агай, – деп иште калганыма сүйүнүп кеттим.

– Тигини, дагы макул, – деп коёт, – ары-бери койкондобой жакшы иштегин жигит, сени биз өстүрөбүз деп жүрсөк сенин кылган жумушуң ушул болсо, – деп дагы кыйла акыл-насаатын айтымыш болуп чыгарды. Сыртка чыгып баратсам Арзы ыйлап олтуруптур.

– Бир жериңиз ооруп турабы, – дедим катчы кызга карап.

– Жок, эч жерим деле ооруган жок, күйөөм менен чырдашып жатам, – деп койду. Андан ары эмне дешимди билбей калдым.

Эмне күнөө кетирип редактор менен жооптуу катчыга жакпай калганымды өзүм деле жакшы аңдай алганым жокмун. Информация дагы маалыматтарды, жооптуу эле адамдар берген болчу. Кайдан жайдан булардын көзүнө туура эмес болуп чагылып кетти билбедим. Мунун сырын ошол партуюмдун катчысы билет болуш керек, бирок тартынып сурай алган жокмун. Үңкүйүп кемчилдиктин кайсыл цифрадан кеткенин издеп олтурсам, катчы кыз келип:

– Сизди редактор чакырып жатат, – деди.



Дагы эмне балекет болуп кетти деп кооптонуп редактордун эшигин акырын ачып баш бактым.

– Кир, кире бер, – деп калды. Жанагыдан бир аз жоошуй түшкөндөй. Чаткал районуна командировкага барасыңар, фотосүрөтчү келинди кошуп аласыз. Анан эскертип коёюн, ал келинге чаң жугузбай алып келесиң. Дагы жаш неменин башын айландырып жүрбөгүн, – деди. Эми эле сын угуп, барбайм деп айта албай макул болдум. Сүрөтчү келин сулуу келин болчу. Күйөөсү, бала-бакырасы бар эле неме экен. Аны да тим эле жаш неме кылып алыптыр, – дедим ичимде жактыра бербей. Эртеси экөөбүз АН-2 деген почта ташыган самолетко билет алып Чаткалды көздөй учуп калдык. Деги эле мындай самолет менен учпагамын. Иштин башы кыналышып олтуруудан башталды. Жолдо баратып сүрөтчү айым мага:

– Байке мен мейманканада жалгыз жаткандан коркомун, экөөбүз бир эле бөлмө алалы, бирок бейбаштык кылбайсыз, – деди.

– Ал Чаткал деген тоонун арасы болсо, ал жерде мейманкана болобу деген ой келди башыма. Анан бир бөлмөдө жатсак, деп баратып көз алдыма бир көзү көгөргөн, мен жакшы көргөн катчы кыз келе калды. Ошол замат бул сүрөтчү келинге абайлап мамиле жасай баштадым. Баары сүрөтчү келин айткандай болду. Чаткалда эки кабаттуу жаңы бүткөн мейманкана бар экен, ошол жерде бир бөлмөсүнө жайгаштык. Тамактанып, ал түгүл Чаткалдын райкомунун биринчи катчысына чейин кирип, эртеңки иш күнүбүздүн багытын аныктап алдык. Биз Ак-Таш айылына бара турган болдук. Мейманканада телевизор бар экен, көрүп кыйла олтурдук. Жол жүрүп чарчагандыкыбы, жаткым келе баштады.

– Мен жатамын десем, сүрөтчү келин сыртка чыгып келейин деп кетти. Мен дароо чечинип жатып алдым. Мен жатарым менен эле кирип келип ал да чечине баштады, кичинекей жылчыктан карап жат-

тым, алгач эле аппак балтырлары көрүндү, анан жибектен ич көйнөгү, булактаган чачы анан эле төшөккө кирип кетти. Ооналактап уктай албай же бир нерсе деп сүйлөй албай дымыгып жаттым. Сүйлөйүн эле десем катчы кыз эсиме келет. Эртең редакцияга барганда кылыгымды кыздарга айтып койсо, ал мага такыр жолобой калбасын деп эле корккоnум ошол. Бирөөнүн катынынан эмнеге саксынып жатам билбеймин. Эртеси талаадан келип кеч жаттык, ай чыгып терезеден бөлмөнү жарык кылып турду. Сүрөтчү келин шашылбай чечинип жатты. Тирсейген эмчектерине али эркектин колу тийбегендей, түптүз болуп, үрпү карарып көрүнүп турду. Бели ничке, соорусу кенен аппак денесин ары-бери чайпап, эңкейип кайра туруп бир нерселерин тактап эле иреттеп жатты. Келиндин аппак денесинен көзүмдү алалбаймын. Арзыны эстеп сүрөтчү келинге эч нерсе деп айта албай жата бердим.

Эртеси эртең менен туруп эле буркан-шаркан түшүп, бултуңдап, тултуңдап калыптыр:

– Мен кетемин, иштерим бүттү байке, – дейт.

– Ой, кайда кетесиң,Чакмак-Суу деген айылга барышыбыз керек го дедим. Болду, отуздан ашык сүрөт тарттым, жетет ушул газета муну бир айда басып бүтө албайт. Сиз барып коюңуз да иштериңизди бүтүп барасыз, – деп көшөрүп болбойт. Айла жок. Макул деп автобуска чейин узатып барып, Ала-Буканын автобусуна салып жибердим. Мен да кетейин десем ал жакка кабарчы келет деп кабар берилип калган, машина дайын болгон, кантип кетмек элем. Абдылда деген райком партиянын экинчи катчысы алып бармак. Айла жок калып калдым. Машинага чыгып баратып, «дагы жигит имиш» деген сөзүм кулагым чалып калды. Ал кеткенден кийин чын эле жигиттик кылып эч болбосо тийишип койсом өлөмбү деп бушайман болуп өзүмдү өзүм жемелей баштадым. Кызы мага таарынып кетти окшойт. Эркек деле эмессиң деп, эч болбосо бир күн алып жатып койбоймунбу, бул мага эле таарынып



кетти деп ойлоп калдым. А менин болсо эси-дартым Арзы да. Көзү кандай болуп калды экен деп керелден-кечке ошону эле ойлоп басып жүрдүм. Сүйрөтчүнүн кеткени да кыйла түйшүк болду. Эптеп иштеримди бүтөрүп материалдарды топтоп, эки күндөн кийин Чаткалдан кайттым.

Бир жумадан ашык Чаткалда жүрүп редакцияга дүйшөмбү күнү келсем, катчы кыз ордунда жок. Бир нерсем жетишпей жаткансып эле кызык болуп жаттым. Же тартынып бирөөсүнөн сурай албайм. Материалдарды мейманканада жатып эле жазып салгам. Машинкага бастырайын десем катчы кыз жок. Өзүм басайын десем эле аны кошумча кесип кылып алчудай корком. Анткени редакциядагы аксакалдар менин материалымды басып берчи дей берип чүнчүтүп жиберчүдөй. Кудай жалгап жоопту катчы келип:

– Машинкада иштей аласыңбы, катчы кыз күйөөсү менен ажырашып, апасыныкына кетип калыптыр, ишке келбей жатат, – деп калды.

– Басам го өтө жай иштеймин, – демиш болдум. Жай иштесең да материалдарыңды өзүң басып бүткөр, басмаканага жөнөтүш керек болуп жатат, – деп шаштырып калды. Эми ишке шымаланып киришейин деп турсам, кудай жалгап катчы кыз келип калды. Кол жазмамды окуп берип бастырдым. Түшкө чейин жанынан чыкпай олтурдум.

Түштө мага карап:

– Күйөөм менен ажыраштым, – деп калды.

– Кызың эмне болот, – дедим.

– Кызымды өзүм алып калдым, – деди чечкиндүү.

– Жакшы кылыпсың, кадырыңа жетпегенден кийин ажырашыш керек да, – дедим. Ичимде башы бошогонуна негедир сүйүнүп жаттым. Баягы жаңга жагым жыты. Деги жанынан чыккым келбейт.

Бир жума үч кыз менен жайкы чөп чабыкка партуюмдун катчысы болуп барып, катчы кыз менен ынак болуп кеттим. Байланышыбыз күн сайын

күчөй берди. Бири-бирибизди көрбөсөк тура алчудай эмеспиз.

* * *

Күнгө жекшемби болгондуктан айылга бардым. Атам бактын арасында иним менен бир нерсе олтургузуп жатышыптыр. Мени көрө апам чыныга суу куюп жүгүрдү. Башымдан айландырып чачып ак тилегин билдирип жатты. Дасторкон жайып чайы, майын жайнатты, апам жапкан нанды сагынып калганмынбы, айтор, бурдап жеп жаттым. Апам сөз козгоп калды.

– Келгениң жакшы болду уулум, атаң экөөбүздүн сага айталы деген сөзүбүз бар эле. Эми окууну бүтүп эр жетип калдың. Иштеп жатасың, үйлөнбөсөң болбойт. Мен деле карыганда казан-табак менен кыйнала баштадым.

Атам да туура дегендей башын ийкеп менден жооп күтүп карап калышты. Ууртап жаткан чайымды жерге коюп:

– Али эрте го, – дедим.

– Үйлөн уулум, эрте эмес, апаң да келин жумшап кичине колу узарып калсын, – деди атам. Негедир унчукпай олтуруп калдым. Арзы көз алдыма келди. Ал куурчактай кызын алып үйүндө олтурган болуш керек. Атам менен апам пенсияга чыгышкандан кийин айылда эле болуп калышты. Колхоздун коюн тапшырышкан. Аңгыча үйгө жеңем келип калды.

Ии жакшы болгон турбайбы, айтам да эмне булар короодо көрүнбөй калышты, – деп. Ии бала, жакшы жүрөсүзбү, жазгандарыңызды газетадан окуп жатабыз. Кайдагы чаткалдыктарды жаза бербей мына бизди деле жазсаңыз. Тамекини ашык толтуруп жатам, – деп тамаша чынын аралаштыра сүйлөдү.

Мен:

– Макул жеңе жазайын, жазайын, – деп калдым.



– Жеңеме тамеки үзүшкөнүм эсиме түшүп кетти. Жайдын күнү болчу.Тамеки үзүшүп коёюн деп барып, жеңем менен көк шибердин үстүндө алышып ойноп кеттик. Жеңем мени негедир өзү боюна тартып өзүнчө эле жыргап жатты. Мен болсо баягы мени алып жаткан күндөрүн эстедим. Оо, ал күндөр бир балалыктагы бактылуу күндөрү болсо керек.

– Ии бала, эмне эле ой басып калдыңыз, айтпайсызбы шаарда эмне жаңылык бар, качан катын алайын деп жатасыз, дебегенде чай ичип олтурганым да эсимден чыгып кете жаздаптыр. Дасторконго бата кылып сыртка чыктым. Бак аралап алманын жытына маашырланып басып жүрдүм. Жеңем жаныма келип:

– Бала, качан үйлөнөсүз, мен билсем болобу, сүйлөшкөн кызыңыз барбы, – деп калды.Кызы апам сурап бил десе керек.

– Бар жеңе, бирге иштешкен бир келинди жактырып калып, ошого үйлөнсөмбү деп жүрөм, – дедим. Жеңем чок баскандай чоочуп кетти.

– О, кокуй, койсоңузчу бала. Айлыбызда Айчүрөктөй буралган кыздар турса кайдагы келинге үйлөнөм деп. Акыл-эсиңиз жайындабы. Аны энем укпасын, жөн эле пристубу кармап калат. Жигит болуп кыздык алып, кыздыкын бузуп катын албасаңыз бул дүйнөгө келгендин кандай мааниси бар, – деди жеңем эми ачылып.

– Эмне келин адам эмес бекен, – дедим.

– Ой, бала, кайдагыны айтып мени тамашалагаңызды коюңузчу. Келинди катыны өлгөн, же катыны менен ажырашып кеткен адам албаса, сизге окшогон али кыздын атыр жыттуу койнун көрө элек неме кантип келин алсын. Ал бой немеби, – деди.

– Башы бош, бир кызы бар, – дедим. Жеңем андан бетер чалкасынан кетти.

– Ой, бала, бул сөзүңүздү бир мен угайын, бир мына бул бак уксун, атам менен энемдин аброюн түшүрүп, бүт айылга кеп-сөз болгуңуз келип жата-

бы. Атам менен энем элдин бетин кантип карайт. Кантип келин алдым деп той берет. Кайдагыны чыгарганыңызды коюңуз. Мына тигил эле койчу акемдин кызы Алтынай буралган бир сонун кыз болду. Айыбы эле шаарда окубай калганы. Ошону алып беребиз деп жатканбыз. Мен сизди ошого үйрөттүм беле дегенде аргасыздан күлүп жиберип жеңемдин жүйөлүү сөзүнө жыгылып унчукпай калдым. Бирок эси-дартым Арзыда турду.

Апам угуп калган экен, атама угузбай төркү бөлмөгө алып кирип, эртең үйлөнөсүң, болбосо топурагымды түйүп берем деп айламды кетирди. Күзгө чейин коё тургула деп эптеп үйдөн чыгып шаарга жол тарттым. Эми иш чатак болду. Кантип апамдын көңүлүн оорутамын, ал эми Арзынын айласын кандай кыламын. Үйгө кайдан-жайдан келдим эле деп бушайман боло баштадым.

Жеңем да биротоло оозу шок да, апама айтпай коё турбастан, эми кандай айла кыламын, ушул ойлор менин башымды тумандатып, шаарга кандай келгенимди да билбей калдым. Келип эле Арзыга бардым. Шаарга Индия киносу келген экен, билет алып коюптур, экөөбүз киного чыктык. Жолдо бара жатып:

– Сизге бир сөз айтсам капа болбойсузбу, – деди Арзы,айта бериңиз эмнеге капа болмок элем, – дедим. Оюмда жамандык жок.

– Чаткалга барганда мейманканада ким менен жаттыңыз, – деди. Бүткөн боюм суу сепкендей болуп селт эте түштүм.

– Эч ким менен жатпаганмын, – дедим. Сүрөтчү кыз мени мейманканада кыйнады деп, жетекчиге арыз жазып кириптир, – деди.

– Койчу, Арзы кантип ошентисин. Ишенип кой кудай үчүн мен ага жологон эмесмин.

– Мен го ишенем, ал эми редактор менен роман болуп жүрүшкөн неме, ал кишини кантип ишендиресиз, – деди. Таза балээ эми башталбадыбы. Кайсыл бети менен мени ошентип жазып кирет.



Түнү менен ой басып уктай албай чыктым. Эртеси ишке барсам баары тыптынч, редактор деле чакырбады. Сүрөтчү келин болсо сүрөттөрүн көтөрүп, мени көрүп мыйыгынан жылмайып, дегеле эч нерсе болбогондой. Кеңсеге камап алып тим эле жанчкым келип кетти. Айла жок. Өзүм иштегениме эки жылга айланбай жатып, комсомол болсом, моралдык жактан бузулган деп тартибимди карап калса, эмне болом, кантип буларды ынандырам деп эле ой басып, шалдырап олтурдум. Келери менен эле мейманканада бирге жаттык, жигит деле эмес экен, деги бир козголуп койбойт, дөңкөчтөй болуп, таштап баса бердим деп келиндерге мактаныптыр.

Тамашанын баары түштөн кийин башталды. Редактор мени чакырып, эмне иш болгонун сүрүштүрбөй туруп эле арызыңды жаз, – деди. Чындыгында тартышууга менде ал жок эле, шылкыйып эшикке чыктым да бир барак кагазга: «Мени өз каалоом менен кызматтан бошотуп коюуңузду өтүнөмүн» – деп кол коюп жазып кирдим. Редактор көз айнегинин үстүнөн мени бир карап алды да, бара бериңиз деди. Шалбырап, маанайым пас болуп эшикке чыктым.

Ушул жерде өмүрүмдө тээ мектепте онунчу класста окуп жатканымда айылдашым, бир жагы онунчу классты бирге бүтүп жаткан кыз менен болгон окуя эсиме түшүп кетти. Аз жерден сууга боюмду таштап өлүп кала жаздадым эле. Онунчу классты бүтүп балдар менен тоого чыкпайбызбы. Акидей асылып жүргөн таш-булактык кыз бар эле, көрсө ал романдарды башынан көп өткөргөн неме экен. Аны кайдан билейин, кичинеден вино ичтик, пиво ичтик, анан айлуу түндө ак чөлмөк ойнодук, анан эки-экиден жетелешип суу бойлоп басып калбайбызбы. Кызуумун да, ошол кызды кучактап, туландуу чөптүн ичинде аймалашып өбүшүп жаттык. Кыз негедир мени өзүнө тартып, чечиндирип жиберди. Бүткөн боюмду аймалап, өөп жатты. Ал экөөбүз бул дүйнөнү унуттук. Иш да болуп кетти. Таңга жуук менин курткамды жамынып олтуруп шолоктоп ыйлады.

– Мени аласың, – деди. Айлам кетти. Эптеп сооротуп, күн жерге жайылганда келдик. Ар ким ар жерде уктап жатышат. Кыздар баары чатырдын ичинде экен.Тигил классташым да ошол жакка кирип кетти. Денемден чыпылдап тер чыгып, эми бул ишим классташтарыма билинип калбаса экен деп ой басып олтуруп калдым.

Окуу бүтүп, экзамен тапшырып жаткандыз. Классташ кыз жаныма келди да:

– Жүр сыртка чыгалы, сага айта турган сөз бар, – деди. Жок дей албай мектептин багына өттүк.

Кыз бышактап:

– Эми эмне кылам, – деди.

– Тынччылыкпы, – дедим.

– Тигини билмексен болуп, тынччылыкпы, – деп коёт деди да мага карап,көзүнүн жашын сүртүп:

– Боюма бүтүп калыптыр – деди. Чок баскандай секирип кеттим. Ой басты да калдым. Акыркы чечимди кабыл алып сууга бойду таштап өлө турган болдум, бирок бул оюмду эң жакын досум, Асанга айттым.

– Асан болсо:

– Сен эмне, жинди болгонсуңбу. Бул кыз менен болбогон бала барбы класста – деп мени оор жүктөн кутултту. Эртеси ал кыздын үйүнө барып түндө чакырып чыгып, сени өлтүрөм деп коркуткан экен, мен жөн эле аны сүйгөн үчүн кылгамын, – деп ачыгын айтып бериптир. Аз жерден өлүп кала жаздаган элем. Эми минтип ушул сүрөтчү кыздын азабын тартып олтурам. Ушул ойлордун кучагында эмне кылышты билбей сыртта турсам Арзы келди.

– Тез редакторго чакырып жатат, – деп. Дагы эмне балээ болуп кетти деп кайра кирдим. Эшиктен эле көз айнегинин үстүнөн мени карап:

– Ой, жигит, сенин эсиң жайындабы, мен сени өстүрөм деп жатсам сен эмне деп былжыраган арызды жазып мага жетип келгенсиң. Сага партуюмдун катчысы айткан жокпу, – деди.



– Кудай урсун эч нерсе деген жок, – дедим. Редактор креслосуна чалкалап бир жыргап күлүп алды да арызымды айрып таштап:– Бар, сыртка чыгып, газетанын айыл чарба бөлүмүнүн башчылыгына иштөөгө макулмун, – деп жазып кел, – деди. Сыртка чыгып Арзынын жанында кимге ишенеримди билбей, денемди чыпылдаган муздак тер басып кыйлага олтурдум. Көрсө, сүрөтчү кыз мени Арзыдан бөлүү үчүн коркутам деп арыз жазып, арызын көрсөтүп, бирок редакторго бербеген экен. Ал учурда бир кызматкер пенсияга кете турган болуп, иш ооруңдар которулушуп жатыптыр. Арызды жаздым да жакында эле дагы тополоң чыгабы деп кооптонуп, арызды редакторго алып кирдим. Бир сыйра карап чыгып:

– Ии, мына ушинтип жазсаң. Эми ишеничти актаар бекенсиң, жигит, – деп мени көз айнектин үстү менен карап койду. Мен убада берүүгө ашыкпай, башты жерге салып турдум.

– Бара бер, жума күнү жалпы чыгармачылык коллективдин жыйыны болот, арызыңды ошондо карайбыз, – деди. Сыртка чыгып кеттим. Эми Арзыга планымды айтуу керек деп чечтим. Иштен чыгып бирге бастык. Арзы мага карап:

– Тигил келин сизди жактырып калганбы деп кыткылыктап күлөт. Чаткалдан келгенден бери сизди мага жамандап жатат. Мен кыял-жоругун жакшы билгендиктен унчуккан деле жокмун, – деди. Мен Арзыга болгон иштин баарын ачык айтууга туура келди. Ал каткырып бир жыргап күлүп алды да:

– Сизге рахмат, ачык сүйлөгөнүңүзгө, – деп ыраазы болуп калды.

– Арзы, – дедим ичимдеги сырымды ката албай.

– Сизге бир сырымды айтсам капа болбойсузбу, – дедим, жер карап күнөөлүү баладай.

Басып баратып токтоп калды да:

– Айтыңыз, – деди.

– Мен сиздин колуңузду сурайын, дедим эле. Мага турмушка чыгыңыз, – дедим.

– Коюңузчу, – деп бир чоочуп алды.

– Мен сизди сүйөмүн, мен сизсиз жашай албай турганыма ишенип калдым, – дедим ичимдеги бугумдун баарын сыртка чыгарып. Арзы ойлуу басып баратты, ой басып калды. Кыйлага унчукпай барды да:

– Сиз али үйлөнбөгөн, окууну жаңы бүтүп келген, жаш жигит болсоңуз, мен бир кызым менен сиздикине кантип барам, экөөбүздү эл эмне дейт. Жаш баланын башын айландырып, күйөөсүнөн ажырашып, ушул жигитке тийип алыш үчүн кылган экен деп жалган жалаага калам го, – деди.

– Мен баарына кайылмын, сизге жетсем болду, – дедим чечкиндүү.

– Болбойт, андай ойдон кайтыңыз. Анын үстүнө жаңы кызматка көтөрүлгөнү жатсаңыз. Менин күйөөдөн ажырашканыма жыл айланбай жатса. Кантип сизге турмушка чыгам. Жок, мындай ойдон кайтыңыз, – деди чечкиндүү. Жигит киши болсом, сунушумду айтып алып кантип кайтмак элем, башты байладым, эмне болсо да көрөм деп мен да көшөрө баштадым.

– Анда келерки жылдын май айына чейин коё туруңуз, дагы жакшы бири-бирибизди байкашалы. Балким, көңүлүңүз калып калар, – деди Арзы үйүнө жакындашканда.

– Сизден өмүр бою көңүлүм калбайт. Бирок сунушуңузга макулмун, – дедим.

Бул күн мен үчүн чоң майрам болду. Өзүмчө эле кудуңдап сүйүнүп жүрдүм. Ал түгүл буфетке кирип жүз граммды сеп этип да алдым.

Майрамым көпкө уланган жок. Жаңы кызмат, жаңы жоопкерчилик, иш кайнаган учур болуп кетти. Шашкалактыгыман көп учурда жеме угуп, көп учурда ашыра мактап жиберип жатып, ишке маш боло баштадым. Күн сайын эле учу түгөнбөгөн командировка. Арзыга да жолуга албай калып жаттым. Ал ооруканага жатып калыптыр. Кызы да, өзү да ооруп жатыптыр. Айылда да апам биз тандаган



кызды аласың, болбосо топурагымды түйүп берем деп калган. Кыскасы, кайсыл жагыңды караба проблема. Арзы менен роман болуп жүргөнүм редакторго да жетиптир. Ал мени чакырып алып: – Сен башың бар баласыңбы, – деп кыйла намазымды окутту. Баарына эле кайылмын. Максатым Арзыга жетүү. Күн сайын иштен кийин ооруканага барам. Бирок Арзынын акыбалы күн санап оорлошуп жаткандыгы менин тынчымды ала баштады. Ата-энеси да келип карап жатууга туура келди. Чырылдап эки жашар кызы жанынан чыкпайт. Арыктап күндөн күнгө өңдөн азып бара жатты. Бирок редакциядан Арзыга суктанып, аны корумуш болгондордун бирөөсү да басып барып коюшкан жок. Адамдардын эки жүздүүлүгүнө таң калып жаттым.

Суук кабар эсимди оодарды, Арзы оорудан башы өйдө болбой жатып өтүп кетиптир, түндө айылына алып кетишиптир. Жамаатыбыз менен бардык, атасы кайтарыбызда: «Уулум сага чоң рахмат, күн сайын барып кызымдын акыбалын сурап турдуң. Адамкерчилигине ыраазы болуп калдым» – деди. Тилек максатым таш каап, Арзыдан ажыроо мен үчүн өтө оор болду. Негедир иштен чыгып эле иче баштадым. Бир-эки жолу жетекчилеримден да эскертүү алууга туура келди. Сүрөтүн чөнтөгүмө салып алгамын. Жамаат менен кыркына барып келдик. Эки жашар кызы таэнесине көнө түшүптүр, арыктап калыптыр. Айла канча көкүрөк ыйлап, жүрөк ыйлап, арманды эч кимге айта албай ичимде ыйлап турдум. Эшигинин алдында эки түп сирень гүлү ушунчалык ачылыптыр, эми короонун ичи жагымдуу жытка толуп турду. Арзынын жыты. Эми минтип армандын жытына айланып турду.

Редакцияга келсем жетекчим чакырып жатыптыр. Кеңсесине кирсем албуутданып олтурган экен. Мен нөөмөттө туруп чыгарган газетадан ката кетип, тополоң болуп жатыптыр. Болгондо да саясий ката дешти. Деги эле мен нөөмөткө турганда газетадан ката кетчү эмес. Ошол күнү да досторум менен аз-аздан

алып олтуруп кыйла эле ичип алган элем. Газетаны жакшы карап-карабай эле басууга уруксат деп кол коюп салыптырмын. Басмаканадан окулган газетанын барактарын алып келип алдына жайып алыптыр.

– Сен жигит ишеним берсе, өзүңдөн кеттиң. Мына отуз миң нуска гезатаны төлөйсүң, каталарын ондоп, кайра чыгарабыз, окурмандардан кечирим сурайбыз, – деди. Башымды ылдый салып

– Төлөй албаймын, – дедим.

– Төлөй албасаң арызыңды жаз, – деди. Дагы олтуруп арыз жазууга туура келди. Эмне болуп баратканымды да түшүнбөй жаттым.

– Арызыңды чогулушта караймын, чык азыр сыртка, дагы ичип алыптырсың, – деп редактор жиндеп жатты. Арызды жаздым да, ишке келбей квартирамда ичип жата бердим. Көздөрүм шишип, көчөдөгү селсаяктарга окшоп калыптырмын. Бир жумадан кийин, квартиранын кожейкеси татар аял эле келип:

– Балам өзүңдү колго алгын, өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Сен али жашсың. Келечегиң алдыда. Өлгөн адам да көрүндө тынч жатсын. Арзыга жетпедим деп татар кемпирге бугумду айтып өксүпөксүп ыйлап алдым.

– Түшүнөм уулум, мындай бир кезде менин да башымдан өткөн – деди. Ысык тоок шорпо кылып ичирип, жүз грамм арак берип төшөккө ороп жаткырып койду. Турсаң мончону жагып коёмун түшүп чыгасың деди. Каш карайганча уктаптырмын. Турсам төшөгүм суу болуп кетиптир тердей берип, негедир жеңил болуп калыптырмын. Мончого түшүп чыгып андан бетер жеңил болуп калдым. Көйнөктөрүмдү жууп, үтүктөп коюптур. Менин жанымда олтурду да:

– Уулум, өлгөндүн артынан эч ким өлгөн эмес. Кайрат кыл, насип эмес. Өзүңдү кармагын, али келечегиң алдыда. Арзыны мен деле жакшы көрчүмүн, айла жок эмне кыласың. Сенден суранам, эми ичпегин, – деп акыл-насаатын айтты.



Эртеси кадимкидей өзүмө келип калдым. Зымпыйып кийинип сыртка чыксам, редакциянын машинасы келип калды. Шофер жигит айтты.

– Сизди ишке чакырып жатат, – деди. Эмнеге чакырып жатты экен деп бушайман болуп жатып бардым. Барсам редакциянын аттуу-баштуу аксакалдарынын баары редактордун кабинетинде экен. Баары менен учурашып, бурчка барып олтурдум. Партуюмдун катчысы туруп алгач менин жакшы жактарымды айтып келип: «Эми иштесин, жаштыкта ким кемчилик кетирбеген, тарбиялайбыз» – деп менин күнөөмдүн баарын өзүнө алды. Ичимде ыраазы болуп калдым. Баары өз ойлорун айтышты. Ошентип жатып, кайра ишке алышты. Туура бөлүм башчы эмес, мурдагы өзүмдүн ордума иштемей болдум.

Акырында сөз алып сүйлөп, бир айга отпуска берүүсүн сурандым. Мен өзүмө келип алайын дедим. Баары макул болушту. Ошентип отпуска алып сыртка чыктым. Арактын атын уксам көңүлүм айный баштады. Партуюмдун катчысына кирдим да, 100 сом акча таштадым.

– Менин отпусканы жууганым, өзүңөрчө чай ичип койгула. Мен арактын өзүн эмес атын уксам көңүлүм айнып жатат дедим. Ал киши да: «Сен ага экинчи жолобо» – деп акыл-насаатын айтып, акчаны алып калды.

Эртеси автовакзалга келип айылга жөнөгөнү жатсам, Баки олтурат скамейкада. Мени көрө калып эле кучактап калды. Экөөбүз сагынышып калгандай көрүштүк, ал жерде учурашып, кучакташып өбүштүк. Ал деле мени сагынып калса керек кайракайра өөп жатты.

– Ой, кайдан жүрөсүң, – дедим.

– Москвадан келе атам. Ошко түшүм эле, айылга баратам, – дейт.

– Ой, ал жакта эмне кылып жүрөсүң, – десем. Ломоносовдо окуймун, быйыл бүтүп жатам, – деди.

– Жакшы болгон турбайбы, куттуктаймын, – дедим. Экөөбүз ашканага кирип тамактанып, бала-

лык чактан баштап кайрадан эстеп, каткырып күлүп эле жаттык.

– Менин эң жакшы көргөн кемпирим элең, – десем.

– Ой койчу кайдагыны айтпай. Анда жаш элек да, – деп күлөт.

– Күтүүсүздөн үйлөндүңбү, – деп калды. Негедир оор үшкүрүп алдым да

– Жок, – дедим. Түшүнөм, – деди.

– Эмнени түшүнөсүң, – дедим.

– Жеңең айткан, – деди. Тапканыңа үйлөнбөйсүң, – деп энем урушуп жөнөткөн, – деди. Айла жок. Менин кабарым Москвада жаткан Бакиге да жетиптир. Баарын айтып берүүгө туура келди. Ал кайра мени аяп калды. Аңгыча автобуз жөнөп калды. Экөөбүз бир орундукка олтурдук. Башын менин ийниме коюп, уктап келе жатты. Жол ката ойлонуп, Баки экөөбүз аткулактын ичинде жаткан күндөрдү көз алдыма тартып келе жаттым.

– Окууну бүтүп жатса жакшы экен, – дедим ичимде. Автобустагылардын эки көзү эле бизде. Москванын абасынанбы, же бой жеткениненби. Айтор, багы кетирекей кара кыз созулган аппак кыз болуп кетиптир. Тоготпой жүрүп бир кезде, эми суктанып алчу кыз болуптур, – дедим ичимде. Маданиятка жеткенде токтоп жеп кетчүдөй бир нерсе алып чыктым.

– Эми кайрат кыл, – деди.

– Кайрат берчү ким бар, – десем.

Колумду бекем кармап, кысып коё берген жок. Ошентип Баки экөөбүз айылга келе жаттык. Ал менин ийниме башын коюп, мени аяп, колумду бекем кысып кармап келе жатты. Элдин баары бизден көзүн албайт, кандай бактылуу жаштар дегенсип суктанышат.



## КҮЧҮКТӨН ООГОН КУТ

Алимбек бийдин көчү Сары-Үңкүрдүн үстүндөгү корумдун жанындагы ата-бабасынан бери конуп келе жаткан эски конушка келип конду. Уулун үйлөп той кылганына эки жыл айланып баратса да Алимбек бийдин берген тою көпчүлүктүн оозунан түшпөй айтылып келет. Анткени бий уулуна берген той адаттагыдан тышкары той болгон. Сырттан киши айттырбай өз айылына төрт түлүктөн тогуз карадан баш байге сайып, оюн-тамаша кылып берип, тойдун акырында айылындагы жарды-жалчылардын баарына алына жараша мал берип, ушул малды күтүп турмушуңарды оңдогула деп беш короо койду, сандаган кара мал менен жылкыны бөлүп берди.

Тойдун акырында эл байдын эшигинен кетпей дуулдап бата берип турушту, бийдин баласына өмүр тилешти, бийге жакшы тилектерин айтышып алкашып, тийген энчилерин алышып таркашты. Ошол тойдон кийин элдин ынтымагы чыңдалып, байдын дарегине жаман сөз болсо, бийди жамааты менен коргоп, бийге чаң жугузушпай калды.

Тойдон кийин бий баласы менен келинин бөлүп, өзүнчө түтүн булат деп, мал-мүлкүн берип өзүнө коңшу кылып алды. Балага ат мингизүү салтын да өзгөчө кылып өткөрүп берди. Айыл аксакалдарын чакырып кысыр эмди тай сойдуруп, анын этин сүткө бышыртып, карыяларды конокторгондон кийин Тайкашка күлүктү баласына өзү колтуктап мингизип: «Мына балам адам болот деген ушул» – деп камчысын колуна берип, жанына атадан балага өтүп келе жаткан кынсыз кылычты байлап, анан карыялар ак баталарын беришип, ак өргөөсүн көтөртүп «бийдин уулу, бийдин уулу, бийдин уулу адам болду, атасына коңшу болду» дегизип акындарга жар салдырып бөлгөн. Бирок баланын бешенеси тайкы экенин билген бий бир нерсеге көңүлү чыкпай жүрчү. Тектүү жердин кызы деп тандатып жүрүп алып берген ке-

лин деле ата нускасын ала албаган келин экенине кийин көзү жеткен. Жыл айланбай келини уул төрөдү. Алимбек бийдин кубанычы койнуна батпай күн алыс небересин алдына алып эркелетип, баласынын үйүндө. Бир күнү бий небересинин бешесин карап олтурса ырыскыдан кемирээк экенин байкайт. Камыр жууруп олтурган келинин тиктеп олтурса келинде кут жок, Алимбек бий өзүнчө кейип олтурду, менин нускамды улап, байлыгыма байлык кошор бул жалгыз уулумда эч кандай кут жок турбайбы, келечек кандай болоор экен деп санаага батып олтурса, ууга кеткен уулу кичинекей күчүгүн ээрчитип келип калды. Атты байлап жаткан баласын тиктеп турса, жанында шыйпаңдап тили саландап турган күчүктүн оозунан кут төгүлүп турат. Бий баягы күчүктү кыйлага нес болуп карап турду.

– Жолдуу келген баласы уудан алган олжолорун түшүрүп, аңгыча коңшу-колоң топтолуп, «шыралга» деп келгендерге энчисин берип таркатып жатты.

– Алимбек бий уулу менен учурашып, дасторкондун үстүндө жайнаган даамдан ооз тийип олтурду да:

– Уулум, бир козу сой да этин казанга салдырып кой, бир жаш шорпо ичким келип турат, – деди. Атасына таң калган уулу:

– Ата элик, кекилик, улар атып келдим, анын эти болбойбу, – деди.

– Жок, уулум, мен козунун шорпосун ичким келип жатат, – деп койду.

Бала ойго бата түштү: «Бусурман атам ушунча коюу туруп, кандай менин козумдун этин жегиси келип калды» – деп ата сөзүн эки кыла албай, эшиктеги кызматчысына айтып, бир козуну тез сойдуруп, этин казанга салдырып койду. Бай небересин эркелетип жыттап-жыттап алып олтурду. Аңгыча келин бир кесеге шорпонун чий көбүгүн калкып алды да аны очоктун башына коюп үйгө кирип кетти. Эч ким жок учурду байкадыбы баягы күчүк келип чий көбүк салынган кесеге башын салып жалап жибергенде бий:

– Кет, – деп итти кубалап, колундагы небересин көтөрүп сыртка чыгып, келинге байкатпай баягы ит жалаган кесени колу менен сыдырып колун баланын оозуна салып, жалатып койду. Ит кыңшылап барып жыгылып, талып жатып калды. Үйгө алып кирген небересин жерге олтургузуп коюп алыстан караса баланын бешенесинен кут төгүлүп туруптур. Итти караса эч нерсеси жок калган экен. Алимбек бий жараткан Аллага жалынып, көңүлү толукшуп, жанына уулун чакырды.

– Уулум, менин эсимден чыгып кетиптир, Андаш аяш атаң чакырды эле, козунун этин балдарың менен жеп кой, – деп шашылымыш болуп, баласына батасын берип, сыртка чыгып аттанып, бышып жаткан этке карабай кетип калды.

Атасынын бул кылыгына баласы да, келини да түшүнгөн жок, бийдин көңүлү ток кыңылдап ырдап, үйүн көздөй бара жатты.

## ИТИБАЙ МАС

Итибай мас доорунун эң бай адамдарынын бири болгон. Итибай айтканынан кайтпаган, адамды ким экендигине карабастан басынтып, сөгүп-кагып сүйлөгөн адам. Качан көрсөң мас сыяктуу сөгүнүп, кагынып жүргөндүктөн аны эл Итибай мас деп атап калышат. Тор-Камышта бир жылы Итибай мас той берип калат. Ал кезде жерибизге орустар келип отуруктaшып калган учур болот. Итибай мас ошол орустар менен тартынбай эле барып, алардын турмуш шартын үйрөнүп, өзү жашаган жерге картошканы жана тоокту алып келип өстүрө баштайт. Тоогу ушунчалык көбөйгөндүктөн жумуртканы кайра ошол орустарга чакалап сатып, арбын байлык топ-

тойт. Жаңы келип малы жок орустар Итибайдын тооторунун жумурткасын сатып алып күн көрө баштайт. Ал мезгилде кыргыздар тооктун этин арам деп жебеген.

Мына ушундай жылдардын биринде Аксы, Анжиянды чакырып чоң той берет. Тойдо оодарыш, улак, байге, күрөш, ордо, жамбы атыш, ит тартышмай, кыскасы, кыргыздын улуттук оюндарынын көбү өтөт. Турдумат паңсат менен бийик секиде олтурган Итибай мас байге бергени келгенде акчаны санап берип жаткан Бердигулду көрүп: «Эй, атаңдын оозун урайын, уят болбойбу, пулду санап берип жатат» – деп, бар барып үйдө эки кап пул турат алып келип, ар бир жеңген адамга кочуштап пул бер, антпесең сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кыласың мени, эмне мен сага пул санап берип сарт белем» дегенде үйүнөн эки канар кап пул алып келип оюндарда жеңгендин баарына ырчы, комузчу, жомокчусуна чейин чеңгелден пул берип, ыраазы кылып узаткан дейт. Тойдон кийин тойдо кызмат кылгандарга бирден аксарбашыл кой тартуу кылат. Ошол учурда аркыттагылар жыгач иштетип, жыгачтан түрдүү буюмдарды жасап тирилик кылышчу экен. Анан бир Аркыттыкты айтат дейт: «Эй, чабынды жыттанган эми союшту го алдың, эми ушуну жей алар бекенсиң, же чабындыдай кылып талкалап жок кылар бекенсиң» – деп тамашалаган экен.

Тор-Камышта олтурган мезгилде Кожо-Атага Намангенден найыптар келип конок болуп эс алышып калышат. Алар келгенде айылда сайраган чымчыктан башка дыйкандын тарсылдатып кетмен чапканы, балдардын ызы-чуу түшүп ойногону, отунчулардын токой кыйганы, жылкынын кишинегени, уйдун мөөрөгөнү, койдун маараганы угулбай тынчтык болуп калчу экен. Найыптар тынч жатып, бал кымыздан ичип, эс алышчу экен. Арстанбайдын үйүнүн тушунан жан адам өтпөй калчу дейт. Арстанбай кишиликтүү, колунда бар, сабаттуу адам болгон дуктан найыптар жайкысын ушул Арстанбайдын үйүнө



келип бир жума, бир жума туруп эс алып кетчү экен. Бир күнү найыптар сырттагы сөөрүдө жатышса кыядан бир келишкен сур жорго минген адам чыгып бара жатат дейт. Найып:

– Арстанбай аке бул кайсыл адам, тууганыңызбы, – дейт.

– Бул мага өтө деле тууган адам эмес, Итибай мас деп коёбуз, жак дегенин бербеген, айтканынан кайтпаган өжөр адам, – дейт.

Найып:

– Ушул адамдын аты мага жакты алып бербесеңиз болбойт дейт. Ал мезгилде найыпка жок деш болбогон учур болот. Макул дейт да Итибай мастын сапардан кайтар учурун болжоп, жигиттери жол тосуп жатышат. Итибай мас кечке маал кайтат. Жолдон жигиттери тосуп:

– Итибай аке, сизди Арстакем чай ичип кетсин, – деп чакырып жатат деп калышат.

– Оңой менен чай ич дечү эмес, бир иши бар го деп, бараткан жолунан аттын башын тартып Арстанбай акенин үйүнө бурулуп аттан түшпөй короо четине келип, теңтуш болгондуктан добуш салат.

– Эй, Арстанбай, түшүңдөн чоочуган жоксуңбу чакырып калыпсың, чай ичкенге убактым жок, жумушуң болсо айт, – дейт.

– Арстанбай келип, найып сенин атыңа кардар болуп жатат, оозуңа батышынча айт, алып берем, – дейт. Аны уккан Итибай мас турган жеринде сөөрүдө жамбаштап жаткан найыптарга кайрылып:

– Ээ, таксырлар, атка ашык болгонуңар кимиңер, – деп сурайт.

– А буродар, мен аламын, – деп ноочa келген, башына селде чалынып, кымбат баалуу чапан кийген найып кайрылат. Анда Итибай мас мындай дейт:

– Урматтуу найыптар, бул ат сатылбайт. Бирок силердей таксырлар үчүн соогага беришим мүмкүн, эгер силер да мен сураган нерсени соога кылсаңар, – дейт.

– Айтың ойланып көрамис, – дейт найыптар.

– Мага керилип кетмен чаба турган, өзүңөрдөн кем болбогон, жоон жолпу ноода эки сарт керек, алып келип берсеңер ат силердики дейт. Сөзгө жыгылган найыптар калп эле күлүмүш болуп:

– Хоп буродар, биз ойланип көрайли, – дешип унчукпай калышат.

Итибай мас кайырлашып кайрылып аттан түшпөй кете берген экен.

Ошентип аттын башын найыптардан куткарып калган экен. Кийин ошол атын, эми бул атка тегин эмес адамдардын көзү түшүп калды, алыска кетирбей колдон жылдыра турбасам деп Нүсүп бий менен үзөңгүлөш жолдош болуп, паңсаттыкка чейин жеткен, кечүүлүк досу Турдуматка тартуу кылып жиберет. Анткени досун: «Кытайга барып өлбөй келгенсиң, сен кыдыр даарыган, кудай назар салган адамсың» – деп катуу сыйлачу экен. Туку ажы, эми карыган кезинде, үстүңө суу койсо чайпалбас атымды дос катары тартуу кылайын минип жүр» – деп берген тура.

Итибай мас өлөрүндө мал жайлоого көчөр мезгил эле дейт. Элин чакырып: «Мени деп күтүп олтура бербей, жайлоого көчө бергиле, антпесеңер малды кырып аласыңар, мени Кыргын мечитке алып барып таштап кеткиле, кайтсам сөөгүмдү ошол жерге койгула. Акыбалым начарласа кабар бердиремин» – дейт да өзү Кыргын мечитте калат. Жай өтүп эл жайлоодон кайтып Итибай масты көрөлү деп келсе, төшөктөн турбаптыр – дейт.

«Мен чыныгы дүйнөгө кетейин деп, келдим эле алган жок, тирүү элемин» – деп коёт дейт. Кайра эли менен кыштоого барып ошол жакта кайтыш болгон тура жарыктык киши.





## ГУВАЛА

Райондук кеңештин активинде мектептерде жеңил кол өнөрчүлүк өнүктүрүү, окуучулардын өз колдору менен буюмдарды жасоо чеберчилигин арттыруу, кесипке үйрөтүү маселеси коюлуп жаткан. Райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы аталган маселе боюнча кеңири баяндама жасады. Бирок эң алыскы айылдагы он төртүнчү мектепте политехникалык билим берүү кабинети ушул мезгилге чийин түзүлбөгөндүгүн, бул ишке а түгүл райондук курулуш башкармалыгы да маани бербей келе жаткандыгын катуу сынга алып өттү.

Мына ушул сындан кийин аталган мектептин директоруна сөз берилди.

Директор, курулуш башкармалыгына кошулуп сындалганына чыдабай араң олтурган.

– Урматтуу кесиптештер, депутаттар, меймандар мейли курулуш башкармалыгындагылар бул ишке колдун салаасынан карап мамиле кылып келишти дейли. Бул өзүнчө сөз болор. Бирок биз мектеп жетекчилиги колдо бар мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланып, устакана жок деп кол куушуруп олтурбай, кесип үйрөтүү ишин жакшы жолго салганбыз. Мен буга конкреттүү мисалдарды келтирип айтып беришим мүмкүн.

Зал тынчып, устаканасы жок, политехникалык билим берүү кабинеттери жок, бул ишти кандай жакшы жолго койду, – деп ооздору ачылып карап калышты. Өзгөчө райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын оозу ачылып калды.

Мисалы:

– Айталы бардык кылган иштерди айтып олтуруп убактыңыздарды албайын. Эң маанилүүлөрүнө гана токтолсом. Өткөн биринчи чейректин акырында 9–10-класстын окуучулары мугалимдердин

үйлөрүнө барып, кырк миңден ашык кам кыш, гуваладарды куюп беришти. Сегизинчи класстын окуучулары физика сабагын окуткан мугалимдин үйүнө барып, кир сууларын төгө турган чуңкур, сабиз көмө турган чуңкур, дагы бир жер төлө казып беришти. Албетте, мен бул иштердин жогорку сапатта бүткөндүгүн белгилеп кетмекчимин. Азыр мына ушул жогоруда мен сөз кылган ороолор жогорку сапат менен пайдаланууга тапшырылды. Атайын билим берүү комиссия мүчөлөрү бул ороолордун чуңкурлугун, кеңдигин эске алып беш деген баа коюу чечимине келишти.

Кыздарыбыз да турмуш тиричилик сабактарына активдүү катышып жатышат. Айрыкча сегизинчи, тогузунчу, онунчу класстын кыздары, мектеп мугалимдеринин үйлөрүнө барып үй жасалгалоо иштерине активдүү катышуууда.

Окуучу кыздардын чеберчилиги менен мугалимдерибиздин үйлөрүнө отуздан ашык көрпө-төшөк кабылды. Кир жууш, үтүктөө, казан-табак жууп үйрөнүү жагынан жакшы натыйжага жетишип жатышат.

Башталгыч класстардын окуучулары да политехникалык билим алуудан четке калышпай үйрөнүүдө. Алардын да өздөрүнө ылайык иш тапканбыз. Мисалы, алар мугалимдердин жаш балдарын көтөрүп ойнотушат. Эшиктерин шыпырышат.

Эми келечек пландар жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Курулуш башкармасы көңүл бурбаса, биз ага да айла таап жатабыз. Мектептин короосунун эшигине, өтүкчүлүк цехин, бир чач тарач кана курабыз, эркек балдар ушул кесиптерди да үйрөнүшөт.

Бул иштердин келечеги барбы, бар, өзүбүздө устаканалар жок болуп жаткандан окуучуларыбызды бөлөк жактарга жиберип өнөр үйрөтүп жатабыз. Азыр төрт окуучу шаардагы мончонун башчысына шакирттикке бекитилди. «Куш келипсиз» көрүстөнүнүн көр казгычы эки окуучуну бул кесипке, көр казууга үйрөтүп жатат.



Чоң айылдын айыл башчысы эки окуучуну эмгекке үйрөтүүдө. Чоң көчөдөгү комхоз кыркып кеткен теректердин дүмүрлөрүн окуучуларыбыздын көмөгү менен казып алдык. Жетинчи-сегизинчи класстардын окуучулары көмүр казышууда.

Мына ушундай жол менен мектепти кышка карата отун, көмүр менен толук камсыз кылып алдык. А түгүл мугалимдердин үйлөрүнө да көмүр түшүрүп, отун жыйып бердик.

Аңгыча чогулушка катышып олтурган чайканачы чал сөз ыргытып калды.

– Өмүрүңдөн береке тапкыр. Жакшы экен, балам. Мен да карып калдым. Мага да эки бала бер, чай ташып жардам берсин. Кесип үйрөнөт, – деп кыйкырды эле, доклад окуп, кызып калган директор жакшы укпай калды.

Чогулушта олтурган мекеме ишканалардын жетекчилери, директор эмес бекен дешип күбүр-шыбыр сөзгө өтүшө баштады. Акимдин жанында олтурган райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысынын чыкпаган жеринен тер чыгып, күйүп кетти.

Директорго заказ берүүлөр көбөйдү.

– Асфальт басканга жыйырма бала керек.

– Сөксөөл жулганга кырк бала керек.

– Тресттин ашканасына капуста туздоого он кыз керек.

Директордун шаштысы кетип калды.

– Мейли, мейли көп оор иштер окуучуларга болбойт, курулуш ишканасы гувалага окуучу сурап жатат, артып калса берейин, – деди.

Ушул учурда колтугуна чоң сумка көтөргөн мектептин склад башчысы кирип келип:

– Урматтуу директор, илимий иштериңиз боюнча орун басарыңыз көмүр түшүргөнгө үчүнчү класстын окуучуларын ал деп жатат, чоң класстын окуучуларынан бериң, – деп кыйкырды.

– Азыр, азыр, – деди директор.

– Урматтуу жолдоштор, биз окуучуларга дал мына ушинтип политехникалык билим тарбия бе-

рип жатабыз. Сынды да байкап, текшерип туруп айтыш керек. Көңүл бурганыңыздарга рахмат. Суроо-талаптарыңыздар болсо жазуу түрүндө берсеңиздер деп терин аарчып туруп калды.

– Залдагылар мага мынча бала керек, мага мынча деп жазып бере баштады. Алардын арасында Элге билим берүү бөлүмүнүн башчысынын: – Ушул азыртан баштап иштен бошсуз, гувала куйгандарга командирсиз – деп жазылган буйругу да жазуу түрүндө директордун колуна тийди.

Зал дүркүрөтө кол чаап жатты.

## ОРОС БИЙДИН ОРДОСУ

Ала-Бука жергесиндеги Чанач жайлоосу касиеттүү да, ыйык да жер десек жаңылыштык болбойт. Бул жерлерди не деген гана залкар инсандар жайлап, мекендеп өтпөдү дейсиз. Кадимки Бишкек баатырдын атасы Жоочалыштын бир тууганы Тата, Талкан бий мына ушул касиеттүү Чаначты жердеп туруп жашап өткөндүгү бизге тарыхтан белгилүү. Ал эми Талкан бийдин 26 тукумунун сөөгү мына ушул ыйык Сафет-Буланга коюлгандыгын тарых тастыктап келет. Ал эми бул жерде кадимки Мачак баатыр менен кыргыздын ханы эр Эшим жашап өткөн жер. Казак тарыхый булактарында эр Эшимди казак деп берилип келсе, ал эми Тоголок Молдонун санжырасынан тартып, эр Эшим кыргыз ханы катары сыпатталып, болгондо да кыргыздын саруу уруусунан чыккандыгы талашсыз. Анткени Эшимкандын жалгыз уулу Колпоч болсо, колпочтор саруу уруусундагы чоң уруулардын бири. Белгилүү төкмө Эшмамбет авабыз да мына ушул саруунун колпоч тукумунан болот. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, төкмө акын Ысак Барпиев да мына ушул колпочтордон чыккан. Ал эми Сафет-Буландагы Кербонбос менен Ышкыт хандын чабуулунун мизин кайтарып, мусулмандарды бошотуп



алган Мачак баатыр да мына ушул жерди жайлап өткөн саруу уруусунан чыккан баатырлардын бири. Ал эми Мачак баатырдын тукуму эр Бешим баатыр жөнүндө чоң санжыра бар. Мачактар саруу уруусунун бир бутагы. Тегин жерден Каныш энебиз:

Жаман да болсо Жабайга айт,
Чаар аттуу Кабайга айт.
Көрөңгөлүү Көкүмкө айт,
Көп сарууда Бешимге айт, –

деп бекеринен ыйлап боздогон эмес да.

Дал мына ушул жерди жайлаган, эли-жерин сырткы душмандардан коргоп келген атактуу бийлердин бири бул Ороз бий болгон. Багыш уруусунан чыккан бул бийдин да элде калган эрдиктери санжыра болуп айтылып келет.

Ат менен касиеттүү Чаначты өрдөп олтуруп Чаткал тарапка ашканда Орос бийдин ордосу деген конушка туш келдик. Ошондо аксылык Мырзаякут аксакалдын бул Орос бий тууралуу айтып берген окуясы эске түштү.

Орос бий толуп-ташып турганда казак эли менен карым-катнаш кылып алардан жандык, кара мал, жылкы сатып алып ал жакка эгин, кургатылган мөмө-жемиш ташып барып, алыш-бериш кылып турган экен. Бул ирет сапарга барышына бир адамдын сөзү негиз болду. Кан базарына барып бир адам менен баарлашып турганда ал айтып калды.

– Сиз даңкы таш жарган Таштанбек бай жөнүндө укмансызбы? – деди бейтааныш адам күтүүсүздөн эле.

– Уккам, – деди Орос бий бейкапар.

– Ээ, Таштанбек бай болбой жерге кирсин, жакында ошол байдын айылынан келин алдык. Байдын жылкысы келип суу ичкенде агын суунун этегинен суу чыкпай калат экен, ошончо байлык туруп байдын айылындагы адамдар бай мүлжүп ыргыткан сөөктү аңдып жашайт экен, куда болгон жерден чеке тердеп да чай иче албадык, байдын айылы

чыныгы итке минген айыл экен. Ушундай байлыктын кимге кереги бар. Ажылык буйрубай турган ит адам экен. Эгер башына апаат иш түшсө ошол эл жарайт го анын керегине, өз элин күтө албаган бай да байбы, байлыгына байпагым андай байдын, – деп сөгүнүп кирди.

Ушул сөз Орос бийдин басса-турса оюнан кетпей: «Кой атаңдын оозун урайын, эртең эле менин айылыма келип дагы бирөө ушул сөздү айтса менин атак-даңкым, бир бүркүм сууча болбой калат го, андан көрө алгач элимдин турмушун ондоюн, анан өзүмдө болсун» деген чечимге келип калган. Ошодон улам ал казактарга кой алып келүү сапарына чыгууга туура келди. Жигиттери менен үч күн жол жүрүп, чаарчап-чалыгып кечке жуук улуу жүз, орто жүз, кичи жүзгө даңкы, урмат-сыйы бар казактын Жан-Булак айылындагы Ашуубай байдын айылына жете келди. Сураштырып Ороз бий Ашуубай байдын үйүнө түштү. Ашуубай Ороз бийди сыртынан угуп жүрсө да атайын келип арналуу мейман болду деп ичинен кудуңдап, жылуу кабыл алды. Меймандар аттан кудай конокпуз деп түшүштү. Жайдын күнү меймандар үйгө кирип бата тартылгандан кийин алар үчүн атайын сыртка салкын жерге шырдактарды салдырып, жай кылдырып тосуп алды. Меймандар ал-жай сурашып, туу каалаган бээ союлуп, бал кымыздан ичишип олтурганда он эки канат боз үйдөн суйкайган сулуу келин чыгып, бакан менен челектерин көтөрүп булакты көздөй жөнөдү, келиндин артынан Ашуубайдын чоң сары дөбөт ити кошо кетти. «Ашуубайдын көрөркөз токолу го» – дешип калышты олтургандар. Келин сууну алып келе жатып үйгө жакындаганда челегин жерге коюп дем ала баштады. Ошондо ээрчип барган ит суунун жанынан өткөндө итти келин бакан менен каңк эттире башка чаап калды.

Ары жакта меймандардын камылгасы менен жүрүп калган Ашуубай келинди барып камчы менен сабап кирди. «Мен келгенде катынын сабап калганы казактын келген конокту жактырбаганынын белгиси, жөн эле айтпайбы» – деп ачууланган Ороз бий жанында турган жигиттерине:

– Тарт атты, – деп кыйкырды. Жигиттеринин алды атка минип, арты Ороз бийди аткарып жатканда Ашуубай басып келип.

– Арналуу мейманым сабыр эткейсиз, мен бул иштин төркүнүн айтып берейин, анан туура эмес деп тапсаңыз кете бериңиз, туура деп тапсаңыз арналуу чайымды ичип кетерсиз, – деп аттан кайра түшүрдү.

Сөз башынан болсун.

– Өткөн жылы Манас тоосуна Кыргыз буарларыма жанаша барып жайлоолоп келгени баргамын. Кыргыздар жайлоого чыга элек экен. Күтүүсүздөн эле каракчылар келип балдарым менен байлап таштап, мени сабап минден ашык коюмду, жылкыларымды айдап кетти. Ушул катынымды кошо алып кетишкен. Ээн жерде жардамдашар эч ким жок. Үч күн кезерип жатып, акыры баламдын колундагы жибин тиш менен кырчып жүрүп чечип бошондук. Курсакты кампайтып алып, колума атадан калган канжарды алып, каракчылардын соңунан түштүм. Жайлоого мал келбегендиктен малдын изинен kyyп Авлетимдин Кокуй-Бел ашуусунун белинде жеттим, каракчылар мал менен жаткан экен өргүп, түндөп экөөсүн өлтүрүп менин катыным менен жатканы менен кармашып көрөйүн деп көчүккө тээп сыртка алып чыгып кармашып кеттик. Ошондо ушул катын мени буттан тартып жатып каракчыга жардам берип, ал мени оодарып алды. Эми как жүрөккө канжарын малаарда ушул ит барып каракчыны көк желкеден тиштеп оодара тартып мени ажыратып калды. Каракчыны өлтүрүп, катынды тирүү алып келдим. Анткени атасы бай бар жердин кызы эле дагы кун төлөп жүрбөйүн – деп ойлодум. Кайын атамды урук-тууганы менен чакырттырып кызы менен кездештирип, анан болгон ишти айтып берсем атасы: «Биздин мындай кызыбыз жок, биздин бети-

бизге көө сыйпаптыр, анда катын катары тутунбасаң кул катары жумшай бер» – деп кетип калышты. Ошону менен жүрөт. Эми жазыгы жок итти уруп жаткан катынды эмне кылышым керек, баурым».

...Анда кечиресиз Ашуубай мырза, анда биз жаңылыш таарынып алыптырбыз, бизде мындай катын болсо ошол жерге эле союп келмекмин, – деп Ороз бий олтуруп калды.

Казак кайрадан сөзгө кирди:

– Бу кыргыз баурым кайдан, кай жумыс менен келатырысың, атың азган, өзүң чарчаган, угушумда жигиттериң Ороз бийибиз деп жатыр, кыргыз казакка белгилүү Кыргыздан чыккан Ороз бийдин өзүсүң го?

– Ошол өзүмүн Ашуубайым, сиздин байлык, даңкыңызды угуп жүргөм, аулыңызга арналуу келгимде осындан.

– Жол болсун баатыр, жол болсун!

– Жол болушу Ашуубай баурым өзүңүздө калды. Бир-эки миң кой алып кеткени келдим. Арзанырaак берсеңиз андан көп аламын, – деди Ороз бий.

– Эми анча жол басып, ашуу ашып Ашуубайга деп келген болсоңуз, сизге койду кантип бербей койалык. Каалаганыңызча алыңыз. Анан сиздер тарапта эрмен деген чөп болотмы.

– Болот байым, болот.

– Ээ мен ошол чөпке жетпей жүрбейимби. Мына бул дененин соо жери жок. Ала болуп кеткенмин. Силерге жакындашпай алыс олтурганым да осындан, – деди казак агынан жарылып.

– Ошол эрменден эки төө арта келсеңдер миң койду бекер эле бермекмин, – деди бай.

– Ашуубайым карым катнаш кылып, агаин болуп турсак, ал чөп сизден айлансын. Келерки жылга келтирип беремин, – деди Ороз бий. Ошентип Ороз бий эки миң кой алып жолго түштү.

Ороз бий казактын белгилүү байы Ашуубайдан айдап келген койдун бир да башын өзү албай «Ороз бийдин айылынанмын» дегендин баарына отуз-кырк-



тан бөлүп берип, эл батасын алды. Койду бергенден кийин элине кайрылып, «Эми агаин-туугандар бул жандыктын башы ар кимиңдин колунда эки жүздөн ашмайынча бир да башын жоготпойсуңар, жеке өзүм көзөмөлдөймүн, ким сатып же жок кылып жибере турган болсо, эки эсе кылып ордуна коёсуңар, анан эки жүздөн ашкандан кийин эмне кылсаңар өзүңөр билесиңер, ал эми эки жүз баш кой сакталып турсун, мен бийлик кылып турганда» – деп катуу табыштады. Анткени «Ороз бийдин эли жарды, байдын эшигинде сөөк аңдып, тирилик кылат» деген сөзгө калгысы келбеди.

Ошондон кийин Ороз бийдин айылында кимисиникине барсаң кой союп, меймандап алат, бий бир сөз айтса айылдын кары-жашы кыңк этпей аткарат, ошону менен бирге эле Ороз бийдин намыс ары деп жаман ишке барышпай, биримдикте жашашат. Байдын даңкы ого бетер артып, кыргыз журтуна белгилүү болуп кетти. Байдын байлыгын арттырышып, эмне кемчилиги болсо байга келип айтышып, байдын эрки менен болгондуктан, Орос бийдин айылына эки жактан каракчы, ууру-кески да келе алчу эмес. Ороз бийдин айылынан келин алганы келгендер да алгач Ороз бийге жолугуп, жолдугун кылып, анан келинди алып кетишчү. Ошол Ороз бийдин тушунда элинде болуп көрбөгөн ынтымак, биримдик орноп, элдин да Ороз бийдин да байлыгы ашып ташып, дөөлөтү болуп көрбөгөндөй көтөрүлгөн экен. Айылындагы ар бир адамдын арыз-муңун адилет чечип, акыйкат карагандыгы үчүн бийдин кадыр-баркы эл ичинде чоң болгон тура. Анткени бий өлгөндөн кийин да, бийдин карыганда көргөн каргадай баласын баш кылып, ошого баш ийип келген экен. Ошол Ороз бийдин ордосу деди. Биз менен барган карыя ашуунун күн батыш тарабындагы Ороз бийдин ордосу деген жерге токтоп, биз бийдин арбагына багыштап куран түшүрүп, атактуу бийдин ордо конушунда өргүү алдык.

# БАЛА САТЫЛГАНДЫН БИЙ БОЛУШУ

***(Уламыш)***

Он эки канат боз үй. Үйдүн ичи жомоктоп айтып берүүгө арзый тургандай жасалгаланган. Кирген адамдын көз жоосун алып, алгач эле көзгө боз үйдүн төрүндөгү илинген суусар, кундуз, калтар түлкүнүн, аюунун, анан боз үйдүн төр жагын бүт ээлеген кара чаар жолборстун териси. Бул теринин бул үйгө келип калышынын да өзүнчө тарыхы бар, ал жагынан төрдө ошол теринин түбүндө сүрүнө сүр, күчүнө күч кошулуп, комдонуп жаткан жолборско окшоп Сатылган бий уйку соонун ортосунда үргүлөйт. Шөкүлөсү жер чийген, кара кымкаптан саймасы бар кемсел кийип, ак жибек жеңинин учу бийдин бетин кошо желпип, бели кындай, бети толукшуган айдай, уртунун үстүндөгү калы кара тору жүзүнө жарашып, ого бетер көрк кошкон, билегиндеги алтын шакек ого бетер жаркылдаган, бөдөнө тумшук мамагы төшүн болор-болбос тиреген, Бекзаада келин бийдин жүзүн желпип, атыр жытын аңкытып жанында.

Бир мезгилде ошол жаткан калыбын бузбай, алаканын шак эттирип чаап койду эле, сырттан сымбаттуу боюна жарашыктуу кийинген, башында суусар тебетей, жүзү анардай кызыл, колунда билек саптуу камчысы бар, эликсур жигит кирип келди, эки көзүн Бекзаада келиндин төшүнөн албай, бийге таазим кыла:

– Угуп атам бий ата, – деди.

– Тиги Абды атаңды, Жакы байкеңди, кичинекей Орос чеченди айткылачы мага келсин, анан катындарга айт казан ассын.

– Айтайын бий ата, – деп жигит бийдин токолунан көзүн айырбай тиктеп сыртка чыгып кетти. Буга бий бир жагы сыймыктанса, бир жагы жаш жигиттен токолун кызганып, ачуусу да келе түшкөндөй болду, аны жаш жигит байкаган жок.



– Жаш токолун аяр колтуктан алып жанына тартып, бетинен сүйүп, тизесине олтургузуп, ичке белинен имере өзүнө тартып эркелетип олтурду. Учурдан пайдалангысы келдиби:

– Бийим, раакым эткейсиз, алтын шакек алып берем деген элеңиз? – деди назданып жаш келин кайра бийге ыктай берип.

– Алтын шакектүү болдум деп эсептей бериңиз алтыным, – деди бий.

– Алтын шакек сизден айлансын. Койнунан кичинекей кутучаны алып чыгып Бекзааданын жумшак, назик, аппак колуна баса карматып жүзүнөн дагы сүйдү.

– Тигилерге байкатпа, – деди бий, байбичеси билип калчудай болуп.

– Бийим уруксат эткей элеңиз, чакырган адамдарыңыз келе жаткандай.

– Бара кой, – деди бий көңүл кушу көтөрүлүп.

Алты кар баскан калтардай чубалып, шөкүлөсү жер чийип, олоңдой болгон кара чачын аркасына таштап, чачпагынын учу шыңгырап, ак жибектен көйнөгү жер чийип, келишимдүү мүчөсүн ого бетер көркөмдөп, бурала баскан Бекзаада сыртка чыгып кетти.

– Ассалоому алейкум, бий, – деп Абды аксакал боз үйгө баш бакканда Сатылган бий ордунан тура калып, кош колдоп учурашып карыяны тосуп алып, төргө өзүнүн жанына олтургузду. Биринин артынан бири кирип, бийдин бел туткан, акылкөй адамдары бүт келишти.

Дасторкон жайылып, дүйүм мөмө-чөмө, ысык патир нан дасторконго коюлду, бийдин жигити элпек кыймылдап, жыты канылжаарды жарган бал кымыздан куюп олтурду. Бий сөз баштады.

– Эми Абдыке караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан, ак ишиң менен жан баккан адамсыз.

Мына оозунан сөзү куюлган, уккан адам муюган Орус агам олтурат, заманды болсо көрүп, байкап турасыңар. Бир жагынан ички чыккынчылар, бир жагынан сырткы көз арткандар, элдин эртеңи эмне болот, өсүп келе жаткан жаш муундардын эртеңи эмне болот? деген нерселер мени көп ойго салат. Мен болсо минтип карып бара жатам, мыкты чыкма оозунда сөзү, билегинде күчү бар, элди баштап кете ала турган жаштар болсо тарбияласакпы деген тилек бар. Андыктан кырк уруу элден бирден жигит алып, бир жагы ынтымакты чыңдап, бир жагы шаймашай турсакпы, өз жигиттерибизди да өстүрүп дегендей, ушул ойлордун тегерегинде пикириңерди уксамбы деп чакырттым эле – деди. Эми эпчил, тың эл башкарганга жарай турган жигиттер болсо бийлигимди деле берсемби дейм. Анткени көз артып «жериңер жакшы, кыздарыңар сулуу, малыңар таза кандуу, жайлооңор кенен» дегендер эле көбөйүп бара жатат.

– Эми бий сөзүңүздүн негизи жакшы, ак сөздү айтып жатасыз, жигит топтосо топтойлу, буга деле эл көп деле каршы боло койбос. Анткени душмандарыбыздан көп эле запкы жеп келе жатпайбызбы. Кичине эле колу узара түшсө кыргыз кыргызга душман болуп, жайлоосуна, малына, сулуу кызынан көз артып, шылтоо табып кун төлөтө коюп, кызуу тапкандар канча, анын айынан эр азаматтардан айрылып калып жаткандыгыбыз жалганбы.

– Анан жанагы бийликти тапшырсамбы деген сөзүңүздү бий кайра алыңыз, анткени сизге окшогон көздүү, каректүү бирөө эл башында турбаса эртең кор болуп калышыбыз эч нерсе эмес, орус-кыргызга кадырыңыз бар, казактар болсо деги эле баурымыс деп боорун басып келе жатат. Сиз жок болсоңуз боорумуз эмес эле дооурымыс болуп калбасын.

Баары карсылдап күлүп калышты.

Оюнун мындай кубаттоого ээ болуп кетерин күтпөгөн Сатылган ала басып кеткен бетин колу



менен сылап, тигилерге ыраазы болуп компоюп олтурду. Өзгөчө өзүң башында бол, көптү көргөнсүң деген сөз жагып, жарпы жазыла түштү. Бир жумадан кийин Сары-Жайыктын жайыгына Чүйдүн кенен талаасына ак өргөөлөр көтөрүлүп кырк уруу кыргыздан акыл-эстүү, билегинде күчү, башында акылы, астында аты, колунда каты бар амалдуу жигиттер топтолду. Көбү курал-жарагы менен келиптир. Тоо томкоруп, сан жетпеген кол келсе желбегей кирип кол салып, душман сүрөм дегендер келиптир. Карап олтуруп көз тоёт. Бий бул жигиттердин ар бири менен таанышып, кайсыл элден, кайсыл уруудан экенин сурап, таанышып аты-жөнүн билип келе жатты. Уй мүйүз тартып олтурган жигиттердин эң акырында кең далылуу, билектери кетмен саптай, алаканы күрөктөй, бою да узун, анчамынча ат мингенде бели ийилчүдөй бир жигит олтуруптур. Сурашып келип:

– Уулум атың ким? – деди. Жигит ызаат менен ордунан туруп кош колдоп бийге учурашып, бийдин колун кысканда бийдин колу жаш баланын колундай болуп калганын байкап сыр алдырган жок.

– Атын ким, уулум? – деди.

– Атым Сатылган, – деди жигит бийди тике карап.

– Оппо иним ай я, сенин атың да Сатылган болсо, менин атым да Сатылган болсо экөөбүздү эл кантип ажыратат болду экен, – деп далысына далысын салып теңеле түштү.

– Атыңды башка эле коюп бербейминби, – деп карсылдап күлүп калды эле. Жигит да жемин жедирбей.

– Бий ата сизди алакчындын ала Сатылган дейт, мени Кудайбердинин бала Сатылган дейт, экөөбүздү оңой эле ажыратат, – деди.

Эл дуу күлүп жибергенде, жооп таппай калган Сатылган бий жигиттин тулку боюна бир сыйра көз жүгүртүп чыккандан кийин эл тунжурап эми бий эмне дээр экен дегенсишип карап калганда:

– Иним, сөзүң жакты, сөзүңө ак жыгылдым, өзүң жактың, көөп кетпесең эле бычакка сап болосуң, эл башчылыгымды сага бердим, элге кызмат кылам деген азаматтарыңды баштап ал, элиңди ички-тышкы душмандардан сактап ал, мен жаныңда караан болуп жүрөйүн, элди сен башкар да, кыргызыңа кызмат кыл. Кана, жигиттердин урматына тойду баштагыла, ар бирине бирден ак өргөө көтөргүлө, – деп Сатылган бий жандап жүргөндөрүнө өтүмдүү сүйлөдү да мына ушундай жигитти тапканына кубанып бастырып кетти.

Бала Сатылгандын артынан кырк жигит козголду.

## СӨЗДҮН КУНУ

Бул окуя кечээги Кокон хандыгынын олгоо-долгоо заманында, мына ушул Аксы жергесинде болуп өткөн.Турдумат паңсат Аскердик ишин тапшырып, хандын жарлыгы менен бошотулат. Эскиче кат билген,сабаттуу бул адам Меккеге барып зыярат кылып, балдарга дарс окумакчы болуп хандан уруксат алуу үчүн кирет. Хан паңсаттын оюн угуп олтуруп макул болот, антпешке аргасы да жок эле, дубаны катуу окугандыктан, камап койгон жеринен эшик өзү ачылып эле чыгып даарат алып, кайра кирип жата берчү,муну уккан хан алгач ишенбесе да өз көзү менен көргөндөн кийин Турдуматты катуу сыйлап калганы ошондон.Хандыкка кылган ак кызматына ыраазычылык билдирип, алтын дилде берди-рип, кызыл кымкап чапан жаап,башына Арабиядан алынып келген селде берилип, чоң сый-урмат менен туулуп өскөн Беш-Талга жөнөтүлгөн. Чоң атасы Кечүүдөн келип жай саратанды мына ушул Балык мазарда өткөрөр эле. Ата Конушу. Биздин бир аваларыбыз Курбаналы экөөсү Үч-Коргондун базарына мал сатканы барып калышат. Сөз мына ошол сапар тууралуу болсун.



Каткан камыштай болгон манжалары билинер-билинбес, титиреп Турдумат паңсат жоргонун үстүндө үргүлөп, тор жоргонун эркине карап, аптаптуу күндү бир таман жол менен келе жаттык. Ошол кылыч кармап чаба берип какчыйып катып калган колдору менен чылбырды кез-кезде силкип коюп, сеңселип илкип бастырып келе жатабыз. Катар бастырып, паңсаттын бул кууураган жыгачтай катуу колдору не деген окуяларды көрбөдү да, не деген нерселерди кармабады деп ой басып жанында келе жатам. Анын бул колдору кармабаган курал, кармабаган кылыч, атпаган мылтык, ал эми ак селдечен мына бул кырка тоолордон тартып тигил эле Бээжинге чейин ушул паңсат баспаган жол калдыбы. Оо, бул паңсаттын көрбөгөн неси калды. Өзү жашаган асирдин тирүү тарыхы десем да болот, кадырлуу болгону ушунчалык, хан ордодогу акыл кеңешке да абройлуу адам катары барып катышып жүрбөйбү. Акыл, илим болбосо ошо Кокондо ушул ичине сырын катып ой баскан чалдай адам түгөнүп калыптырбы. Билим бар да. Аалым адам, көптү көргөн.Сөздүн сыр сандыгы.

Бүгүн негедир жол ката лам деп үн катпай үргүлөп келе жатат. Үч-Коргондун базарынан күн аркан бою көтөрүлүп калган кезде чыкканбыз. Базарга мал саттык, эми эртең Таш-Дөбөнүн базарынан жылкы алмакпыз. Бир таман жол чубалат, ээрчишип келе жатабыз. Аттар да талыкшыгансып ысыкта ара туяк шилтегенсийт. Малды кыйнабайын дедиби шашылбайт. Мындай учурду сөз жол кыскартат дечү эле.

– Туке, жолду кыскартпайлыбы, – дедим. Акыры тунжураган тынчтыкты бузуп.

– Менин бир сөзүм бир теңге деди, – паңсат үргүлөгөн калыбын бузбай.

Бүгүн жолдуу болуп он чакты кой сатып, чай ичели деп айтпаганымды эми туюп, уялганымдан тер чыгып кетти, алдымдагы кашка тору да нымтырап баспайт.

– Туке кечирип коюңуз, мына бул теңгеге балдарга эртең Таш-Төбөнүн базарынан чай-чамек ала барың, бапырандап сүйүнүп жүрүп сизге же кымыз алып бербептирмин, же чай алып бербептирмин, же куржундун бир көзүнө набат алып салып бербептирмин, өзүм да уялып калдым деп бир теңге бердим. Ал кезде бир теңгеге бир кой берчү.Паңсат бараткан калыбын бузбай кулпурган шайы чапандын ички чөнтөгүнө бир теңгени салып койду да.

– Басар жолуңду билип жүр, – деп койду.

Шыбактын жыты каңылжаарды өрдөп талаанын жыты келет. Улам жер кесип кыбыраган таш бака, шыбактан шыбакка учкан куштай зуулдап өткөн кескелдирик, шыбактын түбүнөн шыр этип учуп чыккан торгой гана бул талаалардын тирилигин жүргүзүп жаткандай. Болбосо айлана жымжырттыктан талыкшып туруп калгандай туюлат. Кээ-кээде гана ызылдап учуп өткөн айрынын зыңылдаганы чоочутпаса айлана тыптынч. Паңсаттын сөзүнө жакшы түшүнө бербей келе жатып:

– Туке, жолду кыскартпайлыбы, – дедим. Паңсат калыбын бузбай, үргүлөгөн калыбында.

– Бир сөзүм бир теңге – деп койду.

– Ичимде берген теңгеме бул кексе чал ыраазы болбогонго деп ойлоп.

– Туке мына дагы бир теңге коштум, – дедим.

Паңсат тенгени алды да:

– Олтурар жериңди бил, – деди.

– Бул сөз жанагы айткан мен бир теңгеге сатып алган сөздүн уландысы го – дедим ичимде.

Аңгыча Жийде-Белдеги булакка жете келдик. Аттарды дем алдырып, нануште кылып алдык.Бир коон менен нанды жеп аттарды сугарып алып,жолго чыктык. Күн сапарын карытып бара жаткан, жатар жерибиздин болжолу Кош-Коргон. Ошол жерге кеч кире жетип барып жатып, эртең менен таң үрүл-баралда жолго чыгып, Таш-Дөбөнүн базарына жетип бармай.Андан чыгып Беш-Талга кайра келмекпиз.



Нускалуу сөздүн казынасы болгон бул адам бир чечилип сүйлөп калса, анда эле көп байлык алмакмын, сүйлөтө албай келе жатам.

Жолго чыгарыбыз менен:

– Бу Туке жолду кыскарталы, – дедим.

– Менин бир сөзүм бир теңге –деди баягы адатын салып.Бу ажы атам дагы деле ыраазы болбогон турбайбы деп дагы бир теңге сундум. Паңсат теңгени жанына салды да:

– Көпчүлүктө бычак суурубай жүр – деди.Үч теңгеге же үч койго сатып алган сөзүм ушул болду. Мында бир мандем бар го, неге минтип айтты, алысты көрүп тургансып сүйлөчү эле, Кудай сактаса экен деп койдум ичимде.

Кечинде болуштун үйүндө конок болуп калдык. Кымбаттап жасалган боз үйдүн ичинде паңсат атамдын жанында олтурам. Дасторкондон көз тайгылат. Жаш болуш жалпылдап, төгүлүп чачылып паңсат атамды коноктоп жатты. Анткени мындай адамдардын батасын, нускасын алып калуу канчалык нерсе, анын үстүнө жаңыдан эл башы болуп келе жаткан бала паңсат атамдын назарынан калбайын деп жатабы, паңсаттын ар бир сөзүн кунт коюп угуп, «Өмүрүңүзгө береке ата» – деп олтурду. Аңгыча сакалы жайкалган аксакал адам кирип келди. Паңсат атам кел дегенде, алиги аксакал жүгүнө басып паңсат менен кучакташып көрүштү. Мен «Олтур балам олтура бер» дегенине болбой орун бошоттум. Андан соң дагы эки-үч аксакал келди, аларга да орун бошотуп олтуруп улага жакка барып калыптырмын.

Аңгыча эт бышып, койдун башы тартылып калды. Паңсат атам баштан кичине ооз тийип, улагада олтурган жигитке: «Ме бул башты буз» – деп берип калды. Жанагы жигиттин бычагы жокпу сыйпаланып калды эле, жанымдан чоң атамдан калган алтын саптуу бычагымды сууруп бере калдым. Эт желип бүткөндөн кийин жанагы менин бычагыма көзү түшүп калганбы: «Паңсат ата биз ууруну кармадык,

мындан беш жыл мурун байдын үйүнөн алтын тайым буюмдары уурдалып, алтын саптуу мына бу бычак да жоголгон эле ошол бычак мына бул жигиттен чыгып калды, бул жигитти биз тааныбайбыз» – дешти тигил жигиттер.

Чок баскандай секирип кеттим. «Ой, кусур урган, бул менин чоң атамдан калган бычак» – деп жулкунуп жаттым. Бирок алардыута алган жокмун. Заматта ууру болдум да калдым. Паңсат атам бизге алысыраак эле тууган, калыбын бузбай «а жакшы» деп койду. Ушул паңсат атама бир чети таң калам, эт бышым олтурса да, эртеден-кечке олтурса да, бир козголуп койбой, сымбатын жазбай олтурат. Дегеле бир нерсеге чоочуп же кыжаалат болгонун көрбөгөм, дайыма: «А жакшы болуптур» – деп коёт. «Ой, бул жигит ууру эмес, менин үкөлөрүм болот» – деп койбойбу ботом. Эшикке алып чыгып, талга таңып таштašты.

Таңга маал паңсат атам аттана турган убак болуп калды. «Ой, болуш бул доо койгон жигиттериңди айт, эртең Кербенге казыга барсын, мен деле ошол жерде болом, азыр бул жигитти бошоткула, мени менен болот, ошол жерде талаштын башын ачабыз» деди. Болуш: «Туке, капа болбоңуз, мен деле бул ишти толук билбейт экенмин. Ой, бул мейманды эмнеге таңып койгонсуңар, бошоткула» – деп баркылдады.

Кыл аркан колдорумду кыйып кете жаздаптыр. Жалган жерден жалаага калып, атадан калган мурастын азабын тартып каламбы деп ой басып, ооз ачпай келе жаттым.

Айылдан чыккандан кийин «Эми баатыр алар эртең казыга келет. Ошондо сен туура бул бычак түбү меники эмес, мен киши колдуу болуп өлгөн агамдын көкүрөгүнөн сууруп алганмын, анан кайда барсам да ушул бычакты ким меники дээр экен деп сууруп чыгып алдыма коёмун, агамды өлтүргөндөрдү таппай жүргөнмүн, мына агамды өлтүргөндөр өздөрү чыгып калды дегин, мен жанында турам да ошол



сөздү айткандан кийин, «казы бул жигит туура айтат, мен да көргөнмүн деп коёмун» анан казынын чечимин күтөбүз деди. Жооп оңдуу табылганына сүйүнүп да кеттим. Бирок дагы деле коркуп жаттым. Өз бычагым өзүмө жоо болобу деп.

– Базарда сатылган койдун он теңгеси сени магдыратып койду окшойт, сен менин сөзүмдү же өзүң сатып алган сөздү кулактын сыртынан кетиргениңди байкадыңбы. Алгач айтканмын «басар жолунду бил, олтурар жериңди бил, көпчүлүктүн алдында бычак суурубай жүр» дегем. Менин жанымдан эмнеге жыласың, жаш болсоң да мейман карыдан улук, төрдө олтурат, сени сырттан келген бирөө экен деп ууру кылып салышты. Менин шеригим эле деп кантип айтмакмын. Ошол олтурар жериңди билбей жалаага жыгылып олтурасың – деп жоргонун үстүндө үргүлөп бара жатты. Паңсат атам олуя чалыш жан экендигине ошондо ынандым.

Эртеси биз казыга кирдик, алар озунуп эмне уурдатканын, качан уурдатканын саймедиреп айтып чыгышты. Жыйылгандардын арт жагында камчысын ээгине сүйөп паңсат атам турду, анан казы мени сурай баштады:

– Ии, чын эле бул сенин бычагың эмеспи, бычакты кайдан алгансың, балким, уурдап алгандырсың, – деп суроолуу карады.

– Туура таксыр, бул бычак меники эмес, менин бир тууган агам мындан беш жыл мурда киши колдуу болуп өлгөн, ошол агамдын көкүрөгүнө сайылып турган бычак эле, ким меники дээр экен деп барган жерде ушул алтын саптуу бычакты сууруп чыгам таксыр, – деп жатканымда:

– Таксыр казы, бала туура айтып жатат, бул бычак ошол агасынын көкүрөгүнө сайылган бычак, аны мен өз көзүм менен көргөнмүн, ал эми бул жигиттер болсо, жалган жерден баланы доого жыгып жатат, биз баланын агасын өлтүргөндөрдүн айылына барып колдорунан чай ичип калыппыз, булар-

дын бычакты же алтын-тайымдарын чын эле ушул бала уурдагандыгын көргөн күбөсү да жок, жалган жерден жалаа жаап жатышат, – деди паңсат атам.

– А паччагарлар, адам өлтүрүп, дагы азапка түшкөндү азапка салганы келген экенсиңер да, айыпка жыгылдыңар төрт түлүктөн тогуз кара доо төлөйсүңөр, төлөбөсөңөр элде болуп жаткан кырсыктардын күнөөкөрлөрү табылды деп жар саламын,- деди казы.

Баягы жигиттер ооздорунан келмеси учуп, бозоруп олтуруп калышты. Айыпты эки күндө казынын алдына айдап келип, кутулуп кетишмек болушту. Биз малды күтүп жатып калдык.

– Үч теңгени актадымбы, – деди паңсат атам.

– Үч теңге эмес паңсат ата менин өмүрүмдү сактап калдыңыз, эгер бул айыпты мага салганда кайдан төлөмөкмүн – деп көзүмө жаш алып жибердим. Эртеси төрт түлүктөн тогуз кара айдап келишти. Ошол отуз алты малдан бир туяк да алган жокпуз, бей-бечараларга таркатып жиберди паңсат. Бычакты кынга салып жаныма бекиттим да, паңсат атамдын артынан илкий бастырып бара жаттым.

## ДАСТАНЧЫНЫН БУГУ

***(Даректүү аңгеме)***

Жайкысын Чаткалдын баш жагына Авлетимдин Кара-Токо, Он-Ачар, Ашуу-Төр жайлоолоруна, кышкысын Чап деген боз адырлуу бири-бирине моюндашкан, кышкысын кар турбаган, шыбактуу адырларында, бос шыбакты мекендеп торгой сайраган жерде кыштачубуз. Бул чөлкөмдү кескелдирик менен таш бака мекендеп, эл жаз келери менен тоо тарапка көчүп кетип, күн сызырап тийип, бирин-экин төөлөр эле жаз, жайда мында калбаса эч ким калчу эмес, анын үстүнө саратанда шыбак менен калдаң-



дап учкан камгактан башка эч нерсе калбай саргайып, чаңы сапырылып калат, алардын түбүн жылан менен кескелдирик мекендеп, чөлдүн элесин берип турчу. Биздин кыштообуз Жар-Башы деген жерде эле, атам кыштоого келери менен мистенин кагын жыйып, дүмүрүн казып отун камдоого киришчү. Илгери-илгери пайгамбарды капырлар кууп, алардан качып келе жатса пайгамбардын этегин мисте илип калат экен, ошондо пайгамбар: «А суу жашыңды тандабай күйгүр» – деп мистени кагып жиберген экен. Ошондон мисте жыгачы кургак суусуна карабай жаксаң күйө берет, анын үстүнө чогу да кубаттуу болот.

Бул боз адырларды аралап кез-кезде гана колхоздун коюнан кабар алганы ферма башчысы менен колхоздун башкармасынын төрагасы, адистер эле келбесе жан адам деле келчү эмес, ала жазда жылга жылгага уруп таштаган кар күрткүнүн суусун чөөт кылып коюп, тундуруп алып ичер элек, күрткүлөр түгөнгөндө эшекке эки фляганы артып, кыштоодон он чакырымдай алыстагы булакка барып суу алып келер элем, ал дагы суусу шор болор эле.

Мына ушундай күндөрдүн биринде үйүбүзгө узун чапан кийген, башында эски тебетейи бар бир адам келип калды. Атам экөөсү кучакташып көрүшүп:

– Кел ырчым, көптөн бери көрүнбөй кеттиң эле, жакшы келбедиңби, сени сагынып калдык, үйгө кир,- деп үйгө киргизип, апам арыдан-бери калыңдап төшөк салып, төргө олтургузду. Ал-жайды сурашкандан кийин алдына чай коюлду.

– Мен малды короого киргизип жем-чөбүн берип келейин, уулум, сен тигил Ширин таэжеңдин уулун айт койдон бирди союп жиберсин, анан Катыраңкыдагы Айткул акеңди айтып кел, мал-келин жайлап коюп үйгө келсин, Ыманкул авам келди де – деп мени ал жакка жөнөттү. Мен таң калып эле жаттым, атам ырчым деп жатат, колунда чертмеги жок бул кандай ырдайт деп ойлонуп жатып Айткул акеникине барып келдим.

Ыманкул акенин биздин үйгө келгенин кошуна койчулар кайдан угуп калышкан ким билсин кечинде үйүбүзгө адам батпай сыртка короонун жанына чоң ала таарды салып, апам жай кылды. Андан орун тийгени ал жерге, калганы ээр токумга, дөңгөчтөргө жай кылып жайгашышты. Мен деле алардын катарынан орун алдым.

– Анда Ашыралы аке эт бышканча эрмек болуп берейин, – деп Ыманкул аке калың салынган төшөктүн үстүнө олтурду да сөз учугун улады. Кыргызда Олжобай менен Кишимжан деген өткөн ошол дастандан Олжобайдын Чылмайран тоосуна келип уктап эс алып жаткан жеринен аңгеме салып берейин деп баштап калды.

Мен мындай ырчыны көргөн эмесмин. Баары муюп угуп жатты. Олжобай мына ушул жерге келип, чырм этип уйку алып, чарчап чаалыкканын жазып уктап жатты. Олжобайдын тунук махабатына суусап, тамшанып, бирде кайгырып, качан куугунчулар жетип соёт деп коопгонуп, бирде кайгырып, ойгонуп кетсе экен деп азыр ушул жерде Олжобай жаткандай олтургандар санаага батып жатышты. Мен алгач дастанчы авамды оозун тиктеп таң калып, мына ушундай да улуу баян болгондугуна суктанып олтуруптурмун. Мен да кошулуп дастанын улап айтып кетчүдөй кыялым асаманга учат. Байкасам айрымдар ыйлап олтурушат, көз жаштарын сүртүшөт. Ыманбай акем ансайын ушунчалык уккулуктуу, жагымдуу, мундуу обонго салып теребелдин баарын муютуп жатты. Торгойдун үнү да басылды, аркы үйдө камыр жууруп бешбармактын камын көрүп, бир даары казанга боорсок бышырып, бир даары каттама салып жаткан келин-кыздардын деле кулактары ушул жакта. Казандагы этти сапырып жаткан Сапаралы болсо чөмүчтү кармаган боюнча эстелик болуп катып калыптыр. Баары эле Олжобайды Кишимжанга эсен-аман жетсе экен деп, тилеп олтурушат. Биз да тилеп олтурабыз, ансайын Кулжыгачтын каршылыгы күчөп, Олжобай колго



түшүп мыкаачылык менен өлүмгө баратат. Баары ыйлап жатышат, ал түгүл атам да көзүнө жаш алып олтургандыгын байкап калдым. Суук кабарды уккан-да жеңинин ичиндеги канжарды алып Кишимжан өзүн өзү уруп өлгөндө келиндер, кыздар кадимкидей эле ыйлап, ордуларынан туруп кетип жатышты.

Мындай шумдукту көрбөгөм, бир эт бышып, үнү бир каргылданып койбой, улам күчөгөн сайын олтургандарды керемет бир күч менен арбап алып,өзүнө багындырып, баары Олжобай менен Кишимжандын жанында жүрүштү. Мына үн, мына обон, мына ырчы. Сөз куюлушуп, тим эле эрте жаздагы ак жаан болуп калды. Улам-улам бешенесинен чыбырчыктаган терин колундагы кол жоолук менен аарчып коюп, ыргагын келтирип, боз торгойдой безилдеп жаткан Ыманкул аванын керемети менен термелип жатышты.

Этти казандан чыгарып жатканда гана басылды. Калганын тамактанып алып улантабыз дешти. Мен болсо атама карап:

– Ата, тамак жебей эле койбойлубу, – десем,

– Балам, кантип ошондой болсун, аваң алыстан жол жүрүп жөө келсе, анан минтип үч-төрт сааттан бери тынбай ырдап жатса курсагы ачпайбы – деди. Ошондо гана ынанып калдым.

– Мага да үйрөтсүн, мен да айтам, – дедим.

– Ии, мына Ыманкул авасы менин уулум да сиздей ырчы болгусу келет экен.

– Болсун айланайын, болсун, чоңойсоң үйрөтөм жакшылап тыңшай бер, – деди жүзүн кол жоолук менен аарчып жаткан Ыманкул ава.

Мына дасторкон үстү жайнап кетти, каттама, боорсок, каймак май, койчу деги мындай дасторкон биздин үйдө көптөн бери жайыла элек болуучу. Апам мунун баарын бизге көрсөтпөй кайда катып жүргөн билбеймин. Ал түгүл өрүк, мейиз, жийде, коон-дарбызга чейин төгүлдү. Бала болсом керек да атама тигинден алып бер, мындан алып бер – деп жүдөттүм окшойт.

– Тынч олтур, уулум, анте берсең мына бул аваң кетип калат, анан бизге ким ырдап берет дегенде чын эле кетип калбасын деп тынчып калдым.

Эт тартылып, сөз учугу кызый баштады. Ыманкул акем агынан жарылып, арманын айтып кирди.

– Эми айланайын туугандарым ферма башчысы менен раиске мени келди деп айтпай эле койгула. Өткөн жайда жайлоого барып ушунтип Курманбекти айтып таң атырып олтура бериптирбиз. Кочкорбайдын коюна аюу тийип койдун канчасын кырып салыптыр. Мени куугунтуктап, раис мага койдун жарымын төлөтүп, шорумду курутпадыбы. Ошондон кийин койчуларга барганымды токтоткон элем, эми тирилик экен да эт-аштан жүдөп кетип, Ашыралы акемен бир кой алып кетейин деп келдим эле, минтип чогулуп калганыңардан дагы чыдай албай атып жатам.

Илгери эл «Манасты» айттырып укканда, айыл тазаланып, жинди, макоолор жоголуп, айыл кыйлага тынчып калчу эле.Манас атамдын арбагы бийик. Эмкилер «Манас» айтып берсең минтип коюн төлөтүп, биздин шорду катырып жатпайбы.

– Ой, Ыманкул келип-кетип эле тура бер, сен келбесең да биз кышы-жайы койдун артынан жүрө берип, кой болуп калмак болдук, айланайын, мына бул Сүйүналынын ля-ля-лясын уга берип тажап бүткөнбүз, мунун ырынын сөзү жок, ошол ля-лясын он жолу кайталап жүрө берет, – деп Айткул аке агынан жарылып алды.

Ошол түнү чабандар уктаган жок, койду унутушту, түйшүктү да унутушту, тамак деле ичишкен жок, баарын эле Ыманкулга бергиле дешип мейманга берерин таппай жатышты. Ыманкул ава биздикинен кетпесе экен деп калдым. Таң кашкайып жерге жарык тийгенде таркаша турган болду. Кожожаш мергенди Сур эчки аскага камаган жерин, Сур эчкинин каргышын угушту. Андан барып Кожожаштын уулу Молдожаш атасынын өчүн алганын угушту. Андан кийин Кедейкан дастанын угуп анан кайран кыргыз



ушунтип баатыр да болгон, кор да болгон, азапка баткан, жыргалын да көргөн дешип, өткөндөрдүн арбагын козгоп жибердик – деп аларга багыштап атам куран окуду. Таңкы торгой безеленип сайрап жатканда чапандарын күбүп силкишип, көздөрүн ушулап, бүгүн да кетип калба дешип, бирден-экиден таркай баштапшты. Ыманкул акеге бата беришти. Акча беришти. Чапан жаап, башына тебетей кийгизишти. Мен ошого эле сүйүндүм, анткени тебетейи эскирип жыртыла баштаган экен, апам кийгизген суусар тебетей көркүн ачып, ырчынын зоболосу көтөрүлө түшкөндөй болду. Эл кеткенден кийин Ыманкул аке үйгө кирип уйкуга кетти. Биз болсо баягы көнүмүш турмуш менен койлорду жайытка чыгарып, короону шыпырып тазалоого, бирибиз эшектерди айдап сууга кеттик.

Мен суудан келсем, алар мени күтүп олтурушуптур. Атам бир койду союп, этин жиликтеп чоң дасторконго түйдү. Апам таңга маал эл берген кийим кечелерди бир жоолукка түйүп, баарын куржунга салып, эшекке мингизип жөнөттүк. Мен авам кетип калабы, кетпесин деп ыйладым. Атам жемелеп койду.

– Үйдө сага окшогон балдары бар, алар ачка олтурмак беле, келет дагы ошондо ырынын баарын үйрөтөт деп. Ошентип Ыманкул авам элдин черин жазып бир күн түнү менен ырдап берди.

Ыманкул авам келет деп жүрүп кыш өтүп, жаз келди. Келбеди. Кийин атамдардын сөз кылганына карасам, ал кишини чарбанын жетекчилери дагы бир жерде элди иштен алагды кылып жомогуңду айта турган болсоң айылдан көчүрмө кылып айдатабыз деп коркутуп коюптур.

Жайлоого көчөрдүн алдында атам мени атка учкаштырып алып:

– Жүр уулум, Ыманкул аваң ооруп жатыптыр, барып көрүп келели. Батасын алып берейин – деп ээрчитип барды. Барсак бир жепирейген жертөлө тамда экен. Төшөктө жатыптыр. Баягы сөз жок,

баягы өң жок, суусар тебетей бурчта илинип турат. Арыктап сөөгү эле калыптыр. Уулум сага жалганчы болдум, жомогумдун баарын үйрөтүп, сага таштап кетейин дедим эле, сен жаштык кылып калдың, мени болсо чоңдор кууп алды. Бук болуп эле ооруп жатам айланайын, мени арбактар кыйнап жатат, – деди.

Атам эмне дешти билбей тунжурайт. Кышта согум сойгон элек, ошонун этинен бир чучук менен эки тилим этти апам аваңдын батасын ал деп берген эле, эт түйүлгөн чоң жоолукту алдына койдум.

Ыманкул ава деми кыстыгып араң сүйлөп жатып, мага бата берди. Атам:

– Рахмат тууганым, тезирээк жакшы болуп кет. Жакшы болсоң жайлоого бар, ал чоңдордон коркпо, Чүнөткө алып чыгып кетем, жайлоолоп кымыз ичип, сергип келесиң – деди. Чын эле үч бээ тууп, кулундары чоңоюп калган эле, жайлоого барсак кулундарды байламакпыз. Ал кезде биз кымыз сатуу дегенди билген эмес экенбиз. Эми ал кездеги кымыздар азыр жок, андай кымызды азыркылар жасай албайт өңдөнбөйбү. Бетегенин кымызы деп таластыктар менен шерне өткөрүшүп кымыз ичишип, күн сайын кой союлуп, жайлоо бир майрам болор эле. Колхоздун чоңдору ага да тыюу салып токтотуп коюшту.

Ошол жай Ыманкул ава кыргыздын баатырлары жөнүндөгү улуу сөздү айта албай ошондон бук болуп, буулугуп жүрүп ооруп, бул жалган дүйнө менен кош айтышып кете берди.

* * *

Көрсө, бул деле жараткан тарабынан айрым-айрым гана адамдарга берилүүчү бир улуу касиет экен. Ошол Ыманкул авамды көргөнү барганыбызда айтып берди эле.

Мен анда жаш элем, жети-сегиздеги курагым, айылыбызга Токтогул менен Жеңижок келип, аларга ырчы Молдобагыш кошулуп, бир жума чоң ыр майрам болгон. Алар кеткенден кийин үйүбүздүн алдында чоң түп жаңгак бар эле, ошонун түбүндө жатып уктап кетиптирмин.

Манас атам, Эр Төштүк, Эр Табылды, Кожожаш койчу, кыргыздын баатырлары баары бар, алдыда Бакай атам менен Кошой атам келе жатышат. Ассалоому алейкум – деп эле тосуп чыксам кимиси экени эсимде жок, бирөөсү бир чоң аяк толтура буудайды алып оозума куюп жатат. Жутуп бүтө электе эле чочуп ойгонуп кеттим. Карасам түшүм. Азыр ойлосом ошол чоң аяк буудайдын баарын жутканда Манасты да айтып калмак экенмин.

Ошондон кийин эле оолугуп, алгач Курманбекти айтып жүрдүм, кийин Эр Төштүк, Эр Табылдыны айтып, анан Кожожаш, Кедейкандарды айтып калдым. Көзүмдү жумганда эле куюлушуп келе баштайт. Айтып-айтып салсам көкшүнүм сууп жеңилдеп калам. Айтпасам эле арбактар менен урушуп ооруп калам. Эми эмне кылам, айла жок алардан кечирим сурап, ооруп жатам – деди.

Ошондон көп өтпөй эле атам колхоздун раисин кармап алып уруп салып, койдон чыгарып, камай турган болуп калды. Ортого аксакалдар түшүп жатып, атамды соттотпой алып калышты. Атамын тор жоргосу бар эле раиске мингизип, акыры жарашып тынды. Ошол окуядан көп өтпөй эле Ыманкул авам өтүп кетти. Эми ал кезде анын айткандарын жазып ала турган эч ким да болбосо керек. Анда райондук маданият бөлүмдөрү да жок эле. Не бир укмуш баатырлар авам менен кошо кетти, укпай калдык. Бирок ал раис деле узакка иштеген жок, чарбадан кетип, андан соң өтүп кетиптир деп угуп калдык.

Менин көз алдымда Ыманкул авамдын Олжобай менен Кишимжанды айтып жатканы жашап келе жатат. Чоң дастанчы мына ушунтип бугу чыкпай буулугуп жүрүп өтүп кеткени күнү бүгүнкүдөй эсимде. Эл ичинде кээ-кезде Ыманкул дастанчы жөнүндө сөз болуп калат.

тады. Акыры Карынбай качып кутулду. Короодон чыгып караңгыга сүңгүп кирип жок болду.

– Эртең менен эле айыл ичи уу-дуу геп болуп, Субан аванын коюн иниси Карынбай уурдаптыр деген кабар аткан октой тез тарап жатты. Карынбайдын карыган апасы баласынын бетине түкүрүп, Субан аксакалдан кечирим сурап, короосундагы куйруктуу эки койду алып келип байлап берип кетти. Карынбай болсо айылда жүрө албай, шаарга качып кутулду. «Жеңеге барбай жемирең калайын» – деп өзүн өзү жемелеп жатты. Бирок Жыпар ал койлорду алган жок, кайра эле айдап жеткирип берди. Бул биздин койлор эмес, баланы атам байкабай уруп коюптур, капа болбогула деп таштап келди. Бирок бул окуя тымызын ичте калды. Койду элдин баары, Карынбай уурдады, – деп андан сак болушуп кала берди.

Кемпир чалдын караан тутканы да, бел кылганы да Жыпар болуп калды. Кетип калбаса экен деп эле коркушат. Күйөөсүнүн өлгөнүнө да эки жыл аяк басып бара жатат. Кетиш-коюш жөнүндө сөз жок. Бул сөздү дагы өзүнүн апасы козгоп калды.

– Кызым жашсың айланайын, балдарды мага таштада турмушка чыгып алсаңчы. Балдарың эми чоңоюп калды. Биз менен тура беришет. Өзүң да кыйналып кеттиң, – деди.

– Жыпар апасынын көңүлүн биротоло калтырайын дедиби, же экинчи бул тууралуу сөз кылбасын дедиби, айтор:

– Апа, мени үч балам менен ким алмак эле, алганда балдарымды там-ташынан ажыратып мына бул бышып олтурган кемпир-чалды боздотуп кайда барып батам. Булардын убал-сообу кимге, Кадырдын арбагы мени уктатабы, – деди. Апасы да чын эле дегендей кызына боору ачып, көз жашын аарчып тим болду. Ошондон кийин турмушка чык деген сөзүн койду.

Сырттагы сөөрүндө угуп олтурган кайнатасы, келинине ак батасын берип:



– Акылыңдан айланайын, келиним, сага чексиз ыраазымын, баламдын ордуна балам болуп калдың. Өмүрү жамандык көрбө, мына бул чүрпөлөрүңдүн убай-урматын көр айланайын, ушул жамандарды ата жайынан ажырата көрбө деп мунканып жиберди.

– Ата, коюңузчу жаш балача ыйлабай, сиздерди таштап кайда бармак элем, силердин мына бул балдар медериңер да дегенде кайненеси да көзүнө жаш алып, акырегинен ылдый көз жашы көл болуп олтурганын көрдү.

Ошондон көп өтпөй эле Субан аксакал кайтыш болду. Элден айлансаң болот, чалдын сөөгүн коюуга чоң жардам беришип, бардык шаан-шөкөтү менен коюшту. Эми сексенден ашып калган кемпир да жесир болуп келиндин колунда калды.

Балдарынын чоңу жетинчи класста окуп, кичинеси экинчи класска барып калды. Чоң баласы кол арага жарап, айдап кел, байлап келге жарап, үй тириликке кол кабыш кылганына кубанат Жыпар.. Балдар го өзү менен өздөрү болуп эрезеге жетип келе жатат. Жыпардын жүрөгүн өйүгөн токсонго жетейин деп калган кайненеси, өз апасындай болуп калган бул кемпирдин өмүрүн Кудайдан тилейт. Ооруп сыркап, тумоолоп калса көзүнүн агы менен тең айланып карайт. Кемпирди жалгыз таштап, оюн-зоокко, аш-тойлорго деле бара албайт. Аны айылдаштары деле туура түшүнүшөт.

Карыган адам жаш бала болуп калат деген туура турбайбы. Али туруп чай ичем дейт, али туруп тамак жейм дейт. Ал жакпай калат, кайда кетип калдың дейт. Бирок ушул энесинин батасын алам деп Жыпар бардык кыйынчылыкка кайыл. Кадырдын арбагына берген антымды актап, ошонун арбагынын алдында таза болсом экен, – дейт.

Бүгүн түшүндө Көз-Булакта жүрүптүр. Эмнеге жүргөнүн өзү да билбейт. Таң менен туруп эле балдарын кийинтип, энесин кошунасына дайындап, мен бир жакка барып келейин деп дасторкон, табагын

## АК БАТА

Кең-Колдун үстү ар жазда гүл жайнап ажайып, бир кооз болуп кетет. Жыпар өрүлгөн чачын белине байлап, гүлдөрдү аралап жүгүрүп келе жатып, гүл баскан туланды кучактап жыгылды, артынан келе жаткан Кадыр да гүлдүү талаага чалкасынан жата кетти. Жакын эле жерден торгойдун безеленип сайраганын Жыпар маашырланып угуп жатты.

– Билесиңби, Жыпар, мен торгойдун сайраганын жакшы көрөм, бир миң түркүн обон менен сайрайт. Балким, экөөбүздү кошуп ырдап жаткандыр.

– Койчу, кантип ошентсин?

– Койбой эле. Атам айткан: «Торгой жаз менен сүйүүнүн жарчысы» – деп.

– Мен сени сүйөм да. Уят го, бирөө укса.

– А мен жаздагы шыбактын жытын жакшы көрөм.

– Ой, шыбактын жытындай жыт барбы?

– Келерки жазда сен окууну бүтсөң...

– Анан.

– Той кылабыз.

– Ээ койчу, мен окушум керек, бир кесип алып.

– А мен айылда сени күтүп жүрөмбү? Баш кошуп алалы, анан окуй бересиң. Ошол атыр жыттуу жаздын түнүн Жыпар менен Кадыр бирге өткөрүшүп узакка сырдашты.

Экөөсү кол кармаша кол жоолукту эрке желге дирилдетип тээ айылдын башындагы Көз-Булакка эртең менен эрте түшүп барышты. Жүздөрүн чайып, биздин тунук сүйүүбүзгө бирөөнүн көзү тийбесин, сүйүүбүз тунук, таза болсун, – деп тилек кылышты. Чын эле Кадырды таштап шаарга кетип кала албады.

Илгери-илгери эки жаш бирин-бири сүйүп калып, алардын сүйүүсүнө, бири-бирине жарашкан бойлоруна, экөөсүнүн тунук махабатына, элдин баары суктанышып, аваз кылышчу экен. Ошондо бир адамдын көзү тийип, эки жаштын денесине көз жара чыгып, өңдөрү бузулуп, бири-бири менен урушуп калышканда, кайыптан бир аксакал келип экөөсүнө айтат экен:



– Уулум, кызым! Силер бириңер менен бириңер урушпагыла, бири-бириң үчүн жаралган жансыңар, силерге көз тийди, эми силердин сакайып кетишиңерге бир гана жол бар. Ошону кылсаңар жаныңар аман калат. Бир улуу тоонун ичинде, арча кайындын арасында,бир сайдын башында үч жерден булак чыгат, ал анчалык алыс эмес, анын бири – Кулак-Булак, бири – Көз-Булак, бири – Жүз-Булак деп аталат, ошол булакты таап, даарат алып, намаз окуп туруп жүзүңөрдү үч ирет чайып жуунсаңар, жаратkандан тилек кылсаңар айыгып кетесиңер дейт. Эки жаш ошол булакты издешип көпкө жүрүшөт. Көрсө, өздөрү жашаган сайдын эле башында экен. Булакты таап баягы карыя айткандай кылып жуунуп, таранышат. Кыз менен бала таптаза болуп чыга келишет. Кубангандарынан экөөсү айкалышып кучакташа, андан махабаттын алоосуна кабылышып, аймалашып киришет. Ал жерде кучакташпас керек эле, Көз-Булак: «Бул экөөсүнө дагы көз тийбесин» – деп кайып кылып жиберет. Ошондон улам бул булактын көзүнө ар дайым жума күндөрү бир чал менен жаш кыз балдар келишет, балдар булактын айланасында оюн куруп кечке ойношот, ал эми чал болсо өткөн сүйүүсүнө маашырланып, терең ойго батып олтуруп, кечке жуук жок болуп кетишет. Буларды көргөн бул жерде бир гана карыя бар, ал да карып бара жатат.

* * *

Жыпар менен Кадырдын баш кошконуна алты жылдын жүзү болду. Жыпар Кадырга, Кадыр Жыпарга канат-бутак болуп жашашканына айылдын кары-жашы дебей ыраазы. Кайнатасы Субан аке колхоздо актив болуп жүрүп пенсияга чыкканына бы-

йыл жыйырма беш жыл болду, байбичеси Сүйүм менен баш кошуп өмүр сүрүшкөнүнө элүү жылдан ашса да бир жолу бири-бирине акаарат кылышпаган жандар, бирин бири ызаат-урмат кылып келишет. Чал-кемпирдин караганы жалгыз баласы Кадыр. Сүйүм он экини төрөдү, балдары токтобой мына ушул Кадырды Кудайдан тилеп калкалап караан тутуп калышкан.

Кадыр Жыпарга үйлөнгөндө элчилеп кече өткөрбөй, молдого нике кыйдырып, айылга чакан той берип эле баш коштуруп коюшкан. Тектүү жердин кызы, ата сөзүн, апа нускасын алып өскөн Жыпар ага деле макул болду. Жыл айланып уулдуу болушту, эки жыл өтүп кыздуу болушту. Ал эми Эрмеги болсо мына басат, ана басат деп турганда күтүлбөгөн жерден кырсык болуп кетпедиби. Автокырсыктан Кадыр кайтыш болуп кетти. Эгиз козудай болуп эми түтүн булатып адам болуп келе жатканда Жыпарга үч бала менен калып калуу өтө кыйын болду. Эгер үч бала болбогондо ким билет.

Батага келгендер күбүр-шыбыр:

– Эми Субан аке менен Сүйүм энеге жаман болду. Жетимдер эптеп тирилигин кылып кетет. Өлгөндүн эле шору. Ал эми Жыпар болсо жаш неме чал-кемпирди карап олтурмак беле, турмушка чыгып кетет эртең эле. Карыган эки адамга кыйын болду дешип кээ бири чын дилинен, кээ бири жөн эле кайгырымыш болуп жатты.

Күйгөн күйүп, күйбөгөн көңүл айтып таркап кетишти. Чындыгында, айыл элин баланын өлүмү эмес, сексен таяп калган чал-кемпирдин тагдыры кайгыга салып жатты. Баланын зар-кайгысынан эми экөөсү өлүп калат, өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып келин да өз тиричилигин кылып, балдарын ээрчитип кетип калса не болот деген айыл ичинде уу-дуу кеп.

Күндөр канаттуу куштай кагып өтүп жатты. Өлбөгөн кулга жаз келет болуп жаз да келип, жандуунун баары айдап себүү менен алек. Беш адамды



жалгыз багып олтурган Жыпар да балдарын медер тутуп, үлүшкө тийген жерин айдатып, жаздык эгин себип алды. Күйөөсүнүн жылдыгын да өткөрүп алды. Күтүүсүздөн эгин септирип келе жатып гүл баскан Кең-Колдун жайыгына келип калганын өзү да байкабай калды, гүлдүү талаага жер кучактай жатып алып өксүп-өксүп ыйлады. Кадырдын бир кучак кылып гүл терип келип берип, гүлгө кошуп кучактап гүлүм деп жаткан күндөрү көз алдына тартылды.

Ушул жерде жатып кайнатасы менен кайненесинин тагдыры чын эле Жыпарды ойго салды. Балдарын ээрчитип кетип калганда табар пайдасы кайсыл, бирөө ушул балдарга Кадырдай ата болуп береби. Ал эми чоң атасы менен чоң энесинин тагдыры эмне болот. Кудай ушуну бешенеге жазган болсо андан качып кутулуу мүмкүн эмес.

– Кадыр сен камтама болбой жат, алтыным, атам менен энемди таштабаймын, тирүү турганымда сенин балдарыңды кор кылбаймын, төшөгүнө чоочун бутту тебелетпеймин, – деп ант берди. Ал жазда келген сүйүүсүн кордогусу келбеди.

Дал ушул учурда безеленип торгой сайрап кирди. Балким, ал Жыпардын кайратына суктанып жаткандыр, даңазалап жаткандыр, балким, ал Жыпарга кошулуп ыйлап жаткандыр ким билсин. Жерден бой көтөрүп кулпуруп калган шыбактын жыты каңылжаарды жарат.

Балээнин баары мына ушул Кадырдын жылдыгы өткөндөн кийин башталбадыбы. Тымызын элчи жиберип, жуучу жиберип мага турмушка чыксын, кор кылбай балдары менен багып аламын дегендер чыгып, айылдагы кемпирлер, келин-кезектер келе баштады. Баарынан да алысыраак кайниси болгон Карынбайдыкы өттү. Базарда жолугуп калып, Жыпарды сөзгө тартып:

– Жеңе, бир элдин жеңесиндей болсоң, тирилигиңе каралашып, жардамдашып турайын, көңүлдөш болуп катташып туралы дегеничи. Ичип алганбы

кечинде барам деп булдуруктады. Мас немеге теңелбейин, – деп эле:

– Ии, кечинде барасыңбы, – деп мыскылдуу күлүп коюп Жыпар жолго түштү. Жетимдердин эки үч коюу болсо ошонун экөөсүн бирөө короодон чыгарып уурдап кетиптир. Айыл аралап кой издеп жүргөн. Кечке ар кимден сураштырып таппай суй жыгылып, кечке маал участкалык милиционерге айтып коюп үйүнө келди. Базардан да караштырды, көзгө чалдыкпады. Жолдон үч баласы тосуп чыгып кучактап, апасын кучак жайып тосуп алышканда кыйналганы да, ачууланганы да чыгып кетти. Кемпир-чал да кезерип ачка олтуруптур. Арыдан бери тамак жасап жиберип, баарынын курсагын тойгузду. Каражаттары деле өп-чап, кемпирчалдын пенсиясы, балдардын пособиеси, анча-мынча мөмө-чөмө сата коёт, ошол тапкан каражат.

* * *

– Жыпар балдарына кийим кылып келейин деп айылдын базарына бара жаткан. Эки аксакал сүйлөшүп олтурган, сөздөрү ушул Жыпарга бурулду. Алардын бири айтып калды.

– Бу Субандын келини мыкты зайып экен, карыган кайнатасы менен кайненесине кир жугузбай багып олтурат.

– Ой, курбум, илгертеден ата-бабада айтылып калган тектүү жердин заты баары бир тектүүлүгүнө барат. Ал Жыпар кыздын ата теги илгертен бай болуп, эл башкарып, эл багып, эл күтүп келген адамдын кызы. Ата тегинен ыйман калган. Азыркы жаштар болсо: Ме баланды тууп бердим, өзүң багып ал, – деп таштап да жиберет болчу. Бул келин ата тегине сөз келтирип албайын деп, карыган адамдардын батасын алам деп, бардык кыйынчылыкка чыдап олтурат.

– А бали десе, азыр менмин деген жигиттер үйбүлөсүн бага албай, мурдунун суусу агып алкаш болуп жүрөт. Жыпардай келинге туш болсом эки дүйнө ыраазы элем го деп сакалын салаасы менен тарап, чалдын бири улутунуп койду.

– Тигинде Каранын (раистин) баласы, атасын тартпай эле алкаш болуп күндө арыкта жатат, күндө көрүнгөндөн тыйын сурап арак ичет, бул деле чыккандан чыгат өңдөнбөйбү.

– Ээ курбум, тектүүнүн да тектүүсү болот. Бу Жыпар келиндин ата тегине Кыдыр аллейки саламдын дубасы тийген адамдар. Угасың, бул келинге да акыры бата тиет. Көз тийбесин.

* * *

Базардан келип, кой издеп да тыным алган жок. Балдардын кирин жууп, көйнөк-кечесин жамап олтуруп кеч жатты. Балдар уктап калган эле, түн жарымында айнек тыкылдап калды, байкаса Карынбай. Ордунан туруп акырын үн чыгарды: «Туруптур, азыр чыгам» – деди Жыпар. Карынбай кудуңдап кой короо жакка өтүп, күтүп турду. Жыпар акырын кайнатасы жаткан бөлмөгө келип:

– Ата туруң, короого ууру келди. Мен светти жагам, сиз келтек менен бакырып эле чаап калыңыз, таанып калсак эле эртең койду таптырып алабыз, – деди.

Субан чал да уктабай жатканбы, ордунан тура калып таягын колго алып, чапанын үстүнө кие калып эле сыртты көздөй шашып жөнөп эле койлор турчу короону көздөй бурулганда Жыпар сырттын светин жандырып жиберди, чалдын алдынан чыга калган Карынбайды чал чала-була келтек менен баштан ары чаап калды, муну күтпөгөн Карынбай:

– Ой, аба, бу мен Карынбаймын, – деп жибергенде эле чал турган жеринен каргап кирди. «Ушул жетимдердин коюн уурдап жегенче, арам өлбөйсүңбү, бала-бротоңдун боорун жебейсинби, эми ушул жетимдердин төрт коюна күнүң түштүбү деп эле боздоп, таягы менен башка-көзгө чапкылай баш-

көтөрүп чыгып кетти. Ал Көз-Булакка келди. Келсе булак чыкпай калыптыр. Булактын көзүн тазалап, тамчылап чыгып жаткан суусун жылжытып агызып койду. Боорсок салып ала келген, эттен тамак жасап жыт чыгарып, Кадыр менен кайнатасынын арбагына багыштап куран окуду. Балдар кечке туландуу, салкын жерде ойноп жыргашты.

Дал ушул учурда узун ак чапан кийген, башында ак калпагы бар, колуна узун аса таяк кармаган, ак сакалы жайкалган карыя бет мандайында пайда болду да:

– Балам, колуңду көтөр, алаканыңды жай, – деди. Жыпар алаканын жайды.

– Ылайым жамандык көрбө, балдарыңдын убайурматын көр, өмүрүң узун болсун, Оомийин! – деп жүзүнө бата тартканда чал көздөн кайым болду. Ээ, ава кетпей турганыңызда жакшы болмок, мага эмес балдарыма бата берип кеткениңизде жакшы болмок – деп Жыпар ыйлап олтурду.Кызы жанына келип:

– Апа, эмне ыйлап жатасыз дагы, – дегенде гана Жыпар өзүнө келди.

Айылдын карыялары күтүүсүздөн эле чогулуп келип калышты. Ии, кайын энемди сураганы келишкен турбайбы – деп Жыпар сүйүнүп дасторконун жайнатты. Алар сүйлөшүп байбиченин жанында көпкө олтурушту. Келинин алкашып, бата беришти. Кайтарында дасторкон четине Жыпарды чакырышып:

– Айланайын кызым, сен биздин айылга кут алып келген келин болдуң. Сенин адамкерчилигиң бүт айылга үлгү болду. Сага убагында жардам бере албаганыбызга кечирим сурайбыз. Мына биз айыл аксакалдары сага жардам кылалы деп чечтик. Карыган кемпирди багып олтурасың, мына бул теңгеге бир саан уй сатып ал, балдарың, энең сүт ичип олтурсун. Кана, алаканыңды жай, бата берели дешип карыялар ак батасын берип, тыйынын таштап кетишти.



– Мына айылга кут келет деген ушул, – деди кайненеси.

– Эртеси эле Жыпар базардан музоосу менен сүттүү саан уй сатып алды. Кубанычы койнуна батпайт. Элдин кызы деген ушул тура – деп ойлоду. Көрсө, ал Көз-Булактагы карыянын ак батасы экен.

## КАЙНЕНЕ

Журналисттик иш менен борборго Сапар тартып калдым. Жеңил машинада үч эле адам болуп калдык, бир орус жигит менен орус айдоочу алдыда, ак жуумал сулууча келин менен мен артында олтуруп калдык. Кыйлага тунжурашып сүйлөшпөй келдик, анан чыдамым кетип мен сөз баштадым.

– Борборго жайынча эле бара жатасызбы, карындаш, – дедим. – Келиним ооруканада эле ошого бара жатам, – деди.

Жаш эле туруп кайнене болгон турбайсызбы, – десем келин жылмайып койду. Анан жазылып сөзгө кирип башынан өткөнүн кайгырып да, сыймыктанып да айтып баратты. Келиндин аты Алмагүл экен. Ошол келин айтып берген окуя тынчымды алып акыры жазууга туура келди.

* * *

Бул бешенемденби, же тагдырдын жазмышыбы ким билсин, кыскасы, мектепте окуп жүргөндөгү балалык таттуу кыялдарымдын баары быт-чыты чыгып, Москвага окууга барам деген тилегим да орундалбай калды. Акыркы бүтүрүү экзаменин тапшырып мектептен чыгып үйүмө келе жаткан жеримен ала качып кетишип, Бакир деген жигитке турмушка чыктым. Олтурбаймын деп канчалык аракет кылганымдан майнап чыккан жок.

Болочок кайненем кагылып, согулуп жатып улкунуп-жулкунуп жатканыма карабай оозума сары майдан салып: – Балам сары майдай, жаңырган айдай келин бологөр, – деп бооруна кысып тосуп алып, башыма өзгөчө бир түр берип, кулпуруп турган, чырактын жарыгына түс чыгарып жалтыраган ак жоолук салды.

– Бул жоолукту менин кайненем мен келин болуп келгенде дал ушунтип башыма салган, ал кезде мен он бешке жаңы толгон кыз элем, айланайын, – деп ырымдап атып салды. Көрсө, чоң кайнатам Кашкарга соодагерчилик кылып барып, алып келген экен.

– Ошол башыма жаңы келин болуп келгенде салынган ак жоолугумду, келин алсам башына салам деп мен да ак тилек кылып коюп, сактаган элем. Насип сага буйруган экен, – деп кайненем көзүнө жаш алып бешенемден кайра-кайра өөп, көшөгөгө киргизди.

Келин болуп олтуруп калгандан кийин эртеси жеңелерим келип кетишти. «Буудайдын барар жери тегирмен, кыздын барар жери күйөө» – дешип, ичип -жешип кетишти. Ыйлап сыктап апам деле көнүп, сүйүнүп калды. Өмүрлүк жарымды болсо мурда эле таанычумун, бир-эки жолу сөз айттырганынан теңиме албай койгон элем, анткени менин максатым күйөөгө чыгуу эмес, алыскы Москвага барып билим алуу болуучу. Келин кайнененин камыр турушунан дешип коюшат экен го, кайненемдин дал өзүн тартып, мен да башымдагы ак жоолугумду сактап коюуну алдыма максат кылып койдум.

Турмушубуз жаман болгон жок, түшкөн жерим бардам бакубат жер болгондуктан тың эле жашап жаттык. Кара басып мен келин болуп келгенден кийин заман алгоо-долгоо болуп баягы социализм жок болуп, бир союзга баш ийген ар бир республика өз алдынча болуп тымтыракайыбыз чыгып кетпедикпи. Турмушубуз күндөн күнгө оорлой баштады. Турмушка чыккандан эки жылдан кийин уулдуу болдук. Мен үйдөн балам менен чыга албай олтуруп калдым. Кубанычыбыз коюнума батпай уулубуздун атын ак тилек менен Акжол койдук. Небересин чоң сары тонго ороп, эркелетип алып олтурчу кайнатам да өтүп кетти. Күйөөм болсо бир жакка барып иштеп келбесем болбойт окшойт деп Россияга кетти. Уулум менен карыган кайненемдин түйшүгү мага түшүп калды. Атам менен апамдар деле эл катары эптеп тирилик өткөрүп жатышты. Тилегим эле тирегим болгон атам менен апам эсен аман турса экен деп калдым. Үйдүн жалгыз кызы элем, эки агам үйлөнүп алар келин-кыздары менен турмуштун оош кыйыш мезгилдеги кыйынчылыктарын жон терилери менен тартып жатышты.

Ошол ачарчылык аралап калган токсонунчу жылдарда элдин баары эле кыйналып жатышты. Ал түгүл бүлөсү көптөр чырычтын түбүн казып, сүткө бышырып иче баштады. Менин эси-дартым эле кышка даярдык кылып алсам экен деп талаадан көң терем, күйөөмдүн купайкасы менен өтүгүн кийип алып, отунга барам, ошентип жатып отун-сууну жылда эрте эле мол камдап алчу болдум. Бакир болсо Россияга кеткенден кийин эки жолу акча салды. Ошондон кийин эле өлүү тириги билинбей кетти, карыган апасынан да, чолпондой болуп там-туңдап басып келе жаткан баласынан да кабар албай кетти. Элдин ичинде баргандар ошол жактан үйлөнүп алган имиш, атуулдук алып алган имиш деген эле үрөй учурган сөздөр. Артынан издеп барайын десем кайненем менен баламды кимге таштаймын. Айлам куруп турмуштун жүгүн тартып жаттык, үйүбүздүн жанындагы мектепке пол жууп, тазалагыч болуп ишке кирип алгам, кеч кирди мектепке жүгүрөм, андан келип эптеп оокат кылам, кайненем деле оорукчан болуп, небересин эптеп карап, кыймылдамыш болуп олтурат.Сезип эле турам баласынын кайгысын тартып, мени таштап кетип калбаса экен деп коркот, кантип апамдай адамды таштап кетем.

Кайдан-жайдан экенин билбейм, айылдын чок ортосундагы базарга бара калсам, атам жүрүптүр: «Небереме ала бар» – деп майда-чүйдө алып берди, да, жүдөмүш жүзүмө кыйла тигилип карап туруп, атына минип кете берди. Базардын оозунда менин апам куражтуу кемпир жаш баланы алдына алып тилемчилик кылып, ары-бери өткөндөргө: «Кайрымдуулук кылгыла, кайрымдуулук кылгыла» – деп коюп олтурат. Тыбырап жаап келген жамгырды деле сезбегендей, эки тизеси калтырайт. Боорум ачып үстүмдөгү эски жемпиримди чечип, кемпирдин үстүнө жаап койдум. Жону жым дей түштүбү билбеймин кемпир эки колун көтөрүп, күбүрөп шыбырап бата бергендей болду. Суу болуп базардан келсем кайненем небересин таптап далисте олтуруптур.

– Келдиңби балам, мына пенсиямды берип кетти, бир нерсеңе жарат, – деп колума акчасын берди.

Караганыбыз эле менин арзыбаган айлыгым менен кайненемдин жарыбаган пенсиясы. Өткөн жумада пенсиянын ордуна лампочка берди эле анысын деле саталган жокпуз, бир ящик болуп үйдө эле турат. Кошуна-колоң сурап келсе бирден-экиден берип жатып, аз эле калды.

Ошентип Россиядан бир кабар келип калабы деп жол күтүп жүрүп күз да кирип келип калды. Какатанга муштаган болуп быйыл суук да эрте түштү. Ноябрдын орто ченинде эле кар жаап салып печкага отту эрте жага баштаганбыз. Ала жайы менен терип жыйган отунум кыш ортологондо түгөнүп калбаса экен деп, мектепке барган сайын бир челек, жарым челектен жаап жашырып көмүр алып келем, ошентип жан сактап, кышты өткөрүп жаттык.

Мешке от жага албай суу болуп калган отунду үйлөп олтурсам күтүүсүздөн апам келип калды. Эки кудагый өткөн кеткенди жобурашып олтуруштү. Апам жөн келбегенин сезип турдум.

– Ээ, Алмагүл, минтип турмуш кыйын болуп жатса, үстүңдөгүңү кайырчыга бергениң кандай, ай-



лanaйын, – деди апам. Кайненем оозу ачылып эле мени тиктеп калды.

– Айтам да, ошол күнү суу болуп базардан көйнөкчөн келбедиби. Деги эле сурайм деп унутуп калып аттым эле, – деди кайненем.

– Ээ, апа, улуу адам жамгырда жаш баласын алдына алып жиңкилдеп үшүп олтурса менин жылуу жүргөнүм кандай, – дедим.

– Ой, кудагый, мына ушундай да келиниңиз, – деди апам. Көрсө, апам балам менен мени алып кеткени келген экен.

– Ушул карыган кайненемди жалгыз таштап кычырган күздүн күнү кетип калсам мени кудай кечиреби апа, – деп жатып барбай кала бердим. Апам:

– Же күйөөң келбесе, же жардам бербесе, кайненем, – деп сууктун күнүндө көрбөгөн азапты көрүп олтурасыңбы, – деди.

– Ой, анан кайда бармак элем, келип калар күйөөм, ал деле бир нерсе иштеп таап келейин деп жандалбастап жүргөндүр да, – дедим жакшылыктан үмүт үзбөй.

Айласы куруган апам эртеси кайра кетти. Кыясы атам барып алып кел деген го. Эртең менен эрте туруп апамды жөнөтүп коюп, балам менен кайненемдин курсагын кампайтып коюп, мектепке кеттим. Сыртта кыламык кар жаап салган экен. Ошол-ошол болду, кыйла күн ачылбай улам кар жаай берип, карды көбөйтүп салды. Айрым жылдары кар турбаган айылыбыз ак жоолук салынып эле жатып калды.

Жаңы жылга беш күн калганда эле мектепте балаты майрамы башталды. Андайда жууп тазалагычтардын ишинин түйшүгү артып кетет. Күндө экиден-үчтөн класска балаты майрамы өтөт. Анан мектептин чоң залын жууп тазаламай. Кыштын күнү пол жууш деле бир азап иш болот экен. Эртең Жаңы жыл күнү мугалимдер балаты майрамын өткөрүшүп мектептен кечирээк келдим. Кайненем небересин койнуна катып печканын түбүндө олтуруптур, алда ка-

чан эле от өчсө керек, үй суук экен. Бирок кайненемди карасам эти ысып, оор дем алып олтурат. Температурасы көтөрүлүп кеткендей. Мени аямыш болуп сыр бергиси жок. Нарыдан-бери отту жагып үйдү ысытып, оокат жасап жибердим. Аңгыча саат сегиз болуп түн кирип кетти. Кайненемдин денеси от менен жалын болуп жатты. Карабайсыңбы какаганга муштаган болуп, айылдык ооруканадан да эки чакырымча алыстабыз, аныбыз аз келгенсип үйүбүз да элден обочороок төштүн түбүндө. Эшикте ызылдап суук болуп турат. Же бул колотто телефон болсо, а түгүл участкалык ооруканanын тез жардам машинасы да жок, кошуналарыбызда машина жок, айлам куруй баштады. Кайненемди доктурга алып барбасам болчудай эмес. Баламды кошунаныкына жеткирип карап тургула, үйдө кайненем катуу ооруп жатат деп табыштап келдим. Бирөө жарымдан атпы же эшекпи сурайын десем анда жүрө алчудай эмес. Эл курсагын араң тойгузуп жатканда кайдагы машина. Айлам куруй баштады. Жамандыктын бетин нары кылсын кайненем, өтүп кетсе көргөн күнүм не болот деген жаман ой бүткөн боюмду муздатып өттү.

Кызуу аңгеменин ушул жерине келгенде айдоочу жигит Чычкандын ичинде ашканага буруп машинасын токтотту. Доктурга баратсаңыз сиз жөн эле коюңуз, мен тамак алып берейин деп келинди сыйладым. Жакшы тамактандык. Кайрадан сапар уладык. Келин сөзүн кайра баштады.

– Ушундайда туугандарыбыз да жакын эмес, алар айылдын аркы башында турушат, кимге айтам арманымды, кайратымды боюма жыйнадым.

Карыган немени чапанга ороп:

– Жүрүңүз доктурга алып барайын, – деп калдым.

– Ой, кантип алып барасың айланайын, түн караңгы болсо, же бир унааң болбосо, – деп энем тырышып болбойт. Деми кыстыгып, эч нерсе иче албай жатканынан коркуп кеттим.

– Жаш кыздай эле жонума көтөрүп, эшикти жаап сыртка чыктым. Таман алдымда кар кычырайт, түн жамынып кайненемди көтөрүп, участкалык ооруканага жөнөдүм. Жолдо жардам берчү бирөө жарым жок, эптеп тердеп-тепчип көтөрүп бардым. Ооруканanын эшигинен кире берсем башкы дарыгер чыгып келе жатыптыр,

– Ой, Алмагүлсүңбү, эмне болду, балаң ооруп калдыбы? – деди.

– Балам эмес, кайненем десем таң кала бир аз эси оогондой карап турду да:

– Кир кирегой, ой мындай шумдукту биринчи көрүшүм, жети түндө кайненесин больницага көтөрүп келгенди, киши-кара жок беле, күйөөң кайда, – деп суурoo үстүнө суроо жаадырат. Демимди басып алып, анан жооп бердим. Аңгыча градусник коюп, врач өзү шымаланып тамырын кармап карап кирди.

– Коркпо Алмагүл кызым, кайненең жакшы болуп калат, эски бронхити кармап калган тура. Карыган адам суукта олтуруп, оокат-аштан тартыш болуп калса эле кармап калат. Эти да ысып туруптур. Сен тигил медсестранын кабинетине кир да кичине ысык чай ичип, ысынып ал биз карайбыз, – деди башкы дарыгер шашкалактап. Бир аздан кийин бөлмөгө кирсем капельница менен укол берип жатыптыр. Мен сыртка чыгып жөнөп жатсам, башкы врачтын менчик машинасы келип калды, үйгө таштап койсун деп сурансам макул болушту.

Ошентип аңгыраган беш бөлмө үйдө уулум экөөбүз калдык. Күн сайын эртең менен ооруканага, андан келип мектепке жүгүрмөй. Жакшы кайнилерим, күйөөмдүн урук-туугандары келип жеңилди жерден, орду колдон алып жатышты. Канткен менен деле ар кимдин өз тирилиги да. Башкы дарыгер менин кайненемди ооруканага көтөрүп барганымды элге ыраазы болуп айта берип, бүт айылга таркап карылардан алкыш угуп жаттым.

Чоң атабыз, Эрбешим баатыр айылын жайлоодон жакага көчүрүп калганда ашуунун түбүнө келгенде аба-ырайы бузулуп кетет экен, түндөп болсо

да көчтү ашуудан ашырып калууга аракеттене баштайт, мал-жанды ашууга кар жаай электе ашырып кетели деп бүт эли-журту менен ашууга тырмышып калганда, баатырдын жигит келет экен, «байбиче, көчтү токтотсун деп жатат» – деп.

– Жинди болгон го, быйыл ушул ашуунун түбүндө кыштап калат бекен, минтип күн бузулуп турса,- деп баатыр өзү келсе суунун боюнда келин толгоосу келип жаткан болот.

– Баатыр нары туруңуз, келинге назар салбаңыз деп атабызды четке тартып.

– Кандай кылабыз, келин төрөй турган болуп калды, – дейт байбиче.

– Көчтү токтотууга болбойт, – дейт баатыр, карда калсак элди кырып алабыз, эптеп ашуу оодарып кетишибиз керек.

Анда байбиче:

– Силер көч менен жүрө бергиле, мага бир келин менен бир жигит таштa, мен калам, – дейт байбиче. Жигиттер алда качан эле малды катуу айдап ашуунун башына чыгайын деп калат. Айла кетип бир келин менен байбиче ашуунун түбүндө калышат. Чоң түп карагайдын түбүнө отту алоолонто жагышып, келинин төрөтүп калышат. Келин уул төрөйт.

Эртеси күн шашке ченде кар жаап келет, келинди атка мингизип, жанындагы келинге бир атты берип, оокат-аш менен төшөнчү-орунду атка жүктөп, алдыга аны салып, артынан байбиче атты жөө жетелеп жолго чыгышат. Ашуунун белине жакындашкан сайын кар күчөп бара берет. Эптеп ашууну ашып, ары капталына өткөндө түн кирип кетет. Ошондо Баатыр жигиттери менен келе жаткан болот. Эптеп небереси менен келинди сактап калышат. Эртеси небересинин атын Ашуубай коюшат. Ашууда төрөлдү дешип. Ошол ошол болуп, келини кайненесин катуу сыйлап, чечкиндүүлүгүнө ыраазы болуп, кайненеси өткөнчө тике караган эмес экен.

Менин кылган ишим ошол чоң энемдин эрдигин бир бүркүмүнө туура келбейт го. Бирок эл деген эл



экен алкап бата берип жатышты: «Мындай азамат келинди деле көрбөгөнбүз дегендер да болуп жатты, айланайын, адамкерчилигине» – дешип жатты. Бир жагы ушул элдин алкышынан өткөн бакыт жоктой туюлду.

Бирок кайненем бир ай жатып, ошол оор кыштын кычыраган айында оорусунан жакшы болбой кайтыш болуп кетти. Элден айланса болот, жардам берип кайненемди жашырышты. Кыйынчылык эми келди, үйдө жалгыз олтура албай, же башым бош экенин билбей, же күйөөмдүн кабар-аты жок, апасына топурак сала албай калды. Баламды көтөрүп төркүнүмө кетип калайын десем үйүбүз кароосуз кала турган. Айлам кетип өзүбүздүн үйдү иним менен келиниме таштап, атам менен апамды көчүрүп келдим. Апам макул болсо да: «Мындай шумдук деги эле болбогон деп атам көнбөй, «үйдү сатып жибер» – деп жатты. Бышкан кирпичтен салынган беш бөлмөлүү үйдү балама каттатып койгон элем, көзүм кыйбайт, он - он беш жыл кыйналсам уулум эр азамат болуп чыга келсе ушул ата жайынын ээси болуп калат деп.

Бир гана чоң кайнагамдын сөзү эсимде калды.

– Келиним, сен эки дүйнө жамандык көрбөйсүң мына ушул кайненеңе өз баласы кылбаган кызматты кылдың. Мен улуу манасчы Саякбайды көргөн адаммын, дал ошол Манас баатыр өлгөндөн кийин Абыке, Көбөш эки арам Манастын хан ордосуна чабуул койгондо кайран энең Каныкей кайненеси Чыйырдыны жонуна көтөрүп, Семетейди алдына көтөрүп, Чоң Букарга тентип кеткен. Ошондон бери мындай эрдикти кайталаган келинди укпагамын. Сенин кайненеңди ооруканага көтөрүп барганыңды угуп көзүмө жаш алып, мына бул Бакайдай болгон атаңа миң ирет алкыш айттым дегенде, үйүңдү сат деп олтурган атамдын зоболосу көтөрүлгөнүнөбү айтор, унчукпай биздин үйдө жашап калды.

«Өлбөгөн кулга жаз келет» деген ушул белем, бул турмушка да көндүк, не замандар алмашты, не

хандар келип кетти, мына кайненемди жерге бергенибизге да жыйырма жыл болуп кетти. Турмушка чыкпадым, атам менен апам, кошуна-колоң көп айтышты, бирок акырын ойлоп, баламдын ата жайын аңгыратып таштап кетпейин деп баарына чыдадым. Эң жаман жери күйөөмдүн өлүү-тиригинен дайын жок болуп кетти. Балам эр жетип жигит болуп калды.

Эртең мененден бир нерсени жүрөгүм сезип негедир толкунданып жаттым. Мектепти жууп тазалап жаңы эле үйгө киргенимде сырттан адамдардын үнү угулуп калды. Сыртка чыксам уулумдун классташтары:

– Сүйүнчү бериңиз Алмагүл апа, келиндүү болдуңуз, келин алып келдик, – деп калышты. Шашканымдан сары майды таппаймын. Негедир апам бир козунун кардына май алып келип, бекитип кой кызым деген эле.

– Азыр, азыр деп жатып, сары майды таап келинимдин оозуна жалатып үйгө киргизгенче апам шашып көшөгө тартып жатыптыр. Келинди көшөгөгө киргизип, арыдан-бери жүктү бузуп сандыкта сары майдай сактап, келин алсам башына салам деп келин болуп келгендеги жоолугумду таап, дал ошол кайненем мага жалынып жалбаргандай келиниме жалынып-жалбарып, башына ошол ак жоолукту салдым. Тагдырдын буйругун караң, эки келинге буйруган ушул жоолук үчүнчү болуп келиниме буйруганына жетине албай жаттым. Келинимдин аты да Алмагүл экен. Ошол келиним төрөй турган Бишкекте эле, тынчым кетип ошого баратам, – деди Алмагүл толкунданганын жашыра албай.

– Атам менен апам болбогондо келин алганда кыйналмак экенмин. Келин тоюн берип, баламды элден кем кылган жокмун. Кайненем небересин көрүп өлгөндө арман жок эле деп көзүнүн жашын жоолугунун учу менен сүрткөндө, мына чыныгы келин деп ушул аялды айт деп ичимден ыраазы болдум.



– Кайнене болуп калган турбайсызбы, – дедим.

– Ооба, кайненемин, – деди Алмагүл жылмайып. Өзүмдүн кайненемдей кайрымдуу, мээримдүү болсом экен деп Кудайдан тилегеним эле ошол.

– Ошол бойдон күйөөңүз келбедиби, – дедим.

– Келбеди, – деди, келин оор үшкүрүп. Өлүү-тирүүсүнөн кабар жок, келгендерден сурамжылайбыз, деги эле көрдүм деген жан жок.

Кызуу маектин ушул жерине келгенде борборго жетип, машина токтоду. Алмагүлгө жакшылык тилеп коштоштум. Жаш кейнене келин өз сапарын андан ары улап жөнөп кетти. Эстебес төкмө аткарып жүргөн «Кыз жигит» деген чыгарма эсиме түштү. «Энемден корпо бөлүнөм, көрү жакын төрүнөн, канакей сүйлө сулуу кыз, деги кандай жигит көрүнөм» деген сабы эсиме түшүп кетти. Ошондо кыздын жигитти жемелеген жери бар: «Акылы жок урганың, ак сүтүн берген энеңди, соргондурсуң эмчегин, угуп тур сөзду тентегим» – деп дал ошол Гүлбайра сулуунун Жаныбекти жанчып жаткан жери көз алдыма тартылды. Кыргыздын чыныгы кызы менен сыймыктанып бара жаттым.

## БИР АЙЫЛДЫН КАРЫСЫ

***(Даректүү аңгеме)***

Сыдык карыя күн сайын үйүнүн жанындагы дөңсөөгө чыгып алып, чапанынын бир өңүрүн алдына салып тээ учу көк челген Чоголойдун чокусу тарапты карап, анан ылдыйлап Кыз-Коргондун аскасына келип, айылдын баш жагынан аягына чейин көз чаптырып, атасы менен апасын көз алдыга тартып, алар менен өткөргөн, тарбия алган бактылуу күндөрүн эстеп, кыялга батып олтурууну салт кылып алган. Дөңгө чыккан Сыдык карыяны көргөн айылдын аксакалдары да илкий басып, ара жолдо

бир-эки дем алышып чыгып келишет. Анткени сөздүн куту уюган бул карыядан көп нерсени айттырып угушат.

Күз келип, жыйым терим күч алып тургандыктанбы, айтор, кыйлага чейин, жалгыз олтурган карыя көз алдына боркулдаган айылдын чаң көчөлөрүндө мал айдап, жыланайлак жүргөн күндөрү, апасы артынан кол чаначка коюлган айран менен каламаны көтөрүп келип, учкан чымчык конуп аярлаганча аярлап, нан жеп ал деп издеп келген күндөрүн көз алдыга келтирип олтурду. Анын үстүнө байбичесинин өтүп кеткенине да жыл айланып бара жатат. Жалгыз уулу апасына куран окутуп да келген жок, шаарда жумушум калат деп ошонун артынан жүрөт.

* * *

Чоткараны айылдагылар Чотон дешип атыктырышып жиберген. Жалгыз апасын таштап шаарга кете алган жок, апасы карыган кезде оорукчан болуп калып, алып барбаган доктуру, көрсөтпөгөн табып калган жок, илкип калкып, бир күн ооpy, бир күн соо болуп жашап келе жатат. Колу бошой калганбы, же Сыдык карыянын жалгыз олтурганын көрүп, бир аз жобурашып олтурайын дедиби айтор бир дем менен дөңгө чыгып келип, карыя менен жылуу амандашып, жанына олтура кетти.

– Бу Сыдык ава жалгыз олтурганыңыз жакшы болуптур, бир нерсенин ойлонуп аягына чыга албай келем, ошону сизден сурайын деп эле паитин келтире албай жүрчү элем, – деди.

Жанындагы жаш жигитке таңдана тиктеген Сыдык карыя:

– Айт, сурап кал уулум, колдон келсе жооп берейин, – деди.

– Апама кандай сый-урмат кылсам эне сүтүн актаган болом?



Карыя колундагы тал чыбык менен жерди чукуп, тунжурап олтуруп калды. Кыйладан кийин гана:

– Ой, чунак бала, бул суроон абдан татаал суроо экен. Ушул сексен жети жашка чыгып бир жаш жигиттен мындай суроону укпаганмын. Мени деле ушул ой кыйнап келчү. Апам ырматылык өлөрүндө жанына чакырып алып: «Уулум, баккан-көргөнүмө ыраазымын, ак сүтүмдү кечтим» – деп өлгөн, бирок ошол апам ыраматылыкты ыраазы кылгандай кызмат кыла алдымбы-жокпу алиге чейин табышмак. Эми Чоткара балам дагы түз тийип кетип капа болуп жүрбө, сага байыркылар айтып берген бир окуяны айтып берейин. Анткени сенин апаң да чөжүрөгөн үч баласы менен күйөөсүнөн жаш кезинде ажырап калды. Атаң ыраматылык билегинде күчү бар, оозунда сөзү бар, жүзүндө мээрими бар, өзүм дебеген, элиме болсун деген ушундай бир айкөл адам болчу. Катуу оорудан өйдө боло албай өтүп кетти. Апаң болсо көпөлөктөй чарк айланып карады атаңы. Бирок ажал деген өз ишин жасады. Атаң өлгөндөн кийин жыл айланып карыялар келишип, эми Бати үч балаң менен кайда бармак элең, жаш десең жаш, колунан көөрү төгүлгөн уста кайниң Асанбайга башыңды байлап коёлу, бир жагы балдардын агасы, агамдан калган медерлерим деп балдарды карайт, экинчиден, аялы төрөбөй балалуу боло албай жүрөт, жаш эмессиңби төрөп түшүп берсең, очор-бачар болуп чоңоюшуп бир туугандар болуп калат дешкен. Апаң болсо, эмне: «Мен балдарым менен силерге батпай жатамбы, бирөө менин эс тартып калган балдарыма өз атасындай болмок беле, өзүм эле багып чоңойтом» – деп болбой койгон. Ошондон кийин карылар деле ооз ача алышпай калган. Аны айтып жаткан себебим илгери сендей бир жигит эне сүтүм актаймын деп азык оокатын камдап алып, апасын жонуна көтөрүп Меккеге алып жөнөйт экен. Канча жол жүргөнүн ким билсин, күндөрдүн биринде бир чоң түп дарактын көлөкөсүнө келип апасын жерге түшүрүп, дем алып олтурса, жа-

нына бир карыя келип калат. Сүйлөшүп олтуруп, кайтарында апасын көтөрүп жөнөй бергенде карыя айтат экен.

– Балам сапарың алыспы? – дейт.

– Алыс ата, эне сүтүн актайын деген тилек менен апамды ажылыкка алып бара жатам, – дейт бала.

– А атаңчы, – дейт карыя.

– Атам мен жаш кезимде өтүп кетип, апам эрезеге жеткирди, турмуштун азап-тозогун тартып жүрүп чоңойтту. Эми эне сүтүн актабасам болбойт, – дейт бала апасын жонуна көтөрүп туруп. Анда карыя:

– Бул асыл максатыңа ырахмат уулум, бирок ушул жылдардын ичинде апаңа бир өмүр шерик таап берейин, турмуш куруңуз деп айттыңбы? – дейт. Бала ойлонуп жооп бергенче, үстүндө турган апасы.

– Аны билген бала болсо кана карыям, – деген экен. Бул өмүр шерик деген кымбат нерсе турбайбы. Мына мен да карыган кезде энең өтүп кетип, жетим улактай болуп, күн сайын мына ушул дөңсөгө чыгып алып өзүм менен өзүм сүйлөшүп олтура берем. Балам менен кызым болсо шаарда, ээ мындай күндү эч кимдин башына салбасын.

Мен да сага окшоп эне сүтүн актадымбы же жокпу деп өзүмө өзүм көп суроо берем. Бирок ал оюмду ушунча жылдан бери чечмелей албай келем. Энени ыйык тутуп, кастарлап келе жатканыңа ыраазымын уулум.

* * *

Үзөн эчки багардын эшигине жаңы төрөлгөн наристени бирөө төрөп таштап кетиптир деген кабар айылды чоң ызы-чууга салды. Кары-жаштын баары бул шумдуктуу окуяны кайсыл бети жок кылды деп кыздуу үйлөрдөн шек санап жатышты. Бири бул айылдын кыздары эмес, муну бөлөк жерден алып келген десе, бири алыстан жаш наристени көтөрүп ушул жакка келмек беле десе, дагы бир башка жоромолду айтып жатышты. Үзөндүн көз алдына



акыретке баргандагы учур аңкир-мүңкүрлөр суракка алып жаткан жер көз алдына тартылды. Аялды жараткан айыптайт: «Сен жалган дүйнөдө эң оор кылмыштарга баргансың, күнөөсүз адам өлтүргөнсүң. Анда аял айтат: «О, Жараткан, мен эч кандай адам өлтүргөн эмесмин» – дейт. Жараткан өлтүргөнсүң дейт, аял мойнуна күнөөсүн албай жатканда, никесиз боюна бүтүп калып, доктурга барып баласын алдырганын көз алдына тартат. Бул эмне күнөөң эмеспи дейт. Албетте, бул ишке ошол наристенин атасы да дозок отуна күйөт дейт». Аялды дозок отунан да оор азаптарга буйруйт. Жаратқандын алдында да бет тырмачылык кылып көрөт: «Мендейлер жалган дүйнөдө көп» – дейт. Жараткан айтат: «Көп болсо өзүнө ылайык жазасын алат, ал эми мен сени мусулман дүйнөсүнө, арыулукка, тазалыкка жаратканмын, сен аны пайдалана алган жоксуң» – дейт. Ушул иш да оор кылмыш деп ойго батып олтурганда Сыдык карыянын үйүнө Үзөн аялы менен наристени көтөрүп келишиптир?

– Бир акылыңызды айтыңызчы, бул жаш наристени эмне кылабыз, чын перзентибиз жок, барбаган мазарыбыз калбай жаратқандан уул тилеп жүргөнүбүз чын, эми бул баланы биздин эшикке таштап кетиптир, багып алсак, эрезеге жеткенде келип талашып, бала меники десе канттик, – деп суроо менен карап калышты.

Сыдык ава көпкө не дээрин билбей ойлуу олтурду. Башына жүн чыгып адам болгону бул айылдан мындай шумдукту көргөн эмес. Кандай таш боор адам жасады муну? Тунжурап олтуруп, анан сөз учугун улады.

– Мындай ишти ак никелүү бүлөдө төрөлүп, тарбия көргөн адамдын баласы жасабайт, мунун же апасында, же атасында бузукулук иш бар. Ошол балага өткөн, же тукумунда бар. Кандай эне өз канынан бүткөн баласын бирөөнүн эшигине ыргытып кетсин. Силер уккансыңарбы-жокпу билбейм. Илгери

бир заманда бир жигит бир сулууну жактырып калат экен. Ага жетүүнүн айла-амалдарын издейт, жолун таппайт, кыз макул болбойт, акыры кыз айтат: – Бир шартым бар ошону аткарсаң гана сага турмушка чыгам – дейт. Жигит: – Айт кандай шартың бар дейт. «Мага энеңдин жүрөгүн алып келип берсең гана макулмун» – дейт. Баланы санаа басат. Энесинен башка эч кимиси жок болот. Жигит үйүнө келип түнөрүп жатып калат. Ошондо эне айтат дейт:

Уулум менин жүрөгүмдү ал да ошол кызга көтөрүп алып бар, – дейт. Бала энесинин жүрөгүн алаканына салып жүгүрүп бара жатып чалынып жыгылып, колундагы жүрөк чаңга аралашып жатып калганда жүрөк чыдабай сүйлөп жиберген экен.

– Тур, уулум, эч жериң оорубадыбы, – деп. Мына эненин жүрөгү кандай жүрөк. Ошондой мээрими бар эне баласын талаага таштамак беле, таштамак эмес. Демек, бул перзентти төрөгөн ал эне эмес. Эми бул жалган дүйнөгө жаралган перзентте не күнөө. Багып алгыла, ал силердин алдыңарга эч качан келе албайт. Бирок бул перзент да ниексиз төрөлүп калган болуш керек. Бул перзентти адал тарбиялап, адал оокат менен баккыла, молдону чакырып азан айттырып атын койгула, – деп батасын берип жолго салды. Бирок Үзөн кеткенден кийин жакасын карманып, тообасын келтирип көпкө өзүн жоготуп олтурду.

* * *

– Чын, ава, апам бизди багып өстүрөм деп көрбөгөн азаптарды көрдү, колхоздун талаасында чалгы менен чөп чапты, кой бакты, уюн саады, арзыбаган айлык алып ошону менен бизди эрезеге жеткиргенде эң чоң баласы агам, катуу оорудан каза болуп калды, он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек агамдын азабын тартты. Андан кийинки агам автокырсыктан өтүп кетти, анын азабын тартты. Эми бешенесинде мен калдым, окутту, үйлөп үй-жайлуу кылды. Энемдин бул эмгегин, ак сүтүн берип бакканын



эмне кылсам актай алат болдум экен. Эми оокат-аш, кийим-кечеси белен, үй жылуу, сый-урматыбыз деле түзүк эле, бирок негедир эне сүтүн актап жатам, – деп айта албай келем.

– Ээ, уулум акылыңа рахмат, сени төрөп тарбиялаган апаңа рахмат. Сен ушул оюн менен эле жаратканын алдында чоң сооп иштедиң. Апаң сенден аманчылыгыңдан башка, элге кызмат кылып өнүп өскөнүңдөн башка эч нерсе үмүт кылбайт. Эми сага берер бир гана кеңешим калды. Апаң сени багам деп жүрүп жакшылыктуу деле эч несени көргөн жок, биринчиден, өзүң беш убак намаз окуп, апаңды Меккеге алып барып зыярат кылдырып кел, экинчиден, колуңдан келсе чет өлкөлөргө алып барып, жер көрсөт, эл көрсөт, анткени силерди багам деп кара жанын карч уруп жүрүп, ушул чөлкөмдөн чыккан жок. Карыды, арыды. Эми мына ушул иштерди аткарсаң апаң ыраазы, эл ыраазы. Элдин ыраазы болгону сага жараткандын ыраазы болгону ошол. Сен эне сүтүн актадым деп айтпа, эне сүтүн актады, азамат деп эл айтсын.

* * *

Дал ушул акылын айтып, балага ичинен ыраазы болуп олтурганда, кошуна аксакалдар да кечки баданы тосуп дөңгө чыгышып, Сыдык карыянын жанынан орун алышты.

– Бу Сыдыке бузурман үйгө чыгып, ысык жылык ичип турбайсызбы, аялымдан сурасам көптөн бери келбейт дейт, мен кечке иш менен талаада болуп калып, сизден кабар ала албай жатам, – деди кошунасы Молош.

– Сага жана сенин балдарыңа эки дүйнө ыраазымын, айланайын, кечээ эле келин көйнөк-кечемди жууп, үйүмдү тазалап берип кетти. Деги адамкерчилиги мыкты зайыбың бар, эки дүйнө жамандык көрбөгүлө. Бул Чотон уулум келген экен экөөбүз көп нерсени сүйлөштүк. Адамдын ажаатын ачкан

жакшы жигит. Ал эми тигил Үзөндүн үйүндө болгон ишке өкүнүп олтурам, кайсыл бети жок, ыйманы күйгөн ушундай ишке барды дейм да, – деди карыя бырыш баскан жүзүн колу менен сылап.

– Ээ, Сыдыке, азыр жаштар бузулду? Анын эмнесин айтасыз, элге-журтка да шерменде болдук. Айыл эли кейип олтурат.

– Эми ошол жаштарга таалим-тарбияны туура бере албай жаткан, биринчиден үй-бүлө, экинчиден, мына бизге окшогон карыялар, анан окуткан мектеби, деги эле ыймандуу жаштарды тарбиялоонун жолун иштеп чыкпаган, эртеңкисине күйүп бышпаган мамлекет да күнөөлүү. Учурда сырттан кирген душман да өз намазын окуп жатат. Аларда пул көп экен, балдарды азгырып каалаган ишин жасатып жатат. Азыр Манасты окуган адам жок балдарым. Илгери бай манаптар Манасчыларды чакырып алып күндөп-түндөп «Манас» айттырып, аны жаштар угуп, айылдын тентек-тунтагы жөнгө келип калчу. Урушсак да: «Өй көзүнө кара Манастын арбагы уруп кетет» – десек, тынчып калчу. Касиети улуу Манасты окутпай койдук. Акындар, жомокчулар элдин күзгүсү эле алар калбай калды. Анан кайдан заман оңолсун, ошол чет мамлекеттерди туурайбыз деп жылаңач жүрүп калды. Илгери биз карыялардын алдынан жылаңач эмес, жылаң баш өтө алчу эмеспиз.

– Эми Сыдыке сизге жаңылыгыбыз бар, тигил айылдагы Бүбү кемпирди көндүрүп келдим, алып келип берели, жобурашып тирилик кылгыла, жалгыз эми сизге деле кыйын болуп калды.

Ээ, балдарым, тилегиңерди кудай берсин, Менин жашыма жеткиле, балдардын убай-урматын көргүлө. Бул ишиңерге эки дүйнө ыраазымын, – деп Сыдык карыя бата берди. Ошондон көп өтпөй эле Бүбү кемпир:

– Оо, абышка дөңдө олтура бербей келип чай ич, – деп кыйкырып калчу болду.



* * *

– Сыдык карыя үйүндө олтурса, Бүбү кемпир чалына айтып калды.

– Тигил Үзөндүн аялы жакшы иш кылыптыр, бала көрбөй жүрүп бала багып алган турбайбы, анысы да жаңы төрөлгөн неме экен, улам эмчегин салып сордура берип, эмчегинен сүт чыгып кетиптир, баласын өзү эмгизип жатыптыр, – деп уктум.

– Ээ, жараткан мээримин төккөн тура. Алар ал баланы мага көтөрүп келиптир, багалыбы же өкүмөткө берип салалыбы деп. Ой, багып алгыла, болгону адал оокат менен баккыла дегем. Ошол жакшы болгон турбайбы, эне сүтүн эмип, бешик ырын угуп, ата мээримине тоюп чоңойгон бала жаман болбойт.

* * *

Сыдык карыя өзү сүйгөн дөңдө олтурду. Айылдын аксакалдары бирин-сериндеп Сыдык карыянын айланасына топтолуп калышты. Айылдын соту да, чечүүнү талап кылган маселелери да мына ушул жерде, көк майсаң чөптүн үстүндө чечилет. Сөздү айыл аксакалдары айтышат, чечимди Сыдык карыя кылат. Мына бүгүн да чоң маселе талкууланмакчы. Карачач менен Алимбай тууралуу боломокчу. Булардын жалгыз баласы шаарда окуп, ал жактан келбей калган, кийинчерээк айылга жеткен кабар боюнча наркоман болуп, андан ары кылмыш жасап, камалып кетти дегенди угушкан. Алимбай өлгөндөн кийин Карачач жылдыгы өткөнчө айылда эле жашап жүргөн, күндөрдүн биринде эле жок болуп кеткен, алардын үйү кулптанган боюнча калган. Үйгө ээ болгон эч ким калбаган, урук-тууганы болбогондон кийин ал үйгө ким олтурмак эле, бирок кошуна-колоңдору үйдү тостурбай чөбүн чаап, алма багын сугарып, түшүмүн мектепке, балдар бакчаларына берип турушкан.

Кийин айылга жеткен маалыматтарга караганда Карачач Сузак районуна караштуу карылар үйүнө барып алган экен. Урук-тууган болбогондон кийин ойлонсо керек да, кимдин үйүндө жүрөм деп. Мына ушул иш да кезегинде Сыдык карыя аркалуу эң жаман адат, жаман иш катары кабыл алынган. Бул айылдын элинин ынтымагынын жок болуп баратканынын белгиси катары каралып, Карачачтын кошуналарын катуу жемеге алган.

Оо, Карачач ак маралдай суйкайып, айылдын көркү, сыймыгы болуп, ошол көл тараптагы булардын айылындагы менмин деген жигиттер Карачачка жетпей махабаттын азабын жешкен. Карачач да айылда иш билги, мыкты иштеген адис, айылдын алгачкы билимдүү адамы катары, белгилүү болуп айылда кадыр-баркы чоң болуп турган. Өмүрлүк жары Алимбай да мыкты жигит эле. Булар көл тараптан мугалим болуп келишип, анан мына ушул айылда калып кетишкен. Көл тарапка деле анчалык барышчу эмес. Алимбайды эл айылдын бир тууган адамындай эле кабыл алып калган. Жалгыз уулдуу болуп, Алимбай аны чоң шаардан окутуп, билим берген, бирок эрке өскөн бала, ошол шаарга кеткен боюнча келген жок. Алимбайдын бир арманы ушул баласын үйлөп, элге той бере албаганы арман боюнча кеткен. Эми минтип Карачач да айылды таштап, карылар үйүнө кетип калганын карачы. Айылда эле жүрсө болмок. Элде: «Элдүү түлкү ач калбайт» деген сөз бар эмеспи. Анчалык деле турмуштан кыйналмак эмес.

Бул сапар Сыдык карыя маселени кабыргасынан койду.

– Айылдын мыктылары мына ушул жерде олтурасыңар, Алимбайды өзүңөр билесиңер, мыкты жигит эле. Жаштарды окутуп тарбиялоодо да чоң иштерди аткарган. Элге ак ниет кызмат кылды, бирөөңө катуу айткан жок. Андыктан элдин кадырлаган адамынын бири болуп жүрүп өттү. Эми кабар келиптир, Карачач карылар үйүндө жүрүп кайтыш болуптур, мына кошуна-колоңдору барып табытын алып келгиле, үйүнөн чыгарып, күйөөсүнүн жанына коёлу. Ошондо биз элдик кылган болобуз дешти. Бул маселе эң туура деп айылдан эки аял, бир эркек болушуп, бир машина менен Жалал-Абадга кетишти. Калгандары Алимбайдын үйүн тазалашып, нан жаап, айылдын аяк-башына эртең тазияга деп кабар айтылып, маркумду жайына узатуу камылгасы көрүлө баштады. Сыдык карыянын бул чечими айылды дагы бир ирет ынтымакка чакырып, бөлөк элге ынтымактуу айыл катары көрсөтүп койду. Кара ашына деп Алимбайдын кошунасы бир торпок берди, жылдыгын мектептин мугалимдер жамааты өткөрмөк болушту. Анткени бул Алимбай да, Карачач да өмүр бою мектепте иштеп өтүштү. Сөөк жашырылгандан кийин Сыдык карыянын чечими менен бул эки мугалимдин үйү мектептин карамагына берилди. Үй мектепке канатташ болгондуктан алар бул жерди музей кылышмакчы болушту.

Сыдык карыянын айыл башчы, же айыл өкүмөтү деген деле кагазы жок, бирок бир айыл эл карыяны угушуп, анын кабыл алган чечимин мыйзам катары аткарышып калган. Ошондуктан ар кандай чечимди мына ушул Сыдык карыя кабыл алса бүттү. Ал талкууланбайт, кайтарылбайт, бир гана бүткүл айыл тарабынан аткарылат.

* * *

Сыдык карыянын акылы менен Чотон апасын Жалал-Абаддын курортуна алып кетти. Бул ишке Сыдык карыя өзүнчө эле кудуңдап сүйүнүп жатты. Эмнеге экенин өзү деле анчалык маани берген жок. Дөңгө да бир дем менен эле чыгып кетти. Көз алдына мына ушул айылдын ажайып бир көөздүгү тартылып турду. Сыдык карыянын бул дөңсөөгө чыгышы мына ушул сапар акыркысы эле, аны Сыдык карыя билип чыкканбы, билбей чыкканбы, айтор, дөңдө жалгыз көпкө олтурду.

Бул саам жигиттик кезинен үзүл-кезил эстеп олтурду. Анда мына бул айылдын көркү сыяктуу дүпүйгөн бак жок эле, айылды жарып агып жаткан береги суунун эң чети чытырман токой болор эле,- жеке жарым Адам суу бойлоп жүрө алчу эмес. Токойдо кышкысын кыргоол жайнап кетчү. Ал эми кекилик менен чил айыл аралап түшүп келип калар эле. Кечкисин боз үйдүн ортосуна как арчадан жагып коюшуп, отту айлана олтурушуп атасынын аңгемесин укса, кээде келип калчу ырчы-жомокчулар, манасчылар нечен ирет бул үйдүн куту болушкан. Сыдык ал кезде аларга кызмат кылып атын алып, колго суу куюп, аттарын жайдактап, отко коюп, кыскасы, ошол кут сандыктай карылардын батасын алып, бошой калганда боз үйдүн сыртына олтуруп сөзгө кулак төшөп не бир укмуштарды угар эле. Жайкысын болсо ушул шаар болуп бараткан айыл ал кезде аңгырап бош калар эле, элдин баары жайлоого көчүп кетишчү. Айылдын байлары күзгө жуук жайлоодон келип той кылышар эле, о шумдуктуу ыр-күүлөр, кыз оюндар, кайым айтышуулар, акыйнек айтышуулар, өлөң айтуулар мына ошондо болор эле, бул тойлорго боз балдардан баштап карыяларга чейин тымызын даярданышчу, кыз-келиндер болсо өздөрүнүн чеберчиликтерин көрсөтүп калууга аракеттенишчү. Ал кезде кыздын мыктысы уздугуна, үй күткөнүнө карата, апасынын мыктылыгына карата бааланар эле, сүйдүм-күйдүм деген болсо да тымызын, аяр, аспиеттөө менен болчу. Кыздын колун кармап коюу, же жүзүнөн сүйүп койгонго жеткен жигит бактылуу болчу.

Сыдык карыя мына ушул дөңдө олтурганда асмандан токулуу боз ат түшкөндөй болду, селт этип чочуп алып,үйүн көздөй түшүп келди. Менин да көрөр күнүм, ичер суум бүттү деди карыя, бул ат бекер келген жок. Кемпирин жанына чакырып минтип айтты:

– Эми аз жыл өмүр кылсак да мен үчүн Бүбү чоң кызмат кылдың. Сага эки дүйнө ыраазымын.



Молдону барып айтып кел, анан кошуна-колоңго кабар айт, жылып келе берсин, – деди төшөккө жамбаштап жаткан Сыдык карыя.

– Ой, абышка молдону айтса айтып келейин, ал эми элди жый деп кайдагыны айтпа, шаардагы жаман уулун, келиниң келсин, небереңди көрүп, бешенесинен жытта, анан эмне кылсаң өзүң бил, – деди, кемпири сыртка чыгып бара жатып.

– Небере жыттабай калдым го. Бир арманым ушул болуп калды. Апасы өлгөндө топурак салганга келбеген келиним менен балам мен өлгөндө келмек беле, элден айырбасын кудай, элиме ыраазымын,– деп жобурап жаткан чалдын жанына олтуруп молдо дуба салып жатканын эми байкады. Молдо дем салып бүтөрү менен карыянын көзү сүзүлүп, өңү бир албырып, кызарып барып үзүлдү. Сыдык карыянын өтүшү менен айыл жетим калгандай сезилип жатты, бүт айыл эч ким айтпаса деле жыйылып келип калды. Сыдык карыя олтурчу дөң бош калды, ошол-ошол болду, айыл аксакалдары бул дөңгө негедир чыкпай калышты. Сыдык карыя жок, чыккан менен деле айтылчу сөз жок, маселени ордуна чечип койчу Сыдык жок, сөз тыңшачу аксакал деле жок. Жаштар согушка кетишип, айылда кемпир-чалдар, жаш балдар калды, балким, дөң аңгырап бош калды. Кут кетти.

## ТАБЫШМАК КЫЗ

Класстагылар абдан ынтымак эле, өзгөчө биз менен окуган жети кыздын биринен да кемтик табуу кыйын болчу, биздин класстын балдары бирин-бири сыйлашып, спорттук мелдеште болобу же башка коомдук иштерде болобу кыздар балдарды, балдар кыздарды коргошуп, күйөрман болушуп турар эле. Өзгөчө класстагы Фатима, Жыпар, Жаңыл, Канайым, Зарыл деген кыздар окуудан да, коомдук иш-

терден да өздөрүн көрсөтүшүп активдүү эле. Бир күнү сыртта ойноп жүрүп класска кире калсам кыздардын баары бышактап ыйлап олтурушат.

– Ой, эмне болду, тынччылыкпы десем: – Назарды атасы келип, айылдан окуйт деп алып кетип калды – деп. Класс жетекчибиз Сауле эжебиз да капа. Чындыгында Назар класстын негизги уюштуруучу өзөгүндөй сезилчү. Дээрлик көп иштерди мен класстын класскому катары уюштурчумун, бирок финансысын жалаң Назар чогултуп, эмне болсо да финансы жагын көтөрүп турчу. Сабакты да жаман окучу эмес, бир күнү Назарды математикадан окуткан Арстанбек агай доскага чыгарып алып:

– Мындан ары тапшырмага берген мисалды бирөөң чыгарып, бири-бириңди колдогонуңарды токтоткула, эмне жогорку окуу жайына барганда да, кийин турмушта да бириңерге бириңер чыгарып берип, жардам берип турмак белеңер, ар ким өз алдынча тиричилик кылып үйрөнсүн, бирөөңөр чыгарсаңар, калганыңар көчүрүп алганыңарды токтоткула, – деп кыйла эле күйүп бышты.

– Карасаң деле булардын бири-бирине боорукерлигин, бир мисалдын баары бирдей, үтүр-чекитин калтырбай калганыңар көчүрүп алыптырсыңар. Мен билем муну бир чыгарса Самат Алымов чыгарат, анан сен чыгарасың.

– Жок, агай, биз чыгырып бербегенбиз, ар ким өз алдынча чыгарган, – деп караманча танып туруп алдык. Бирок агай ага ишенген жок.

– Силердин классты биз билбейт дегени турасыңарбы, пахта теримге барганда да бириңерге бириңер теришип, берилген норманы толтурбай калган окуучу болбой жатпайбы? Көрөм, эртең мектеп интернаттан кеткенден кийин, бириң Чүйдөн, бириң Көлдөн, бириң Оштон барып бири-бириңерге жардамдашканыңарды? – деп көпкө жемеледи.

Агай кайра ушундай ынтымактуу класс бар деп сыймыктанбайсызбы? – дедим. Агай мени кыйлага таң калып карап туруп:



– Ынтымактуу болгонуңарга рахмат, бирок сабакты, берилген тапшырманы бириңден бириң көчүрүп жазып алып жатканыңар ынтымак эмес. Бириңе бириң керек болсо душмандык кылып жатасыңар, – деди. Чындыгында көчүрүп жазгандар бир эки эле кыздар, балдар болчу. Класстагы көпчүлүк окуучулар сабакты бешке окушчу. Жакшы окугандар көп болсо да ич ара атаандашуу артып, биринен бири калбоого далалаттанып жакшы окууга негиз түзүлөт тура. Мен республикалык отличниктердин слетуна кеткенмин. Келсем класска жаңы кыз келип калыптыр. Ноокаттан болот экен, класс жетекчибиз Сауле эже ноокаттык кызды менин жаныма олтургузду. Мен Канайым менен олтурчумун, аны бөлөк партага которуп койду.

Тажиниса сымбаттуу, капкара кундуздай чачтары жер чийген, бетинин оң жагындагы калы ага жарашык берип турган, бакырайган кара көз, сулуу кыз экен. Алгач жакшы эле окууга аракет кылып класстын эрежелерине көнүп келе жаткан. Арадан бир ай өтпөй эле Тажиниса класс жетекчибизге барыптыр: – Мен класста Самат менен олтурбаймын – деп. Мен ага анчалык деле маани бербедим. Макул, деп кайра Канайым экөөбүз олтуруп калдык.

Негедир Тажиниса мени менен сүйлөшпөй да койду. Өзүнчө эле жаман көрүп калды. Эмнеден жазганымды такыр билбедим. Байкашымда класстагылар менен мамилеси дурус эледей. Көпкө ойлонуп жүрдүм, эмнеден жаздым да, эмнеге ноокаттык кызга жакпай калдым – деп. Жазгы үчүнчү чейректе Тажинисага эки сабактан үч чыгышы күтүлүп калды, бул класс үчүн чоң жаңылык да, трагедия да эле. Чейректин алдында класс жетекчибиз келип чогулуш өткөрүп, мени тургузуп алып эмне үчүн бир классташыбызды шефке алып жардам бербей жатканыбызды айтып капа болду. Негедир класс жымжырт болуп олтуруп калды. Кээде сөз талашып кетчү классташтарым бул ирет мени да, Тажинисаны да жакташын билбей калышты.

Ордумдан турган боюнча эжекеге эмне дешимди билбей тунжурап турап калдым. Анан кантип айтмак элем, Тажиниса мени менен сүйлөшпөйт деп. Же эмнеге экөөбүз сүйлөшпөгөнүбүздүн себебин билбеймин. Катуу деле айтышпаганбыз. Эмнеден жакпай калганым табышмак. Класстагы жымжырттыкты кудай жалгап Зарыл бузду:

– Эжеке, мен Тажинисаны шефке алам, экөөбүз бир бөлмөдө жашайбыз, жардам беремин, – деди. Үч деген баа алуу класс үчүн начар көрүнүш боло тургандыгын бүгүн түшүндүм. Эжекебиз да бул ишке кадыресе эле күйүп-бышып жатты.

– Бүгүн базар күн эле.Түшкү тамактан чыгып, адатынча Зарыл мени колтуктап, тротуар менен экөөбүз келе жаттык. Тажиниса үйүнө кеткен экен. Мен Зарылга суроо узаттым.

– Тажиниса менен бөлмөдө сырдашасыңарбы? – дедим.

– Мени түшүнгөндөй Зарыл жаркылдай күлүп, сырдашабыз – деди.

– Мени эминеге жаман көрөт экен, сага айтар, – дедим.

– Ой, Тажинисанын мүнөзүнө такыр эле түшүнө албадым.

Өткөндө менин туулган күнүмдө класстын атынан мени куттуктап гүл тапшырып өөп койбодуңбу? Ошондон кийин экөөбүз бир жумага сүйлөшпөй жүрбөдүкпү. Сен жөнүндө ак да көк да деп сөз айтпайт. Бир жолу да кыздар менен балдар тууралуу сөз кылып калдык, сени Жаңыл мактап калбадыбы, мен Самат класстошым менен сыймыктанам деп, аны менен да эки-үч күн сүйлөшпөй тултуңдап-бултуңдап жүрбөдүбү. Эмнеге андай экенин түшүнбөдүк.

Мектепте өтүп жаткан ыр кесе конкурсунун кезеги биздин класска келип калыптыр. Биз Нурлан, Жаңыл, Назар, Калыбек болуп 9-класстардан ыр кесени алып келдик, даярдык башталып калды. Сабактан кийин жатакананын окуу залында даярдана баштадык. Класс толук катышып, ар ким өз өнөрүн айтып репитиция башталып, программанын негизи түзүлүп калды. Негедир Тажиниса даярдыкка катышпай четтей баштады, келбей койду. Жатаканага барып бөлмөсүндө Тажинисага эртең даярдыкка барышын өтүндүм. Катышам да, катышпай да деп айткан жок. Жаман көрүп, жактырбагандай тиктеп турду да сыртка чыгып кетти. Барышын барып алып өзүм да ыңгайсыз акыбалда калдым. Жатаканадан чыгып келе жатсам класс жетекчибиз жолугуп калды. Акыры эжекеге Тажинисанын катышпай жатканын, негедир мени менен сүйлөшпөй жатканын айттым.

– Көңүлүн калтырып, жаман сөз айтып, таарынтып койсоң керек. Кантип эле сүйлөшпөй калсын, кыздардан сурабайсыңбы – деди. Кийин эжеке да айтып, катыштыра албай койду. Ошол катышпай койгондон кийин кыздардын да Тажинисага мамилеси өзгөрө түшкөнүн байкадым. Кыязы, өздөрүнчө чогулуш кылышып Тажинисаны кыйла эле суракка алышкандай. Бирок бирөөсүнөн бир сөз чыкпады.

Ыр кесенин мектеп боюнча жеңүүчүсү деп табылып, Ардак грамота менен баалуу сыйлык алдык. Ошондон көп өтпөй ооруп, шаардык ооруканага жатып калдым. Күн сайын класстаптарым келип көрүп жатышты. Жатканыма бир жума болуп калды эле, жекшемби күнү болчу, эшик акырын тыкылдап, андан соң эле бөлмөгө бир колуна бир чоң кагаз пакет, бир колуна бир чоң букет гүл көтөргөн Тажиниса кирип келди, мен ордумдан козголгончо мен жаткан керебетке келип бетимден өптү да:

– Тезирээк жакшы болуп кетиңиз, мени кечирип коюңузчу, – деди да гүлдү менин жаздыгымдын башына, пакетин тумпочканын үстүнө коюп тез эле бөлмөдөн чыгып кетти. Мени менен жаткандар:

– Бул ким, карындашыңбы, – дешип тиктеп эле калышты. Аларды сурап деле койгон жок, кыязы, ал бул бөлмөдө жаткандарды таназарга деле алып

койгон жок. Тажиниса кеткенден кийин бул күтүүсүз келген коноктун келип кеткенине бир жагы таңданып эсим оол кыйлага турсам, бир жагы бул сапар кандайча болуп кеткенине түшүнбөй да калдым. Тажинисанын алып келген пакеттин ача баштадым. Пакетте эки шырман нан, бир килограммдай жүзүм, жумуртка, памидор, бадыраң жана жазуучу Мар Байжиевдин «Чужое счастье» деген китеби туруптур. Китепти ачсам биринчи бетине «Самат сиз мени кечириңиз, сиз мага түшүнбөдүңүз, сиздин тезирээк жакшы болуп кетишиңизди тилеймин. Сизди терең урматтап Тажиниса» – деп коюптур. Чындыгында класстащымдын сиз деген сөзү бир жагы мени какшыктап жаткандай туюлса, экинчи жагы Тажиниса менден кичүү болду бекен деген да ойго келдим.

Ооруканадан бир жумадан кийин келсем Тажиниса сабакта жок. Кайда экенин эч ким билбейт экен.

– Эмнеге анын кайда экенин билбейсиңер, – десем, эч ким унчукпады. Көрсө, ата-энесин чакырып, бир жума мурда класс жетекчиге айтып, директорго кирип интернаттан кетип калыптыр. Эмне себеп экенин түшүнө албай калдым. Мага болгон сапарын да классташтарыма айткан жокмун. Ошентип Тажиниса мени жакшы көрөбү же жаман көрөбү түшүнүксүз бойонча эле калды. Тажинисанын биздин класска келип-кетиши бир түшкө киргендей эле окуя болуп, классташтарым тез эле сөз кылбай унутуп деле калышты.

Бирок мен Тажинисаны азырга чейин унута албай жүрөм. Эмне үчүн, өзүм да таңмын. Табышмак кыздын ички дүйнөсү табышмак бойонча калды. Азыр деле Тажинисаны ойлой берем.



# ЫСМАЙЫЛ ЧАЛДЫН СААДАСЫ

## *(Документалдуу аңгеме)*

Согуш мезгили эле. Ысмайыл ава жалгыз баласын медер тутуп, мен өлсөм балам кара ашымды өткөрөт деген төрт малын Тамчыны көздөй айдап келе жатып, алыстан ат чаап келе жаткан караанды көрүп жүрөгү шуу дей түштү. «Бул жөн келе жаткан жок, мында бир суук кабар бар» – деди ичинде. Анын ою дагы бирөөдөн кара кагаз келип, ошону айта албай мага келе жаткан болуш керек деген ойго кетти да өзүнчө:

– Астаапырла, астаапырла эмне деп айнып жатам, жараткан эгем өзүң кечир деп алды. Аттуучан туура эле Ысмайыл чалдын жанына келип токтоду, аттын омуроосунан көбүк чыгып, эки таноосу бышылдап араң турду.

– Ой, учаңан урган бала, атты да ушунтип кара терге түшүрүп чабасыңбы, колхоздун аты өлүп калса эмне болот, тынчтыкпы деги, – деди.

– Ээ, Ысмайыл ава, сизди издеп убара болбодумбу, балаңыз кайда, аны аскерге чакырыптыр, кагаз келди, – деди.

– Ок, учаңан урган, оозуңа ок, – деп муундары калчылдап туруп калды. Медер тутканы, кубат кылганы, өлсөм артымда калар изим деп жүргөн ушул чалдын тилеги таш капкандай болуп алдырап калды.

– Макул десеңиз, Өзбекстанга качырып жиберели. Согуш бүтөйүн деп калды, жалгыз баланы кантип аскерге жөнөтөсүз?

– Ок, оозуңа ок тийгир, кантип элимди душман басып келе жатса, баламды качырып ийип карыганда элге кантип батып жүрөмүн. Элдин башына түшкөн апаат – биздин башка түшкөн апаат. Эл башына иш түшүп турса, менин балам качып жүрсүнбү,

о учаңан урган, тапкан сөзүн кара мунун. Андан чоң агалары да кан майданда жүрөт, – деп кайраттанды да арыктын чекесине көчүк басып шалдайып олтуруп калды. Бул кабарды жеткирген бир тууган агаларынын баласы эле. Ысмайыл чалды атка мингизип алып, атты жетелеп үйгө келди. Келини үйдө ыйлап олтуруптур.

– Ыйлаба балам, кудай жолун ачса аман-эсен келип калат, – деди. Бир коюн союп айылдын аксакалдарын чакырып, баласына бата алды. Калган этти бышыртып баштыгына салып берди.

Ошентип Ысмайыл акенин Эрматы да эл катары Ак-Дөбөдөн ал кездеги Ворошилов колхозунунан Мекенди коргоого аттанып кетти. Согуш деген эч кимди аябайт тура, жыл айланбай кара кагаз келди. Ысмайыл аке бүк түшүп жатып калды. Кошунасы келип:

– Тур, Ысмайыл, бул сенин эле башыңа түшкөн иш эмес, мына бул баладан калган наристе кыздын эртеңин ойлон деп кайрат айтты.

Ойго батып олтуруп, эми жалгыз уулумдан болсо ажырадым, баламдан калган кыз болсо, өлбөй бойго жетсе ал эми бирөөнүн бүлөсү, андан көрө ушул талаага эки түп саада тигип өстүрөйүн, жараткандын кудурети менен өсүп калса, ушуга конгон чымчыктардын, түбүндө эс алып олтурган баба дыйкандын батасы менен сообу тиер, – деп жаз келери менен эки түп саада алып келип, ээн талаанын ортосуна эле биринен бирин кыйла алыс тигип өстүрө баштады. Там-туңдап жаңы баскан небере кызын колунан жетелеп алып, кечке жобуратып ошонун тилин тыңшайт. Эшекке эки чанач сууну теңдеп, эрбейген кызды мингизип алып саратанда ар эки күндө суу ташып эрмеги ушул саада болуп калды. Ал эми тили эми чыккан небереси ата жөнүндө сөз кылса сайсөөгү сыздап кетет.

Негедир жылда жазда асманда жалгыз таан пайда болот да, ушул эки сааданы айланып учуп жүрүп



анан жок болуп кетет, Ысмайыл чал ошондо баламдын руху келдиби деп бир ыйлап алат да, анан ак сакалын аралап кулаган жашын аарчып, бул жараткандын керемети деп, кайраттанып калат. Бала ордуна ушул эки сааданы караан тутуп, ушуну бирөө жарым кыркып салбаса экен деп тилек кылат. Бирок ушул эки түп саада да айрым атка минерлерге жакпай, талаага батпай жаткансып, «сүрүп - жулуп алып салгыла да, талааны тазалап, бошоткула» деп трактор алып келип тамыры менен суурутуп жатканын байкап калган Мырзаакут аксакал үйүнөн күйүгүн жүгүрүп келип, тракторист менен жакалашып жатып бирөөсүн сактап калган, бирөөсүн бул адам келгенче жулуп салган эле. Ошол күнү күн жаап, ошол сааданы жулган трактор моторунан бузулуп, ошол талаада жатты. Эми жалгыз түп саада калды. Аны көргөн-билгендер Ысмайыл чалдын саадасы дешип коюшат.

Ошол Ысмайыл чалдын саадасынын бири дагы деле талаанын ортосунда турат. Жыл сайын дыйканчылык кылгандар ошол сааданын түбүн жай кылышып көлөкөлөшөт. Ысмайыл ава токсон жетиге чыктым дегенде оозуна күрүчтөй аппак тиштер чыкты. Балдарга:

– Ээ, балдар, мен көрбөгөн жер калбады, быягы Кетмен-Төбө, тиягы Наманген, Чаткал, Таласка чейин барып жердин түбүн көрдүм го деп калар эле, чындыгында ал заманда мынча жерди көрбөгөн да адамдар деле көп эле. Ал эми: «Бозбунун ушул Ак-Дөбө тараптагы өңүрүн каптаган токойдон адам өтө алчу эмес, кээде аюунун бакырганы угулуп турчу» деп атам айтар эле, эми минтип эл токойду кыйып жок кылып жиберди, мунун бир азабын тартып калбаса эле болгону, анткени жыл сайын булактар азайып бара жатат, – деп балдарга сөз кылып айтып, өзүнчө эле кейип калар эле да, артынан астаапырла, астаапырла деп алчу, мусулман.

– Эми жараткан эгеме жер дагы ушул чалды албай коё тур десе керек. Кудай албай жатат. Жакшы адамдарды тез алат, мага окшогондорду жер дагы алгысы келбесе керек, – деп коёр эле, оор үшкүрүп, бирок саадага учуп конуп жаткан чымчыктарды көргөндө жаш баладай сүйүнүп, кудай бир жагынан айтпаса, экинчи жагынан тилегиме жеткирди, – деп калар эле. Ушул канаттуулар уялап жылда балапандарын ачып чыгып, уядан учуруп, темир канатын жетилтип чыгарып турса жараткан эгем мага ушунун сообун берер, – деп күбүрөнүп калчу.

Жалгыз баласынын өлгөнүнө ишенип-ишенбей, келип калабы деп ошол өзү тиккен сааданын түбүндө күтүп жүрүп, жүзгө чыгып кайтыш болду. Мына андан бери нечен суу акты, ошол Ысмайыл чалдын баласы өмүрүн берип алып берген Жеңиш күнү келгенден бери да 65 жыл убакыт өтүптүр. Тирүү болгондо атасы тиккен сааданын түбүнө төшүндөгү орден, медалдарын толтуруп келип атасына куран окутмак. Анткени Эрмат аке быйыл туптуура 83 жашка чыкмак. Карасаң тагдырдын таш боордугун. Ал эми бул саада болсо 65ке чыкты. Бирок жаз келип ызычуу түшкөн чымчыктар бүгүн Жеңиш майрамын белгилешип, Ысмайыл чалды эстеп жаткандай. Балким, анын руху согуштан келбей калган баласын издеп, айланчыктап, ушул сааданы паанектеп жүргөндүр. Анткени быйыл келген таан негедир экөө болуп келиптир. Айланып эки күн учуп жүрүшүп, көздөн кайым болду, эми алар келерки жазда келет. Көп жашайм десең дарак тик деген карылардын сөзү ушул. Бул окуяны ошол Мырзаякут деген куппундаган чал айтып берди эле. Бүгүн майрам, 9-Май Жеңиш күнү Мырзаякут аке көрүнбөйт, сураштырсам ал киши ошол саадага кетиптир, кызы Ысмайыл чалга куран окуйт го.



# КЕЧИККЕН КУТТУКТОО

## *(Кыздын каты)*

– Пазил аке, ушул куттуктоомду кабыл алып койсоңуз. Уктум. Үйлөнүпсүз, тоюңар жакшы өтүптүр. Негизи кечигип куттуктап калдым. Мен жаратылышыман ушундаймын. Ар дайым кечигип жүрөм. Мейли, эч нерсе эмес. Дүйнөдөгү бардык жакшы нерселер сизге, жок сиздерге болсун, жарыңызга мээримдүү болуңуз, бактылуу болгула.

Билесизби, мен ушул мезгилге чейин жандүйнөмдү, дилимде жаткан купуя сырды ачыкка чыгара албадым. Эмнеси болсо да ачыгын айтууга бел байладым. Кечигип болсо да. Мени кандай кыз деп ойлосоңуз да өзүңүздүн ишиңиз. Анткени мындан ары бул сырды жашырып жүрө албаймын. «Ушул мезгилге чейин эмне үчүн тымпыйып жүрдүң» дейсизби. Эч ыңгайын келтире албадым. Дайым сизди бир шылтоо таап издеп барам да, учурашкандан кийин сөз таба албай буулукан боюнча алдыңызда дудук болом да калам.

Сиз менден бейкапар, калыбыңызды бузбай мээримдүү, жылуу мамилеңиз менен жылуу кабыл алып, жүрөгүмө от жагасыз да турасыз. Туталанып, алапайым таппай келе берем.

Менден иренжий түшсөңүз да бүгүн жүрөктөгү сырды ашкере кылууну чечтим. Анткени мындан ары жүрөктү, сизди алдап жүрө албаймын. Билесизби, мен курбуларым менен сиздин жүрөгүңүздү жеңип алууга жетишем деп мелдешкен элем. Эмне үчүн дейсизби? Азыр айтам. Ушул жигит менен таанышып, албетте, жүрөгүнө жол таап алам деген элем. Туура мындай мелдешүүлөр адата жигиттерге таандык. Палан кызды колго алам деп мактанышты жакшы көрүшөт. Жок, мен мактанбадым, бирок мен ошого абдан ынтызарланып жол издедим. Негедир мына ушуга кайратым жетет деп ойлодум. Сизге

таанышууга канча аракеттерди жасадым. Албетте, ал оңой болбоду. Анткени сизди табыш кыйын эле. Журналисттик иш менен ар дайым талаада элеңиз. Али бул иш менен, анан тиги иш менен кетип каласыз. Ооба, эл кызматын кылуу оңой иш эмес. Көпчүлүккө жагуу андан да кыйын иш. Акыры сиз эл назарындагы инсансыз. Жаңы-жаңы чыгармаларды, ырларды жаратып, аларды окурмандарга сунуш кылуу, алардын жүрөгүнөн орун табуу, аларга дем-күч жаратуу жеңил-желпи иш эмес. Мен түшүнөм. Балким, ушул улуу касиетиңиз мени өзүнө тартып турар. Ооба, талант, оңой иш эмес, айтууга оңой.

Рас сиз менен таанышып биринчи өз алдыма койгон максатымды орундаттым. Достошуп да алгандай болдук. Бирок экинчи шарттын өтөсүнө чыгуу колумдан келбеди. Ал жүрөгүңүздү ээлеп алуу эле. Сиз сүйгөн, сүйбөгөнүн билдирбеген, ар качан мээримдүү, жароокер жан экениңиз, мага оор болду. Ошол касиетиңизден улам сизге жете албай калдымбы деп ойлойм.

Ошондон сизди багындыра албай, өзүм сизге багынып калдым. Бирок буга капа эмесмин, тескерисинче, кубанычтамын. Эмне үчүн, анткени сиз мага кайдыгер эмес элеңиз деп ойлойм. Көңүлүндө бирөөгө сүйүүсү бар адам, экинчи бирөөгө көңүл да бурбайт. Акыры бир жүрөккө бир гана махабат батат эмеспи. Туурабы:

Эки күн чыкса жаркырап,
Жаратылыш күймөк жабыркап.
Андай экен жалгыз жүрөккө,
Кантип батсын эки махабат.

Мен бардыгына чыдаймын го, бир гана нерседен кутула албай келем, ал менин жүрөгүмдөн орун алып калган жаркын элесиңиз. Ысымыңыз жүрөгүмө



жазылып калды. Мен андай болушун каалаган эмес элем. Мейли бир күнү унутармын. Тоюңуз буга себеп болуп калгысы бардыр. Чыныңызды айтыңызчы менден капа эмессизби? Муну билишим зарыл. Эми сизди ашык түйшүккө салбаймын. «Үйлөнүп да сенден кутулбадымбы?» – дебеңиз, суранам. Мен сиз менен таанышканыма эле өзүмдү бактылуу сеземин. Мына сиздей дос күткөнүмө сыймыктанам, сиз ушундай деп ойлойсузбу-жокпу билбейм. Сиз мен күткөн адамдардын эң кымбатысыз. Ошентсе да өмүрлүк жолдошуңуздун улуу бактына суктанамын. Аны бактылуу кылышыңызга ишенемин. Экөөңүзөргө сак-саламатчылык, бактылуу турмуш каалаймын. Кечиккен катымды кечинде окуңуз:

Дил – дилимден өрттөнүп эмне кылдым,
Ышкым айтам деп кайрат жыйдым.
Кечиктим, кечиктим, кечириң,
Каалоосун тилеймин жылдын.
Ооматыңызды ырдайм, ыйлайм.
Шооласы төгүлүп бакыт нурдун,
Бүгүн да сизге жакшылык тилеп турдум.
Кечиктим, кечиктим, кечириң,
Саламым менен ФАЗИЛАТ.

*Наманган шаары.*

*«Экспресс ИНФО» №39(336)*
*12.10.06.жумалыгынан алып*
*Өзбек тилинен которгом.*

# МАЛИК АКЕ АЙТТЫ ЭЛЕ...

## *(Документалдуу аңгеме)*

*Улуу Ата Мекендик согуштун, партиялык иштердин ардагери. Аскердик кызматтын майору, Малик ЭРГЕШОВ бар болгондо кутман карыбыз катары биздин арабызда жүрмөк. Өзү өтүп кетсе да сөзү калды. Окуп айтып жүргүлө.*
*Автор.*

Бир жыйында кесегүл болуп салтанатты алып барып жатып, ал кездеги «Ак-Суу» совхозунун директору Малик Эргешовго сөз берип калдым.

– Жумагы болсо Манастай,
Айкөлдүгү Таластай.
Сөз кезегин берели,
Малик акеден талашпай,

десем достору «Эң туура сүрөттөдүң» дешип күлүшүп, Малик аке өзү кошо күлүп: – Калбайым азаматсың – деп жонумдан таптап, бооруна кыскан эле. Ал киши Малик аке менин атым Абдымомун десем деле болбой эле Калбайым дей берчү.

Мына ушул Малик аке Эргешов чындыгында жумгагы Манастай, айкөл, сөзмөр, боорукер, ак көңүл адам болчу. Малик акенин тамаша-азил сөздөрүн көп угуп, жанында көп жүрдүм. Райкомдун бюросу жүрүп жаткан, күн тарибиндеги маселе райондун чарбаларында жүгөрү, кылкандуу дан эгиндерин өстүрүүнүн жүрүшү тууралуу болчу. Партиянын райкомунун биринчи секретары Виктор Дмитриевич жетекчилерди, адистерди сурап, айрымдарына катуу айтып келаткан. Сөз кезеги Малик аке жетектеген «Ак-Суу» совхозунун адистерине жакындашып калганда Малик аке олтурган ордунан обдулуп:

– Виктор Дмитриевич менде бир ооз сөз бар, – деди.

– Айтыңыз Малик аке, – деп калды Линский.



– Бул Ак-Суунун шартын сиз жакшы билесиз, биздин Ак-Сай участкасында жүгөрү бышып калды. Ал эми мына бул сиз дайындаган «Кыргызсельхозтехниканын райондук бирикмесинин» начальниги Аптикеев деген неме менен «Кыргызсельхозхимиянын» райондук бирикмесинин начальниги Абышов деген неме азырга чейин траншеяны казып бүтпөйт мен эртең силосту кайда көмөмүн, – деди.

Линскийдин ачуусу келип, жолдош Аптикеев дегенде эле Абдыкерим Абышов экөөсү ордунан кошо турду.

– Почему мен берген тапшырма ушул мезгилге чейин аткарылбайт?

– Аткарабыз, – Виктор Дмитриевич, аткарабыз дешти бир ооздон.

Экөөсүнө жарым сааттан ашык моралды окуп, тердетип, анан бир жума мөөнөт берди. Бир жумада силос төгө турган траншеяны казып бүтүрүп бересиңер деди. Ошентип Малик аке бюродо уга турган сөздөн кутулуп кетти. Ал кезде мен райондук газетанын айыл чарба бөлүмүн башчысымын. Бюродон чыккандан кийин Абдыкерим аке: «Абыш эртең экөөбүз барып Малик акенин жүгөрүсүн көрүп келели, – деп айтып калды». Мен макул болдум. Эртеси таң эртең менен Ак-Сууну көздөп жолго чыктык. Майлы-Сайда Малик аке бизди күтүп туруптур.

– Бир чыныдан чай ичип алалы, анан барабыз, – деди Малик аке. Макул болуп чайга кирдик. Ал күнү чайдан колубузду бошотпой «алагүү» кылып жолго салды. Жүгөрүгө жетпедик. Жолдо келе жатып Абдыкерим аке айтат:

– Абдымомун, минтсек бизди жүгөрүгө Малик аке жеткирбейт. Андан көрө эртең өзүм эле барып айтпастан көрүп келейин, – деди. Кийин Абдыкерим аке барса Ак-Сайда жүгөрү жок дейт, айдаган экен, кургакчылыктан чыкпай калып, ар он метр жерде бирден жүгөрү дейт.

Келип Малик акеге телефон чалып: «Ой, Малик аке кайсыл жүгөрүңү траншеяга көмөбүз, жүгөрү жок ко» – десе Малик аке каткырып күлүп:

– Ой, ошону айтып жатам да, же келип бир көрүп акт кылып жок кылып бербейсиңер, – деп күлөт дейт. Чындыгында жүйөлүү жоопко бир жагы күлүп, бир жагы адис болуп туруп чындыгында бир барып көрүп койбогонума өкүнүп, кийин траншея казылды, силос көмүлдү деп отчет берип эптеп кутулдук деп эле күлүп калар эле.

* * *

Малик аке ал кезде райондук ардагерлер Кеңешинин төрагасы, кеңсесине барып калсам бир топ аксакалдар менен сүйлөшүп олтуруптур.

– Ал кезде мен Ала-Бука райкомунун биринчи катчысымын. Жаңы бир вилис машина келген. Минип алып келе жатсам, Ат-Тамдын жайыгында тоодактар жайылып жүрүптүр. Ошондо көрдүм тоодактын чоң болорун, эми калп айтпасам чоң торпокчо эле бар, – деди Малик аке аңгемесин кызытып.

Угуп олтургандар.

– Ооба,ооба тоодак чоң болот, – деп коштоп калышты. Андан ары Малик аке сөзүн улап жатат.

– Машинада мылтык бар эле, машинадан түшсөм эле учуп кете турган. Ошо машинадан олтуруп туруп аттым эле бирөөсү канатын далбактатып уча албай калды, машинадан түшө калып эле жүгүрүп жетип басып жыгылдым эле, бул шумдугуң кургур күчтүү болот экен мени көтөрүп учуп жөнөй берди го. Шоферду карасам оозун ачып карап турат. Кыйкырдым. Ой кайрылып айдай бер, эми Ала-Букадан жолугушат окшойбуз дедим. Учуп кетип эле жатат. Коно турган түрү жок. Карасам Кызыл-Токойду көздөп өтүп барат, мойну бир узарып кетет экен, мойнун толгоп бурадым эле азыркы райкомдун имараты турган жерге барып түштү. Артыман машина да өлө тала жетип барды. Шофер экөөлөп машинага сала албай койдук го көтөрүп, – деди. Угуп олтурган чалдар ынанышып. «Чоң болот,чоң болот» – дешип көздөрүнүн жашын аарчып күлүп жатышты.



* * *

Партиянын райкомунун бюро мүчөлөрүнүн катышуусу менен бюро жүрүп жаткан. Ошол жылы чөп жакшы болбой район Кетмен-Төбөнүн Тер-Жайлак деген жеринен тоют даярдап ташып жаткан. Биринчи секретарь кайсыл бир жетекчини Тер-Жайлакка чөпкө барасың деп калды. Ал киши көшөрүп эле Линскийдин жинине тийип: «Менин давлением бар, бийик жерге баралбайм» – деп каяша кылып жатты. Линский барасың дейт, ал: «Бийик барбаймын» – дейт. Аңгыча залдан Малик аке сөз алып калды.

– Эй, иним,ушул Тер-Жайлакты бийик деп жатасыңбы. Бийик эмес, бийик деп тээ Алайда Кызыл-Арт деген ашуу бар, мен Алайда секретарь болуп иштеп турганымда бир чабан конокко чакырып барып алыпмын. Башым булуттан чыгып турат, Жайылган дасторкон көрүнбөйт, асманды кол менен чертсең зың-зың деп турат экен, мына ошол жерди бийик десең. А бул Тер-Жайлак мына бул Таш-Төбөгө окшогон эле жапыс жер, коркпой бара бер дегенде зал дуу күлкү аралап кетти. Линский да кошо күлүп жатат. Айласы кеткен ал жетекчи:

– Макул барайын, барайын Малик аке, – деп калды.Мына ушундай бир чукугандай сөз тапкан жан эле.

* * *

Ал кездеги Ильич азыркы Уметалиев атындагы орто мектепке Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери катары Малик Эргешов менен Асан Стамкуловду чакырышып, окуучулар менен жолугушуу өтүп жатты. Мен журналист катары чакырылып катышып олтургам, сөз Малик акеге берилди.

– Эми балдарым, согуш деген жаман, анын жүзүн нары кылсын, силер эч качан согушту көрбөгүлө. Эми ошол оор күндөрдөн бир эпизодду айтып берейин, – деп сөз баштады Малик аке. Чындыгында

Малик акенин эрдиктери өзүнчө сөз кылууга арзый турган адам эле, аскердик наамы майор болчу.

– Токойдун арасындабыз. Командир чакырып бир орус солдат экөөбүздү тил кармап келесиңер, – деди. – Макул – дедим, анда жок демей кайда. Экөөбүз токойду аралап баратсак токойдо бир там турат. Мен шерикти айттым: – Сен токойду чалгындап кел, мен үйдүн ичин карайынчы – деп. Үйгө кирсем столдун үстү жайнаган оокат, үйдө эч ким жок. Бир мезгилде үйдүн подвалынан немистердин үнү чыгат, столду мындай жылдырып, подвалды ачып карасам немистин солдаттары, хенди гок, бирден чык дедим, автоматтарын ыргытып чубап чыга баштады, ошондо баатыр болуп калмак экенмин, колго түшкөн эки жүз немистин документтерин албай коюпмун. Шерик жок, ошол эки жүз солдатты айдап келдим. Ошондо мына бул орденди берген деп төшүндөгү сандаган ордендеринин бирин көрсөтүп койду.

Балдар дүркүрөтө кол чаап калышты. Аларга кошулуп биз да жыргап күлүп жаттык.

Анан сөзгө Асан аке чыкты.

– Балдарым, мына Малик акеңер эки жүз солдат айдап келип, эрдик көрсөтүп орден алыптыр, мен коркуп жүрүп орден алганмын ошону айтып берейин. Биз да токойдун арасында элек, согуш бүтөйүн деп калган мезгил. Командир чакырып жатат деп калды. Жүгүрүп барып:

– Товарищ командир по вашу приказанию Асан Стамкулов прибль, – дедим. Командир менин бою башымды бир сыйра көз жүгүртүп карап туруп. «Сенден шамдагай, чапчаң адам жок. Асан барып тил кармап келбесең болбойт» – деп калды.

– Жарайт, – дедим. Ал жерде жок демей болбойт. Автоматымды алып, казып койгон окоптун ичине түшүп алып бараткам. Айлана көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Ал жактан бизди көздөп бир давардас немис келе жатыптыр. Экөөбүз карп-курп кагышып кетип, кармашып кеттик. Мени билектен алып туруп чимирилтип-чимирилтип туруп эле жонуна көтөрүп алды. Кетип баратам, туйласам бөйрөккө коёт унчукпай калам. Траншеядан чыгып жарыкка келсек, баягы немис мени тегеретkенде караңгыда башы айланып калып, биздикилер турган жерге келип калыппыз.

Бир солдат жүгүрүп барып эле командирге доложит этип калды.

– Асан Стамкулов бир немиске өзүн көтөртүп келди, – деп.

– Объявить благодарность, показат награду дегенде: – Мына бул орденди алганмын, – деп төшүндөгү кужурмөн орденди көрсөтүп калды. Залдагылар дүркүрөтүп кол чаап жатат. Малик аке Асан акени карап туруп.

Ой, Асан кудайга карап туруп айтсаңчы, сени кандай немис көтөрө алат деп, – калды. Асакем да чындыгында чоң адам болчу. Кыраан каткы күлкү. Кайран залкарлар ошентип бизди күлдүрүшүп жүрүшөр эле.

* * *

Малик аке Ак-Сууда совхоздун директору кези. Фрунзеге барып снабжениядан товар алып жатса, складчы келиндер: «Сиздер жакта балык болобу Малик аке» – дептир. Десе Малик аке айтат дейт: «Ой, балык бизде да жөн эле суудун жээгинде оттоп жүрөт» – десе – койсоңузчу Малик аке деп күлүшөт, дейт. Ой, чын андан көрө жазда барып балык жеп эс алып келгиле, – деди дейт. «Барабыз, барабыз» – дешип калышыптыр.

Бир күнү эле Касымов деген райкомдун биринчи секретары звонок кылып:

– Малик аке Бишкектен коноктору чакырган экенсиз келишиптир, балык жеп, эс алып кетели деп келишиптир, – деди дейт. Малик аке карсылдап күлүп:

– Мейли келе берсин, – деди трубканы коюп эки экспедитирди чакырып, экөөсүнө эки водовозду берип бирин Намангага, бирин Анжиянга баргыла,

кайдан болбосун табышыңарча тирүү балык таап келесиңер, өлтүрбөй алып келгиле меймандар келе жатат. Аларды сыйлап совхозго бир нерсе өндүрүп калалы деди – дейт. Алар кетишкенден кийин меймандар келишиптир. Аларга койду союп, кымызды алдырып, дасторконду жайнатып, күтүп калыптыр. Анда меймандардын бири айтат, – дейт. Малик аке сураштырсак Ак-Суунун суусунда балык деле болбойт деди го – дептир. Анда Малик аке кебелбей митип айтат:

– Ким айтса жаңылышыптыр, балык көрбөгөн бирөөсү тантырап койсо керек да. Бизде балык бар, болгондо да жумасына бир күн чыгат, дал өзүндө келдиңер эртең суудан чыгып оттой турган күнү деп күлдүрүп коёт. Экспедитирлер эптеп үч флягага балыкты тирүү алып келишет.

Эртеси эртең менен экспедитирлерге команда болот. Биз меймандар менен Ак-Сайдын баш жагына барабыз, бараткандa силерге кырдан ак жоолукту бир жигит булгалайт. Силер балыктарды суудун жээгине чачып туруп, өзүңөр токойго качып кирип кетесиңер, көрүнбөйсүңөр, шофер менен дагы бир адам балыктарды терет, – деп дайындайт. Айткандай кылышат. Ак- Сайдын башына барышып, суудун жээгине машина токтосо эле суудун жээги бүт эле тыпырыган балыктар, – дейт. Малик машинадан түшө калып эле:

Шоферуна карап:

– Бол эле бол, балыктар тоюп алыптыр, сууга түшүп кетет, тез тер эле, тез тер деп кыйкырып жатат, – дейт. Меймандар баары балыктарды челектерге тере башташыптыр, көптөрү сууга түшүп жатат дейт. Эптеп эки челек балык терип алышып, анан суунун жээгине дасторкон жайып, балык шорпо кылып, меймандарды аябай сыйлап, аракка тойгузгандан кийин меймандардын бири айтат дейт: «Вот таак, мен ойлоп жүргөм балыктар сууда эмне жемек эле деп, көрсө булар деле тоюп алып сууга түшүп кетет турбайбы» – деп.



– Эми меймандар дагы бир жума тургула, кийинки жумада эрте келип теребиз десе, кыздар күлүп иштен калабыз, – деп болбой коюшат.

* * *

Ал кездеги Жаңы-Жол райондук партиялык комитетинин биринчи секретары Алиев Эркин Эргешович, мени чакырып калды. Барсам Ак-Суугa барабыз, буудай оруп жатат, газетага жазасың деп калды. Буудай орок мезгили болчу. Биз Ак-Суудa тоюп эгин жыйноо боюнча штабга барып, ал жерде маалыматтар менен таанышып, андан соң штабдан чыгып Чымчык-Жарга бардык. Буудай себилген аянт Чымчык-Жардын алды экен, буудай бышып, эгин бир кылка болуп толуп турган учур экен. Баягы там бою бийик жардагы таранчы чымчыктар топ-тобу менен буудайга учуп конуп, чымчыктар буудайга тобу менен учуп келип конгондо жапырылып жатып калат, кайра учканда түзөлө түшөт. Биринчи секретарь кыйлага буудайга көз чаптырып карап туруп:

– Малик Эргешович,чымчыктар минтип учуп коно берсе буудайды койбойт го, – деди.

Малик аке секретарды кубаттамыш болуп:

– Туура айтасыз Эркин Эргешович, эки сартты чакырдым эле келбей жатат, келсе эле шыбатып таштаймын, – деди.

Мен күлкүмдү араң тыйып оозумду жаап ары бурулуп кеттим, жаныбызда турган эки шофер эки жакка басып кетти. Райкомдун биринчиси ыңгайсыз болуп эле күлүп тим болду. Кийин кыйлага чейин Малик акенин бул сөзүн жолдош-жоролору көпкө чейин айтып жүрүштү.

* * *

Партиянын обкомунун көчмө бюросу Алай районунда жүрүп жаткан Ленин атындагы колхоздун

башкармасынын төрагасын өткөн жылда да чарба жүн планын толтурбаган,быйылкы жылда да кой кыркымга даярдык начар деп кызматтан ала турган болуп калат. Ошондо райкомдун секретары болуп иштеп турган Малик аке обкомдун катчысы Султан Ибраимовичге карап айтып туру дейт:

– Султан Ибраимович, эгер менин сунушумду макул десеңиз, төраганы кызматында эле калтырып, сөгүш берип коё туралы, анткени чарбанын башка көрсөткүчтөрү абдан жакшы, быйыл жүн планы да ашыгы менен толот, жакында мен бул чарбада болуп келдим, эми тим эле койлордун бутуна чейин жүн басып кетиптир дегенде эле зал дуу күлүп калышты дейт. Султан Ибраимович да күлүп:

– Мейли Малик Эргешович, сиз айткандай эле болсун, – деп кызматында калтырган экен.

* * *

Малик аке жолдоштору менен бир олтурушта абдан ичишет. Анан алагүүдөн өткөндө перекур дешип сыртка чыгышат, жазылып, чегип анан үйгө кирсе достору кирбептир. Сыртка чыгып караса дубалдан өздөрүн тартып ала алышпай, жыгылып калбайлы деп үйдүн эшигин издешип дубалды кучакташып акырын тамды айланып жылып жүрүшкөнүн көрүп, үйгө кирип Өктөм эжеге айтат дейт: «Аяштар менен чыгып карагылачы, там ченегичтер келиптир, тамды айланып кулачтап ченеп жатышат» – деп коёт дейт. Аялдары чыгып алып каткырып күлүп, күйөөлөрүн жетелеп үйгө алып киришет. Малик аке кебелбей:

– Менин тамымды ченейбиз десеңер күндүз деле ченесеңер болмок, – деп күлүп коёт дейт.

Көпкө чейин досторун там ченегичтер деп тамашалап жүрүптүр.

* * *

Малик аке, өмүрлүк жолдошу Өктөм Усупбековнаны өмүрү өткөнчө урматтап, сыйлап жүрүп өттү.



Бир жолу туулган күнүндө Сага дүйнөдө эми мындан ары эч кимде болбой турган белек алып келдим деп сааттуу алтын билерик, сааты бар алтын шакек алып келип берет. Анан Өктөм эже сурайт дейт: «Эмне үчүн муну эч жерде мындан кийин болбойт дейсиз балдардын атасы» – десе, билерик чыгарган завод өрттөнүп кетир – деп коюптур. Өткөм эже кийин күлүп жүрдү. Жашыраак кезим болсо керек досторума, курбуларыма бул саатты чыгарган завод өрттөнүп кетиптир, бул белек акыркысы экен деп мактана бериптирмин – деп күлүп жүрдү.

## ООМАТТЫН ТАЙЫШЫ

Карыялар той берген жерде Кыдык карыянын Акшыйрак деген күлүгүн мактап сөз кылып олтурушту.

– Бул күлүк элдин бактысына бүткөн мал экен жаныбар. Канча мара алыс, жакын болсун бирдей жүгүрөт. Чапкан чабандес да атка, ат чабандеске маш болуп бүткөн. Өткөн жылы Жекшенден бөлөк бала ушул күлүктү чаап, чоң байгеде ат чыкпай калып Кыдык карыя атты бузду деп бир ай ыйлап жүрбөдүбү.

– Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы. Күлүктү байгеден кийин таң ашырып байлап койгон экен, көзүнөн кадимкидей жаш агып ыйлап туруптур го жаныбар. Мындай акылдуу жылкы баласын теги эле көрбөгөнмүн – деди Нукен чал сакалын сылап.

Эми Акшыйрак дагы ар тараптуу келишкен соорусу кенен, аяк жагы кууш, бели ничке, бешенеси калың, кулагы тик кулак учунан от күйүп турган, туягы төрт эли калың такалуу өтүк кийгендей жылкы. Эми мындай жылкы дайым эле жарала бербейт.

– Ой, бул Акшыйрак энеси бир шөлбүрөгөн эле бели-башы балпайган бээ болчу. Базарда эч ким ал-

бай анан ушул Кыдык карыя он сегиз миңге алган. Баары ошондо кымбат алдың дешип жемелешкен. Жаныбар ушул гана жалгыз кулунду тууп, кийин эмне болду билбейм өлүп калды. Өзү да кулунду жыл айланта эмизбедиби. Жакшы кулуну бар жылкыны байлабай эле кулунга жөн коюп эмизип чонойтуш керек окшойт го. Кымыздын акчасына кызыгып кулундарды тоё эмизишпей жылкычылар да бээлерди курута саап, кулунду курутуп коюшуп жатпайбы. Анан жакшы кулун кайдан чыксын дешип кызуу талаш-тартыш мактоо сөздөр менен олтурушту.

Ошол тойдон кийин арадан көп өтпөй эле Кыдык карыянын кыраандагы үйүнүн жанына бир ак волга машина келип токтоду. Кыйладан кийин кетти. Эртеси Кыдык чал бада айдап айылдын четине чыгып айыл аксакалдарына:

– Меникине тээ борборубуз Бишкектен урматтуу мейман келет экен, алар мына бул эле биздин айылдын үстүндөгү эски коргондун ордун изилдегени, көргөнү келишет экен: «Аларды сиз бир конок кылып күтүп бериңиз» – деп райондун акими келиптир. Эми аким башы менен суранып келип олтурса кантип жок демек элем, макул болдум. Колдо бағылган койлорум туруп кантип жок демек элем, – деп мактана кетти.

Анда турган аксакалдар да:

– Ой, туура кылышып жатыптыр бул жерди бир изилдеп көрүш керек: «Бул тигил эле Курманбек баатырдын атасы Тейитбектин хан коргону болгон» – дешет го дешсе кээ бирлери.

– Ой, Тейитбектин коргону эмес эле жакында эле өткөн Чыйбыл баатырдын коргону болгон дешет, – деп талашып жатышты. Аны көрбөгөндөн кийин аны талашып эмне кылабыз, окумуштуулар келсе ошолор аныкташат дешип кубанып калышты. Ал эми Кыдык карыя мына ушул айылдын кудай берген куттуу адамдарынын бири балдары да чоң кызматтарда. Өзү деле балдарга салакасын тийгизбей бардам бакубат турат. Колунда бул чөлкөмгө байгеербеген күлүгү бар, эки үйүр жылкысы бар. Сөзү кыска, өзү нуска адам. Анан Кыдык карыя күтүп бербегенде бир конокту эмне дешип аксакалдар да туура көрүп калышты да, чапандарынын этектерин кагышып бириндеп басып кетишти.



Ошондон көп өтпөй эле Кыдык карыянын үйүнө жоон топ адам келип түштү. Алардын ичинде кыргызга аттын кашкасындай белгилүү жазуучу, мамлекеттик ишмерлер бар экен, алар хан ордонун орду дешип жүргөн коргондун ичин бир топко кыдырып көрүшүп, а түгүл бир-эки жерин каздырып көрүштү да түшкө жуук Кыдык аксакалдын үйүнө келип түшүштү. Бак ичине борбордон мейман келет деп ак өргөөсүн көтөртүп, боз үй тигип ага кыйла даярданып, келин-кезектер аким келет имиш, борбордон меймандар келет экен дешип кызуу даярданышып каттама боорсокторду таза каймакка бышырышып, кыйла эле даярдыктарды көрүштү. Антпегендечи Кыдык карыя тегин адам эмес, анын да кадыр баркы бул түштүк тарапта кыйла бар.

Меймандар боз үйдөн орун алышып, өткөн тарых тууралуу кеңири сөз кылып олтурушту. Баатырларды айтышып, алды Манаска, арты Курманбек баатырга келип токтолушту.Баары эле баатырдын тукуму болушка аз эле калып талкуулашты. Бирок ошол боз үйдө олтургандарын ичинен тигил курсагы салаңдаган, башы чоң ак тармал чачтуу адам көзүн чоң түп долононун түбүндө байланып турган Акшыйрактан албай, улум-улам ошол жылкыны карап коюп олтурду. Бирок биринен бири кызгандыбы же жаман көздөн далда болсун дедиби бул сапар Кыдык карыянын күлүгү жөнүндө сөз болгон жок. Меймандар кенен олтурушуп чайды ичишип, этти жеп, шорпосун ичип, маңдай тердеп, чер жазыла көпкө олтурушту. Тоодон арналуу алып келинген кымызды кана ичишип боргулданып олтурушту. Боз үйдүн ичи салкын болчу. Курортко келгендей эле болушту.

Меймандар күн тээ Мистелүүнүн белин ашып кызгылтым нурларын айылдын үстүнөн чачып ба-

тып бара жатканда кайтышты. Ага чейин Кыдык аксакалга не деген гана алкоо сөздөр айтылбады. Райондун акими Текенов да маңдайы жарыла аксакалга ыраазы болуп, рахматын кайра-кайра айтып жатып машинасына олтурду. А түгүл Кыдык ава кандай маселеңиз болсо да түз эле мага бара бериңиз деп дайындап да жиберди. Кыдык карыя болсо ичинде эмнеге бармак элем деп:

– Макул, макул айланайын, – деп меймандарды чечекейи чеч болуп өзү да корстон болгондой кубанып жөнөтүп жатты. Акимдин устукандарын бир чакан коробкага салып жанына ак моюндардан беш алтыны коюп, акимдин машинасына салып да берди. Антпегендечи, мындай ардактуу адамдар дайым эле келип олтуруптурбу. Мындай меймандарды чакырып да келтире албайсың да. Мындай адамдарга аваз кылгандары канча, «күтүп коёт элем» дегендер айылда намыс үчүн четинен чыкмак. Кыргыз ушундай бир берешен калк эмеспизби. Мейман дегенде өмүр бою өзүбүз жебегенди да садага чаап жиберме жагыбыз бар эмеспи.

Меймандар келип кеткенден кийин бир жума бою бул Кыдык карыяныкына келгендер тууралуу талкуу дуу-дуу сөз болуп барып тынгандай болду, айылда ушул да бирөөдөн жашырып бир пияла чай бере албайсың. Бирөөнүкүнө бир адам келсе айылдын аяк башына дүң эте түшөт.

Ошол меймандар келип кетип уу-дуу кептин аягы эми үзүлө жаздап калган кезде кечке маал колтугуна бир папке көтөргөн бир мойлоочон адам келип Кыдык карыя менен тээ кыраңга жөө басып бир нерселерди кыйлага сүйлөшүштү. Сөз эмне жөнүндө болуп жатканын эч ким билбеди. Экөөсү көпкө маектешти да чайга деле күтпөй келген машинасы менен кайра эле кетти. Ошол адам кеткенден кийин негедир Кыдык карыя үйүнөн чыкпай жатып калды. Не сарсаана басты да калды. Бул адам тууралуу жан адамга айткан да жок, деген да жок. Болбосо мурда ким келсе да эртеси эле айылга дүң боло түшчү, бул

сапар Кыдык карыянын негедир дымы чыкпай калды. Айылдагы тели-тентуштары эмне болду, чалды чаян чагып алдыбы дешип ал кишиден сөз күтүшүп дымып калышты. Мал айдап чыкканда да экөөүчөөсү бу Кыдык карыя кимдир бирөө менен кырга чыгып күн кыярганча баарлаштыңар куда түшүп келбептирби деп таш ыргыткандарга да маанайы пас жөн-жай эле деп сөз сырын, келген коноктун сырын ачпай койду. Деген менен Кыдык карыянын маанайы пас болчу. Бир сырдуу бул адамдын кыялын билгендер кайра такып сурашпады.

Чаян чагып алдыбы деген сөздүн да маанисине көп адамдар түшүнө беришпейт, илгери-илгери бул аймакта кой үстүнө торгой жумурткалаган мезгил болот экен, ошондо чаян аркы өйүздөн бул өйүзгө коноктоп келип, анан кайра кайта турган болгондо улуу тоого катуу жамгыр жаап, сел жүрүп калат экен. Ошондо чаян жылкычы чымчыкка жалдырай баштайт экен.

– Жылкычы чымчык, эми сен бир жакшылык кыл, үйдө жаш балдарым калды эле, оокат-аштары да чакталуу болчу, мени мына бул селден аркы өйүзгө өткөрүп кой, сага эмне жакшылык кылсаң заматта барасың да келесиң, колуңдан келип турганда аянба, – деп жалдырайт. Жарданып карап тургандарда: «Жардам кылсаң колуңдан келип турат, жардам кылып кой», – деп суранышат. Чымчык күндүн алай-дүлөй болуп келе жатканын көрүп туруп:

– Кой, өткөрсө өткөрүп салайын, балдары өлүп калбасын, – деп макул болот.Оюнда жамандык жок эле.

– Кел анда, үстүмө чык да жүнүмдөн бекем карма, – дейт. Чаян чымчыктын үстүнө чыгат, чымчык келе жаткан бороонго бой тосуп чаянды аркы өйүзгө алып өтүп, жерге конгондо чымчыктын далысы тыз дей түшөт.Чымчыктан заматта ал кетип тыбырчылап жатып калат.

– Ой, чаян, бул эмне кылганың, – дейт чымчык араң сөзгө келип, менин милдетим чагуу да билбей-

сиңби, – дейт чаян беймарал. Чымчык соoптун түбү тешик турбайбы дегенге араң келип өлүп калат. Чымчыктын деле уядан уча элек балапандары бар эле. Бул тууралуу Кыдык карыя нечен ирет уккан. Ичинен чаян чаккандан кудай сактасын деп жакасын карманып тим болгон. Арада чоң кызматта иштеген балдары келип карыянын үйү майрам болуп да алды.

Ошол-ошол болду, бир жумадан ашык бул адамдын Кыдык карыяга эмнеге келгени табышмак бойдон калды.

Арадан эки жума өтүп-өтпөй кечке жуук Кыдык карыянын үйүнө райондун акими келип түштү. Кыдык карыя машинадан түшүп жаткан акимди сыр бербей жаркылдап: «Кел уулум, кел» – деп тосуп алса да ичинде мунун эмнеге келгенин сезип турду. Өткөндө келген жигиттин айылга табышмак болуп калганда келген гепти улайт го деп ичинен сарсанаа басып турду. Кыдык карыя ошого келди го деп боолготуп үйгө киргизди. Ал акыбалды сурашып аким Кыдык карыяга дагы бир ирет ыраазылык билдирип, «эл көргөн нускалуу адамсыз ава» деп мактап олтуруп:

– Эгер макул десеңиз сыртка чыгып бак аралай сүйлөшөлү ава, сизге бир зарыл маселе менен келдим эле, – деди.

Кыдык карыя акимдин эмнеге келгенин сезип турса да жок дебей бак аралап басып, акимдин сөзүнө кулак төшөдү.

– Эми Кыдык ава, республикага белгилүү жазуучубуз ушул сиздин Акшыйракка назары түшүп калыптыр. Эми каалаган баасын айтсын дейт. Оозго батышынча айтып, качырып коюңуз эч болбогондо көңүлү бизден да, сизден да калбасын. Эми мен түшүнөм кадырлуу адам бир нерсени сурап жатса, капа болуп калбасын деп атайын кадыр салып өзүм келдим, – деди.

– Уулум, өзүн угуп, көрүп деле жүргөндүрсүң бул Акшыйрак жалпы айылды багып келе жаткан мал.



Каным менен бүткөндөй жылкы, кантип анан ушул күлүгүмдү сатайын. Эми качырып айтып кой деп жатасың, көп айтсам нысабы жок чал экен десе эмне деймин.

– Кыдык ава ишенип коюңуз, ал кайра сыймыктанат, ал күлүктүн баасы ошондо дагы өсөт, наркы өсөт. Сиз коркпой айта бериңиз деп биротоло этектеп алды. Акимди да уят кылбайын деп Кыдык чал ичи өтүп от менен жалын болуп күйүп турса да жүз жыйырма миң берсин деди деп айтып көр, – деди. Аким чочуп кетти.

– Ой, Кыдык ава, мунуңуз аз эртең сөзгө каласыз, арзан сатып жиберди деп 300 миң дей бериңиз. Алса алар, албаса көңүлү бизден калбасын, – деди аким.

– Бул сөз Кыдык карыяга да туура келди. Эми айла жок качырып айтып салам деп элге жаман көрүнбөсөм болду. Акшыйрак колдо турганда андай 300 миңдин онду таап келбейт беле деп эл жемелебесе эле болду деп калды. Ошентип, күлүк 300 миңге баа болду. Бул кабар кардарга жетти. Карт жазуучу бул суммага теригип да койгон жок. Макул деп акча менен адам жиберип, акимге да чоң ресторанда чай берип, атты алып кетти.

Кыдык карыянын бул иши айылда дуу-дуу кеп болуп, айылдын кадырман карыялары Кыдыкты жемелегендери да болду.

– Аларга мен эми райондун акиминин көңүлүн, областтын жетекчилеринин көңүлүн, анан ошол жазуучунун назарын таштай албадым, – деп тим болду.

Айылдагылардын алды ыйлап да алды. Айылдын бир эр азамат перзентин жоготкондой эле болду. Жылкы дегенде эт-бетинен кеткендер үчүн бул иш чоң эле кайгы болду да калды. Айылдын намысын бербей канча адамдар Акшыйрак менен сыймыктанып жүргөнү, кадимки эле өзүнүн күлүгү бар сыяктуу болуп жүргөнүн Кыдык карыя эми билди. Ичи тилинди, ачышты айла жок эле. Кайсылгөрдөн

бул коноктор меникине келди эле деп бушайман да болуп жүрдү.

Акшыйрак сатылгандан кийин арадан ай өтпөй Кыдык аксакалдын чоң уулу машина менен үйүнө келе жатып кырсык болуп, балдары менен каза табышы бүткүл айыл элин кайгыга салды. Бул кырсыкты көп адамдар күлүктүн сатылышы менен байланыштырып жатышты. Кыдык карыя да мына ошол атта оомат барын эми сезди. Бармагын тиштенип өкүндү. Кыргыз элинде бир ыйык нерсе бар, береке бир болот. Кол алышып береке кылгандан кийин ал сатылган нерсе кандай болсо да кайтарылбайт. Дал мына ушул жаман. Кыдык карыя бул кырсыктан кийин көпкө чейин ордунан турбай калды. Сабыр кылгандан башка айла жок экенин түшүнгөн адам арга жоктон ордунан турду. Райондун акими да, аттуу-баштуу жетекчилер да батага келишти. Бирок бул ишти алар кадимки эле кырсык катары кабыл алышып, куран окуп топурак салып, Кыдык карыяга кайрат айтып кете беришти.

Адамга бир кырсык жабышса кырсык артынан кырсык боло береби ким билет, көп өтпөй эле малы менен турган чакан сарайы өрттөнүп кетсе болобу. Дал ушул окуядан кийин Кыдык карыя Бишкекке барып Акшыйракты алып келмекчи болуп кайраттанып жөнөп калды. Издеп жүрүп жазуучунун үйүн таап барып:

– Мени Акшыйрак багылып жаткан жерге алып бар, бир көрөйүн, эми атты кайра бербесең болбойт. Эмне десең берейин, – деп жалдырады. Бирок ал адам макул болгон жок.

– Анда Акшыйракты бир көрсөтүп кой, көрүп кетейин, – деп жалдырады. Мен ооруп жаттым эле деп бир баланы кошуп берди да, ал балага орусчалап ат багарга айтып кой дагы атты алып кетем деп жаңжал кылбасын, – деп дайындады. Акшыйрак шаардын четинде ат сарайда багылып жатыптыр. Кыдык карыянын келишин билгенби көзүнөн жаш агып



ыйлап турган экен. Же жытынан билгенби, айтор, сарайды ачканда эле мундуу окуранып жер чапчып жиберди. Кыдык карыянын желкесине башын коюп коркурата жыттап, окуранып адамча эле көзүнө жаш алып ыйлады. Кыдык карыя да кадимки жаш балача ыйлап, көкүлүнөн жыттап буркурап турду. Бул иштин жөн-жайына түшүнбөгөн жигит бир эт бышым убактан кийин:

– Аксакал сарайдан чыгыңыз мен иш кылышым керек, – деди.

– Бул атты кайра алып кеткени келдим эле, – деди. Бирок ат кайтарылбай тургандыгын билгенден кийин буркурап ыйлап сарайдан чыгып, башы айланып кыйлага чейин барган машинага чыга албай олтурду.

Кыдык карыя атты ала албай келгенден кийин айылдын карылары Кыдык карыянын үйүнө топтолуп келишти. Чокчо сакал Нуралы аксакал сөз баштады.

– Кыдык, эми сабыр кылып кайрат кылгандан башка арга калбады. Мен сага бир илгери-илгери болгон бир окуяны айтып берейин. Тоолуу Бадахшан деген жерде малы жер-сууга батпаган бир бай болот экен. Ошонун жалгыз кызы турмушка чыгып кеткенде бир түндө эле сел келип малы, там-ташы менен сел алып кетип, өзү суудан жанын аман сактап калып, жээкке чыгып баратып: «Ээ, Жараткан Алла, кулум десең акырын берегөр» – деп тилек кылып турса бир көпкөн жигит: «Жалгыз башыңа сага эмне керек экен» – деп какшыктап атын чаап өтүп кетет. Кийин ошол айылдын эли чалдын жалгыз башын экөө кылып, мал-кел беришип, бир жесир калган келинге үйлөп коюшат. Андан эки уулдуу болот. Үй-жайлуу болуп балдары менен боз үйдө чүкө ойноп олтурса жоодон жарадар болгон баягы сын таккан жигит ошол чалдын үйүнө жетип кулаган экен. Чал жигитти карап туруп, жууп-тарап, жаракат алган жерлерин таңып, жигитти өзүнө келтиргенде, жигит жараттан эмес уяттан өлгөн экен. Са-

быр кыл кудайым берем десе эч нерсе эмес. Артын кайрымдуу кылсын, эми калган жаның менен малыңды аман кылсын. Мынча берген Алла дагы берет. Эл-журтуң бар жалгыз эмессиң. Көп кайгыра бербей кайрат кылып, белди бекем буушуң керек. Сабыр кылгандан башка чындыгында айла-амал да жок эле.

Жылкылар кар чапчып күтүрөп оттоп жатышты. Ай сүттөй жарык болуп ансайын мына бул жумурткадай болгон балык жон аппак адыр-кырлар өзүнчө бир ажайып кооз болуп суналып жатты. Кыдык карыя жылкыга келген сайын бир ыйлап көз жашын аарчып алат. Кайдандыр тээ балык жон адырлар тараптан бир караан, учуп келе атып эле бир кыр жакын калганда кишинеп жерге түшүп, бей-марал оттоп жаткан жылкыларга кишинеп, кишинеп алып жакындап келгенде четте оттоп жаткан айгыр үйүргө киргизбөөгө аракеттенип алдын тосуп барды эле, айгырды бир тиштеп булкканда эле боз айгыр чөгөлөп түшүп, үйүрдү айланып качып берди. Кыдык карыя бул айгыр кайдан-жайдан пайда болду деп Сары тондун этегин тизесине ороп, алыстан карап турду эле тез эле үйүрдү тартып алды. Четте оттоп турган карды салык карагер бээге жандап, экөөсү алгач моюндашып, анан бирин бири кашышып, жытташып турду. Чочуп ойгонсо түшү экен.

Тор кашканы токунуп, жылкылардан кабар алганы сай өрдөп жөнөдү. Таңкы суук бети-башты чымчылап каарып кирди. Бул суукка Кыдык чал көнүп бүткөн, жылкылар тоонун күнгөй бет тарабында кар чапчып оттоп жатыптыр. Көргөн көзүнө ишене бербеди. Баягы түшүндө көргөн карды салык карагер бээнин жанында бир ак боз айгыр турат. Жаныбар тим эле кулагынан шам күйгөн, сулуу жылкы экен. Чочутуп албайын деп тык токтоду. Же түшү, же өңү экенине ишене албай аң-таң болуп, аттын үстүндө сары тонду кымтыланып, жаратканга



жалынып турду. Ээ, Жараткан Алла, кулум десең акырын бер. Балдарымды, жанымды аман кыла көр деп жалынып жатты.

## КҮЛҮКТҮН КҮНҮ

Аманбай палван болуш менен базардагы чайканада чай ичип олтурду. Ал жерде Когойлук кожонун Анжиян аймагында байге бербей келе жаткан Күмүш көкүл күлүгү жөнүндө сөз болуп, ал чабылган байгелер тууралуу узун сабак баяндар айтылып олтурду. Когойлук кожо ошол күлүгүнө маашырланып, аты менен сыймыктанып, төрдө олтурган Турдумат паңсаттын да кезинде бул күлүккө кызыгып ала албагандыгын айтып, карсылдап күлүп олтурду.

– Эми кожом, ким экен күнү батпаган, ким экен таңы атпаган, чындап ажал келгенде, кайберен кулайт аскадан, – деп акындар ырдагандай күлүктүн күнү келсе алып кетчү азамат да чыгып калат, – деди Бекмурат болуш ууртап олтурган чайын жерге коюп, төрдө олтурган Турдумат паңсат да бул кепти туура дегендей көкүрөккө толо ак сакалын колу менен сылап баш ийкеп койду. Турдумат көзү жетип, сынына толуп, тиги чай куюп олтурган, кырчын жигит назарына толуп, жигит болсо ушундай болсо, күч-кубат да, амал да, акыл да бар экен деп ичинен өзүнүн жаштыгын көз алдына келтирди. Бул Бекмурат болуштун оң колу, жан жигити, жак дегенин бербеген өжөрү, чабам дегенди чаап, алам дегенди алып турган азаматы ушул Аманбай палван болчу.

– Болуш мен ат менен кошо жатып, ат менен кошо турам, уктаарда кыл чылбырды колго байлап, аттын жанында жатам, жети пакса дубалы бар сарайда бактырам. Каманды алып, чаба турган иттерим бар. Бул күлүктү анан алдырсам күнүмдүн

бүткөнү деди. Ушунча жыл алдырбаган эми алдырмак белем. Бир айыл элди багып жаткан ушул Күмүш көкүл, – деди кожо, амиркен маасысына колундагы майды сүртүп жатып.

– Ылайым эле айтканыңыз келсин, эми башканы коюп кожом, ошол күлүктүн энеси кандай бээ, – деди болуш.

– Энеси карып калды. Бирок тукум таркап кетпесин деп бээни да колдон чыгарбай келем. Эми мыкты да минден бири чыгат турбайбы, жакшы адам бир кылымда бир төрөлөт дегендей, жакшы жылкы деле бир кылымда бир туулат өңдөнөт. Ошону жараткан Алла ушул күлүктү менин бактыма жараткан экен.

– А буйруп насип кылсын, – деп Турдумат ажы мактанчаак кожого тымызын какшык аралаш тилек билдиргендей кыр көрсөттү.

– Рахмат ажым, сиз жылкы мыктысын билесиз, ат мыктысын мингенсиз, жылкынын кадырына жеткен адамсыз. Болуш да муну жакшы билет, сизден үйрөнө турган көп нерсе бар ажым. Кечээ Кокон хандыгында аскер баштап паңсат болуп жүргөндөгү эрдиктериңизди көргөн-билгендер санжыра кылып айтып жүрүшөт. Нүсүп аталыктын оң колу болгонуңуз менен биз сыймыктанабыз.

– Рахмат кожом, эми о замандар өттү. Күлүгүңдү Каракурман ырчы мактаган билемин, жакшы жылкы этият кыла бер. Ошондон кийин дасторконго бата тартылып, болуштар жолго аттанышты.

Турдумат ажы Кичи-Акжолго, Бекмурат болуш Таш-Төбөгө алган малын айдап жолго түшүштү.

Бекмурат болуш боз жоргонун үстүндө чайпалып, үргүлөп келе жатты. Жанында катар бастырып келе жаткан Аманбай:

– Болуш, ушул Когойлук кожонун күлүгүн алып келсем кантет, – деди.

Бекмурат чоочугандай селт эте түштү да: «Кой, баатыр андай оюңдан кайт, анын эшигинде элүүдөй жигит кызмат кылат, анан мен деген ууруларга алдырбаган күлүктү сага алдырып жибермек беле» – деди.

– Алам болуш. Болгону бир аз убакыт гана керек, анан кичине теңге керек, – деди.

– Мен ойлонуп көрөйүн, – деди болуш калыбын бузбай.

Ошондон көп өтпөй башына жоолуктан селде чалынып, колуна таяк алып, узун ала чапан кийип, бир карыган адамга жүдөмүш дубана өңдөнгөн Аманбай Когойго иш издеген бечара болуп жөнөп кетти.

Кожо Нарын дарыясынын жээгине шалы эктирип, дыйканчылык кылчу, шалы ташыганга адам таппай турганда Аманбай бир топ жигиттерге Үч-Коргондон кошулуп кожонукуна мандикерликке барып калды. Шады араба айдап, кызмат кылып калды. Үч-Коргондон шалы жүктөп анан базардагы касапчылардан өпкө алып, жолго түшөт. Кечкисин өпкөнү чапанга катып келип кожонун иттерин багат. Күндүзү шалы ташыйт. Ошентип үч ай жүрүп кожонун адам жанына жолотпогон иттерин колго алып бүттү. Кожо уктаганда да чылбырдын бир учу анын белинде, шырп эткен дабыш болсо ойгонот. Күмүш көкүл окуранып кожонун жанында.

Кожонукуна конок келип мажүрүм талдын түбүндө конокторго табактарга аш тартылып, «алың, алыңга түшкөн мезгилде» Аманбай пайитти пайлап туруп Күмүш көкүл менен боз бээнин жанында эле, иттер да дымы чыкпай жатышкан. Бээнин мойнуна узун чылбырды байлап, күлүктүн чылбырын байкатпай кесип, ары жетелеп туруп, күлүккө шап минди да, жети пакса коргондон чыгып баратып: «Бай жакшы калыңыз» – деп кыйкырды.

Тамагына аш тыгылган кожо кыйкырганча, күлүк көздөн кайым болду. Коргондун ичи ызы-чуу түшүп эле калды. Жигиттери аттарды кармап мингенче чай кайнам убакыт өтүп кетти, анткени байлоодо турган аттардын баарынын чылбырлары менен басмайылдары кыркылып салынган эле. Ким

алганын таппай да, билбей да калды. Кожо бардык жигиттерин сөгүп, туш келген колундагы өрмө камчы менен сабап жатты.

Кожо бук түшүп жатып калды. Жигиттери туш-тушка чаап, күлүктүн дайынын таппай келишти. Уккан, билген, көргөн барбы деп сүйүнчүнү чоң айтып, жар салып жатышты. Эч кимден кабар чыкпады, кайып болуп кеткендей жок болуп кетти.

Аманбай болсо күлүктү алып түнү менен жол жүрүп, күндүзү буйгага байлап көздөн далдалап олтуруп, эки күндө Миңжылкыга чыгып кетти.

Бул кабарды уккан Бекмурат болуш ичинен тынып, кожонун алдына келерин күтүп жатты. Арадан бир айча өтүп жайлоого кар түшүп калганда күлүк болуштун Өлөң-Булактагы сарайына келип байланды. Дал ошол күнү болуштун үйүнө кожо келип түштү. Болуш сыр алдырбай мейманды тосуп алып, ал-жайды сурап, күлүк жоголдуну угуп, күлүк эле эмес, ага кошуп аны тууган бээнин кошо жоголгондугун айтып кожонун көзүнө жаш айланып, кейигенде болуш да капа болумуш болуп: «А паччагар жанынан чыкпайм деčу элеңиз, ушунча ат катуу ууруларга алдырбаган, аны кимге алдырып жибердиңиз экен билбейм да» – дегенде Кожо.

– Эми болуш тилдин азабын тартмак бар, эми ошол күлүктү сизге тартуу кылайын, бирок эң жок дегенде бээни таптырып бериңиз деп жалдырап жиберди.

– Эмнеге, менден көрүп жатасыңбы, таксыр – деп болуш капа болгондой түр көрсөттү.

– Жо-жок, болуш кантип эле сизден көрөйүн, ойлоп көрсөм Үч-Коргондун базарында чайканада олтуруп мактанган элем. Сиздин жигиттериңиз, анан Акжолдук ажы атам бар эле. Ал киши ажы мындай ишке барбайт, бир алса сиздин шамдагай жигиттериңиз бир мактанганын көрөлү деп азилдешкен чыгар деген ойго келип такалдым. Сөз эки болбойт болуш, эгер бээни таптырып берсеңиз күлүк сиздики – деди.



– Кана кожом, тамакка карап олтуруңуз. Жылкы болсо табылып калар, мен сураштырып көрөйүн, менин жигиттерим андай ишке барчу эмес. Ал күнү кожо болуштукунда кызыр эми тайдын этин кыя кыя кесип жеп жатып калды. Эртең менен намазга турса, эшикте Күмүш көкүлдүн энеси байланып туруптур. Кожо бакырып барып бээни мойнунан кучактап, буркурап ыйлап, болуш сизге миң мертебе ыраазымын, экинчи мактанбаймын деп шолоктоп жатты. Бээнин көкүлүнөн кайра-кайра жыттайт.

Болуш да сыртка боз үйдүн жанына калыңдап төшөк салдырып, бээни көрүп турбаса кожонун тамагынан чай өтпөстүгүн билип, мейманды сыйлап олтурду.

– Эми болуш менмин деген азаматтарды көрдүм эле, Күмүш көкүлдү ала албаган, ушул эки жылкымды алган жигитиңизди бир көрсөм болобу?

– Болот, Кожом, бир гана талабым бар, көз менен атып койбосоңуз көрсөтөм.

– Жо-жок болуш Кудай урсун, андай адатым жок.

Болуш жамбаштап жаткан жеринен, Аманбай, бул кожо аваң менен учураш, – деди. Зымпыйып кийинген албеттүү, алгыр бүркүттөй Аманбай колун бооруна алып: «Амансызбы Кожо ава» – деп ыйман менен учурашты. Үйүндө үч ай жүргөн Аманбайды Кожо зымпыйып кийинип алганданбы таанытан жок. Таанытса да үйүндө жүрүп алдырып жибергенге сыр билдиргиси келбедиби, айтор, алкагандан башкага жарабады.

– А балли, бул жигитиңиз адамдын сырттаны турбайбы, баягы чай ичкен жерде бир назарым түштү эле, жакшы байкабаган экенмин. Бали, уулум, балли. Өмүрлүү бол, – деди.

– Эми болуш Ак-Жолдон Турдумат ажы атамды, сизди конокко чакырдым, эми базардан бир күн мурда барып үйүмө түшкүлө, сөзгө жыгылдым, бир чай ичип кетишиңиздер мага таберик. Аманбай үкөмдү алып алгыла.

* * *

Ошол Аманбай авабыз кечээ согуштан кийин каза болду. Согуш мезгилинде эгин орокчуларга жардам берип, атына жем камдап алчу. Кийин элүүнчү жылдары канар капты толтуруп, комбайндан эгин салдырып алып, аттын үстүнөн туруп алдына өңөрүп алып эми бара жатканда колхоздун раиси менен райкомдун биринчи катчысы келип калып, раис катчыдан уялып:

– Кана, Аманбай ава, эгинди түшүрүңчү, – дегенде бир канар эгинди жерге эңилип койгондо эси оол карап турган катчы: «Ава, кайра өңөрүң» деди, кайра эңилип бир канар эгинди атка эңип алып алдына койгондо аттын бели ийилип барып түзөлдү. Мындай күчкө таң калган биринчи катчы:

– Ава жашыңыз канчада, – деди.

– Сексен алтыдамын ава – дегенде.

– Балли ава, эгин сиздики бара бериң, – деп ыраазы болуп кала берди.

– Кайран кишинин өмүрү өтүп кеткен экен, эч болбогондо кырк беште болгондо, кыргыздын намысын күрөштөн коргоп бермек экен – деп тамшанды.

## ТУРМУШТАН ТАМГАН ТАМЧЫЛАР

Азырынча белгисиз эркек жаш кызды зордуктап качып кеткен деген маалыматты телевизордон берип калды. Көрүп турган аялым: – Эркектер ит да – деп калды.

Ээй, абайлап сүйлө менчи десем

– Кечирип кой, сен менин күчүгүмсүң – дейт. Көрсө, Нарында жакшы көргөн адамын күчүгүм, – деп эркелет тура. Биз эле алтыным,күнүм, айым дей берип, Нарындын кыздары түштүккө толуп калды.



* * *

Ээ, уулум, мектепке барып жатасыңбы, – деп калды атасы уулуна.

– Күндө сабактан калбай эле барып жатам, – деди баласы.

– Эч тапшырманы аткарганыңды көрбөйм, өзү силерге тапшырма береби?

– Берет ата, 50 сом берсеңиз бүгүнкү тапшырмадан кутулам, – деди уулу.

Аргасы кеткен атасы каткырып, чөнтөгүн чукулай баштады.

* * *

Көп терминдерди түшүнбөй да калдык, уулум, мектепти курганга тендер жарыяладык дедиби? Ал тендер деген эмне деп чогулуштан чыккан чал сурап калды.

Кандай түшүндүрсөм экен деп кыйла ойлонуп турдум да:

– Тендер деген тең жемей, – дедим.

– Ошо рас, айтасың уулум. Таза сууга деп мындан беш-алты жыл мурда 42 миллион бөлүп, ага да беш пайызын топтогула деп аныгын да бергенбиз. Ошол тендерде уткан Түрк жездебиз жеп кетип, суу турмак балээ да жок калбадыкпы. Анын жарымын ким жеди экен деп карыяны ой басып калды.

* * *

Эки кемпир сүйлөшүп олтуруп, Сүйүнаалынын кызы контракттан кулаптыр деди бирөөсү.

Анда экинчи кемпир:

Анысы эмнеси абдан эле бийик жер болсо керек да десе, Чала угуп калган экинчи кемпир:

– Он беш миң эле экен, – деди.

– Сейде кемпир көзүнүн жашын аарчып, он беш миң метр болсо жаш немени сөөгү деле калбаптыр да, келин кылып алайын деп жүрбөдүм беле деп каңырыгы түтөдү.

* * *

Ынтымак курултайына делегет шайлайт экенбиз, – деди чогулушта олтурган Асан Ыманбайга карап.

Ыманбай сүйүнүп:

– Жакшы эле болгон турбайбы, дагы бир ай арак ичип жыргайт экенбиз, – деп.

Аңгыча чогулушту алып баруучу:

– Кана, кимди сунуш кыласыңар десе, биринчи болуп Ыманбай колун көтөрүп минтип жатпайбы.

– Тигил эле коммерсант Кемелбайды шайлайлы. Колунда бар, биз деле жогор жактагылар деле колунда барды угат да. Мына быйыл эле 3 КамАЗ алды. Бишкектенби же Кара-Балтаданбы ташып келгенге да мүмкүнчүлүгү бар. Карыз сурасаң да баш жазып алгыла, – деп берип турат дегенде залдагылар дуу күлүп алышты.

* * *

Телевизордон Ала-Тоо маалымат программасын көрүп жатсам дикторлордун бири айтып калды.

– Кечээ Алайда күчү 4 балл болгон жер титирөө болду десе, экинчи диктор минтип жатпайбы:

– Жер титирөө Жалал-Абадда да башталды, – деп.

* * *

Азыр соткадан таанышмай, өбүшмөй, кыңшылашмай мода болуп кетпедиби. Акыл карыя уул кыздарым менен сүйлөшүп турам деп алдырган соткасы шыңгырап калды. Кулагына тосту эле.

– Жаш жигит таанышып албайлыбы? Менин атым – Айгүл, жашым 17де, мектепте окуймун, – деп калды.

Карыя күлүп:

– Таанышса таанышалы. Сүйүналымын. Жашым бир кем жетимиште, – деди.

Кемпири бүлкүлдөп эле күлүп жатты.

– Кудая тоббо, – деп карыя жакасын карманат.



* * *

Телевизор көрүп олтурсам бир депутат олтурган жеринде опурулуп сүйлөп калды.

– Ой, урматтуу депутаттар, биз качанга чейин орусча сүйлөйбүз. Дайым эле орусча сүйлөп киресиңер, эмне Россиянын Госдумасында олтурасыңарбы. Давай кыргыча сүйлөйлү, кыргыз болгондон кийин. Вот таак – деп өзүнчө маашырланып калды.

* * *

Чачын тармалдатып алган эки жигитти Нурболот көрсөтүп: – Байке тигил экөөсүнүн чачы кандай? – деп калды. Булар кызбы же балабы? – деп

Субаш аке күлөт. Булар катынчалыштар, – деп.

* * *

Өзбектер да кыйын, Нанай деген айылына барып калсам:

«Маккени жергесинин алтыны» деген кино келген экен, аны өзбекчеге которуп алышыптыр да афишага жазып коюшуптур.

«Маккамбай акемнинг тиллалари» 17-00.Клубда» – деп жазып коюшуптур. Аргасы жок жылмайдым.

* * *

Аксы райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы Шырдаков Анаркул 2010-жылы 8-Мартта кыз-келиндерди куттуктап ырдап бер деп сахнага чыгарышса, ал минтип айтып жатпайбы:

– Бир келин он күйөөгө тийип чыгып, он биринчисине макулдук берип жеңесине айтат дейт:

– Ыя, жеңе ушунтип жүрүп бузулуп кетпесем эле болду, – деген экен.

Биз деле ар майрамда ырдап жүрүп артист болуп кетпесек болду деп коёт.

* * *

Президенттин уулу Максим Бакиев инвестиция жана инофациялар боюнча комитеттин төрагасы болуп турганда айыл чарбасына жеңилдетилген кредиттер келип калды. Анда Аким Талантбек Орозов айтып жатпайбы: «Кредитти кайтара ала турган, колунда барларга бергиле, а то президенттин баласынан бирди көрүп калбайлы» – деп.

* * *

Анда союздун учуру экен, Кетмен-Төбөнүн Толук деген жеринен Дүйшөн деген адам партиянын райондук комитетине кат жазыптыр, – дейт.

Улуу урматтуу Владимир Ильич Ленин, мен тоо арасында жашаймын. Өзүм колхозчумун. Тамыма шифер менен жыгач жетпей жатат, жардам бериңиз, – деп.

Ушул мезгилге чейин Лениндин өлгөнүн билбеген кандай адам, барып билгилечи ким экен деп райкомдун биринчи секретары атайын комиссия жөнөтөт.

Комиссия барып:

– Ой, Дүйшөке, Лениндин качан өлгөнүн билбейсизби? – десе.

– Силерге тирүү. Мен там салганда эле өлүп калабы, – деп наараазы болот дейт.

Көрсө, айылдын кире беришине: «Ленин жив, Ленин живет, Ленин с нами» – деп чоң тактайга жазып койгонун Дүйшөке ары-бери мал айдап өткөндө окуйт экен.

* * *

Токтогул районундагы Горький атындагы мектепке партиялык, советтик иштердин ардагери Мухтар Нургазиевдин ысмын коюу демилгеси көтөрүлүп калат. Ал киши көп жылдар Токтогулда, Ноокатта, Баткенде жана башка жерлерде иштеп, пенсияга



чыккан кадырлуу адам болот. Анда ошол мектепте иштеген бир мугалим наараазы болуп, биздин мектепте эч болбосо беш күн иштеген болсо да мейли эле, кайдагы немени алып келип коё бересиңерби деп калат. Анда райондун акими айтат дейт: – Эмне Горький келип бир жыл иштеп кетти беле дегенде, сөзгө жыгылган мугалим кайсактап эле сөз таппай кечиресиз деп туруп калды – дейт.

* * *

Элдик революциянын беш жылдыгы белгиленип стадиондо салтанат өтүп жаткан, шаар башчысы, райондун акими, райкеңештин төрагасы куттуктап сөз сүйлөп, куттуктоо сөздүн кезегинде райондук аялдар комитетинин төрайымы Изат Калыкова жетип келип, ал киши аялдарга көрүлүп жаткан камкордуктарга токтолуп президент берген, Жогорку Кеңештин депутаттары берген акчаларды айтып, аларга ыраазылык билдирип калды. Сөзгө маани берип турган райондун акими Орозов: «Биздин бергендер чайнек, пияла болуп калып эске алынбай калды го» – дегенде бер жактагылар быкшып күлүп жатышты «куругун бербегенсиз да» дешип.

* * *

Генерал Рашид Тагаев жумуштан кийин генералдык формасын кийип үй-бүлөсүн машинага салып алып конокко баратса, жолдо МАИ кызматкерлери токтотуп калыптыр. МАИнин бир кызматкери акырын шашпай келип, кана документ деп алып:

– Ээ, кечиресиз жолдош генерал деп эле аркага кайтып калыптыр. Анда шериги эмнеге тез кайттың, документтерин албайсыңбы десе тигил айтат дейт.

– Шоферу эле генерал экен арт жагын карaганым жок деп коёт – дейт.

* * *

Аксы районунун акими Талантбек Базарбаевич айтат. Токтогулда Толук деген айыл бар, ошол жерде бир чарбаны жойгону комиссия болуп барып калдык. Менин «Нива» машинам бар эле ошого жоюучуну (ликвидаторду) салып алып барып, мен машинада олтурам. Тигил шеригим ликвидатор малдын, техниканын санын алып жүрөт дейт. Барган эле жерде аны чай ич деп жетелеп кетип, мага нан ооз тийгизишет. Негизи жоюлууга коюлган техниканын да, малдын да баасын чыгаргыч менмин. Эртеси айылдын бүткүл атка минерлери райондо келишти. Бирөөсү мени көрүп алып бирөөсүнө айтып жатат:

– Тигил кечээ бизге комиссияны алып барган шофер деле бирдеменин жазымыш болуп жатат, кызы, тың неме көрүнөт деп коёт дейт. Кийин баалап жатсам кокуй шофердо турбайбы иштин баары, биз билбеппиз деп бушай манн болуп жатышты.

* * *

Республикада өткөн ынтымак курултайында укук коргоочу Азиза Турдуева чыгып сүйлөп, милиция күнөөсүз адамдарды уруп кетти, байлап кетти, – деп наалып калбайбы. Анда Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Ысак Барпиев айтып жатат:

– Ой, айланайын карындаш, андай ура турган жерге эмнеге барасың. Барба. Алардын милдети уруш, урбаса нанынан ажырайт десе залдагылар дуулдап күлүштү – дейт.

* * *

Кара-Сууга өткөн жылы да инвесторлор келсе каап алып таарынып кетип калган, быйыл да чакырып жатам каап ала көрбөгүлө, таарынып кетип калат, алар силерге аким эмес, каап алсаңар деле келе бере турган – деп, аким Талантбек Базарбаевич кара-суулуктардын оозун жапкан.



* * *

Дайым эле субботнике чыга беребизби? – деп жетекчилердин бирөөсү наалып калды. Анда аким Талантбек Орозов минтип жатпайбы.

– Ой, субботник деген жакшы, эл ынтымакта болот, жаштар таанышат, ыр-бий болот. Мен деле аялым менен субботникте таанышкам. Мына төрт балалуу болуп калдым – деп. Баары унчукпай калышты.

* * *

Аксы районунда райондук курултай өтүп жаткан кимдир бирөө райондун акушер-гинекологу кыздарга абортту 500 сомдон алып жасап жатыптыр, териштир, жоопко тарткыла, – деп жазып жиберип-тир. Аны аким Талантбек Орозов жооп берип жатып минтип жатпайбы:

– Беш жүздөн алса ал аз алат экен, мен болсом 5 минден алмакмын. Андыктан аборт кылганды токтоткула келин-кыздар, кыргыздын саны өссүн детенде залдагылар дуу деп эле күлүп калышты.

* * *

Ак-Тамда чогулуш болуп, талап-тоноп уурулук кылгандар тууралуу сөз болуп жатса бирөө айтат:

– Ээ, айланайындар, кызык эл экенсиңер. Бир молдо жаздын күнү күнөстөп, сагыз чайнап олтурса эки жигит келип бирөөсү:

– Ээ, молдоке, мына бул жигит менин жакшы жолдошум эле, авасы өтүп кетиптир, куран окуп коюңуз десе: – Макул балдар, макул олтургула – деп, чайнап жаткан сагызды оозунан алып бешенесине жабыштырып, куран окуп кириптир. Тигил эки жигит күлкүлөрү келип куран окулуп бүткөнчө араң чыдашып, оомийин дегенден кийин:

– Бу мусулман молдоке, сагызды бөлөк жакка койсоңуз болбойт беле, бешенеңизге жабыштырып албай десе молдо айтат дейт:

– Аа, балдарым, бечаранын дүйнөсү бешенесинде турганы жакшы, – деп.

– Анын сыңары уурдап кетти дей бербей карасаңар боло – деп коёт. Элдин арасын күлкү аралап калды.

* * *

Редакцияда олтурсак журналист Рысбай Сагынбаев деген кирип келип калды. Жоопту катчы:

– Рысбай аке ишке келбей кайда жүрөсүз десе:

– Жеңем төрөптүр, ошого бардым эле деп калышты. Чынбы-жалганбы дешип ишенкиребей атын ким койдуңар – деди.

– Атын Темиркан, – деди Рысбай аке.

Аңгыча төр жакта олтурган Анаш Сооронбаев деген акын агабыз:

– Ой, кайдагы атты коюп, Темиркан деген кыздын аты го – деп калды. Десе, Рысбай Сагынбаев айтып жатпайбы:

– Менин деле Анаш деген жеңем бар – деп. Балдардын баары эле күлүп калышты.

---

# МАЗМУНУ

*Сарманбетов А.* Кайратман калемгер.........3

**Новеллалар**

«Атам кандай киши эле?!».........6
Айтылбай калган сыр.........11
Иттин тилеги.........16
Өксүк өмүр.........24
Күтүүсүз келген конок.........33
Бий менен кеткен өмүр.........39
Карышкырлар улуганда.........45
Кырк жыл күткөн сүйүү.........61
Кайып күчүк.........70
Эненин арызы.........82
Өлүм тилеген адам.........90
Алыстан келген азап.........101
Кыз-Булак же таштын көз жашы.........111
Өлүм алдындагы чечим.........120
Бүркүттүн муңу.........132

**Аңгемелер**

Апанын нускасы.........138
Сирень гүлүнүн жыты.........144
Күчүктөн оогон кут.........177
Итибай мас.........179
*Саид Ахмад.* Гувала.........183
Орос бийдин ордосу.........186
Бала Сатылгандын бий болушу.........192
Сөздүн куну.........196
Дастанчынын бугу.........202
Ак бата.........210
Кайнене.........219
Бир айылдын карысы.........229
Табышмак кыз.........241
Ысмайыл чалдын саадасы.........247
Кечиккен куттуктоо.........251
Малик аке айтты эле.........264
Ооматтын тайышы.........263
Күлүктүн куну.........273
Турмуштан тамган тамчылар.........278

Көркөм-адабий басылма

**Калбаев Абдымомун**

# КАРЫШКЫРЛАР УЛУГАНДА

***Новеллалар, аңгемелер***


*Бишкек, «Турар» басмасы*
*Кыргыз тилинде*

Редактору *Ж.Теңирбергенова*
Компьютердик калыпка салган *Р.Атабаев*

Басууга 20.09.2012-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84x108 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 18 б. т. Нускасы 500. Заказ № 930.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көч., 1.



**КАЛБАЕВ Абдымомун Ашыралы уулу**

1952-жылы мурдагы Ош областынын Жаңы-Жол районундагы (азыркы Жалал-Абад областынын Аксы району) Афлатун айылында туулган. Караван мектеп интернатында 1965-жылга чейин окуп, Ош шаарындагы Ю.Гагарин атындагы мектеп-интернатка которулуп, 1970-жылы ийгиликтүү аяктаган. Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайды 1976-жылы артыкчылык диплому менен аяктап, ошол эле жылы Жаңы–Жол райондук «Жаңы турмуш» газетасында адабий кызматкер катары эмгек жолун баштаган. Кийин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, жооптуу катчысы, редакторунун орун басары болуп 1991-жылга чейин иштеген. 1985-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин ийгиликтүү аяктаган. Мугалим, журналист.

1991-жылдан тартып аталган газета жоюлгандыгына байланыштуу Жалал-Абад областтык телерадиокомпаниясында радионунун Аксы, Ала-Бука жана Чаткал райондору боюнча өз кабарчысы болуп эмгектенип келет.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун, КР Журналисттер союзунун, облмамадминистра-циянын (2 ирет), раймамадминистрациянын (4 ирет) Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын маданиятынын отличниги. 1979-жылдан СССР Журналисттер союзунун, 1991-жылдан Кыргызстан Журналисттер союзунун, 1996-жылдан Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү. Республикалык «Арча – 2010» адабий сынагынын жеңүүчүсү.

«Ала-Тоонун жаңы жылдыздары» (1984), «Майлуу токоч» (1997), «Кылымга жүз ыр белегим» (1999) ырлар жыйнактарынын, «Өмүр өтөлгөсү» (2007) очерктер жыйнагынын, 2008-жыл «Тарыхта калган изи бар, Аксыда нарктуу киши бар» (2008) фотоальбомунун, «Мектепке карай кеткен жол» (2008), «Болуштун ооматы» (2010). «Сулайманкул болуш» (2011) китептеринин автору.